Традициялуу сүрөт искусствосунун жанрларында (сүрөт, графика) ошол сүрөт чагылдарган доордун рухун берүү, көрүүчүүгө ынанымдуу жеткирүү өзгөчө маниге ээ. Пейзаждан тарта элдин, адамдардын турмуш-тиричилиги, кебете-кешпири, баян этилген кырдаал-учурдун өзү ишеним чакырып турушу негизги шарттардын бири. Ошондуктан мындай чыгармаларда майда-барат деталдарга чейин чоң маани берилет да, алар картинадагы көрүнүштүн, образдын маани-маңызын, мазмунун тереңдетип, ошол мезгил-доорго ылайыкташтырып ачып берүүгө кызмат кылат. Ал эми оозеки чыгарма боюнча тартылган сүрөт-картиналар ошол чыгарманын мазмунуна, эпикалык доордун мүнөзүнө төп келиши зарыл. Сүрөтчү жеке же группалык портреттер болобу (баатырлар, айымдар, жоокерлер ж.б.), кадыресе турмуштук же согуштук сценалар болобу турак-жай көрүнүшү, кийим-кече, курал-жарак, оокат-тиричиликтеги шаймандарга чейин ошол элестетилген эпикалык заман-доорго ылайык келтирип, көрүүчүнү ага ишенидириши зарыл. Көрүүчү-окурман көз алдындагы мындай сүрөттүн көркөм реалдуулугуна шектенбей, аны өзүнүн элестөөлөрүндөгү образга, көрүнүшкө дал келтирип, ошол чыгарма тартуулаган көркөм дүйнө менен жуурулуштуруп, биримдикте кабылдаган учурда гана сүрөт ийгиликтүү чыккан, сүрөтчү өз максатына жеткен дей алабыз. Ошол эле учурда кайсы бир сүрөттөгү деталдар, же бүтүндөй сүрөттүн өзү чыгарма чагылдарган учурга, каармандын мүнөзүнө коошпой, ишенич жаратпай турса, сүрөтчү чыгарманын, каармандардын (ж.б.) маанисин, маңызын натура кабылдаган деген жыйынтык келип чыгат.

Бирок мындай деталдаштыруу, чыгарманы толугу менен натуралисттик маанайда кабылдоо дегендикке жатпайт. Эгерде Т.Герцен С.Орозбаковдун варианты боюнча «Манасты» жасалгалоодо мына ушундай деталдаштыруу жолу менен чыгармага төп келген, аны окурмандын-көрүүчүнүн кабыл алуусуна дал келтирген реалисттик графикалык картиналарды жаратса, Б.Жумабаевдин көркөм реалдуулугу андан кем эмес графикалык сүрөттөрү мындай деталдаштырууга муктаж эместигин көрөбүз. Б.Жумабаев сүрөттөрүндө атайылап ирилештирилген, чоңойтулган ак жана кара түстөгү ийкемдүү, пластикалуу чиймелер менен эпикалык образ жаратат. Ак жана кара түс менен чектелген сырткы жөнөкөйлүүлүк жана таңкаларлыктай пластикалуулук С.Жумабаевдин сүрөттөрү үчүн мүнөздүү касиет.

Б.Жумабаевдин «Тулпарлар» (1966-ж.), «Баатырлар», «Айымдар» (1967-ж. С.Каралаевдин варианты боюнча) аттуу сериясын жогору баалап, сүрөтчү эпостун рухуна шайкеш келген, эмоционалдык жаңырыгы күчтүү бир бүтүн организм мүнөзүндөгү сүрөттөрдү жараткандыгын белгилеп, искусство таануучу Р.Бакинова: «Строгие графюры, выполненные с большим художественным вкусом, насыщены экспрессией штриха, они составляют впечатление достигнутой гармонии. Художник чуток к поэтичности эпоса и, стремясь выразить ее, достигает впечатлительной выразительности черно-белых, входящих один в другой, штрихов демонстрируя при этом великолепную поэтическую выдумку, не страдающую повторением и шаблоном. В виртуозно-выразительных линиях просматривается индивидуалированность героев эпоса, проявляюшаяся во внешнем виде, одежде, чертах характера, поступках, снаряжении»,-деп жазат (4, 12-13-б.). Ошол эле учурда Р.Бакинованын пикиринде (биз жогортодо белгилегендей,) сүрөтчү айрым деталдардан мүчүлүштүк кетирет. Маселен, ал улгайып калган Каныкейге жаш кыздарга тиешелүү элечек кийгизип койгон дейт окумуштуу. Бирок мындай майда, байкала бербеген мүчүлүштүктөргө карабай Б.Жумабаев эпостун Манас, Семетей, Алмамбет, Чубак, Сыргак, Сейтек, Кыз Сайкал, Айчүрөк, Бурулча сыяктуу баатырларын, айымдарын жана Аккула, Сарала, Тайтору, Алгара өңдүү даңазалуу тулпарларды ар биринин өздүк образы бар персонаждар катары байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин алып келет да, эпосту иллюстрациялоо ишинде кайталангыс, өзүнчө бир ачылыш жасоого жетишет. Анын аталган сүрөттөрү

чыгармадагы эпикалык доорго, окурман-угармандын ошол доор-мезгил тууралуу көркөм элестөөлөрүнө дал келип «кыргыз өңү менен мүнөзү көрүнүп турган жалпыланган улуттук типаж» (Осташев А.С.) жараткандагы менен баалуу болуп калды. Б.Жумабаевдин «Манас» эпостору боюнча сүрөттөрү кыргыз окурмандарына жакын, түшүнүктүү гана болбостон, анын образдык системасын, айрыкча баатырлар, айымдар жана тулпарлар сыяктуу бири-бирисиз жашай албаган үчилтик формасындагы образдар системасын көз менен көрүп, көңүлүнө төп келгидей деңгээлде жеткиргендиги, эпикалык доор менен каармандар жөнүндө кыялый чабытын өрчүтүүгө мүмкүндүк бергендиги менен да зор мааниге ээ.

Б.Жумабаевдин таасири кыргыз эпосун иллюстрациялоочулардын ири өкүлү Теодор Герцендин бул багыттагы чыгармачылыгынан таасын байкалат. Т.Герцен Б.Жумабаевдин тажрыйбасын эске албай коймок эмес. Биз муну Т.Герцен өз сүрөттөрүн Б.Жумабаев сыяктуу ак-кара түстөн турган графикалык жанрда аткаргандыгынан эле баамдасак болот. Бирок Т.Герцен аны кайталабай өз жолу менен кетти, б.а. ал эпосту «өз көзү менен көрүп», өз кабылдоосуна жараша көркөм сүрөт өнөрүнө салды. С.Орозбаковдун варианты боюнча 1978-1982-жылдары жарык көргөн «Манас» эпосунун төрт томдугун Т.Герцен залкар сүрөтчү Г.Айтиевдин сунушу менен иллюстрациялап, чыгармачылык чоң түйшүктү башынан кечирген. Буга чейин сүрөтчү катары кеңири таанымал болуп келген Теодор Герцен Манастын мекени Таласта төрөлүп, эс тарткандан кыргыз элинин турмуш-тиричилигине аралашып, анын салт-санаасын, тилин, этнографиясын мыкты билип өссө да, «Манас» эпосун сүрөт менен жасалгалоо ага эбегейсиз зор жоопкерчилик жүктөп, кыргыз элинин бүгүнкү жана өткөндөгү жашоо-тирилиги, эпостун өзү жөнүндө кайра ой жүгүртүп, кайра көп нерсени иликтеп, үйрөнүүгө мажбур кылды. Муну художник өзү кийин эскерген эле. (5). Ал эпос боюнча баш-аягы 200дөн ашык сүрөт жаратты. Канчасы эскиз, идея абалында калганы бизге белгисиз.

Төрт томдогу сүрөттөр Т.Герцендин эпостун сюжетин мыкты билип, чыгарманын рухун жеткилең түшүнгөндүгүн айгинелеп турат. Ар бир томдогу сүрөттөр анда баяндалган окуялардын мазмунун чагылдырып, белгилүү өлчөмдө аны көрсөтмөлүү даражага гана жеткирбестен, портреттердин жана кырдаалдардын образдуулугун, көркөм элестүүлүгүн арттырып, монументалдуу эпоско панорамалуу мүнөз тартуулап турат. Р.Бакинова Т.Герцендин эпоско тарткан сүрөттөрүн шарттуу түрдө үч типке ажыратат. Окумуштуу I типтеги сүрөттөргө баатырлардын, айымдардын, тулпарлардын (бири-бирине окшобогон, толук өзүнчөлүккө эгедер) портреттерин, II типке сюжеттик-тематикалык ыңгайдагы иллюстрацияларды, III типке ар бир главанын башталышындагы сүрөттөрдү киргизет (4, 20-22).

Бирок ар бир главанын кире беришиндеги сүрөттөр өзүнүн обңектиси боюнча I, II типтердегидей эле экендигин эске алсак, III типке бирин-серин жандуу каармандар (жоокерлер, малчылар, канаттуулар, жаныбарлар ж.б.) аралаштырылган же алар кездешпеген, бирок мазмундук өзгөчөлүгү боюнча пейзаждык мүнөздөгү сүрөттөрдү киргизүүгө болор эле. Китептин форматына жараша кичирейтилген ал сүрөттөр да ошол бөлүмдөгү баяндалган окуялардын мазмунуна да келип, анын пафосун жалпылаштырып, аны кабылдоого окурманды алдын-ала даярдап турат. Бул дагы Т.Герцендин чеберчилигинин бир үлгүсү дешке болот. Ошол эле учурда анын иллюстрацияларын тематикалык-мазмундук өзгөчөлүктөрүнө таянып: портретик, баталдык (баатырдык-согуштук), турмуштук, пейзаждык, шарттуу-символикалык деген түрлөргө ажыратууга да болор эле.

Эгерде портреттердин (баатырлар, айымдар, тулпарлар) дээрлик баардыгы алардын оң жана терс персонаж экендигине карабай калыс, обңективдүү позициядан туруп, ар бирин индивидуалдуулукка эгедер, бирин-бири кайталабаган образдар катары чечмелесе, сюжеттик-тематикалык пландагы иллюстрациялар да көп түстүү турмуштук жагдайларды өз ичине камтып, ар бири өзүнчө чакан концепцияга ээ болуп турат. Ар

бир сүрөттүн артында Т.Герцендин чебер кыл калеми, ак-карасы аралаш, көп катмарлуу палитра менен берилген «Манас» эпосунун философиясы жатат. Мына ушул касиети менен Т.Герцендин сүрөттөрү адистер тарабынан гана эмес бүткүл кыргыз коомчулугу тарабынан жапырт колдоого ээ болуп, эпос менен кынтыксыз биригип, аны менен үзөнгүлөш жашоосун улантып келе жатат. Т.Герцендин сүрөттөрүндө «көрсөтмөлүүлүк менен сөздүн сейрек жуурулушуусу» (6) ийгиликтүү ишке ашкан деген О.О.Попованын пикиринде чындыктын үлүшү чоң.

Нагыз баатырдык-жоокердик замандын илеби уруп турган Т.Герцендин сүрөттөрү ошол эле учурда көөнө кыргыз турмушунун поэтикасын да жеткиликтүү чагылдырат. Баталдык сценаларды, уруш-согушка даярдыктын жүрүшүн, же ушул кыйчалыш, кооптуу кырдаалдардын деми сезилип турган жагдайларды алдыңкы планга чыгарса да, сүрөтчү кадыресе турмуштук көрүнүштөрдү, ар бир персонаждын мүнөзүнө, алардын ич-ара мамилесине жараша ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктан, тазалык менен кара өзгөйлүктүн тирешин, алардын ички динамикасын чегине жеткире бере алган. Жалаң ак, кара менен тартылган, Т.Герцендин көп катмарлуу сүрөттөрү байыркы баатырдык доор кыймылын, демин таасын чагылдырат да, эпостун өзүндөгүдөй көп түстүү, юмордук, баатырдык, лирикалык, трагедиялуу, поэтикалык маанай жаратат. Ал эми баатырлар, айымдар жана эпос катмыган мезгилдин алмаштыргыс атрибуту болгон тулпарлардын бирин-бири кайталабаган портреттери, мүнөздөрү да психологиялык жактан ишенимдүү чыккандыгын белгилей кетүү зарыл. Ошентип, Т.Герцен «Манас» эпосунун рух-маанайын, философиясын, эпикалык мезгилдин кыймыл-демин терең түшүнүп, аны чыгарма менен эриш-аркак байланышта турган сүрөттөр сериясы аркылуу кашкайта ачып берүүгө жетишкен жана аларды «Манас» эпосун прапагандалоодогу шексиз ийгилик катары кароого болот.

Б.Жумабаев менен Т.Герценге чейин «Манас» эпосун иллюстрациялоого бир катар сүрөтчүлөр кайрылышкан. Алардын эмгектери жөнүндө сөз башка. Чын-чынында эпосту көркөм сүрөт менен жасалгалоонун мурун да, кийин да болбогон бийиктиги мына ушул эки сүрөтчүнүн талантына тикелей байланышта турат. Чыгармада баян этилген көп түстүү жашоо-тиричиликтин түбөлүктүүлүгүн, Ата Мекен, эл-жер үчүн күрөштүн улуулугун даңазалап, өткөн замандын адеп-актык, баатырдык рухун, тереңде жаткан соолубас философиясын кылдат сезе билген Б.Жумабаев менен Т.Герцен, ак менен кара түстөрдүн, илбериңки сызыктардын гармониясы аркылуу көркөм шартуулукка, метафора менен гиперболизацияга да тиешлүү өлчөмдө жол берип, форма менен мазмундун ажырагыс биримдигине жетишет. Мына ушул сапаттары менен алардын «Манас» эпосу боюнча иллюстрациялары эпикалык реализмдин сүрөт искусствосундагы мыкты үлгүлөрү катары окурман-көрөрмандын жан-дүйнөсүнө сиңип, чыгарманын мазмунуна, идеялык рухуна шайкеш келип, аны менен удаалаш жашоосун улантып, коомчулуктун аң-сзиминен биротоло орун-очок тапты.

Адабияттар:

1. Убукеев М. Тайны эпоса «Манас» //Литературный Киргизстан. -1992. - №11-12. .
2. Мамыров М. «Манас» - эпосунун калыптаныш тарыхы. –Б., 2005. («Манас» эпосу жана байыркы сүрөт өнөрү» деген макаласы).
3. Мусаев С. «Манас» эпосун жыйноо, бастыруу, изилдөө маселери // Кыргыз адабиятынын тарыхы. «Манас» жана манасчылар: Фольклористика. - 2-басылышы. /Проф. А.Акматалиевдин жалпы редакциясында. – Бишкек, 2004.
4. Бакинова Р.А. Эпос «Манас» в кыргызской книжной грфике //Эпос «Манас» и искусство (графика, кино, музыка, сказительство, скульптура). –Бишкек, 1994.
5. Мосолова Л.М. Теодор Герцен: Творческий портрет. –Фрунзе, 1990.
6. Попова О.П. Вступительная статья к альбому: «Теодор Герцен». –М., 2000.
7. Кыдырбаева Р. Генезис эпоса «Манас». –Фрунзе, 1980.

Абдыразаков А. Ч.АЙТМАТОВДУН ДРАМАТУРГИЯДАГЫ ЖАҢЫЧЫЛДЫГЫ

Моралдык-нравалык теманын азыркы кыргыз драматургиясында өзгөчө терең социалдык-философиялык жалпылоолорго алынып, новатордук жанрдык-стилдик формада чечмелениши Ч.Айтматовдун казак драматургу К.Мухамеджанов менен биргелешип жазган «Фудзиямада кадыр түн» аттуу жанры боюнча социалдык-психологиялык драмасынан даана көрүндү. Драма нравалуулук проблемасынын кыргыз драматургиясында терең көрүнүшү гана эмес, дүйнөлүк масштабда глобалдуу проблеманы, «канткенде адам улуу адам болот?» маселесин жалпы адамзат алдына курч жана конкреттүү коюшу, дүйнөлүк окурмандарды, көрүүчүлөрдү ынандырышы менен идеялык-эстетикалык жогорку сапатка ээ.

Ч.Айтматовдун бул алгачкы драмасын анын прозаларында эволюция лык өнүгүүдө келе жаткан көркөм ойлоо принцибинен, идеялык- эстетикалык көркөм позициясынан, методунан, жалпы эле идеялык-көркөм системасынан бөлүп кароого болбойт. Ал тургай журналисттик, публицистикалык эмгектеринин да драмага тиешеси бар экенин баса белгилөө талап кылынат. «Фудзиямада кадыр түн» драмасынын козгогон проблемаларынын социалдык-философиялык жактан мотивировкаланышы на да, идеялык мазмундун тереңдигине да, жанрдык-стилдик уюшулуш структурасына да, анын мурунку чыгармалары топтогон көркөм традициясынын таасири зор.

Ч.Айтматовдун драматургияга келишинин да ошол прозасы, публицистикасы, топтогон көркөм традициясына тыгыз байланышкан обңективдүү себептери бар. Ал себеп, биринчиден, Ч. Айтматовдун турмуштук фактыларды, обңективдүү чындыкты жалпылаштыруудагы көркөм ойлонуу психологиясынан ачык байкалат.

Ч.Айтматовдун эстетикалык кругозорунун бийиктиги, профессионалдык сабаттуулугу, турмуштун философиялык маңызын терең кабылдоосу жана аны бүгүнкү күндүн бийиктигинен баалай билиши анын аң-сезиминде синтетикалык ойлоонун өзгөчө манерасын, принцибин жаратты. Ал принцип Ч.Айтматовдун эпикалык жана драмалык уруулардын көркөм каражат тарынын, формаларынын ажырагыс синтези аркылуу образдуу көркөм ойлоо өзгөчөлүгүнө тыгыз байланышат. Бул өгөчөлүк Ч.Айтматовдун прозаларындагы эпикалык көркөм каражаттар менен катар эле драма уруусуна мүнөздүү драматизмдин күчтүүлүтү, курч конфликт, диалог, монологдордун арбындыгы жана аракет кыймылдуулугу каармандардын ички дүйнөсүн түгөл ачып, мүнөз өзгөчөлүктөрүн таасын көрсөтүүдөн бизге дайын болот.

Ошондуктан Ч.Айтматовдун прозаларынын улам кийинкилери сахна лаштырууга жана экрандаштырууга өтө эле оңой жана жакын келип, көлөмү чакан, бирок чоң мазмун сыйдырылганы драмалык лаконизмге жана сүрөт төө принциптерине эң эле чукулдап келет. Мына ушундай эволюциялык зарылдыктын инерциясы Ч.Айтматовду турмуш чындыгын драмалык көркөм ойлоого, драматургиянын көркөм каражаттары менен лакондуу, кыска, бирок ойду толук айтуу формасына кайрылууга мажбурлап, аны табигый түрдө чоң драматургияга алып келди.

Ч. Айтматов драматургияга алгачкы ирет келишинде да мурунку көркөм сүрөттөө принциптеринен, формаларынан кол үзбөстөн туруп андан ары тереңдетип жаңыча улантты. Ал өзүнүн прозалык чыгармаларындагыдай эле элдик традицияны «Фудзиямада кадыр түн» драмасында да композициялык ыкма катары мазмунга ылайык чебер колдонот.

Кыргыз элинин эзелтеден бери келе жаткан улуттук мыкты традицияларынын бири - меймандостук. Босогону аттап кирген адамды мейли ал таанышпы, же жөн эле жолоочубу, баары бир дасторкон жайып, колдо бар тамагын аябастан чын ниети менен ачык-айрым сырдашып, терең урматтаган. Мына ушул салт бүгүнкү турмушубузга ылайык жаңыланып, драманын композициялык структурасына көркөмдүк милдет аткарган ыктуу форма катары кирет. Окурмандарга жана көрүүчүлөргө анча деле көп байкалбаган бул форма аракет кыймылдын жыйынтыктуу жана иреттүү өтүүчү ордун

аныктай алган. Көптөн бери кездеше элек курбуларды Досбергендин меймандостугу, дасторкону бириктирет. Дасторкон жайылып, тамак-аш жайноо менен бирге эле каармандардын ар кыл сапаттары, турмушка көз караштары, ички дүйнөлөрү да кошо жайыла ортого салынып, драманын акырына дейре социалдык-психологиялык терең талдоолордон өтүп, дасторкондун жайылышына чейин толук ачылат. Чындыгында эле ар түрдүү аймакта иштешкен жолдошторду бир жерге баш коштурган негизги себеп, аракет кыймылды уюштуруучу мүнөзгө ээ болгон көркөм факт «Фудзияма» чокусу эмес, меймандостук, дасторкон болуп эсептелет. Ошону менен эле катар шарттуу түрдө драманын каармандары атап коюшкан «Фудзияма» чокусунун да аракет кыймылдын өнүгүшүндө аздыр-көптүр ролу бар экенин танууга болбойт.

«Фудзияма» чокусу тууралуу драмада өзүнчө бир чоң эпизод берилип, ага чыккан адамдардын ачык айтып, ак сүйлөөсү, сыр жашырбоосу жөнүндө сөз болот, Каармандардын ичтеги катылып жаткан сырларын жашырбай ачык айтууларына көркөм шарт, ыңгайлуу атмосфера түзүүдө «Фудзияма» символикасы жана дасторкондун жайылышы эң эле ишенимдүү көркөм каражат катары кызмат аткарат. Дасторкон менен «Фудзияма» чокусу композициялык ийкемдүү форма катары бири-бирине өтүшүп, аракет- кыймылдын өтүүчү ордун уюштуруу менен бирге, анын өнүгүшүнө да аздыр-көптүр өз таасирлерин тийгизет.

«Фудзиямадай» ак ниеттиктин, чынчылдыктын, ачыктыктын чоку- сунда, ичимдиктери жайнаган дасторкондун айланасында каармандар дын өздөрүн толук эркин сезишип, ачык айтышууларынан жана полемикалуу дискуссияларынан келип чыккан социалдык-психологиялык, нравалык-фило- софиялык конфликттер алардын мүнөздөрүнүн, нравалык сапаттарынын толук түрдө ачылышына алып келген. Демек, бул композициялык ыкма лар драматургдардын стилдик көркөм табылгалары катары каармандардын жашоо, ойлонуу, аракеттенүү, өзүн-өзү ачуу аянтчаларынын табигыйлыгын жана реалдуулугун белгилей алат.

«Фудзиямада» дасторкондун айланасындагы диалогдор, полилогдор, курч репликалар эзелтеден келе жаткан дагы бир улуттук фольклордук традициядан чебер өздөштүрүлгөн «чечендер айтышы» формасынын новатордук үлгүсүндө өнүгөт да, бара-бара жаңы формага, «айтыш-диспут формасына айланат. Публицистикалык тондогу «айтыш-диспут» формасы драманын жанрдык, композициялык биримдигин аныктап, каармандардын ички дүйнөсүн анализдөөдө, мүнөз түзүүдө, мазмунду ачууда адекваттуу стилдик ыкма катары эстетикалык көркөмдүк касиетке ээ.

Демек, Ч. Айтматовдун элдик традицияны, фольклордук көркөм каражаттарды доордун мүнөзүнө, учурдун эстетикалык талабына ылайык драмада да чебер колдоно билүүсү анын, профессионалдык көркөм сабаттуулугунун бийиктөөсүнүн ачык далили болуп калды.

«Айтыш-диспут» формасындагы композициялык ырааттуулуктун алкагында драмада аракет кыймыл логикалуу өнүгөт. Биринчи эле бөлүмдүн башталышында драманын бүткүл каармандары менен таанштыруу экспозициялык приципти реалдуулугун аныктайт. Эпизоддор аралык байланыш жана өткөндү каармандар тарабынан кайрадан эске түшүрүүчү сценалар традициялуу формада да, киномонтаж принцибинде да байланыштырылат. Композициялык техникалык шарттуу ыкмалар эчак өткөн окуяны синтездөөдө чебер колдонулган.

Айша апанын согуш кезиндеги турмушту элестетүүсү «сахнадагы сахна» принцибинде көрсөтүлүп, драманын жалпы ансамблине жиги билинбей ыктуу ширетилет. Айрым учурда кээ бир каармандардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кирип анализдөө максатында топтон бөлүп, көрүүчүлөргө өтө жакын алып келүү ыкмасы, кинематографияга мүнөздүү ыкмалардын, көркөм каражаттардын жардамы менен жалпы жана орто пландан бадырайта чоң, ирдүү планга чыгарып көрсөтүү аркылуу алардын мурун көрүнбөгөн моралдык турпатын, жаңы мүнөз белгилерин ачат. Драманын биз

белгилеп өткөндөй композициялык образы, стили жанрдын ички структурасынын терең тутумдаша чырмалышын камсыз кылган.

Драмада чиеленишкен татаал сюжеттик сырткы окуялуулук жок. Күндөлүк турмушта кездешкен жөнөкөй эле көрүнгөнсүгөн маселелердин айланасындагы талаш-тартыштан терең философиялык, социалдык нравалык проблемалар, курч конфликт өсүп чыгат.

Аракет кыймыл бир суткага жетпеген убакыттын ичинде, бир эле орунда күчтүү концентрацияланып, курч конфликтте, өтө чыңалган ритмде, динамикалуу өнүгүүдө өтөт.

«Фудзиямада кадыр түндүн» речтик стили терең мазмундуу келип, моралдык-нравалык, социалдык-философиялык, граждандык, публицисти- калык полифониялуу ойлорго бай. Ар бир реплика, фраза образдуу, аракет кыймылдуу, сахнага төп келишип, автордук позицияны так берүүчү стилдик уюшулушка ээ. Ошону менен катар айтыш формасындагы диспуттан улам аракет кыймыл күч алып, курч репликалар каармандар аралык өз идеялык позицияларын коргоо куралы катары бири-бирине каршы таамай «атылып», социалдык-нравалык, нравалык-психологиялык конфликттердин өсүшүнө алып келет. Каармандардын оозунан чыккан ар бир фраза, реплика максаттуу аракетке жумшалып, улам жаңы проблеманы, курч драматизмди, философиялык, социалдык жаңы ойлорду чубап чыгат да, көп пландуу, подтексттүү речтик жаңы-жаңы фразалардын табигый түрдө уюшула беришин тездетет.

Каармандардын речтеринде автордук позиция бир кыйла күчтүү берилгендиктен автордун үнү менен каармандардын үнү куюлуша биригет да, интеллектуалдашкан публицистикалык тон пайда болуп, драмада доминанттык стилдик мүнөзгө ээ болот. Публицистикалык стилде таамай айтылган репликалар каармандардын өзүн-өзү жана бири-бирин ачууга түздөн-түз багытталат. Ар бир каармандын речи анын ким экенин, нравалык сапатын гана айгинелеп тим болбостон, мүнөз өзгөчөлүктөрүн да таамай ачат.

«Фудзиямада кадыр түндө» башка драмалардагыдай борбордук башкы каармандар жок. «Фудзияма» чокусундагы дасторкондун айланасында канча персонаж олтурса, ошонун баары драманын жанрдык, композициялык формасына, стилине ылайык бип-бирдей укуктан пайдаланышып, «айтыш- диспутка» бирдей катышат. Ал тургай драмага катышпаган Сабыр да ушул принципке ылайык каармандар арасында улам эскериле берет. Сабырдын да мүнөз өзгөчөлүктөрүнөн, нравалык турпатынан башка каармандардын эскерүүлөрү, талаш-тартыштары аркылуу кабардар болобуз.

Каармандарга нравалык баа берүү, аларды турмуш чындыгынын тигил же бул татаал шарттарында сыноо драмада негизинен үч раунд боюнча жүргүзүлөт да, тарых илиминин доктору Иосиф Татаевичтин, жазуучу Исабектин, актриса Гүлжандын, агроном Досбергендин, тарых мугалими Мамбеттин, география мугалими Алмагүлдүн, врач Анвардын, пенсионер Айша апанын адамдык сапаттары бүгүнкү күндүн жогорулатылган нравалык критерийинен туруп терең талдоого алынат.

Драманын биринчи бөлүмүндөгү «айтыш-диспутта», каармандардын ички дүйнөсүн, адамдык табияттарын изилдөөнүн биринчи раундду, ал эми экинчи бөлүмүндө экинчи, үчүнчү раунддары өз ара ыктуу чиеленише бирин-бири улап, аракет кыймылдын интенсивдүү өнүгүшүн, ойдун тереңдешин, мазмундун ачылышын шарттайт. Биринчи раундда адабият менен искусство, илим, кесипчилик, адамдын жашоодогу орду, күндөлүк турмуш-тиричилик маселелери, байлыкка карата көз караштардын, мамилелердин айланасында «айтыш-диспут» жүрсө, экинчи раундда Сабырдын кейиштүү тагдырына байланыштуу ар кимдин күнөөсүн териштирүү курч мүнөзгө өтүп, каармандардын ички дүйнөсүнө жүргүзгөн психологиялык анализ мурункудан да терендетилет. Ал эми үчүнчү жыйынтыктоочу раундда «Фудзияма» чокусунан таш кулатуу оюнунан, келип чыккан трагедиялуу ситуациянын натыйжасында учурдун духу менен жашаган Мамбеттин, Алмагүлдүн адамдык гуманисттик бийик сапаттары, кыйынчылыктарда өз башынын гана камын ойлошкон

халтурщик Исабектин, өзүмчүл Иосиф Татаевичтин, жеңил ойлуу Анвардын, өз максаты үчүн чечкиндүү аракеттене албаган, ыкшоо Гүлжандын нравалык пастыгы өзгөчө интенсивдүү ритмде даана ачыла түшөт.

«Фудзиямада кадыр түн» социалдык-психологиялык драмасынын эң негизги мазмунун түзгөн ыймандын тазалыгы, чынчылдык, ак ниеттүүлүк, адамдын адам алдында жоопкерчилиги жана анын коом менен байланышы, инсандардын моралдык-нравалык турпатын иликтөө жана ага баа берүү, ошондой эле өзүмчүлдүктүн, чыккынчылыктын бетин ачуу сыяктуу проблемалар каармандардын мүнөздөрүнө социалдык-философиялык, нравалык-психологиялык терең анализ берүү жолү менен публицистикалык-аналитикалык стилде ар тараптан кенен ачылат. Бул башкы проблемалык линиялар менен катар учурга мүнөздүү бир канча курч коюлган орундуу маселелер да козголот. Мында нравалык-философиялык, социалдык- психологиялык проблемаларды көркөм чечмелөөдө ичкериден уюшулуп акырындап ачыкка көтөрүлгөн интеллектуалдуулукка ширелишкен публицистикалык тон көркөм формапарды ажырагыс биримдикке айландырып, жанрдын ички структурасын чың уюштуруучу негизги стилдик мүнөзгө ээ болот. Натыйжада, драманын бүткүл формалдык структурасынын кыймылдаткычы «жаны» катары активдүү кызмат аткарган публицис тикалык-аналитикалык стиль психолог-драматургдардын чындыкты жана адам жанынын ички тереңдеги сырларын социалдык-психологиялык жактан терең талдоонун «электрондук кардиограммалык» маанилүү аспабына айланган.

Демек, Ч.Айтматовдун прозаларынан, публицистикаларынан өсүп чыккан психологиялык анализ, интеллектуалдуулук, социалдык- философиялык тереңдик, публицистикалык көтөрүңкү тон драманын жанрдык-стилдик уюштурулушунда да өз ордун тапканы көрүнүп турат. Турмуш чындыгына, адамга карата интеллектуалдуу, публицистикалык- аналитикалык мамиле драмадагы социалдык-философиялык, гуманисттик, нравалык проблемаларды каармандардын өткөн турмушка ой жүгүртүп, бүтүм чыгаруулары, алардын мүнөздөрү аркылуу логикалуу терең ачууга кызмат кылган.

Ар бир каармандын турмуш чындыгына, адамга, коомго мамилеси, көз карашы, идеясы, алардын ар биринин өзгөчөлөнгөн турмуштук концепциясын белгилейт, Мына ушул концепциялардын ар түрдүүлүгүн терең талдоодо жана ачууда драманын жанрдык стилдик структурасынын ар бир элементи ишенимдүү көркөмдүк милдет аткарып турат. Ошондуктан драманын тулку бою улуттук боекко сугарылса да, сүрөткөрлөрдүн идеялык - эстетикалык позицияларынын, социалдык-философиялык көз караштарынын, көркөм ойлоо масштабынын кеңирилигинен турмуш чындыгын терең, жеткиликтүү мотивировкалоонун, жалпылаштыруунун натыйжасында драманын мазмуну жалпы адамзаттык мүнөзгө ээ болуп, улуттуктан интернационалдык бийик пафоско өсүп жеткен.

Драмадагы интернационалдык пафос интеллектуалдуу башталмадагы публицистикалык стилде жалпы адамзаттын алдына реалдуу гуманизмдин нравалык принциптерин курч коюп, «адам уулун адам болууга», тынчтыкта жанаша жашоого, достукка, кызматташтыкка чакырып, цивилизацияны ядролук кыйроодон түбөлүк сактап калуу идеясын дүйнө элдерине жарыя кылат.

Албетте, бул идеялык позиция драмада алдыңкы планда ачык берилбейт. Биз аны Айша апанын согуш туурасындагы эскерүүлөрүнөн, Сабырдын «Канткенде адам уулу адам болот?», «Добулбастын үнү басылганда» деген ырларынын мазмунунан жана каармандардын диалогдорунун подтексттеринен, экинчи пландан, ичкериден табабыз. Ушул оюбузду дагы бир аз улантсак, драмадагы көп пландуулук, речинин полифониялуулугу, мазмундун масштабынын кеңдиги азыркы учурда жалпы адамзат кечиктирбей чече турган глобалдуу проблема ларга, ядролук куралдарды жок кылуу, жаратылышты коргоо маселелерине дейре ой жүгүртүүгө чейин мажбурлаган идея тереңде анча байкалбаган каналдар аркылуу, ичкериден тутумдашкан интеллектуалдуу

подтексттер аркылуу берилип, публицистикалык тондо, «адам уулун гумандуу адам болууга», ушул кечиктирилгис проблемаларды ынтымакта, биргелешип чечүүгө чакырып тургандай мотивге ээ экенин байкоо кыйын эмес. Бул подтекстгер театрлардын көркөм трактовкалоосунда чебер интерпре- тациялана турган кошумча тематика болуу менен бирге драманын интернационалдык пафосунун реалдуулугун жана турмуштук негизин бекемдөөчү фактор боло алат.

Демек, драмада бүткүл адамзат алдына курч коюлган «Канткенде адам улуу адам болот?» деген чоң суроо алдындагы идеялык позициянын, подтексттин, нравалык проблеманын көп маанилүүлүгү ар бир окурмандын, көрүүчүнүн жогоркудай кеңири масштабдуу ой жүгүртүүлөрүнө табигый түрдө стимул боло алат. Ошондуктан «Канткенде адам улуу адам болот?» деген проблемалуу фраза нравалык-философиялык теманы көркөм чагылдырууда бүгүнкү прогрессивдүү дүйнөлүк адабияттын чыгармаларынын программалык эпиграфы катары колдонуларлык мазмунга ээ. Анткени азыркы дүйнөдө прогрессивдүү адамзат өзүнүн мурун басып өткөн тарыхына кайрылып, өткөндү терең андап таануу менен коомдук өнүгүүнүн мындан аркы прогрессивдүү жаңы жолуна түшүү үчүн империализмдин, колониализмдин чынжырын үзүп жаткан кезде гуманизм, адамдардын нравалык тазалыгы иштин ийгилиги үчүн өтө зарыл.

Чындыгында эле, адамдардын нравалык-гуманисттик изденүүлөрүн чагылдырган кыргыз адабиятынын мыкты үлгүлөрү, анын ичинде Ч.Айтматовдун чыгармалары да дүйнөлүк окурмандарга оң таасирин тийгизүү менен бирге алардын прогрессивдүү-гуманисттик аң-сезимдерин ойготууда. Бара-бара прогрессивдүү адамзат жеңишке ээ болуп, гуманисттик позициядагы адамдар дүйнө жүзүн бүтүндөй ээлеген кезде адилет, гумандуу тынчтык саясатынын жер шарына салтанат курушу бүгүнкүдөн да жогорулап, тынчтыкты, цивилизацияны сактоо проблемасы толук жана биротоло чечилиши шексиз.

«Фудзиямада кадыр түн» социалдык-психологиялык драмасында учугу ушуга чейин кенен ой жүгүртүүгө багыт берген мазмунунун полифо ниялуулугу, проблемаларынын масштабдуулугу жана алардын жеткилик түү көркөм чечмелениши драматургдардын публицистикалык-аналитика лык стилинин идеялуулугун, ошондой эле жогорку сапаттагы реалдуулугун таасын аныктайт. Мына ушундай жанрдык-стилдик өзгөчөлүгү менен драма өзүнүн көтөргөн проблемаларын окурмандарга, көрүүчүлөргө түгөл ачып берип, идеялык-эстетикалык терең таасир берүү мүмкүнчүлүгүнө толук жетишкен.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Фудзиямадагы кадыр түн // Делбирим. –Фрунзе, 1981.
2. Соколов А.Н. Теория стиля. –М., 1968.
3. Волькенштейн. Драматургия. –М., 1969.
4. Поспелов Г.Н. Проблемы литературного стиля. –М., 1970.
5. Фролов В. Судьбы жанров драматургии. –М., 1979.

Ажыматова З. К. **Т.СЫДЫКБЕКОВ ЖАНА Ч.АЙТМАТОВ: АДАБИЙ ТААСИРЛЕНҮҮЛӨР**

Биздин изилдөөбүздүн предмети адабий окуялар, жазуучулардын өз ара байланышы болгондуктан Сыдыкбеков жана Ч.Айтматовдун ортосундагы адабий байланыштар жөнүндө божомол ойлорду да айтууга акыбыз бар го деп ойлойбуз. Сынчы, философ Азиз Салиевге берген жообун 1963-жылы жазган экен (кайсы айда экенин тактай албадык, бирок эң биринчи суроого берген жообунда «дал бүгүн өзүм элүүнүн экисине келип калган чагымда…» деген билдирүүсү бар, буга караганда жоопкат 1964-жылы жазылган болот). Бул маселеге кадалып калганыбыздын жөнү 1963-жылы апрель айында, В.И.Лениндин туулган күнүндө Чыңгыз Айтматов «Тоолор жана талаалар повесттери» деген китеби үчүн Лениндик сыйлыктын лауреаттыгына ээ болгон. Бул окуя эч апыртуусуз айтканда деле ал кезектеги бүткүл Советтер Союзундагы болуп көрбөгөндөй тарыхый-маданий окуя болгон. Биринчи жолу жана ошол Советтер Союзу үчүн акыркы жолу 35 жаштагы жаш жигит өзүнүн чындай келгенде орус тилиндеги биринчи китеби үчүн (бул китепке: «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Ботогөз булак», «Кызыл жоолук делбирим» деген повесттери топтолгон) ошол кездеги эң бийик, эң мартабалуу сыйлыкка татыктуу болуп, бул сөзсүз көп улуттуу совет адабиятынын өсүп-өнүгүш жолундагы өзүнчө бир этап катары бул чындык кийин дагы нечен ирет далилденип бекемделет. Анан, Азиз Салиев бир эле суроону кайра-кайра түрлөнтүп, маанисин улам тактап, бир чекитке басым коюп жатса, Т.Сыдыкбеков эмне үчүн кыргыз совет адабиятында дегеле эчтеке болбогондой, жалпы совет адабиятын айтпай эле коёлу, кайдыгер абалын өзгөртпөй, болуп жаткан окуяга өз мамилесин билдирбейт. Анын үстүгө дал ошол учурда Т. Сыдыкбеков Бүткүл Союздук Лениндик Комитеттин мүчөсү катарында бул ишке түздөн-түз катышкан. 1961-жылы Ленин ысмындагы сыйлыкка үч чыгарма көрсөтүлөт: Айтматовдун «Жамийла» повести, Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романы, Эралиевдин «Ак Мөөр» поэмасы. Бул жолу үчөө тең албай калат. Экөө өтпөй, «Жамийлага» жашырын добушта кол жетпей калат. Бул жолкуга да, кийин 1963-жылы Ч. Айтматов кайрадан жалгыз көрсөтүлгөн жолу да Т. Сыдыкбеков комитеттин мүчөсү катары катышып отурган, кандай кол көтөргөнү албетте бизге белгисиз. Маселенин маңызы Айтматовду Лениндик сыйлыкка көрсөткөн А.Салиев башкарган философия бөлүмү болгон экен. Демек, Салиевдин коюп жаткан суроосу дегеле бекеринен эмес. Дал ошондой эле кыргыз совет адабиятында 1963-жылы болгон тарыхый-маданий зор окуяга Түгөлбай Сыдыкбековдун кайдыгер мамиле жасашы, «кайдыгер» деле эмес, тирүүлөр жөнүндө азырынча унчукпайм» деши түшүнүксүз.

Маселенин маңызын ачык-көрсөтүү үчүн адабий окуяларга, тарыхка кайрылууга туура келет. Биринчи жолу Чынгыз Айтматов жөнүндөгү адабий пикир 1956-жылы кыргыз совет жазуучуларынын IV - пленумунда айтылган экен. Ошол пленумда кыргыз аңгемелери жөнүндө баяндама жасаган, ал кезде аты чыгып калган сынчы жана адабиятчы К.Асаналиев мурда таптакыр белгисиз жаш автордун үч аңгемесин “Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө») кеңири талдоого алыптыр[1]. Баарынан кызыгы ал мезгилде али жазуучулар союзунун мүчөсү да эмес жаш жаңыдан баштаган авторду Н. Байтемиров, К. Каимов, А. Убукеев, С. Сасыкбаев сыяктуу белгилүү жазуучулардан бийигирээк баалаптыр. Албетте анда «Бетме-бет», «Жамийла» повесттеринен дайын жок. Бул повесттер удаа-удаа жарыкка келгенден кийин, бөтөнчө 1958-жылы Москвада өткөн кыргыз адабиятынын жана искусствосунун декадасында болгон талкуудан кийин, айрыкча ошол талкууда орус жазуучуларынын, сынчыларынын жана М. О. Ауэзовдун сөзүнөн кийин Ч. Айтматовдун атак-даңкы бүткүл союздун булуң-бурчуна чейин жетти окшойт. Москвада болуп өткөн ошол талкууга катышкан көрүнүктүү кыргыз сынчысы

[1]Бул жөнүндє кеңири: «Кыргыз аңгемесинин айрым маселелери» (докладдын кыскартылган стенограммасы), Ала-Тоо, №2, 1957, 85-87-б.

жана адабиятчысы Камбаралы Бобулов кийинчерээк төмөнкүдөй эскерет: «Кыскасы декаданын адабий бөлүмүндөгү баш карман Чынгыз Айтматов болду, ал Москвалык агайындардын ардак-алкышына арзып, жергесине ак боз ат минип кайтты. Бирок…»[1] Биз бул жерде авторду туурап, сүйлөмдү атайы бүтүргөн жокпуз. Көрсө, ошол учурда таланттуу сынчы «Ала-Тоо» журналынын редакциясында кызмат өтөөчү экен. Жазуучулар союзунда болгон окуяларга күбө болгон учурлары аз эмес окшойт. Ошондой окуялардын бири – Чыңгыз Айтматовдун тили деген темада уюштурулган талкуу болуп эсептелет. Жогоруда К. Бобулов «Бирок…» деп баштап, сүйлөмдү бүтүрбөй койгондун мааниси ушунда экен. Сынчынын күбөлөндүрүүсү боюнча бул талкууну уюштургандар декададан жолу болбой, көңүлдөрү сууп кайткан айрым бир көрүнүктүү жазуучулар болгон. Бул талкуу өтө курч мүнөздө өткөнүн мүнөздөп келип, сынчы төмөнкүдөй жазат: «Менин эсебим боюнча 23 адам чыгып сүйлөдү, анын ичинен «күнөөкөрдүн» өзүнөн тышкары эки гана адам: адабиятчы К. Асаналиев менен ушул саптардын автору гана Айтматовдун новаторлук багытын ачыктан-ачык жактап чыгышты»[2].

Ошентип, сынчынын метафорасын кайталап айтсак, Москвадан Ак Боз ат минип кайткан жаш жазуучу Ч. Айтматов өз жергесине келгенде «таламандын так түшүндө эле таш бараңга алынып», саясий айыптоолорго «жыгылат». Көрсө бул эпизоддук, утурумдук окуя эмес экен, К.Бобулов өзү иштеп жүргөн журналга Айтматов жөнүндөгү макаласын жарыялай албайт.

Баш редактор, калгандары да каршы, өткөндөгү талкуунун жыйынтыгын кайталашат. Акыры калыс пикир угуш үчүн макаланы кыргыздын дагы бир чоң жазуучусуна беришкен экен. Бул жөнүндө К.Бобулов төмөнкүдөй эскерет: «Аны (макаланы) кыргыздын чоң романчысына, кыргыз адабиятында чоң кадыры бар адамга беришти… Аны менен менин жакшы чыгармачыл карым-катнашым бар эле. Ошондон улам мен андан чоң үмүткөр элем… Бул 1959-жылдын 16-январында болгон. Менин жазгандарым боюнча ал «Жамийла» повестин таптакыр эле четке кагып, ар кандай жол менен жамандап, жакында эле болгон талкууда көпчүлүк ораторлор айткан пикирлерди далилдеди… Ал менин макаламды жактырган жок»[3].

Чоң романчынын атын айтпаганы албетте өкүнүчтүү. Бирок, түшүнүктүү сөз Түгөлбай Сыдыкбеков жөнүндө баратат. Бул биздин божомол оюбуз. Дал ушул үзүндүнү толук келтирип, өзүнүн комментарийин берген профессор К.Асаналиев мындайча корутундулайт: «Сөз ким жөнүндө, кыргыздын кайсы романчысы жөнүндө баратканын К.Бобулов ачык эле көрсөтүп жазса болмок. Мында жашыра турган эчтеке жок, сөз Түгөлбай Сыдыкбеков жөнүндө экени эч талашсыз. Кокус жаңылып жатсам, К.Бобулов кийин төгүндүккө чыгарар. Бирок андай болбойт, анткени «чоң романчы», «чоң кадыры бар адам», кыргыз адабиятында өзү саналуу эле го, бул сөзсүз – Т. Сыдыкбеков»[4].

Албетте, «Ала-Тоо» журналынын редколлегиялык мүчөсү, чоң романчы Т. Сыдыкбеков жаратпай койгондон кийин К.Бобуловдун макаласы терүүдөн алынып ташталат. Бизди кызыктырган маселе, Т.Сыдыкбековдун өзүнүн шакирти сыяктуу жаш жазуучуга ушундай терс мамилеси эмнеден башталды, кандай негизде, кандай шартта? Көрсө экөөнүн ортосундагы мамиле чыгармачылык тыкыс байланыштардын негизинде башталыптыр[5]. Т. Сыдыкбеков 1958-жылы Москвада болгон декадага негизинен «Тоо арасында» романы катышкан экен. Бул романдын биринчи китебин О.Орозбаев менен К.Кулиев орус тилине которушкан, ал эми экинчи китебин Чыңгыз Айтматов Москвада

[1] Бобулов К. Жаңы тилке. – Бишкек: Адабият, 1991. - 75-76-б.
[2] Бобулов К. Жаы тилке. – Бишкек: Адабият, 1991. - 76-б.
[3] Бобулов К. Жаўы тилке. – Бишкек: Адабият, 1991. - 77-б.
[4] Асаналиев К. Чынгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. - Бишкек, 1995. - 62-б.
[5] Кєрсєтүлгєн китепте: 62-б.

окуп жүргөндө («Литературный институт»), «Жамийла», «Бетме-бет» повесттерин жазып жүргөндө жалгыз өзү которгон экен, роман 1957, 1958 жылдарда жарык көргөн. Дал ушул маселеге атайы көңүл бөлүп, сынчы-адабиятчы К. Асаналиев өзүнүн көз карашын мындайча аныктайт: «Эки муундун, эки жазуучунун ортосундагы сонун чыгармачылык гармониянын, эриш-аркактын ыдырап бузулушуна, бузулганда да тез аранын ичинде, эмне себеп болду? Менин оюмча, арага «чок» салган ошол 1958-жылы Москвада декададагы проза боюнча талкуу, М. Ауэзовдун жалындуу сөзү, кала берсе Москвалык адабиятчылардын көпчүлүгү жапырт түрдө Айтматовду «көтөрүп» кеткени болду»[1].

Албетте, бул Сыдыкбековду, Айтматовду чыгармалары аркылуу гана эмес, өздөрүн да жакындан, далай жыйналыштарда, талкууларда аралашып жүрүп жакындан билген профессионал сынчынын берген баасы, аныктамасы, түшүнүгү. Бирок, ошондой болсо дагы Сыдыкбеков менен Айтматовдун ортосундагы тез башталып, узакка созулган карама-каршылык анчейин субңективдүү учурларга гана эмес, анын кандайдыр бир орчундуу, фундаменталдуу негиздери барбы деп ойлойбуз.

Дал ошол орчундуу, фундаменталдуу негиздерге, мүмкүнчүлүктүн болушунча жетиш үчүн Т.Сыдыкбековдун өзүнүн бир эскерүүсүн узагыраак болсо дагы келтирүүгө туура келет. Ал мындай: «Кийин 63-жылы Айтматов кайра коюлду, мен дагы эле жаңкы комиссиянын мүчөсү элем, ошол жылы Кыргызстандан Айтматовду катуу сындаган, «Жамийланы» дагы, «Горы и степени» дагы бүт бойдон каралаган чоң материал түштү. Маселени териштирип, пикир айтышты комитеттен мага тапшырышты. Мен түшкөн пикирлер менен таанышып чыктым, негизги күнөө катары чыгармалардын кыргызча жазылбаганы менен эле, жанагы Жамийланын качып кеткенин айтышыптыр, анан башка да бир катар, бир катар доолор бар экен. Аларды мен жокко чыгардым, ал учурда «Саманчынын жолу» ал кыргызча чыгып, орусча басыла элек эле, мен ошого таяндым… Ошентип 63-жылы «Горы и степи» колго салынып, сыйлыкты алып кетти, куттуктап калдык… Андан ары Түгөлбай Сыдыкбеков жыйынтык чыгарат: «Мына ушул окуялардан кийин кээ бир кишилер мени Айтматовго каршы чыкты дегендей ой кылып калышты, а мен каршы чыккан эмесмин, каршы чыкчу да киши эмесмин. Болгонун болгондой айттым»[2].

Эмки ой жогоруда сөз болгон Камбаралы Бобуловдун макаласына байланыштуу. Ал 1958-жылдын аягы 1959-жылдын башында болгон – окуя. А балким жазуучу көз карашын өзгөрткөндүр. Айтор эмнеси болсо да жазуучу катарында бир жагынан, комитеттин мүчөсү катарында экинчи жагынан Т. Сыдыкбеков катуу дилемманын ортосунда калган өңдүү көрүнөт. Жогортодо келтирилген тексттен көрүнүп тургандай, Кыргызстандан келип түшкөн каралаган материалдын эки «аргументи» бар экен: Ч. Айтматовдун чыгармаларынын кыргызча жазылбаганы жана «баягы» Жамийланын кетип калышы. Карап көрсөк, Лениндик сыйлыкка сунушталып жаткан китепке жазуучунун төрт повести топтолгон («Жамийла», «Ботогөз», «Биринчи мугалим», «Тополек мой в красной косынке»). Үчөөнүн кыргызчасы да, орусчасы да бар, «Тополек…» («Делбирим») жаңы гана жазылып бүтүп, жыйнакка киргизилген. Ал эми «баягы» Жамийланын кетип калышы олуттуу адабият жөнүндө сөз болгондо күлкү гана чакырышы мүмкүн, анткени көркөм чындык бар жана турмуштук чындык бар, бул экөөнүн ортосунда далай-далай аралыктар жатат. Ч.Айтматовдун чыгармаларын каралаган материалдын болгон мазмуну – ушул. Т.Сыдыкбеков Кыргызстандан келип түшкөн материалды орчундуу бир көрүнүш катарында эсептеп «Мен аларды жокко чыгардым» деп жыйынтыктайт. Кантип «жокко чыгарып» жатат, кеп – ушунда. Көрсө, кыргызчасы жарыяланып, орусчасы али басыла элек белгисиз «Саманчынын жолуна» таянып (жазуучунун өз сөзү) жокко чыгарыптыр. Комитетте Ч.Айтматовдун төрт

[1] Асаналиев К. Чынгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Бишкек, 1995. - 62-б.

[2] Сыдыкбеков Т. Мен ми×жыл жашадым. – Бишкек: Акыл, 1998, - 347-348-б.

повести топтолгон «Тоолор жана талаалар повесттери» деген конкреттүү китеби жөнүндө сөз болуп жатат. Анан бул маселеге азырынча орус тилинде жарала элек «Саманчынын жолу» повестинин кандай тиешеси бар. Маселени ушундай аспектиде койгонубуздун себеби, Т. Сыдыкбеков добуш бергенде колдогонбу, же каршы болгонбу, азыр муну тактоонун эч кандай мааниси жок, биз аныктайлы дегенибиз, эмне үчүн талкууга коюлган китеп жөнүндө түз айтуудан оолактап, маселеге такыр катышы, байланышы жок «Саманчынын жолуна» таянышы, кантсе да жазуучунун мурдагы көз карашы тоскоолдук кылып жаткандыр…

Мындай божомолду айтып жатканыбыздын себеби бар. Т.Сыдыкбеков кыргыз совет жазуучуларынын III сңездинде (1959), IV сңездинде (1966), V сңездинде (1971) чыгып сүйлөп, өзүнүн баяндамасынын негизги, борбордук пафосун Ч. Айтматовдун чыгармаларын сындоого багыттайт. Сынга алынган чыгармалар: «Жамийла», «Гүлсары» повесттери жана «Биринчи мугалим» кинофильми. Өтө катуу сындайт, ырайымсыз түрдө катуу сындайт. Сңездге келген коноктор (бир тууган республикалардын, ошол мезгилдин термини менен айтканда) чыдабай кетип, Ч. Айтматовду колдоого, коргоого алган учурлар да болуптур. Баарынан орчундуусу сын негизинен бир проблеманын тегерегинде, атап айтканда, элдик каада-салттардын, ата-мурастын, улуттук турмуштун сүрөттөлүш проблемасынын тегерегинде болот. Мына, маселен, Жамийланын бирөөнү ээрчип кетип калышы элдик каада-салтты, кылымдардан келаткан темирдей бекем эрежелерди бузуу, «тепсөө» катарында, кыргыз аялынын бийик мартабасын мазактоо катарында мүнөздөлөт. Т.Сыдыкбековдун элдик элдик каада-салттарга карата болгон ушул эстетикалык принциби «Гүлсарат» повести жөнүндөгү сөзүндө андан ары улантылат, тереңдетилет.

Белгилүү го, «Гүлсарат» повестиндеги күлүктөрдүн жарышында эң акырында эрегиштен үчөө калат. Буурул, Жээрде жана Гүлсары. Бул үчөөнүн жарышынын финалын автор төмөнкүдөй сүрөттөйт: «…Буурул күлүктүн тиктеши өжөр, жан аябай эрегишип алган. Жээрде болсо жардам издегендей тайсалдап эки тарабына кыйыгын салып барат. Акыр түбү биринчи болуп Жээрде өксүй баштады. Обол мурун тайсалдаган көздөрү, анан дердеңдеген таноолору көрүнбөй, анан биротоло дүбүртү бастап артта калды. Көк буурул жанын сабап, көпкө тырмышты, тер куюлган көзүнөн ызалуу жини көрүнүп, чаап баратып жан бергидей кыйналып өксүдү. Акыры жеңилгенин мойнуна алгысы келбей ал да артта калды»[1].

Бул Чыңгыз Айтматовдун сүрөттөөсүндөгү кадимки эле кыргыз элинин каада-салтындагы күлүктөрдүн жарышы. Т. Сыдыкбеков дал ушул сценаны өзүнчө интерпретациялайт: «Эгерде күлүктөрдүн жарышын футбол оюну катарында кабыл алсак, ал эми жорго салышты волейбол оюну деп эсептесек, анда жыйырма эки футболисттеринин арасында жалгыз волейболчу кантип ойной алат? Жылкычы Танабай өзүнүн жоргосу менен күлүктөрдүн жарышына кантип түшөт? Волейболчу Танабай футболчулардын бутунун арасында чатышып жүргөнүн кокус футболдун белгилүү ышкыбозу Акаев (кыргыз совет акыны, футбол оюнунун ышкыбозу Кубаныч Акаев) көрүп калган болсо, анда ал Гүлсары менен Танабайды редактор Твардовскийге («Новый мир» журналынын редактору) жеткирбей эле, сыпайылап айтканда, футбол алышынан эле кууп чыкмак»[2].

Көрүнүп тургандай, жалаң ирония жана юмор. Эмне үчүн жылкычы Танабай волейболчу болуп, футболчулардын арасында «чатышып» жүрөт. Волейболчу өзүнүн волейбол сеткасында, футболчу өз талаасында ойношу керек, оюндун тартиби жол-жобосу ушундай. Көрсө, муну чаташтырып жаткан Чыңгыз Айтматов экен. «Күлүк чабыш» деген бар, ага күлүктөр гана катышат, футбол ойнуна жалаң гана футболчулар катышкан сыяктуу, ал эми «жорго салыш» деген бар, ага жорголор гана катышат,

[1] Айтматов Ч. 3 томдон турган чыгармалар. - I том. - Фрунзе: Кыргызстан, 1982. - 69-б.
[2] Асаналиев К. Чыўгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Бишкек, 1995. - 76-б.

волейбол ойнуна жалаң волейболчулар гана катышкан сыңары. Ч. Айтматов элдин ушул каада-сатын одоно бузуп (күлүктөргө жоргону кошуп) сүрөттөгөндүктөн бардыгы ойдон чыгарылган, жасалма эпизод болуп жатат. Жасалмалоо түздөн-түз элдин кылымдан келаткан каада-салтын бузуп, кадыр-баркын төмөндөтүп сүрөттөөгө апкелет. Т. Сыдыкбековдун жыйынтыгы ушундай. Чоң романчы чыгармадан идеялык үзгүлтүктөрдү издебейт, саясий айыптоого да барбайт, тек гана элдик салттардын одоно бузулуп сүрөттөлүшүнөн улам чыгарманын бүтүндөй көркөмдүк системасын жокко чыгарат.

1965-жылы режиссёр А.Кончалевский «Биринчи мугалим» повестинин негизинде кинофильм жаратыптыр. Бул фильмдин жарыкка келиши советтик киномотографта өзүнчө бир бурулуш окуя катарында дүйнөлүк экрандарга кеңири тараган кино лентага айланыптыр. «Биринчи мугалим» советтик киномотографтагы өзгөчө бир улуттук белги экендиги жөнүндө ошол учурдагы эң атактуу кино ишмерлер С.Герасимов, Р. Кармен бийик пафос менен жазышкан экен. Бул фильмдин бүткүл дүйнөлүк даңазасы канчалык күчөгөн сайын, Кыргызстанда, айрыкча Чынгыз Айтматовдун айланасында баягыдай «каралган» күчтөр дагы ого бетер жанданган окшойт. Ошолордун ичинде эң биринчилерден болуп Түгөлбай Сыдыкбеков өзүнүн «Одоно бурмалоо» деген макаласын жазат. Учурунда макала жарыяланбаптыр. Биринчи жолу «Табылга» жыйнагына киргизилиптир. Ушуга улай 1971-жылы СССР жазуучуларынын V сңездинин алдында Г. М. Макеевге жазылган каттын мазмундук негизин «Биринчи мугалим» фильми жөнүндөгү катуу сын пикирлер түзөт.

Биздин оюбузча ушул макалада жана катта Түгөлбай Сыдыкбеков 50-жылдардын экинчи жарымында башталган ачык жана жабык түрдө жүргөн полемикасы өзүнүн чыңалган эң бийик чекитине, адабий термин менен айтканда, апогейине жатат. Дал ошондой эле ушул тарыхый-адабияттык мааниси бар эки документте Т. Сыдыкбековдун эстетикалык көз карашы (турмуш чындыгын сүрөттөөдө) өтө ачык жана даана ачылган. Көрсө, Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары менен келишпеген, аларды кабыл албаган жазуучунун позициясындагы фундаменталдуу негиздер дал ушул жерде экен. Карап көрөлү. Кинофильм алыскы бир кыргыздын айлына мугалим болуп комсомол жаш жигиттин мугалим болуп келгенинен башталат. Кыргыз турмушунда, кыргыз чындыгында мындай реалдуу окуялар көп болгон. Т. Сыдыкбеков жазуучу катарында, көркөм сөз өнөрүнүн ээси катарында бул далилдүү окуяны кандай көрөт?

1) Мугалим болуп келген адам, бул баарынан мурда өкмөттүн өкүлү, ошондуктан ал сыйлуу, барктуу. Ага үй тигип берет, ээр-токумдап ат мингизет. Айтор, айылдык карапайым адамдар менен келген мугалимдин ортосунда толук түшүнүү, бирин-бири колдоо, ишенүү, сыйлоо бар. Т. Сыдыкбеовдун терең ишеними боюнча бул тарыхый-чындык. Ал эми бул тарыхый чындык, Т. Сыдыкбковдун түшүндүрүүсү боюнча, «Биринчи мугалим» фильминде кандайча көрсөтүлгөн, маселе ошондо. Муну жазуучунун өз сөзү менен берели: «…Биз тирмие тиктеп аны көрө албадык. Тескерисинче, Дүйшөн менен ошол айылдын адамдарынын ортосун дөдөй наадандык түпсүз ор болуп бөлүп турат. Болгондо да жакшылык эмне экенин туюнбас эң барып турган туңгуюк мокок келес жандар… Ал эми өзү алардан анча алыс эмес Дүйшөндүн түнттүгү, ички дүйнөсүнүн тардыгы, билиминин таптакыр тайкылыгы аны эрксизден жиндентет. «Социализм», «Мировая революция», «мен мугалим» деген эки-үч сөздөн артык кеп-сөз анын тил байлыгында жок»[1].

Көрүнүп тургандай, Т.Сыдыкбеков жазуучулук көз менен көрүп, мүнөздөгөн тарыхый чындык менен «Биринчи мугалим» сүрөттөгөн реалдуу чындык жөн эле карама-каршы эмес, кинофильмдеги эпизоддор, бул «тарыхый чындыкты» баштан аяк одоно бурмалап көрсөткөн инсуниация, кыргыз элин ушактоо.

[1] Сыдыкбеков Т. Табылга. - Бишкек: Адабият, 1991. -677-678-б.

2) Т. Сыдыкбековдун түшүндүрүүсү боюнча 1922–1923-жылдарда эле кыргыз жергесинде мектептер эбак ачылып, кыргыз балдары кадимкидей окуп калышкан экен. Бул жөн эле реалдуулук эмес, нак тарыхый чындык. Ал эми бул «тарыхый чындык», Т. Сыдыкбеков айткан, «Биринчи мугалим» фильминде кандайча көрсөтүлгөн, кеп ушунда. Жазуучу өзүнүн бууракандап кайнап чыккан эмоциясын токтото албай, төмөнкүчө билдирет: «Ал эми фильмде 1924-1925-жылдарга чейин мектептен дарек жок. Кел Дүйшөн, калчылдаган Картаңбай экөө канчалык балталарын «ырдата» согуп жалгыз теректи кыйышканда берки ооздору ачылган көпчүлүк мектептин куруларына эч ишенишпейт. Алар дале болсо, окуу дегенди дөдөйлөрчө жектешет.

О, бул не деген чындыктан алыс качыш? Не деген тарыхты бурмалаш?»[1]

Демек, «Биринчи мугалим» фильминде «келес» Дүйшөн менен «калчылдаган» Картаңбайдын сценасы, ооздорун ачып, дөдөйлөрчө карап турган көпчүлүктүн көрүнүшү, Т. Сыдыкбековдун түшүндүрмөсү боюнча, бул анчейин эле чындыктан алыстоо эмес, тарыхтын өзүн бурмалоо.

3) В. И. Лениндин өлүмү кыргыз эли үчүн трагедия болгону талашсыз. Албетте Т. Сыдыкбеков да бул окуяны ушундай түшүнөт, ушундай кабыл алат. Ал турмак Лениндин өлүмү, эл-журттун, карыялардан тартып бала-чакага чейин өз атасын жоготкондой кайгыга чөмүлгөнү жөнүндө өзүнчө эле тириада жазыптыр. Жазуучу үчүн тарыхый чындык дал ушундай. Ал эми бул тарыхый чындык «Биринчи мугалим» фильминде кандайча чагылдырылган, маселенин маңызы ушунда. Т. Сыдыкбеков да ушул суроону коёт да төмөнкүдөй жазат: «Капкараңгы түн. Жандын баары уйкуда. Жалгыз Дүйшөн жиндене баштады. – Ооба, мен силерди уктатам?! – деп ал сырттан эле кишилерди кекетти. Бул эмне деген жинденишп деп эсиңди жыйганча уйкудан чочуп ойгонгондор өрткө кабылышты. Ленин өлдү дегенге кишилердин бирде бири «быш» эткен жок…»[2] Ленинди жоктоону «Биринчи мугалим» фильминдеги эпизоддой («жинденген Дүйшөн», «дөдөйлөрчө чакчелекей түшкөн көпчүлүк») сүрөттөөнү Т. Сыдыкбеков «малдан – эки аяк, адамдан – төрт аяк» көргөндөргө салыштырат. Арийне реалдуу турмушту ушундайча тескери көргөндөр, жазуучунун аныктамасы боюнча, «жакшыны – жаманга» бурмалап жибериши опоңой.

Биз Т. Сыдыкбековдун макаласында «Биринчи мугалим» фильминин негизги үч эпизодуна жүргүзүлгөн талдоого жана аларга берилген мүнөздөмөгө токтолдук. Биздин максатыбыз, жазуучу көргөн «тарыхый чындык» менен кинофильм көрсөткөн «көркөм чындык», булар эки башка, бири – накта чындык, экинчиси бурмаланган чындыкты, же булар бир эле чындыкка, б. а. биринчи мугалимдин тагдырына болгон эки башка чыгармачылык позиция, эки башка көз карашпы, мына ушуну колдон келишинче аныктоо.

Первые немецкие поселения возникли в начале 80-х гг. Х1Х в. в Аулие-Атинском уезде Сырдарьинской области. Эти поселения были основаны немцами из секты меннонитов, покинувших Новоузенский уезд Самарской области и Бердянский уезд Таврической губернии по религиозным мотивам. В 1882 г. около 100 семей меннонитов прибыли в Таласскую долину и по разрешению генерал-губернатора Туркестана К.П. Кауфмана основали там четыре селения. Впоследствии эти селения – Николайполь, Владимировка, Андреевка и Романовка, располагавшиеся в нескольких километрах друг от друга, были объединены в одно сельское общество Николайполь. В течение 90-х гг. Х1Х в. немцами был основан на юге Казахстана в Ташкентском уезде поселок Константиновский, в котором в начале века проживало более 500 человек. Особенностью миграции немцев было то, что первые поселения были основаны представителями аграрной среды и первоначально они концентрировались в Южном Казахстане /10/. Общая численность переселившихся из Поволжских губерний, Кубани, Волыни и Ставропольской губернии крестьян составила более 3-х тысяч человек.

В 1890-х гг. наряду с миграцией крестьян в Казахстан началась интенсивная миграция немцев - горожан из Европейской России, Германии и Австро-Венгрии. Причем этот процесс характеризовался расселением практически на всем пространстве Казахстана, в том числе и на юге. Уже в материалах Всеобщей переписи 1897 г. было зафиксировано 2613 немцев, из них в Сырдарьинской – 679, в Семиреченской – 32. Большинство немецких мигрантов осело в сельской местности – 2013 чел. или 70 %, а 600 немцев или 29,8 % проживали в городах. При этом удельный вес городских немцев в Казахстане был почти на 7 % выше общероссийского уровня. Можно считать особенностью этносоциального портрета немецкой диаспоры в Казахстане во-первых, более высокий уровень урбанизированности, во-вторых, ее четкую стратификацию,

вследствие чего имелась конкретная разграниченность немецких поселений в социальном и географическом пространствах.

Интересы царской администрации в присоединенных казахских территориях требовали привлечения своего рода посредников в разного рода отношениях, на которых традиционно специализировались выходцы из тюркоязычных народов Среднего Поволжья и Сибири, именовавшиеся собирательным термином «татары». Следует отметить, что в Х1Х-начале ХХ веков численность татар росла не только за счет механического движения, но и в результате естественного прироста. Благодаря взаимодействию этих факторов к началу ХХ столетия татары превратились в одну из самых многочисленных диаспор на территории Казахстана, причем отличавшуюся дисперсным расселением практически во всех регионах, в том числе и южном. По Всеобщей переписи 1897 г. на территории Казахстана проживало 55984 татар, составлявших 1,34 % в общей численности населения. В Верненском уезде проживало 2,1 тыс., Лепсинском уезде 1,9 тыс. татар. К началу ХХ в. татарская диаспора стала одной из самых многочисленных в Казахстане (после русских и украинцев) и ее представители проживали почти во всех регионах, кроме Сырдарьинской области. При этом характерной особенностью крупнейшей тюркоязычной диаспоры Казахстана являлась торговая и административная направленность в видах деятельности ее представителей.

Итак, к концу Х1Х в. на территории Южного Казахстана сложились крупные диаспоры европейских и азиатских народов, имевших достаточно четкую локализацию, тенденцию высокого прироста и отличавшихся значительной миграционной мобильностью.

Литература

1. Баратова Г.С. Социально-экономическая история уйгуров Семиречья на рубеже Х1Х – ХХ вв.: Дисс. канд. ист. наук. - А-Ата, 1988. - С. 15.
2. Обзор Семиреченской области за 1901 г.: Ведомость № 4 /Федоров Д. Чжунгарско-Семиреченский приграничный район. - Ч.1. - С.98.
3. Баратова Г.С. Социально-экономическая история уйгуров Семиречья на рубеже Х1Х – ХХ вв. – С.16.
4. Наливкин В.П. Туземцы раньше и теперь. - Ташкент: Туркестанское товарищество печатного дела, 1913. – С.5.
5. Наливкин В.П. Туземцы раньше и теперь. - С.6.
6. Материалы для статистики Туркестанского края. - Вып. II. – С. 110.
7. Бекмаханова Н.Е. Формирование многонационального населения Казахстана и Северной Киргизии. (последняя четверть ХУ111 – 60-е годы Х1Х вв.). - М.: Наука, 1980. - С. 200.
8. Алексеенко Н.В. Население дореволюционного Казахстана (численность, размещение, состав, 1870-1914 гг.).– Алма-Ата: Наука, 1979. - С. 80.
9. Ильин В.М. Сартовское хозяйство в Чимкентском уезде Сырдарьинской области // Материалы по изучению хозяйства оседлого туземного населения в Туркестанском крае. – Ташкент, 1912. – С.31.
10. Государственный архив Южно-Казахстанской области - Ф. 233. - Оп. 1. - Д. 256. - Л.50.

Апсаматова Э.Д. ОСОБЕННОСТИ МЕТОДОЛОГИИ ФОРМИРОВАНИЯ НАЦИОНАЛЬНОЙ ИДЕОЛОГИИ

В современную эпоху возрастает историческая необходимость во всесторонней выработке национальной идеологии как теоретической основы определения политических целей и задач общественного переустройства социальной действительности, в поиске рациональных путей и методов ее совершенствования. В этом залог укрепления приобретенной Кыргызстаном государственной самостоятельности и независимости. Отсутствие национальной идеологии, которое определяло бы направление в развитии, – привели к таким последствиям, как революции в марте 2005г. и апреле 2010г., июньским событиям 2010г. Разработка единой идеологической программы способна не только адекватно отразить существующие противоречия в общественных отношениях, но и научно прогнозировать дальнейшие задачи и способы опосредованного преобразования общественного бытия.

XXI век – век глобализации, когда важно найти то ядро развития, которое помогло бы нам сохранить свою уникальность и самобытность (идентификацию). Процесс глобализации породил множество проблем, одна из которых связана с борьбой двух тенденций – тенденцией к унификации мира и тенденцией к сохранению национального своеобразия, с которыми сталкиваются все страны мира. Личность и этносы подпадают под прессинг новых, никогда прежде не возникавших условий — неизбежных тенденций глобализации. Сегодня на этническое самосознание влияют не столько ближайшие исторические соседи, сколько глобальные идеи и практика всеобщей интеграции ценностей наиболее «развитых» цивилизаций, что в свою очередь ведет к утрате самобытности той или иной нации. Европоцентризм, исламизация (арабизация) пробуждают к возникновению имитационного сознания, когда в основу ставится «сотворение себе кумиров» и слепое следование за ними, без разбирательства – приживется ли этот образ и уклад жизни в нашем обществе или нет!

Кто знает? Как бы то ни было это проблема не времени, а нашего желания, так сказать проблема нашей природы. Причина кроется в том, что кыргызы еще не установили, *кем* они были, *кем* они хотят стать и *кто* они вообще?

По определению историка Полибия в мире существуют две социальные болезни, способные погубить государство: внутренняя (развращение нравов и упадок морали) и внешняя (войны). Если в обществе существуют и обҥективно функционируют нравственные идеалы и идейные убеждения, то это общество может преодолеть различные кризисы, социальные взрывы и войны. Идейное просвещение и нравственная духовность формируют в людях убежденность (веру) в правоте избранного пути и является теоретической основой и социальным ориентиром. Достигается это посредством разработки положений и принципов национальной идеологии, характеризующихся глубоко научной и обҥективной формой познания общественных процессов. В этом заключается суть очеловечивания социальной природы людей, когда высшим признанием каждого в отдельности человека является служение своему народу и государству в целом («Эр эрдемдүүлүгүмдү элимдин кызматына бердим». Из орхоно-энесайских письменных памятников), когда принципы толерантности, гуманизма, глубокой нравственности и демократического плюрализма достигаются благодаря идеологическому просвещению и воспитанию масс. И в этом отношении примечательным является философское определение мыслителями прошлых эпох главного предначертания и смысла человеческой жизни, которые заключаются не в обустройстве личного блага, а путем самозабвенного труда и служения Отечеству достижений общего благополучия для народа и государства.

В философской и общественно-политической науке исследование истории возникновения и развития идеологии, изучение ее современных теоретических аспектов носит многоплановый характер. На основе анализа научной литературы по проблемам

идеологического процесса можно выделить 4 главных направления в этой области. Во-первых, социально-философский анализ идеологии как общественного феномена, специфической формы духовной деятельности. Во-вторых, социологический анализ идеологических процессов, изучение социальных действий личности как обнективной основы и критерия идеологической деятельности. В-третьих, историко-философский анализ генезиса идеологического процесса на различных этапах исторического развития. В-четвертых, анализ специфики и особенностей идеологической работы.

Подробнее остановимся на третьем направлении. Все идеологии имеют идейно-философскую основу и специфику, т.е. обнективность отражения действительности. Необходимость развития национальной идеологии подготовлена и обусловлена самим содержанием новой исторической эпохи. Отличительной чертой национальной идеологии должно быть диалектическое соответствие ее научных принципов закономерностям общественно-исторического процесса. Сущность и значимость идеологии определяется не одним лишь признанием научности ее принципов и положений, но и способностью идеологического процесса опосредованно (т.е. через деятельность людей) преобразовывать и совершенствовать общественную действительность. Однако, когда теоретические основы идеологического процесса, при всей их обнективности и научности, не находят апробации в социальной практике, различные идеологические формы остаются лишь отвлеченными, абстрактно-логическими идеями и ценностями, утрачивают свою прогнозирующую сущность и превращаются путем пустой декларации в утопическую демагогию. Таким образом, особенно важным является выработка методологических основ развития национальной идеологии.

Прежде чем перейти к рассмотрению вопроса о сущности понятия идеологии, следует дать историко-философский анализ возникновения генезиса данного понятия.

В конце XVIII – начале XIX вв. был впервые применен термин «идеология», автором которого был представитель поздней ветви французского сенсуализма Антуан Дестют де Траси. В своей работе «Элементы идеологии» (1801г.) он назвал идеологией свое учение. Дестют де Траси вместе с Пьером Кабанисом и Константином Волнеем разработал особую «науку» об идеях. «Наука» об идеях, «идеология» не имела широкого распространения и поэтому вскоре была забыта. Но термин «идеология», «идеолог» остались и часто употреблялись для обозначения учений и лиц, исходящих в решении различных вопросов из абстрактных, надуманных принципов, оторванных от реальной жизни.

Методологическое исследование теории идеологии предполагает изучение проблем возникновения и генезиса идеологического процесса, определение понятия «идеология», раскрытие ее сущности и других особенностей и характеристик. Не имея полного и достоверного представления о том, что же такое идеология, невозможно вести речь о создании и развитии какой бы то ни было идеологии, включая и национальную.

Анализ существующей философской литературы позволяет вывести такую формулировку определения понятия «идеология»: идеология есть «система взглядов и идей, в которых осознаются и оцениваются отношения людей к действительности и друг к другу, социальные проблемы и конфликты, а также содержатся цели (программы) социальной деятельности, направленной на закрепление или изменение (развитие) данных общественных отношений» [1, С.199].

М.В.Яковлев в работе «Идеология» дает развернутое определение понятия идеологии. Он представляет ее «как систему идей и теорий ценностей и норм, идеалов и директив действия, выражающих интересы, цели и задачи определенного общественного класса, способствующих устранению или закреплению существующих общественных отношений» [2, С.9]. Наиболее распространенным в философской литературе является понимание идеологии в трех аспектах: во-первых, в широком смысле, когда идеологию сводят к общественному сознанию; во-вторых, когда идеология представляется как

теоретическая часть общественного сознания, и, наконец, в более узком, в собственном смысле, когда под идеологией понимается отражение общественного бытия.

При отождествлении с общественным сознанием в целом «идеология» лишается своих специфических черт, своей внутренней логики развития. В работе «Идеология: характер и закономерности развития» болгарский философ В.Иванов отмечает, что «понимание идеологии в широком смысле слова не отражает ее сущности и специфики, ибо при таком подходе идеология отождествляется с общественным сознанием вообще, что приводит к смешению понятий» [3, С.18]. В этом случае, говорит он, идеология будет включать в себя ряд неидеологических форм общественного сознания, что может привести к утрате ее специфики.

Методологические принципы изучения сущности понятия «идеология» неразрывно связаны с вопросом о предмете идеологического отражения, что, в свою очередь, позволяет рассматривать идеологический процесс как духовно-культурное явление в рамках и на теоретическом уровне общественного сознания. В этом плане большой интерес представляет вопрос о том, что отражает идеология, что является обҥектом ее отражения, каково взаимоотношение общественного бытия, общественного сознания и идеологии.

Однако в философской литературе нет общего взгляда на обҥект отражения идеологии. Так, В.Келле и М.Ковальзон считают, что обҥектом идеологического отражения являются общественные отношения; идеология изменяет и закрепляет их. [4, С.12]. Г.Я.Нестеренко придерживается другой точки зрения. По его мнению, идеология отражает всю обҥективную общественную действительность [5, С.89-90]. Сторонники третьей точки зрения считают, что обҥектом отражения идеологии является само общественное бытие. Такое понимание обҥекта идеологии наиболее приемлемо и достоверно, поскольку идеологическое отражение общественного бытия естественным образом вытекает из самой сущности общественного сознания. В анализе соотношения общественного бытия и общественного сознания, в определении обҥекта отражения общественным сознанием и такой его составной части, как идеология, немаловажное значение имеет выяснение взаимосвязи идеологии и общественной психологии. Они представляют собой две сферы общественного сознания, однако между ними существуют и различия, в частности, в степени осознания и в особенностях отражения явлений социальной действительности.

Известно, что идеология как систематизированное, научно-теоретическое отражение общественного бытия представляет собой систему взглядов, теорий, учений и концепций, направленных на реализацию насущных целей, задач и потребностей определенного общества. Общественная же психология охватывает обширную сферу общественного сознания, в которой непосредственно отражается общественное бытие людей, повседневные условия их жизни, а это проявляется в несистематизированных взглядах, представлениях, чувствах, настроениях, переживаниях будничных интересов общества, закрепляемых в обычаях, нравах, привычках и традициях [6, С.125].

Литература:

1. Диалектика социального познания и революционного действия. – М., 1981. [6] - С.125.
2. Иванов В. Идеология: характер и закономерности развития. – М., 1977. [3] - С.18.
3. Идеология, мораль, искусство. – Киев, 1999.
4. Келле В., Ковальзон М. Формы общественного сознания. – М., 1998. [4] - С.12.
5. Кузнецов В.Н. Идеология. Социологический аспект. – М., 2005.
6. Нестеренко Г.Я. Проблема сознания в марксистской социологии. – М., 1971. [5] - С.89-90.
7. Философский словарь. – М., 2001.

8. Философский энциклопедический словарь. – М.: Советская энциклопедия, 1983. [1] - С.199.
9. Яковлев М.В. Идеология. – М., 1979. [2] - С.9.

Асанбеков Н.К. ОРХОН-ЭНЕСАЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕГИ “ТЕҢИР” ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА ФЕНОМЕНИ

1893 – жылдын 25 – ноябры орхон – энесай жазма эстеликтеринин тарыхындагы эң белгилүү күн. Мына ушул күнү орхон-энесай жазм эстеликтерге колдонулуп келген “рун” *(гот тили - “сырдуу” деген маанини берет)* деген аты алынып, таштарды сүйлөтүү ыкмасы расмий жарыяланган. Россиянын Сибиринде табылган “рун” жазмаларынын тегин аныктоо маселесин Батыш окумуштуулары гана эмес саясатчылары да чыдамсыздык менен күтүшкөн геосаясат менен байланышкан маанилүү кубулуш эле. 1893 – жылы 25 – ноябрда Дания хандыгынын илимий Академиясынын кезексиз чакырылган жыйынында лингвист Вильгельм Томсен өзүнүн жазмаларды чечүү тажрыйбасы жөнүндө сенсациялык билдирүү жасайт.

В.Томсен орхон - энесай “рун” жазуусу түрк тилдүү элдерге таандыгын айтып, эң биринчи чечмелеген сөз түрк дүйнөсүнө таандык “Теңр” түшүнүгү болгонун билдирет. Бул жерде биздин көңүлдү бурган кубулуш “теңр” түшүнүгүнүн биринчи окулушу.

Кийинки жалдын (1894) 19 – январында В.Томсен сунуш кылган тажрыйбаны колдонуп Россиялык ориенталист В.В.Радлов биринчилерден болуп Күл – Тегин эстелигин чечмелеп - окууга киришип, биринчилерден болуп ал жазмадагы “Теңр” түшүнүгүнүн “Небо” деген котормосун берген.

Ал учурда В.В.Радловдун котормосу ал түшүнүк чагылдырган феномендин мазмунуна канчалык деңгээлде шайкеш келээрин тактоо маселеси турган эмес. Ошондой эле, ал учурда байыркы жазмаларды которуу маселеси боюнча аны менен тең тайлашып, талашып – тартыша турган адистер деле болгон эмес. Ошол себептен дүйнөлүк илимий чөйрө “теңр” түшүнүгүнүн В.Радлов берген котормосун кабыл алышып, бүгүнкү күнгө чейин “небо” деген котормосун колдонуп келе жатышат.

Менин оюм боюнча В.В.Радлов орхон – энесай жазам эстеликтериндеги “теңр” түшүнүгүн которууда, ошол доордун жана шарттын талабына ылайык, кыргызча айтканда, кол үстүнөн эле которуп койгон, бул биринчиден. Экинчиден, жалаң эле В.В.Радлов эмес Европалык илимпоздор, интеллигенция “евроборбордун” жана эволюциялык маанай менен чалдыгып, Борбордук Азия элдерин, ошонун ичинде Түштүк Сибирде жашаган калктарды “тарыхка чейинки” (варвар) элдер катары баалашып, ошол баанын мүнөзүнө ылайык мамиле жасап келишкен. Мисал катары В.В.Радловдон бир кылым кийин жашаган, бирок евроборбордук маанай менен кошо эволюциялык теориянын негизинде калыпталган советтик этнограф Потаповдун, *“...шаманизмди дин катары тануу теориялык да, практикалык да жактан туура эмес... Шаманизмди дин эмес деп баалоо, Сибир элдеринде дин жок болгон деген туура эмес жыйынтыкка алып келет. Анткени ал элдерде шаманизмден башка дин болгон эмес”* – деген ырастоосун алсак [1] эле (котормо меники А.Н.К.), түрк тилдүү элдердин маданиятына болгон маанайдын сүрөтү тартылат, бул биринчиден. Экинчиден, “Көк Теңир” деген сөздөн эмнегедир көпчүлүк изилдөөчүлөр (түркологдор), ошонун ичинде Радлов да, “көк” дегенди “түс” катары кабыл алышат экен. Мисалы, Күлтегинге арналган эстеликтин көлөмдүү жазуусунун биринчи сабында, *“Үстүдө көк теңир, астыда кара жер жаралганда, эки арада киши уулу жаралган”*[2] деп жазылган сүйлөмдөгү “көк” деген сөз асмандын көк түсү менен байланыштырып жүрүшөт. Эстеликтердеги “көк” түшүнүгүн

[1] Потапов Л.П. Алтайский шаманизм. - Л., 1991. - С.11.
[2] Орхон-Енисей текстери. - Фрунзе., 1982. - 62-бет.

түстү чагылдырган түшүнүк катары кабылдоо В.Радловко “Теңир” түшүнүгүн “Асман” деп которууга себепкер болуп жатат (синое небо). Менин оюм боюнча “көк” түшүнүгүн мындай кабыл алуу өтө примитивдүү көрүнүш. Байыркы көчмөн кыргыздар менен монголдор “Теңир” түшүнүгүнө карата “көкө” деген түшүнүктү колдонушуп, “көкө теңир” деп айтылып келишкен. Түрк тилинин өзгөчөлүгүнөн улам көп учурда акыркы үндүү түшүрүлүп айтылып калат. Ошол себептен ташка жазууда “көкө” “көк” деген вариантта берилген. Ал эми илгери байыркы түрк тилинде, ошонун ичинде кыргыздарда да, “көкө” деген түшүнүк “жогору” дегенди билдирчү. Өз учурунда студенттерди (И.Арабаев атындагы КМПУнун филология адистигин) Панфилов районунун Күрпүлдөк деген айылга (колхоз Ярослав) айыл чарба иштерине алып барып, эки иштен бир иш деп, макал-лакаптарды чогултуу боюнча айылдын кары-картаң өкүлдөрү менен иш жүргүзгөнбүз. Ошондо (1989 ж.) 86 жаштагы Агыбай уулу Дөөлөкө[1] деген аксакал (мурун айылдын молдосу болгон экен) бата бергенде, ***“Көкө Теңир жалгасын”*** деп бата бергенин укканбыз. *“Эмне үчүн көкө теңир дейсиз”* - дегенде, ал киши “Кудай баардыгынын себеби, жогорку маңыз” деп айтканына күбө болгонбуз.

Бул тала-этнографиялык материалды тастыктоо иретинде сөзүн С. Алтымышов жазылган Кыргыз Республикасынын тил гимнин бир куплетин келтире кетели.

*“Тил жаралып **көкө теңир** таңынан.*
Адамзаттын дөөлөтүнө буйруган
Адам деген түп сөзүнөн элимдин
Кыргыз тили ай-ааламга жаңырган”

“Көкө” деген түшүнүктүн жогору дегенди билдирээрин далилдөө үчүн мисалы катары “көкөлө” деген түшүнүктүн этимологиясын карайлы, *“Түрк Билге каган...Огуз элин **көкөлөтүп** отурат”*[2]

“Көкө” уңгусуна этиш жасоочу “ла” мүчөсү уланып “көкөлө” болуп “жогорула” дегенди билдирип жатат *(көкөлөт, көкөлөтүү ж.б.)*. Ошондуктан К. Сейдакматовдун асманга карата “көк” деген түшүнүктүн колдонулушу “көкө” түшүнүгүнүн аягында үндүүсү жок айтуусунан келип чыккан деген божомолу бекер жеринен эмес жана туура божомол деп эсептейм.[3] Демек, “көк теңир” деген сөздө, “көкө” аныктооч мүчөнүн кызматын аткарган түшүнүк.

Менин, “котормочулар таштагы “көк” деген түшүнүктү түс катары кабылдашат” деген ырастоомду тастыктоо үчүн, 1982-жылы С. Кудайбергенов менен С.Сыдыковдун редакторлугу астында чыккан “Орхон-Енисей тексттери” деген китептин 62-бетиндеги, *“Үстүдө көк теңир, астыда кара (күрөң) жер жаралганда,..”* - деген жердеги “кара” деген сөздөн кийин кашага алып ***(күрөң)*** деп жазып коюшканы далилдейт. Бул китептин авторлору “жер” деген түшүнүктү “топурак” катары кабылдап, ошого жараша мамиле кылып, которуп жатышат.

Көчмөн дүйнөсүндө көркөм сөз жакшы өнүгүп, көркөмдөп сүйлөө ыкмасы салтка айланган. Мына ушул позициядан караганда деле, “көк” түшүнүгү Теңирге карата жазма эстеликтеги “жогору” же “жандуу” деген мааниде колдонулган. Себеби кыргыз маданиятында “көк” түшүнүгү түстү көрсөтүүсү анын бир эле көрүнүшү. “Көк” түстөн башка “жогору”, “жандуу”, “жүрөктүү”, “өжөр”, “түпсүз” дегенди да билдирет. Мисалы, *“жер көгөрүп калыптыр”* деген сүйлөмдө, жерге чөп чыгып жанданып калганын ырастап жатат (көктөм). Чөптүн түсү көк эмес *(көк-сөк),* жашыл. Кыргыздар көк менен жашыл түстү айырмалай билбеген дальтоник эмес. Ошондуктан бул мисалды “көк” - жан маанисинде берилген. Дагы бир мисал, **Манас** баатырга карата ***“көк жал”*** деген сын атооч колдонулат. Бул мисалда “көк жал” “коркок”, “жаны жок” деген сын атоочтордун карама-каршы түшүнүгү катары колдонулуп, ал “тайманбас”, “кайтпас”,

[1] Агыбай уулу Дөөлөкө. Панфилов районунун. Күрплдөк айыл өкмөтү. 1989 – жылы 86 жашта экен.
[2] Орхон-Енисей тексттери. - Фрунзе, 1982. - 91-бет.
[3] Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү - Фрунзе, 1988. - 154-бет.

“жандуу”, “эр жүрөк” деген мааниде каралган. Ал эми, *“аялдын көгү үйдү курутат, эркектин көгү үйдү толтурат”,* - деген макалда, “көк” түшүнүгү эркекке таандык деген “өжөрлүк”, “намыскөйлүк” сыяктуу жакшы сапаттарды чагылдырып жатат.

Социалдык таанып-билүүдө текстти туура *түшүнүү* жана *интерпретациялоо* эң негизги. Биздин учурда таанып-билүүнүн обңектиси тарыхый тексттер. Демек, биринчиден, аны ар кандай түшүнүүгө, түшүндүрүүгө шар түзүлүп жатат. Экинчиден, тигил же бул түшүнүктүн мазмуну, убакыт өткөн сайын маанилик жактан өзгөрөт. Анын үстүнө, тексттердин мааниси ар кандай убакта жана шартта, ар кандай формада ачылышы да мүмкүн. Бул дегендик, ар бир доор өз баалуулуктарына жараша тигил же бул түшүнүккө ар кандай маани коюуу мүмкүндүгүнө ээ болуп жатат. Үчүнчүдөн, түшүндүрүүчүнүн позициясы да тигил же бул тарыхый түшүнүктү түшүнүүдө, интерпретациялоодо чоң рол ойнойт.

“Теңир” түшүнүгүн которууда жана анын маани-маңызын түшүнүп, түшүндүрүүдө бул өзгөчөлүк эске алынбай, ушул күнгө чейин адашуунун булагына айланып келе жатканы факт. Ошондуктан энесай-орхон жазма эстеликтеринде «Теңр» түшүнүгү тексттердин контекстинде айдан ачык «кудай» дегенди билдирип турса да, биринчиден, европоборбордук “оорусуна” чалдыккан, экинчиден, “көк” деген түшүнүктүн болумушун түшүнбөгөн В.В.Радлов «Бог» деп которбой «Небо» деген котормону берген. Мисалы, тексттердеги «Теңримдей теңрим болтурган» (21/60)[1] дегенди, «Всевышний», «Божественный» деп которуунун ордуна, «Небоподобный, неборожденный (собств. «на небе» или «из неба возникший») (21/69) деп, ал эми «теңрим жалгаган үчүн» (21/61) дегенди «..По милости Бога» дебестен, «..По милости неба…» (21/71) деген котормону берген. Бул Ф.Бэкондун “театр идолунун” көрүнүшү. 1969-жылы чыккан “Древнетюрский словарь”[2] сөздүгүндө да “небо” (видимя часть мироздания) деп берилгени биз айтканды тастыктайт.

“Теңр” түшүнүгү Борбордук Азия элдеринин маданиятында (алтайлыктар – теңгери; хакастар – теңгир; якуттар – таңгара; монг.- тэңгэр; калмыктар - тэңгер) өзөктүү түшүнүктөрдүн бири (кытайлар – “тянь”). Баардык түрк тилдүү элдерде бул түшүнүк “Кудай” дегенди камтыган. Мисалы, Х. Карасаевдин “Өздөштүрүлгөн сөздөр” деген сөздүгүндө “Теңир”(түрк) “1.асман, көк. 2. кудай маанисинде” - деп берип, ал эми “Кудай” (ир) түшүнүгү – “дин, теңир, жараткан” деп берип жатат,[3] б.а. синонимдер катары карап жатат.

Бул түшүнүктүн келип чыгышын (этимологиясы) философиялык түшүндүрмөсүнүн бири төмөнкүдөй:

1) Түр тилинде “тең” жана “таң” *(орусча* “день”*, кытайча* “дан”*)* үндөш жана жалпы семантикалык бир башат. Таң – жарыктыктын башаты, ал күн менен түндүн өзүнө камтыйт. Демек, таң эки башаттын биримдиги *(Таң атып калды)*. Ал эми ага карама каршы “иңгир” деген түшүнүк бар *(иңгир кирип калды)*. “Иңгир” – эки түшүнүктүн биримдиги: 1) “иң” - кеч, караңгы кирип калганын билдирет *(Кытай философиясында **“инь”** түшүнүгү караңгынын, аялдын башаты)*; 2) “Гир” түшүнүк да карангы, таза эмес (кир) дегенди билдирет. ИН+ГИР түшүнүктөрү жупташып бири-бирин күчөтүшүп, бекемдеп, караңгылыкты, сырдуулукту чагылдырган түшүнүк болуп жатат.

Демек, “таң” түшүнүгү бардүйнөнү (бытие) чагылдырса, “иңгир” жокдүйнөнү (небытие) чагылдырган түшүнүк. ТАҢ-ИҢГИР -ТЕҢГИР (Теңир) түшүнүгүнүн теги, дүйнө эки карама-каршы бирок тигил же бул дүйнөнүн жаратууда тең башаттын гармониялык биримдигинен турганын чагылдырганында.

---

[1] Орхон –Енисей тексттери. - Фрунзе, 1982.
[2] Древнетюркский словарь. - М., 1969. - 552-бет.
[3] Карасаев Х. Өздөштүрүлгөн сөздөр. - Фрунзе, 1986. - 165, 261-беттер.

Карама-каршынын биримдиги дуалисттик мааниде эмес, жуптук деген мааниде. Дуализм – дүйнөнүн маңызын, эки - бири-бири менен тынымсыз күрөштө болгон, бирде бирөө жеңсе, биринде экинчиси жеңип турган карама – каршылык түзөт деген оку. Бул окуунун көрүнүшүн зороастризмде жакшы чагылган (Ахура Мазда (жарык) менен Ангра Ман (карангы) түбөлүктүү күрөшү). Эки башатын карама – каршылыгын абсалютташтыруу зороастризмде гана эмес, Батыш дүйнөтүшүнүгүнө да таандык кубулуш.

Ал эми теңирчиликте "тең" – эки башатын ажырагыс байланыштыгын, карама-каршылыктардын биримдигин, бирдигин чагылдырган түшүнүк, б.а. бирдей салмактуулук мааниде. Мисалы салттык медицинаны алсак, ысык-сууктун тең салмактуулугу кишинин ден соолугунун башаты. Ал эми социалдык кубулушта аял-эркектин тең салмактуулугу үй бүлөөнүн бакубаттуулугунун башаты.

Дагы бир философиялык концепция, "теңир" түшүнүгүн "Таң-ра" түшүнүгүнөн келип чыккан деген божомол. "Таң" күндүн чыгып келе жатканы, "Ра" күндүн аты. Күнгө сыйынуу эң илгерки када-салттын бири. Себеби дүйнөдөгү тынымсыз өзгөрүп, өсүп-өнүгүп, өлүп кайра тирилип турган кубулуштун баары күн менен байланыштырып келишкен. Мисалы күндүн балдарыбыз деген Гундар ("Гун" бул "күн" дегендин гректештирилген көрүнүшү) менен Энесайлык кыргыздардын өлүктү күйгүзүп күлүн көмүү салты да ошол күнгө сыйынуу салтынан калган көрүнүш деген божомол бар. "Таңра" – "чыгып келе жаткан күн" дегенди билдирет.

"Теңир" феноменин орхон-энесай таштагы жазма эстеликтеринде кандай мүнөздө чагылдырганына таш жазмаларынын негизинде тактоо жүргүзүп коёлу.

Таштагы жазма эстеликтерде "Теңр" феномени **жаратуу** (1) «Теңр жараткан", **колдоо** (2) «Теңрим колдоп» «Теңрим күч берген үчүн..», **жазалоо** (3) «Теңрдин каарына калды" касиеттерине ээ болгонун тексттер далилдөөдө. Бул абал бизге орхон-энесай жазмасын калтырган маданиятта кудайдын кудурети бир эле учурда үч илик образы (троица) камтылган: ***жаратуучу, колдоочу*** жана ***жазалоочу*** феномен катары аңдашканын далилдейт. Бирок, жазма эстеликтерде көбүрөөк "колдоо" кудуретине басым жасалган.

Кайсыл түшүнүк болбосун ал кандайдыр бир мазмунду чагылдырат эмеспи. "Кудай" бул түшүнүк. "Кудай" (ир) түшүнүгү - дин, жараткан дегенди туюнтуп жатат. "Кудай" түшүнүгүн сүрөттөп жазуу, ал жөнүндө ой толгоо өтө кыйын. Себеби ал материялдык эмес, руханий кубулуш. Мына ушундай кубулуштардын табиятын элге түшүндүрүү үчүн, ошол эл билген, жөнөкөй тилдеги кубулуштун жардамы менен чагылдыруу ыкмасы бар. Бул метафора. Метафора *(грек. перенос)* - салыштырмалуу мааниде колдонулган сөз. Теологиядагы катафатикалык принциптин негизинде (кудайды пенденин тилинде мүнөздөгөнгө жол берүү) метафоралык усулду колдонсок, християн дониндеги кудайдын (Егово) мазмуну ***"Сүйүү"*** деген, ал эми исламдагы "Алланын" мазмуну ***"Кечиримдүү"*** деген феномендер менен жараткандын табиятын чагылдырсак болот.

Мына ушул ыкмадан түртүлүп, энесай - орхон жазма эстеликтериндеги "Теңр" түшүнүгүнүн мазмуну ***"Колдоочу"*** деп ырастасак болот. Демек, орхон – энесай жазмаларын калтырган маданиятта Теңирди (кудайды) **колдоочу** катары кабылдашкан.

Мисалы, Куль Тегинге арналган эстеликте "Теңр" түшүнүгү 14 жолу кездешип, ошонун ичинен 10 жолу "колдоорун" «Теңр жалгаган үчүн» (21/63), «…теңр колдоп..» (21/61), «теңри көтөрдү..» (21/65), 3 жолу "жазалоосун" «Теңр каарына калган үчүн» (21/106), 1 жолу "тагдырды аныктаарын" жазышкан.

Адабияттар:

1. Потапов Л.П. Алтайский шаманизм. - Л., 1991.
2. Орхон-Енисей тексттери. - Фрунзе, 1982.
3. Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. - Фрунзе, 1988.

4. Древнетюркский словарь. - М., 1969.
5. Карасаев Х. Өздөштүрүлгөн сөздөр. - Фрунзе, 1986.

Асанбеков Н.К. ТЕҢИРЛИК ИДЕОЛОГИЯСЫНЫН ОРХОН - ЭНЕСАЙ ТАШ ЖАЗМАЛАРЫНДА ЧАГЫЛЫШЫ

XXI кылымдын босогосундагы кыргыздын көктөн тилегени жерден табылып, кыргызга, кыргыз болуп калуу мүмкүндүгүн колуна алды. Бирок ал, элин Теңирге теңеген *"Теңримдей элим"*[1], анын кызыкчылыгын өзүнүн жашоо маңызына айландырган *"Эр эрдемдүүлүгүмдү элимдин кызматына бердим"(1/167),* тарыхтын тегирменине канчалык жанчылса да кылымдар бою кыргызды, кыргыз кылып сактап келген "бир нерсени" кайра жаратуу, сактап калуу, өнүктүрүү мүмкүндүгүн, кыргыз колдоно алаар бекен?

Ким билет? Кандай болбосун бул убакыттын эмес, бул биздин каалообуздун маселеси, б.а. табиятыбыздын маселеси. Себеби бүгүнкү күнгө чейин кыргыз өзү ким экенин, мурда кандай болгонун, кандай болуусу керектигин аныктай элек. Ал эми көпчүлүгүбүз, өзгөчө рационалдык билимге каныккан жаңы-кыргыздар (неоманкурт), кандай болуп калганын Ч.Айтматов "манкурттун"[2] образы менен сүрөттөп берсе, 2005-жылдагы март, 2010-жылдагы апрель революциясы, июнь коогалаңы, мамлекет улуттук идеология жүргүзбөгөн күндө деле, эл ичинде элин Теңирге теңеген, анын кызыкчылыгы үчүн өмүрүн аябаган, кыргыз рухуна каныккан ЭРлер бар экенин тастыктады. Демек, кыргыздын кыргыздыгын тастыктаган "бир нерсе" бүгүнкү күндө деле стихиялуу мүнөздө болсо да, ачык аңдалбаса да, эл ичинде иштеп жатканын тастыктайт. Проблема мына ошол "бир нерсенин" табиятын ачык аңдоодо, улуттук идеологияга айландырууда болуп жатат.

Мына ошол "бир нерсени" азыркы ***либерал – белимчилер*** "диний" деп, ал эми ***диний - белимчилер*** аны "бутпарастык", "шаманчылык" дешип танып, кыргыз рухунун мейкиндигинен сүрүп чыгарууга далалат жасап, акыркы күндөрү ийгиликке жетишип да жүрүшөт. Эгер ***либерал – белимчилер*** жакынкы өткөн доордогу коммунисттердей, социализм урааны менен кыргыздарды орусташтыргандай эле, "укуктук мамлекет", "демократия" деген ураан менен кыргыздарды Батыш жашоо образын белимчилик кылууга багыттап жатышса, ***диний - белимчилер*** "кайра жаратуу" деп коомду ***арабташтырууну*** максат кылып алышкан[3]. Табияттарына жараша бул эки топ кыргыздар кандай болушу керектигин, кайсыл тарапты көздөй багыт ала турганын, кайсыл жолдон өзүнүн "нукура" болмушун табаарын "билишет", "билермандар". Алар көрүп – билген "келечек", өнүгүүнүн "модели", ***"кожоюндарынын төбөсүндөгү айдар чач"***[4]**.** Алар үчүн проблема моделде эмес. Анын "күндөй", "айдай" экенине ***неоманкурттар*** кымындай да күмөн санашпайт.

Неоманкурт[5] - мителиктин жаңы, өзгөчө түрү. Өзгөчөлүктүн маңызы, кайсыл тирүү жандык болбосун өзүнүн түрүнүн өсүп-өнүгүүсү, гүлдөөсү үчүн болгон күчүн, энергиясын, жөндөмдүүлүгүн жумшап, уникалдуулугун сактап калууга, ошол аркылуу дүйнөдө, дүйнөгө маанилүү болууга умтулушса, неоманкурттар тескерисинче, күч – кубатын, жөндөмдүүлүгүн белимчиликтин обңектисинин өсүп-өнүгүүсү, гүлдөөсү

---

[1] Орхон-Енисей текстери. -Фрунзе, 1982. - 125-бет.
[2] Айтматов Ч. Кылымга татык бир күн.
[3] Үсөйүн ажы. Кыргыздар. 2-бөлүм. - Бишкек, 1991. - 114-бет
[4] Айтматов Ч. Кылымга артаар бир күн.
[5] Ч.Айтматовдун "Манкурту" анын эркине каршы күчкө салынып жасалган маңыз. Ал эми неоманкурт - бул өз эрки менен манкурт болууга умтулган, андан өзүнүн келечегин көргөн маңыз.

жумшашат. Ал башка бирөөнүн өсүп-өнүгүүсүнүн, бар болуусунун каражаты, б.а. ал кулдуктан келечегин көргөн кулдун жаңы түрү. Алардын чыгармачылыктын потенциалы белимчиликтин эффективдүү ыкмасын, усулун тандоонун тегерегинде гана топтолгон. Мителиктин өзгөчө түрү болгон бул неоманкурттар, ошол маселени да керектүүдөй арттыра албай жатканын 15 жылдык тарыхыбыз тастыктап жатпайбы.

Тарыхтын тегирменине канчалык жанчылса да "кыргыз" деген атын, уникалдуу маданиятын, нарктуу дилин сактап, өтмө дүйнөнү маңыздап, кыска өмүрүн түбөлүктүүлүк менен жуурултуп, жашоосуна, дүйнөсүнө маани - маңыз берип келген "бир нерсени", тектерибиз бизге калтырган орхон – энесай таш жазмаларда кудайдын аты менен атап, "теңрлик" деп чагылдырып кетишиптир *"Теңрлик очок бизге" (1/196)*.

"Теңрлик" деп тектерибиз эмне айтып келишкен?

Орхон - энесай таш жазма эстеликтерде *"Атамдын багы теңрлик дешип, анда жортуп көчүп жүрүштү, ишин, күчүн бериштi..." (1/61), "Теңрликке ишти, күчүңдү бердиң деп алкап..." (1/79),, "Теңрликке ...канааттанбадым" (1/174),* - деп ал иш аракеттин баалуулугун өтө баса белгилеп жатышат.

"Теңрлик" деп эмнени айтып жатышат?

"Теңрди" кудай десек, анда "теңрлик" кудайдын жолуна түшүүбү же динди таратуу, өнүктүрүүбү? Кандайдыр бир ишке күчүн берүү "теңрлик" десе, анда ал эмне болгон иш, мазмуну, маңызы эмнеде?

Кандай мааниде теңрликке канааттанбадым деп жатат?

Орхон - энесай жазма эстеликтери "Теңрлик" деп илгеркилер *«жок (жарды) элди мүлктүү», «аз элди көп»* кылуу, *«өлүп бара жаткан элди тирилтип ирдентүү», «бактысыз», «элсиреген (элсиз), кансыраган элди, күң, кул болгон элди ... ата-баба мекенине кайра жаратты…Кан атам…элин (мамлекетин) бийлигин куруп, учуп кетти» (1/69),* бириктирип мамлекет түзүп, *«жоосуз»* кылууну эсептешкенин далилдеп жатат. Энесайдагы эстеликтердин баардыгы ошол, тигил же бул кишинин элинин алдындагы парзын, милдетин аткаргандыгы жөнүндө, *«Эр эрдемдүүлүгүмдү элимдин кызматына бердим, теңрдикке…» (1/172),, «Теңри элиме пайдам; тогуз эр өлтүрдүм» (1/194),* ж.б.у.с.

Орхон – энесай жазма эстеликтерде Теңирдин жаратуучу кудуретин дүйнөгө карата эмес, кишинин, элдин тагдырына карата колдонушкан, *"... эл житип кетпесин, жем болбосун деп үстүдө Теңр деп айткан" (1/72),*, бул биринчиден. Экинчиден, тектерибиз кишинин убактылуу болумушун ачык аңдашкан, *"...тагдырга жазат, киши баласынын баары өлгөнү төрөлгөн" (1/94),*. Бул өзгөчөлүк, кыргызды өмүрдүн маани-маңызын терең ойлоого, дүйнөдөгү өз ордун, ролун ачык аңдап аныктоо алдына койгон. Ошондуктан ар бир кишинин бул дүйнөдө Теңир тарабынан таңуулаган кандайдыр бир милдети, аткара турган кызматы, ошондой эле көрө турган ырыскысы бар экенине ишенишкен.

Тектерибиз ар бир киши өзүнө жүктөлгөн кызматты толук, так аткарса Теңир дүйнөсүнө кабыл алынаарына, кабыл алынгандар ал дүйнөнүн сапатына жараша теңирдей касиетке ээ болооруна ишенишкен *"Теңрим теңрдей болтурган..." (1/62),*. Ушул мааниде баардыгы Теңир алдында тең. "Теңрдей" болуу же болбо кишинин өз колунда. Кыргызга, эл алдындагы өз милдетин, парзын аткаруу үчүн өзүнүн ишмердүүлүгүнөн башка, жараткандын колдоосу гана керек болгон. Ошондуктан кыргыздар кудайдын колдоочу кудуретине басым жасашкан.

«Теңрдей» сын атооч кийин ислам менен кошо келген «арбак» зат атоочу менен алмашылганы менен, маңызы жоголбой ачык аңдалып, ал феноменден «колдоону» (арбак колдосун), «жазалоону» (арбак урсун) сурануу салты сакталып калган. Арбак кудай эмес. Ал жаратуу кудуретине ээ эмес. Арбак теңир дүйнөсүнө кабыл алынган тигил же бул кишинин жаны. Бул феномен бизге илгерки кыргыздын мекенчил сезими жогорку деңгээлде өнүккөнүн, киши тирүүсүндө гана эмес, өлгөндөн кийин да элине, үй бүлөөсүнө кызмат кылуу мүмкүндүгүнө ээ болооруна ишенгенин далилдейт.

Ошондуктан кишинин «киши дүйнөсүндөгү» өмүрү «теңрдей» болууга калыс ченем катары аңдашкан. Бул факт өлгөн кишинин бул дүйнөдөгү өмүрүн баалоо, Теңир дүйнөсүнө кошуу, ошол кишинин дүйнөсүнүн өзүнө жүктөлгөнүн тастыктайт. Эгер арабтар жашаган жеринин шартынан улам (өтө ысык) өлүктү күн айландырбай жерге коюу салтына келишсе, кыргыздардын үч күндөй кармоосу, анын бул дүйнөдөгү өмүрүн баалоо, Теңир дүйнөсүнө кошуу, аны билгендердин баарына жүктөлгөндүктөн келип чыккан *("Кошоруң барбы?")*. Демек, кошок өлгөн кишини теңр дүйнөсүнө кошуу аземи. Өлгөн кишиге кошок кошулбаса, ал теңир дүйнөсүнө кошулбай калаарына да, кошулбаган жан тирүүлөргө терс таасирин тийгизээрине да ишенишкен.

Биздин жогорудагы ырастообузду бекемдөө иретинде, коом алдында эч милдет менен таңууланбаган жаш балдар өлгөндө кошок айтылбаганын мисал келтире кетели.

Тектерибиз ошондой эле баардык кишинин жаны теңир дүйнөсүнө кабыл алына бербээрине да ишенишкен. Кабыл алына турган жан, кабыл ала турган дүйнөнүн болмушуна татыктуу болушу керек, б.а. идеалдуу. *«Теңрим теңрдей…» «киши дүйнөсүндө»* өз милдетин, парзын аткарган кишини гана «болтурат». Теңирчиликте кишиге «киши дүйнөсү» - анын үй – бүлөөсү, эли, мамлекети. Үй - бүлөөнүн бейпилдиги, коомдун бейпилдигинен түзмө - түз көз каранды. Ошондуктан коом - чоң үй - бүлөө катары аңдалат, *«Менин баатырдык даңкым; үйүбүз»(1/169),*. Демек, кишинин «киши дүйнөсүндөгү» милдети, парзы, ага кызмат кылуу. Кыргыздар коом аркылуу гана киши актуалдашаарына, баалуулукка айланаарына ишенишкен *"Суу менен жер, эл менен Эр көгөрөт"*. Актуалдашуу дегендик, анын эмгегине ошол тарыхый шартта коом муктаж дегенди билдирет. Демек, кишинин бул дүйнөгө келүүсү кандайдыр бир маани - маңызга ээ, *«Он ай көтөрдү энем (анан) элиме келтирди, эрдигим үчүн мен жердедим» (1/171),, «Эр эрдем, …жоодо отуз эрди өлтүрдүм», «Жыйырма жети жашымда элим үчүн, тогуз татар…» (1/194), ж.б.*

Демек, теңрлик боюнча, элинин кызыкчылыгын өмүрүнүн маңызы катары баалап кызмат кылса, ал киши ыйыктыкка айланаарына ишенишкен деп ырастасак болот. Ошондуктан «теңрдей» түшүнүгүн ыйыктыкты чагылдырган түшүнүк катары, бул дүйнөдөн өтүп кеткен инсанга карата гана колдонулган.

Эгер тигил же бул киши өз болмушуна каршы иш кылса *("теңирден тескери иш" деген сөз ошондон калган. Качкын президенттер дал ошондой иш кылышты)*, теңир таңуулаган милдетти аткарбаса, Теңир аны жазалайт. Теңирчиликте жазалоо да социалдык мүнөздө. Жаза, кишинин керт башына эмес, анын дүйнөсүнө багытталат. Демек, бала – бакырасына, укум - тукумуна, элине кесири тийээрине ишенишкен *"...бир киши жаңылса, көп журт, тукумуңа чейин кетер элең." (1/74),*. Ошондуктан кыргыз, ислам дининде баяндалган тозоктон коркпойт. Проблема анын керт башында эмес, бала - бакырасынын, укум - тукумунун бейпилдигинде. Алардын бейпилдиги элинин бейпилдигинен көз каранды. Демек, эли үчүн ал тозокко барууга даяр.

Орхон – энесай жазма эстеликтеринде кишиге жүктөлгөн милдетти, кызматты ачык аңдап аткарууну "теңрлик" деп жатышканы күмөн туудуртпайт, *"теңрликке күч кубатыңды бердиң"*.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктасак, теңирлик дин эмес, теңирлик элдин кызыкчылыгын жогору тутуп, анын руханий жана материалдык жактан өсүп-өнүгүүсү үчүн милдетти аткаруунун жол жобосу, ыйыктыктарды аңдоонун көрүнүшү б.а. эгер динди ишенимге негизделген кишинин өз жанын күнөөдөн куткарууга жолдомо берген окуу десек, теңирлик – бул элине кызмат кылууга багыттаган идеология.

Теңирлик - элин теңирдей аңдаган *("Теңри элиме эл эр эрдемим..", "Теңри элимдин тагдырына туура келдим", "Теңри сүйгөн элим")* ЭРлерди калыптандырган окуу, ЭР болууну үйрөткөн окуу.

Ошондуктан тектерибиз Алтын – Көлдөгү эстеликке (Энесай) *"...салтымдан, тилегимен айрылба"* деп жазып жатышат.

Теңрлик идеологиясынын диндик ишенимге негизделгени өтө туура. Бул абал бизди суктандырганы, тектерибиз, идеологиянын ишенимге (диний же илимий) жана философияга негизделүүсү керек экенин ачык аңдашканы. Демек, анын болумушун, коомдогу ордун жакшы билишкен. Ишенимге (диний же илимий), философияга негизделбеген идеология, баягы акаевчылар көтөрүп чыккан "Манастын 7 осуятындай" канга сиңбейт, күчкө ээ болбойт, материалдашпайт.

"Теңрлик", дүйнөлүк тарыхтын жүрүшүн аныктаган Борбордук Азиядагы Улуу империялардын (Түрк, Кыргыз, Монгол) мамлекеттик идеологиясы болуп келген, ал элдердин сакталып келген фактынын өзгөчө эле, бизге улуттук идеологиянын уңгусу катары колдонууга жолдомо берүүсү керек эле.

Адабияттар:

1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и истирико-культурные связи. - Фрунзе,1990.
2. Радлов В.В. Из Сибири. - М., 1989.
3. Гумилев Л.Н. Древные тюрки. - М., 1995.
4. Чоюн Өмүралы уулу. Теңирчилик. - Бишкек., 1996.
5. Сарыгулов Д. Теңирчилик-кыргыздардын дүйнө таанымы, түбөлүк билими. - Бишкек, 2002.

Асаналиева К.А. ЭРНИСТ ТУРСУНОВДУН КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ АКЫНДЫК ОРДУ

Макалада акындын кыргыз поэзиясынын казынасын байытууга жигердүү катышып, кошкон салымы жана бүгүнкү мезгилдеги чыгармачылык орду жөнүндө айтылат.

Бүгүнкү кыргыз поэзиясында мейли улуу муундагы дасыккан акындарыбыздын, мейли жаш акындарыбыздын чыгармачылыгында болсун, барында тең мазмундун жаңылыгы менен тереңдигине форманын көп түрдүүлүгү шайкеш келип, эмоциялык таасирдүүлүгү артты, башкача айтканда, дүйнөнү жаңыча көркөм кабылдоо, көркөм ойлоонун масштабдуулугуна жетишүү, коом менен жеке адамдын ажырагыс биримдигин поэтизациялоо күчтүү темп менен жүрүп жатат. Андай аракеттердин натыйжалары ар кимисинин талант көрөңгүлөрүнө, билим, тажрыйба, изденүү мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар түрдүү деңгээлде болгондугу да өзүнөн өзү түшүнүктүү.

Азыркы мезгилдеги кыргыз поэзиясынын өнүгүш процессин көз алдыга келтиргенде улуу муундагы дасыккан акындарыбыздын бири Э.Турсуновдун калеминен жаралган бир ыр жыйнагынын тегерегинде сөз болмокчу. Орус философу жана сынчысы В. Розановдун "атак-даңктан куру калганды тагдыр өзү сактап калат"деген сөзү бар. Дал ошонун сыңарындай, эч кимге билинбей, билгизбей, куду дал өзү айткандай "бака болуп чардабай", жазган ырлары өзгөчө постсоветтик мезгилде жараткан ырлары жыйнакталып, топтолуп, "Автопортрет"деген ыр берметтерин түзгөн.Бул жыйнак өзүнүн бүтүндөй туруш-турпаты менен дүйнөнүн, жашоонун, улуу турмуштун сулуулугун даңазалаган, дүйнөнүн нукура сулуулугун сөз менен сүрөткө түшүргөн, болгондо да сулуулук нурунан жаралгандай тунук лирикадан турган китеп.
Француз элинин улуу уулу Вольтер өз учурунда "Жүрөктү козгоочу жаңы чындыктарга адамдарды үйрөтө албаган ырлар татыксыз"- деген экен.

Бизди курчап турган дүйнөнү, адамдардын өз ара карым-катышын, биз көрүп жүргөн бардык нерсени көркөм кабыл алуу-жаратылыштын тартуулаган чоң сыйы. Бул тартууну өмүрүнүн акырына чейин дейре өркүндөтө алган акын - чыныгы сүрөткер. "Акын карапайым адам көрбөгөн, анчейин байкалбаган турмуштук окуялардын билинер-билинбес байланышын көрөт. Башка бирөө көрүп туруп эле айта албай турган нерсени издетпей туруп табылгандай сөздүн сыйкырдуу күчү менен жүрөк титиретерлик кылып

айтат. Акындын акындык жосуну ушунда.”[1]-деп белгилүү сынчы Кеңешбек Асаналиев айткандай. Чындыгында эле, жаратылышындагы чоң толкуну бар акындар турмушту жандантуучу күчкө ээ. Алардын курч көзү кайсы гана нерсеге урунбасын, ошол көрүнүштү өзүнөн өткөрүп, поэзияга айлантат.Чыгармачылык кудуретине, дүйнөгө көз карашына, фантазиясына жараша окурмандын ой- толгоосун козгоп, аң сезимине бүлүк салат. Белгилүү го, ар кандай чыныгы поэтикалык чыгарманын өзөгүндө эң оболу дүйнөнү аңдап таануу аракеттеринен сыгылып чыккан учкул ой жатат.

Поэзия башка жанрлардан өзүнүн бөтөнчө белгилери менен айырмаланат, башкача айтканда ыргагы, кайрыгы, басымы, үндүүлүгү, мукамдыгы аркылуу жүрөккө жетет. Ага кошумча ойдун тереңдиги мазмунду камтып турат. Мезгил өзү иргеп - сынап алгандай, жылдар өткөн сайын ыр жазган көп акындар унутулат, алардын жазгандары келечек муундардын эсинде калбайт. Чыныгы акындын жакшы эмгектери көмүскө калган башка эмгектерин да аренага алып чыгат. Анткени, акындын чеберчилигин калыптоодо алар да өбөлгө болгон.

Эрнис Турсуновдун кайсы гана ырына ой жүгүртпөйлү, поэтикалык ойлору терең, диапазону кенен, көркөм салыштырууга бай, уйкаштары табигый, так, укулуктуу, жагымдуу.Жөнөкөй эле тигил же бул нерсе жөнүндө болобу, же бир чоң кубулуш жөнүндө болобу, акын ал көрүнүштүн тышкы абалын сүрөттөп отурбайт, дароо ички дүйнөсүн аңтарып кирет. Акын жандуу сөзгө өтө маани берет. Саптагы жандуу сөз ордунда турса, ырга кыймыл берет, тамырына кан жүгүртөт.

Таш эмес эттен бүткөн
Жарадар баш,
Таңдагы кызыл шарга
Барабар баш,
Миң сокку мизин терең,
Батырса да,
Жер шарын көтөрүүгө
Жараган баш.
«Жарадар баш»
Жан менен жуурулушкан бир ууч турпак,
Жатат да ата жыттап, эне жыттап,
Жыл өтүп ыйык жерге жалт бурулсак,
Жылдызга жаш урпакты алып учмак.
“Бир ууч турпак”

Жер жөнүндөгү эки башка ыр негизги бир ой менен тутумдашкан. Адам менен эмгек пафосун шайкеш келтирген мындай саптарды жазыш үчүн Жер –Энеге болгон акындык сүйүү түрткү берген. Бул эки ырдын акыркы эки саптарында акын шарттуулук законун тартуулаган, “Жер шарын көтөрүү”,”Жылдызга алып учуу”сыяктуу көрүнүштү же турмушту сүрөттөөдө шарттуулук закону авторго көмөк болгон.Ошону менен бирге турмушту үйрөнүү, аны акындык талдоодон өткөрүү, штрих-деталдарга бөтөнчө көңүл буруу ыр түзүлүштөрүн ийне – жибине чейин так билүү көркөм чеберчилигин арттырган.

Эрнис Турсуновдун акындык бөтөнчүлүгү - өмүр, өлүм, бакыт, кайгы-муң, Адам, жашоо, убакыт, табийгат, махабат тууралуу жазылган сонеттеринде жана балладаларында байкалды. Мейли, скрипка же кылкыяк сыбызгытсын ак чыныны же таш күзгүнү ырдасын, Ысыккөл же Көкөмерен сыяктуу жер кереметин күүгө салсын, бары бир алардын ар бирин өмүр менен, жылдар менен органикалуу байланышта карайт. Алардын башкы каарманы өзү. Алган багыт, обьект: адамдар, тагдырлар, жылдар. Буларды бири-бири менен карым-катышта сүрөттөйт.

Үмүтүм жүзөгө ашпай Көкөмерен,
Үстүңөн шуу үшкүрүп өтө берем,
Кайрылып сен артыңа акпагандай,

Мен дагы келбесиме кете берем.
Бир жылда жомоктордон жолугарбыз,
Ал күнгө сенден озуп эрте келем.

Ал сонет жазууда англиялык сонет формасына кайрылган, анын чыгармачылыгына Шекспирдин сонеттерин которуу чоң маанаге ээ. Сынчы К.Эдилбаев акындын изденүүсүнө байкоо жүргүзүп келип, сонет табияты бир кыйла эстетикалык деңгээлде табигый түрдө билгичтик менен ачылгандыгын белгилеп, “ композициялык курулуш законченемдери да индивидуалдуу белгилерге ээ” дейт. Ал минтип жазат: “-Маселен, Э.Турсуновдун сонеттериндеги уйкаштар табигый жана так, бир калыптагы мелодикага ээ, айтылчу ойдун тезиси бара-бара антитезис менен алмашылбайт, тескерисинче, тезис айтылат да ал акыркы эки сапка чейин өнүктүрүлөт жана синтезге өтөт. Мунун баары туюнтуу каражаттары менен ыкмаларын чебер өздөштүрүүгө, ага жетишүүгө кылган акындын текке кетпеген далалаты.”[2]

Акындын поэтикасы - көркөм боектуу сүрөттөмөлөрдү мол колдонгондугуна байланыштуу.”Аба жиреп шукшурулган бир кушмун”, “Ителгиче бүркүттү тээп ыргытып”,”Бир аккууга айлангандай үч шумкар”,”Балын татып каларымда бактынын, багынтпады элик мисал сактыгың”деген сыяктуу саптар жана пайдаланылган метафора, салыштыруулар сонеттердин эстетикалык көркүн ого бетер арттырып турат. Өзүбүздүн төл адабиятыбызда М. Борбугулов “Адабият теориясы”деген эмгегинде форма жөнүндө мындайча жазат: “Сонет-он төрт саптан турган, бир өлчөм менен жазылган жана белгилүү тартипте уйкашкан ыр. Уйкаштык схемасы:(абба-абба-ввг-ддг) бул схеманын өзгөргөн учурлары да болот”[3]. Салт формасынын композициялык түзүлүшү, диалектикалык кубулушу анын поэтикалык магиясын, касиетин күбөлөп тургандыктан, “Поэтикалык искусствосунун” автору Буало “Безупречный сонет один стоит длинной поэмы”десе, сынчы жана акын Сент-Бев: “Идея в сонете – это капля эссенции в хрустальной слезе”-деген. Э.Турсуновдун сонеттеринде да лирикалык каарман бардык турмуштук, жаратылыштык көрүнүштөргө ички бай, назик, таза сезими менен жандуу аралашып келет.Ал үчүн жашоого кайдыгер карап, элеңдеп- селеңдеп коркуп, “таш бакача көп жашап, жер үстүндө жүргөнчө, ителгиче бүркүттү тээп ыргытып, асманда сызып жүргөн артык.

Жүз элүү жыл кумурска жеп, курт жутуп,
Жүргүчөктү ташбакача таштарда,
Ителгиче бүркүттү тээп ыргытып,
Күрөш менен жашабаса ким эгер,
Күн көргөнү санда жок деп биле бер!
(“Бүркүттү тээп ыргытып”)

Анын жашоо кредосу адам деген толук маанини алып жүрөт. Бирок, бул өтө кыйын, анткени өзүнчө бактылуу болуп жашасаң, көрө албастар, ичи тарлар, көңүл оорукандар, тоскоол, жолтоо болгондор пайда болот. Акын бир сонетинин бир катренинде мындай дейт:

Өтөт кырсык, өтөт оору, жөтөлмөй,
Өтөсүңөр кирген суунун шарынан,
Санаа, кайгы,өлүм келсе-көтөрмөй,
Сакта дегин адамдардын каарынан!

Э. Турсуновдун сонеттеринде келишимдүү аялдын образы, сүйүү маселеси бир топ эмоциялык сезим менен тартылат.

Сулуу көрдүм сууга келип чөмүлгөн,
Сууда туруп чачын жазды өрүлгөн.
Эрки менен кулач уруп, шапшынып,
Элик мисал эл ичинен бөлүнгөн.

Ардактаган сүйүүсүндөгү лирикалык кааарманды эң бир укмуш сыйкырдуу кереметке теңейт, албырган нуруна таазим этет.

Жаратылыш, алгың келсе,
баарын ал,
Жаштыгымды, байлыгымды,
үйүмдү.
Бирок менин ким экеним таанып ал,
бир сураарым, калтырып кой
сүйүүмдү.

Ашыктык сезими, махабат толкуну, сүйүү назы атам замандан бери эле ар бир адамдын жаштык доорунa ылайык ырдалып келет. Жалпыга белгилүү, сүйүү өмүрдүн соолгус булагы, сезимдин башкы күчү, поэзия дарагынын тамыры. Бакыт турмушту билгендерге берилгендей, сүйүү чыныгы сүйгөндөргө берилет. Бардык сыйкырдуу күчтөрдөй эле сүйүү сезимин оозеки айтып бериш кыйын. Ал түшүндүрүлгүс азаптуу нерсе. Ошол үчүн араб,кытай, фарсы, европа классикасынан тартып, ушул күндөргө чейин сүйүү поэзия аркылуу айтылат.

Күч атасы камаарабай жай кана,
Күйүп турган отту сууга таштады,
Ошол замат буу көтөрүп айлана,
От өчтү да…суу шарактай баштады.
Ошол өңдүү күйүп турган көздөрүң,
От илебин жүрөгүмө таштады,
Көрүп туруп айланамды сезбедим,
Көзүң өчүп…жүрөк күйө баштады.

Акын махабат кумарын гана даңазалабастан, ал аркылуу лирикалык образды ачат. Эгер лирикалык образ мисалы, аял же гүл болсо, ага карата күчтүү сезимдин атылышын, эбегейсиз акындык кудуретти даңазалайт.

Эки бөлөк болгон менен үйүбүз,
Экөөбүздүн бирдей ысык сүйүүбүз,
Эки башка турган менен айылыбыз,
Экөөбүздүн бирдей оор кайгыбыз.

Э Турсуновдун лирикаларындагы дагы бир касиет ал изденүүгө жана жаңы формага өзгөчө маани бергендигинде.Башкача айтканда (“Автопортрет”) изденип жараткандыгында. Кээ бир ырлары поэзияда түбөлүктүү ырдалган, ырдала берчү темалардан болсо да алардын табиятын жеткире түшүнгөн акын турмуштагы кандай кана көрүнүштү албасын, өзүнчө ой жүгүртүп, өзүнчө толгонууга умтулат.Изденүү акындын ой толгоосунан гана көрүнбөстөн, ошого түрлөрдү, боекторду таба билгендиктен да көрүнөт.Азыр сейрек учуроочу аталган китептин текши жана жакшы болушу андагы ырлардын улам өөрчүп, улам чыңалып отурушунда. Жалпы эле кыргыз поэзиясы жөнүндө бүгүнкү түшүнүктөрдөн, бүгүнкү позициядан туруп, азыркы кыргыз лирикасынын абалы жана табияты кандай деген суроого жооп издесек, анда акын Э.Турсуновдун поэзиясынан Адам турмушунун түбөлүктүү темаларын чагылткан, ага карата терең ой жүгүрткөн түбөлүктүү поэзиянын дүйнөсүнө туш болосуң.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Доор менен бирге. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981. - 218-бет.
2. Эдилбаев К.Сөз тагдыры, - Фрунзе: Кыргызстан, 1982. - 2-бет, 63-бет.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. –Бишкек: Шам, 1996. - 450-бет.

Баймырзаев Б. ЖАЗУУЧУ Ө.ДАНИКЕЕВДИН “КӨКӨЙ КЕСТИ” РОМАНЫНЫН КӨРКӨМ ДҮЙНӨСҮ
(4-макала)

Эл жазуучусу Ө.Даникеевдин “Көкөй кести” романы өткөн XX кылымдын 80-жылдарынын башында “Кыргызстан” басмасы тарабынан жарык көрүп, ошондон бери мезгилдүү басма сөз беттеринде ал жөнүндө бир нече адабий сын макалалар, рецензиялар жарыяланып, алардын баарында бир ооздон анын идеялык-көркөмдүк деңгээли бийик, кийинки жылдардагы кыргыз романистикасындагы бараандуу чыгарма экендиги баса белгиленип келген. “Көкөй кести” романы 1986-жылы республикалык Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүп, анын татыктуу ээси катары көпчүлүккө таанылды. “Көкөй кести” романы согуш учурундагы оорук (тыл) турмушун сүрөттөгөн чыгарма. Кыргыз адабиятында да бул күнгө чейин согуш темасында көп эле чыгармалар жазылды, келечекте да жазыла бермекчи. Бирок, ошондой болсо да жазуучу Ө.Даникеев өзүнө чейин көпчүлүк тамшанган бул түбөлүктүү теманы өз алдынча, өзүнө таандык ыкмада гана чечүүгө жетише алган. “Көкөй кести” – адам турмушунун адабий намысын, моралдык жана нравалык жан дүйнөсүнүн тунуктугун, анын улуулугун көркөм изилдеген терең философиялуу чыгарма болуп саналат. Кан күйгөн согуш жылдары, андагы айыл чарбанын ал-абалы, элдин ошондогу тарыхый мезгилинен тартып, биздин күндөргө чейинки реалдуу турмушу бул романдан орун алган. Көрүнүп тургандай, азыркы кыргыз романынын мезгилдик жана мейкиндик аралыктары, элдин реалдуу турмушун тегиз камтуу, бери болгондо орчундуу, маанилүү этаптарын толук сүрөттөө аракети ишеничтүү жана жетишерлик эле деңгээлде иштелген. Албетте, проблеманы көтөрүү, же козгоо менен иш бүтпөйт эмеспи. Маселе аны иш жүзүнө ашырууда т.а., реалдуу турмушту көркөм чындыкка айландырууда турат. Реалдуу турмуш менен көркөм чындыктын ортосунда өлчөнбөгөн айырмачылык жатканы жана ал айырмачылыкты жоюу ар дайым эле оңунан чыга бербейт. Тагыраак айтканда, эң эле сонун максат менен көзөмөлдөнгөн идеялык-тематикалык проблема романдык формага төп келбей, карандай үгүт-насыяттын, эмпирикалык баяндоонун айлампасында калган учурлар да кездешет. “Көкөй кести” романында сүрөттөлгөн мезгил, окуялар согуш күндөрүнө туура келет. Андагы катышкан каармандар согуш өртүн аралап, кан төгүшүп согушпайт. Мында жагдай, шарт өтө татаал, ары жооптуу. Метеостанцияда иштеген үч аял, кары кемпир, жаш кыз жана талма ооруулуу Мурат “Чоң Жер” менен байланышы үзүлүп, алыскы аскалуу тоолордун арасында калган. Ашуу бек, байланыш үзүлгөн. “Көкөй кести” романы мына ушундай айласыз абалда калган алты адамдын тагдыры жөнүндө. Алардын бар болгон иштеген иши-метеостанцияда бузулгандан калган (башында баары эле өз ордунда, талаптагыдай иштеп жаткан-Б.Б) аппараттардын, көрсөткүчтү аныктоочу каражаттардын берген (көрсөткөн) маалыматтарын кагазга түшүрүп туруу. Муну романдын баш каарманы Мурат бир барып-келип эле бир күндө бүтүрүп турат. Чындыгында мындан башка жумуш жок. Бир караган окурман үчүн кантип эле ушундан маанилүү, өзүнчө чоң романдык мазмун жана сюжет жаралсын деген ой, ишенбөөчүлүк пайда болушу мүмкүн. Көрсө, маселе окуяда эмес, айласыз шартта калган адамдардын ички дүйнөсүндө, бири-бирине жасаган мамилесинде экен. Булардын өз ара карым-катышы күндөлүк жашоо-тиричилигинен башка, эң негизгиси жалпы максатка, жалпы кызыкчылыкка байланышкан. Мурат менен анын аялы Сакинайдын, экөөнүн тең күйөөлөрү фронтто жүргөн Гүлшан менен Дарийканын, Айша апа менен кичинекей Изаттын баарынын, тилеги, максаты бир, кандай болсо да метеостанциянын ишин так аткаруу. Мындан башка булар эч нерсе билишпейт. Согуштун ал-абалы кандай, дүйнөдө, ал тургай айылда эмне болуп жатат, булардан алар эч бир кабарсыз. Көргөн – бакканы жарымы бузулуп, жарымы эптеп иштеп жаткан метеостанциянын прибордук көрсөткүчтөрү. Ушул көрсөткүчтөр кандай болсо да, илим үчүн, реалдуу турмуш үчүн кереги бар деп ишенишет. Мурат иштеген ишинин

жыйынтыгы канчалык пайдасы бар экенине өзүнүн да түшүнүгү жете бербейт. Бирок, ушул өзү аткарып жаткан билинбеген иш качандыр бир убакта илим үчүн, турмуш үчүн сөзсүз керек, пайдалуу экенине чын дилинен ишенет. "Көкөй кести" романында Ө.Даникеев өз каарманы Муратты жана башка да аял каармандарын уламдан улам кыйындыкка такап, эл башына түшкөн мүшкүлдү чыныгы турмуштук кырдаалдарда ачып берет. Бул жагынан автордун өзүнө таандык жөндөм-чеберчилиги ачык эле байкалат. Аталган роман жөнүндө адабиятчы К.Ибраимов: "... Көкөй кестидеги" көзгө адеп урунган бир өзгөчөлүк ушул-автор анда ошо уруш учурундагы оорукта эмгектенген элдин эмпириялык өмүр-жашоосу менен татаал тарткылыгынын көптөгөн өрнөктүү да, жана ошондой эле көйгөйлүү да жагдайларын уникалдуу деп айтаарлык ашкан зор жалпылама көркөм моделге сыйдырып көрсөтө алган. Ушундан улам аны "роман-ситуация" же "эксперимент-роман" деп атоого болор эле"[1] деген өз оюн айтат. Ал ушундан көп өтпөй эле адабиятчы, академик А.Эркебаевдин ушул жаңы жарык көргөн чыгарма жөнүндөгү бир макалаласы "Советтик Кыргызстан" гезитине жарыяланып, анда автор аталган романдын жанрдык өзгөчөлүгү жөнүндө өзүнүн төмөнкүдөй пикирин билдирген эле: "Романдын парадоксалдуулугу, автордун устаттыгы дал ушунда: адаттан тыш кырдаалда калган советтик адамдардын тагдырын, ички дүйнөсүн адаттагыдай, демейдегидей эле ишенимдүү сүрөттөп бергендикте. Ушул мааниде "Көкөй кестини" эксперименттик роман же роман-эксперимент деп атоого болор эле".[2] Чындыгында эле бул айтылган пикирлерге кошулбай коюуга болбойт. Айтылып өткөндөй мында эч кандай жасалмалуулук жок. Ал эми турмушту, адамдар арасындагы татаал байланыштарды нукура көркөмдүк жактан реализациялоо, ишке ашыруу романдык формада өздөштүрүү, бул анчейин гана ар түрдүү көрүнүштөрдүн, окуялардын тизмеги, информациялык жыйынды, бул баарынан мурда турмуштун, адамдын көркөм концепциясы десе болот. Демек, муну жаратуу үчүн окуянын сырткы белгилерин окшоштуруп, реалдуу турмуштагыдай планда көркөм сүрөттөөгө жетишкен. Натыйжада,жасалмасыз, апыртмасыз турмуштун чыныгы картинасы, каармандардын жан дүйнөсү, кайгысы жана кубанычы менен көз алдыга тартылат.

Кыргыз аялдарынын өзгөчө согуш жылдарындагы сабырдуулугу, чыдамдуулугу, кайраткер эмгекчилдиги, айкөл, боорукер кайрымдуулугу Айша апа, Дарийка, Сакинай, Гүлшандардын образдарында жазуучу тарабынан реалисттик маанайда ишке ашкан. Бул жөнүндө эл жазуучусу Ж.Мавлянов өз макаласында авторду "Ата Мекенинин алдындагы милдетин ар кандай кыйынчылыкка карабастан ак өтөөгө бел байлаган адамдардын тобу менен тааныштырды, мындай жазуучу окурмандарынын алкышына, демек, ар кандай сыйга да, сыйлыкка да татыктуу"[3] – деп баалайт. Чындыгында жазуучу Ө.Даникеев өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөргө ширелген жаңычыл мүнөздөгү чыгарма жаратты десе болот. "Көкөй кести" романы автордун эле жеке чыгармачылыгындагы ийгилиги эмес, ошол XX кылымдын 80-жылдарындагы кыргыз романистикасындагы урунттуу көрүнүштөрдүн бири катары көрүнөт. Бул жөнүндө белгилүү адабиятчы, профессор С.Жигитов өз мезгилинде: "Ө.Даникеев да көпчүлүк элден үч-төрт жыл окчун жашоого мажбурланган кишилердин экстремал да, шарттуу да жагдайда жашоо өзгөчөлүктөрүн, жүргөн-тургандарын, кылган-эткендерин, айткан-дегендерин логикалык, психологиялык, эстетикалык жактан ынанымдуу, кынтыксыз, таасирдүү бере алган. Ошондуктан "Көкөй кести" романы улуттук адабияттын алтын фондусунан орун алгыдай деңгээлде чыккан"[4]- деп баа берген эле. Адамдардын асылдыгы жөнүндө айтуунун ар кандай ыкмасы, жол-жобосу болот эмеспи. Бул жерде жазуучу Ө.Даникеев

[1] Ибраимов К. «Көкөй кестинин» көркөм философиясы. «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 20-июнь.
[2] Эркебаев А. Ишеним менен жашагандар. «Сов.Кырг-н», 1985-ж., 13-июль.
[3] Мавлянов Ж. «Милдет, парз деп…», «Советтик Кыргызстан», 1986-жыл, 13-август.
[4] Жигитов С. «Көкөй кести» менен «Кыздын сыры» адабият тарыхында кала турган акысы бар… «Агым», 2004-ж, 17-декабрь, 10-бет.

өзүнүн айрым калемдештеринен өзгөчөлөнүп, чыгарманын духу менен көз жүгүртүп көргөндө алардан обочо туруп, тээ алыстагы тоолордун адам баспаган таштуу жолдорунда биринчи жолу чыйыр салууга жасаган аракети кандайдыр бир деңгээлде жүзөгө ашып, чыгармачылык изденүүнүн өзүнчө керемет сыры менен аралашып, драмалуу окуялардын илеби менен аяктайт. Ал эми аталган романдын алгылыктуу жактары жөнүндө адабиятчы К.Ибраимов жогоруда көрсөтүлгөн макаласында "Көкөй кести" романы жөнүндө жеткиликтүү адабий талдоо жүргүзүп, анын жанрдык өзгөчөлүгүнө ("роман-ситуация") токтолуу менен анда негизинен үч маселени баса белгилейт. Биринчиси – согуштун алааматы, адамдардын башына салган мүшкүлү. Экинчиси – согуштагыдай бекем тартип, жоопкерчилик. Үчүнчүсү – эч бир мыйзамга (биздин жашоодогу – Б.Б.) баш ийбеген табияттын өзүнүн мыйзамы. Макаланын автору мына ушул маселелерге байланыштуу түзүлгөн жаңы сюжеттик өзгөчөлүк, структуралык жаңылануу бар экенин баса белгилеп көрсөтөт. Макаланын аягында автор болгон, бардык трагедияга жалгыз эле согуш күнөөлүү болбостон, адамдар өздөрү да күнөөлүү деген ойду айтып, анын мисалы катары Муратты көрсөтөт. Мураттын алсыздыгы, (алсыз болушунун башкы себеби-талмалуу ооруусу – Б.Б) мунун башкы себеби деген көз карашын билдирет.[1] Бирок, адабиятчы, ф.и.к. К.Ибраимовдун бул пикири менен бардык эле адистер макул боло бербейт. Андай пикирлердин айрымдарына токтолсок, адабиятчы, доцент С.Тиллебаев өзүнүн "Бир жылдын үч романы" деген аталыштагы макаласында[2] жазуучу Ө.Даникеевдин "Көкөй кести" романы жөнүндө өзүнүн ой-пикирлерин ортого салуу менен адабиятчы, сынчы К.Ибраимовдун жогоруда айтылган пикирине кошулбай турганын төмөнкүдөй нукта билдирет: "К.Ибраимов "Көкөй кестинин" көркөм философиясы" аттуу макаласында чыгармага ар тараптуу мамиле жасоо менен карапайым окурманга байкала бербеген катылуу сырларын ары далилдүү, ары ишенимдүү ачып берген. Сынчынын "Көкөй кестинин" көркөм структурасынан орун алган "... автордун туюнтайын деген идеялык-эстетикалык концепциясына ичкериден стереоскопиялык сын-сыпат берип турган... сыйымдуу ассоциациялык мотивдер менен семантикалык моделдер" жөнүндөгү айткандары, айтып гана тим болбой аларды алаканга салгандай кылып көрсөтүп бергени, биринчиден, роман катынган не бир асыл баа белгилердин башын ачып берсе, экинчиден, сын дегениң тек гана көркөм чыгармага жасалган комментария эмес, өз жүзү, өз өңү бар төл чыгарма болуш керектигинин дагы бир мисалы. Ырас, канча болгон менен бу макалада да бир «бирок» бар. Бул чыгармадагы өзөктүк каарман Муратка байланыштуу болгон иштин баарына өзүн себепкер ойлогон Мураттын… чыныгы, реалдуу зарылдык менен абстрактуу, жалпы зарылдыктын» ортосундагы диалектикалык алака-катнаштын оош-кыйыш кырдаалдарын ойдогудай аңдап, ажырата албаганына», «жаштыгы, тажрыйбасыз тайкылыгы, чала сабаттыгы жана алды-артын карабаган ашынган фанатизми аралжы болгонун» туура көрсөтүп келип, «Мураттын мунусуна эң алды менен анын эс талмалыгы, жарым жандыгы себепкер болду дейт сынчы К.Ибраимов. Бул айтылган пикирдин биринчи жарымы канчалык кадиксиз чындык болсо, экинчи жарымы адилдиктен ошончолук алыс турат».[3] Ошондой эле аталган роман соңку жылдардагы (ошол 80-жылдардагы – Б.Б) «Кыргыз романынын активинде, оң флангасында турган чыгармалардын катарында турарын»[4] таасын белгилеген айтылуу сынчы К.Асаналиевдин пикирине үндөшө жазылган сынчы К. Эдилбаевдин обзордук макаласында[5] «… романдын туюнтуу ыкмасы монологдук формага басымдуу ыктап турганын көрөбүз» деп келип, андан ары; «айрым учурда монолог формасы

[1] Ибраимов К. «Көкөй кестинин» көркөм философиясы. «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 20-июнь.
[2] Тиллебаев С. Бир жылдын үч романы. «Кырг. маданияты», 1986-ж., 13-март. №11, 4-5-беттер.
[3] Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында.
[4] Асаналиев К. Кμркμмдіктін реалдуулугу жана иллюзиясы. (Экинчи макала) «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 4-апрель.
[5] Эдилбаев К. Жанрдын жаңылануу процесси. «Кырг. Маданияты», 1985-ж., 24-февраль.

рационалдык ой жүгүртүүгө өтүп кеткени, натыйжада эмоция экинчи сапка сүрүлүп калып, чыгарма рационализмдин элементтерине дуушарланып калганы бар» деп көрсөтөт. Ал эми ушул эле айтылган ой-пикирди бекемдөө ирээтинде адабиятчы С.Тиллебаев өзүнүн жогоруда айтылган көз карашын андан ары мындайча улантат: «Ырас, ¤.Даникеев бул романында не деген гана «өнөрлөрдү» колдонбогон, ошолордун бири мына ушул баяндоонун монологдук формасы. Бул форманы колдонуу, албетте, тек гана көп түстүүлүккө умтулууну билдирбейт, а тескерисинче, жазуучу бул аркылуу каармандын тигил же бул учурдагы ал-абалына, айлана-чөйрө, курчап турган дүйнө, дегеле аалам жөнүндөгү жүрөк түпкүрүндө катылуу сырларына ортоктош болууга укук алат. Анан калса бул ыкма эмоцияны биринчи планда алып жүрүүнү да милдет кылып албайт. Монологдо «баары жоктун баары» болот. Мунун пайда болуш, чыгармадан келип «орун алыш» чоо-жайы да ар түрдүүчө»[1] - экенин өзүнчө өңүттөн карап, баалайт. Ошондой эле дагы бир белгилеп кетүүчү нерсе-романдын башка формада, нукта иштелгендиги, стилдик өзгөчөлүгү жана автордук ой жүгүртүүнүн массштабдуулугу өтө жөнөкөй ыкмада берилгендиги болуп саналат. Бул жерде жөнөкөй дегенибиз, чыгармадагы окуялар кадимки турмуштук фактылардын негизинде эле курулуп, улам өсүп-өнүгүп олтурат. Болгону сюжетик линиянын багыты өзүнүн ырааттуулугу менен айырмаланат. Чындыгында романдагы негизги идеянын массштабдуулугу, кенендиги өз ичине чоң окуяларды, адам тагдырларынын ар түрдүү кырдаалдарын ийкемдүү сыйдырып олтурат. Баарынан да окурманды өзүнө тартып алуудагы сыйкырдуу күч-алты эле адамдын (бири жаш наристе) улуу тоолордун арасындагы жашоо-турмуштарынын, кулк-мүнөздөрүнүн, келечекке болгон умтулууларынын жана башка көз караштарынын кылдаттык менен сүрөттөлгөндүгүндө. Жазуучу Ө.Даникеев бир эле мейкиндиктеги бир топ адамдардын бири-бирине жасаган мамилелерин көрсөтүүнү максат кылуу менен жалпы адамзаттык мамилелерди чечип берет.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Көркөмдүктүн реалдуулугу жана иллюзиясы. (Экинчи макала) «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 4-апрель.
2. Жигитов С. «Көкөй кести» менен «Кыздын сыры» адабият тарыхында кала турган акысы бар… «Агым», 2004-ж, 17-декабрь, 10-бет.
3. Ибраимов К. «Көкөй кестинин» көркөм философиясы. «Кыргызстан маданияты», 1985-ж., 20-июнь.
4. Мавлянов Ж. «Милдет, парз деп…», «Советтик Кыргызстан», 1986-жыл, 13-август.
5. Ибраимов К. Жогоруда аталган макаласында
6. Тиллебаев С. Бир жылдын үч романы. «Кырг. маданияты», 1986-ж., 13-март. №11, 4-5-беттер.
7. Эдилбаев К. Жанрдын жаңылануу процесси. «Кырг. Маданияты», 1985-ж., 24-февраль.
8. Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында.
9. Эркебаев А. Ишеним менен жашагандар. «Сов.Кырг-н», 1985-ж., 13-июль.
10. Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында

[1] Тиллебаев С. Жогоруда аталган макаласында.

Бегалиева А.С. МЕЖДУНАРОДНЫЙ ЛИТЕРАТУРНЫЙ ТУРИЗМ И ВОЗМОЖНОСТЬ ЕГО В КЫРГЫЗСТАНЕ

Первый рассказ Чингиза Айтматова «Джамиля» француз
Луи Арагон назвал самой прекрасной повестью
о любви после «Ромео и Джульетты».

Те, кто планирует туризм, должны обдумать, сколько туристов могут принять, какие именно сегменты им стоит привлекать и как сбалансировать туризм с другими индустриями. Необходимо учесть климат места назначения, топографию, ресурсы, историю, культуру и услуги. Как и в других видах бизнеса, маркетологи туризма должны знать реальных и потенциальных клиентов, их потребности и желания, определить, на какие целевые рынки работать и выбрать подходящие продукты, услуги и программы.

Естественные целевые рынки можно определить двумя способами. Первый – собрать информацию о текущих посетителях. Откуда они? Почему приезжают? Сколько они тратят? Исследовав эти и другие вопросы, можно определить, какие посетители являются целевыми.

Второй подход состоит в выявлении местных достопримечательностей и выборе сегментов, которые по логике могли бы заинтересоваться ими. Нельзя предполагать, что текущие посетители отражают все потенциально заинтересованные группы [1].

Если же естественных туристических сегментов слишком мало, могут потребоваться инвестиции в инфраструктуру и в сами достопримечательности. Инвестиции в туристическую индустрию могут окупиться лишь через несколько лет, но это отставание часто необходимо, если место назначения должно стать активным участником исключительно насыщенной конкурентами сферы рынка.

У каждой страны на сегодня есть собственный имидж, уникальный и притягательный. И не только у целой страны. Есть своя изюминка и у отдельных городов. Так, к примеру, касательно искусственных сегментов, ирландский туристический совет в последнее время настойчиво рекламирует не только ирландские горы, воду и древние здания, но и великих писателей, таких, как Оскар Уайльд, Джордж Бернард Шоу и др. Совет хочет привлечь состоятельных и культурных туристов в Дублин, где можно услышать блестящую ирландскую речь и юмор.

Интересна история замка Иф в Марселе. В 1524 году по приказу Франциска I здесь была построена крепость для защиты города от нападений с моря. В 1634 году замок стал государственной тюрьмой, где держались в заточении многие знаменитости. Самый известный из них – Эдмон Дантес, – вымышленный герой романа Александра Дюма «Граф Монте Кристо». Позднее фантазия воплотилась в реальность и сейчас посетители могут заглянуть в камеру Дантеса, которая в 1926 году стала историческим памятником [2].

Другой знаменитый туристский город Мадрид еще в XIX веке рекламировал себя из уст в уста остроумной частушкой:

Мадрид не город, а потеха.
Сюда приехал ты недаром,
Здесь есть одна библиотека
И пара тысяч славных баров!

Подметил эту особенность и Эрнест Хемингуэй в своих «Мадридских шоферах»: «Мы ехали с Томасом из Валенсии, и, когда увидели Мадрид, встающий над равниной, за Алькала де Энарес, как величавая белая крепость, Томас сказал, шепелявя беззубым ртом:

– Да здравствует Мадрид, столица души моей!

– И сердца моего, сказал я, так как тоже выпил лишний стаканчик. Было холодно, и ехали мы долго» [3].

Великий турецкий поэт-гуманист Бедри Рахми также прославил на весь мир родину в своих произведениях. Чего стоят только его стихи, посвященные Стамбулу. Приведу свой подстрочный перевод на русский язык отрывка одного из его произведений, самого мною любимого, и которое созвучно моему личному видению этого чудесного города:

...Когда я говорю Стамбул, перед глазами встает образ чайки,
Наполовину из серебра, наполовину из пены морской,
Наполовину птицы, наполовину рыбы.
Когда я говорю Стамбул – в мысли приходит сказка,
Когда-то давным-давно [4]...

Бедри Рахми был также прекрасным художником, влюбленным в море и черпавшим вдохновение в красоте маленьких бухточек. Именно он был основоположником морских круизов по Средиземноморскому побережью Турции. В память о поэте-художнике, одну из бухт Годжека в заливе Фетхие, народ назвал его именем. В бухте «Бедри Рахми», на побережье, туристы могут увидеть его рисунки на камнях.

Таких примеров литературных произведений, пробуждающих позитивный, живой интерес к родной стране и культуре, довольно много. Великие писатели и поэты своим талантом и художественным восприятием формируют у читателей всего мира интересный и заманчивый образ города, страны и населяющих их жителей.

Лондон возглавил десятку самых посещаемых городов мира по числу любителей литературного туризма. Ему уступают Париж, Нью-Йорк, Рим и Санкт-Петербург, также вошедшие в десятку городов, богатых литературными достопримечательностями, сообщает британский сайт для любителей путешествий [5].

Родина многих литературных классиков, например, писателя Чарльза Диккенса и поэта Джона Китса, а также место действия многих литературных произведений, Лондон, описывается как «источник литературы, которую мы так долго изучали и полюбили». На втором месте среди поклонников литературного туризма стоит Стратфорд-он-Эйвон – городок в британском графстве Уоркшир, где родился Уильям Шекспир и работает труппа Королевского Шекспировского театра.

Благодаря уже ушедшим, а также современным авторам на третье место вышел Эдинбург – родина сэра Артура Конан Дойла, создателя знаменитого Шерлока Холмса, Роберта Луиса Стивенсона, написавшего «Остров сокровищ», и сэра Вальтера Скотта, создавшего «Айвенго». В этом городе живут писательница Йэн Ранкин, автор детективов Александр Макколл Смит и создатель всемирно известной поттерианы Джоан Кетлин Роулинг. «В этих городах библиоманам есть где развернуться», – говорит пресс-секретарь TripAdvisor Мишель Перри [6].

Что касается России, то понятие «литературный туризм» еще не вошло в терминологию местных туроператоров, хотя в Москве и особенно Петербурге постоянно проводятся экскурсии с названиями – «Петербург Достоевского», «Петербург Пушкина». Этим туроператоры обычно ограничиваются, хотя, как мы знаем, ареопаг российской словесности на этих двух лидерах литературы не заканчивается. Отметим, что в понятие «литературный туризм» сейчас турагентствами Европы и США уже включаются более развернутые и разноплановые мероприятия, нежели просто посещение мест, связанных с жизнью и творчеством того или иного писателя в этой стране.

Литературный турист принимает участие в семинарах, чтениях, слушает лекции литературоведов. По выражению одного английского туроператора, эти собрания напоминают микроконгресс любителей словесности. На туроператоре лежит

обязанность не только обеспечить людей проживанием и трансфером, но и организовать эти литературные симпозиумы, ради которых люди отправляются в литературный тур. В России, как и в Кыргызстане, такой вид путешествий пока не практикуется.

Вот список 10 (по убыванию) самых посещаемых библиофилами городов, составленный редакторами сайта для литературных туристов [7]. В скобках указывается имя известного автора, прославившего город: Лондон (Диккенс), Стратфорд-он-Эйвон (Шекспир), Эдинбург (Артур Конан Дойл), Дублин (Джеймс Джойс), Нью-Йорк (Артур Миллер), Конкорд, штат Массачусетс (Луиза Мэй Элкотт), Париж (Виктор Гюго), Сан-Франциско (Аллен Гинсберг), Рим (Виргилий), Санкт-Петербург (Достоевский).

Каждый из нас может легко дополнить этот список.

В литературном плане кыргызскому народу тоже есть чем гордиться. И для формирования искусственных сегментов в туризме также имеется прекрасная возможность. В середине-конце 90-х гг. XX столетия наши туроператоры предложили в качестве создания позитивного имиджа и продвижения турпродукта использовать творчество известного в мире кыргызского писателя Чингиза Айтматова (1928-2008). Так появился уникальный продукт, который сразу же приобрел успех [7].

Европейцы, знакомые с творчеством известного писателя поехали в Кыргызстан, чтобы увидеть страну большого литературного мастера, прикоснуться к описанной в книгах природе и культуре кыргызов, населяющих неизвестный Тянь-Шань. Так, через творчество Чингиза Айтматова всё больше людей узнавало и узнают о Кыргызстане. В известных всему миру повестях и романах Ч. Айтматов в художественно-поэтической форме рассказывает о красоте кыргызской природы. Показывает чистоту и красоту душ и помыслов простых людей, живущих в горах и долинах Тянь-Шаня.

По своей популярности произведения Ч. Айтматова вышли на одно из первых мест в современной литературе. В мировом литературоведении возникло целое направление – «айтматоведение», в русле которого изучаются произведения писателя, пишутся научные труды. По мотивам Ч. Айтматова снимаются фильмы, в известнейших театрах ставятся пьесы и постановки. Согласно данным академика, доктора филологических наук, профессора Абдылдажана Акматалиева – директора Института языка и литературы им. Ч. Айтматова НАН КР, произведения Ч. Айтматова переведены на более чем 170 языков мира и изданы тиражом более 100 млн экземпляров.

Ч. Айтматов обладал стратегическим мышлением, его интересовали идеи планетарного масштаба. Он выступил с идеей проведения глобального Форума, который с успехом был проведен в 1986 году на озере Иссык-Куль. На форуме собрались представители ЮНЕСКО, известные футурологи, писатели и художники. Результаты были впечатляющими – о Кыргызстане и озере Иссык-Куль узнали во всех странах мира.

Через посредство русского языка другие известные кыргызские писатели А. Токомбаев, К. Баялинов, Т. Сыдыкбеков, Ш. Бейшеналиев и др. стали известны во многих странах. В 80-90 гг. XX в. многие произведения известных кыргызских писателей были переведены на иностранные языки. Этому способствовала и более совершенная подготовка переводческих кадров.

Не менее популярны как в Кыргызстане, так и за рубежом произведения кыргызских поэтов. В результате взаимодействия литератур, обмена творческим опытом в кыргызской литературе широко стали развиваться пейзажная, философская, интимная и публицистическая темы лирики, получившие отражение в сборниках стихов А. Токомбаева, М. Элебаева, Ж. Боконбаева, Ж. Турусбекова, Т. Уметалиева, К. Маликова, А. Осмонова, Т. Шамшиева и др.

Обращение драматургов к сюжетам эпоса «Манас» стало важным явлением в истории художественного слова. Из новейших произведений кыргызских драматургов завоевала международное признание работа Мара Байджиева «Сказание о Манасе: поэтическое переложение первой части трилогии кыргызского эпоса «Манас»» [8].

Литературные памятники региона имеют более ограниченную по сравнению с другими элементами культуры привлекательность, но все же составляют существенный туристский мотив и основу организации разноплановых туристских программ и маршрутов. Литературные произведения обладают силой создавать впечатление о стране и ее культуре. Доказано, что наличие или отсутствие определенного рода литературы в стране указывает на состояние ее культурной и политической систем. В развлекательные программы для туристов целесообразно включать литературные вечера, тем более что некоторые гостиницы располагают прекрасно оборудованными библиотеками. В рамках познавательного туризма рекомендуется организовывать литературные туры по местам, связанным с именами авторов и героями известных литературных произведений.

Кыргызская литература в своем историческом развитии способствовала духовному обновлению народа, она является его национальным богатством. Есть полное основание говорить, что кыргызская литература, ставшая формой познания многогранной жизни, заняла свое место и в мировой художественной культуре. «Художник и народ – две сопряженные величины. Народ рождает таланты, и он же, народ – сеятель и хранитель всего лучшего, что создают его мастера. Связь тут обратная, художник – духовная опора народа, народ – духовная опора художника», – говорил Ч. Айтматов [9]. Сегодня очевидно, что и сам автор этого высказывания – один из таких достойных представителей своего народа.

Именно по развитию литературы можно судить об эволюции народа в духовном плане. Изучая национальную литературу, человек будет различать те особенности грани души народа, которые иногда ускользают из виду в повседневной жизни, поэтому работникам туризма крайне необходимо помимо истории края еще и знать литературные произведения, как своего народа, так и мировых классиков. Это позволит лучше воспринимать образ и менталитет своего народа и народов других стран.

Туристско-рекреационные ресурсы – это главный базис развития туризма. Если страна не имеет нужного фундамента, которым и являются туристско-рекреационные ресурсы, тогда успешно развить турбизнес просто невозможно. А к туристско-рекреационным ресурсам мы относим как природные богатства, так и созданные человеком обںекты. Совокупность этих двух направлений и является успешной составной для создания туристского продукта. Планируя приоритетные направления при организации туристического бизнеса, допустим, в регионе, нужно установить вначале, какими туристско-рекреационными ресурсами владеет выбранное место. Если таковые имеются, значит можно начинать строить инвестиционную политику в данном регионе и налаживать туристическую деятельность. Если же таковых недостаточно, то имеет смысл поработать над созданием искусственных сегментов рынка туризма.

Литературный туризм только начинает набирать обороты на просторах СНГ. В Кыргызстане есть необходимые ресурсы для развития этого специального вида туризма. Такой искусственный сегмент рынка, созданный посредством знаменитых произведений кыргызских писателей с мировым именем, вкупе с естественными красотами природы, самобытной культурой и легендарной историей Кыргызстана способны поднять развитие туристской индустрии в КР на новый качественный уровень. В Кыргызстане есть все шансы для развития туризма и провозглашения его национальной стратегией страны не на словах, а на деле.

Литература:

1.Яхшиева М.Т. Сегментирование туристического рынка. Культурно-исторические туристско-рекреационные ресурсы Кыргызской Республики: проблемы классификации, выявления и использования // Туризм в Кыргызстане: проблемы, пути решения, перспективы развития: Мат –лы Межд. научно- прктич. конф.– Бишкек, 2001. – Ч.2. – С. 174.

2.Песчанская Т. Марсель – город замков, портов и мыльных пузырей // Русские Эмираты. – 2009. – № 31. – С. 44-47.
3.Зорина А. Весенние заметки о мадридцах // Русские Эмираты. – 2009. – № 31. – С. 48-50.
4.Bedri Rahmi. İstanbul. TÜRSAB – 2008/ calendar. – İstanbul, 2007.
5.http://news.kuda.ua/
6.www.tripadvisor.co.uk
7.Там же.
8.Дудашвили С.Д. Туристские ресурсы Кыргызстана. - Бишкек, 2004. – С. 131-134.
9.Байджиев М. Сказание о Манасе: Поэтическое переложение первой части трилогии кырг. эпоса «Манас». – Бишкек, 2010.
10. Акматалиев А. Вступительное слово к произведению Ч. Айтматова «Белое облако Чингисхана». – Бишкек, 1991. – С. 11.

Бейшеналиев А.М. ФЕТХУЛЛАХ ГҮЛЕНДИН ТААЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ КӨЗ КАРАШТАРЫ

Заманыбыздын улуу ойчулу, коомдук ишмер, педагог, белгилүү теолог жана жазуучу, учурдун эң көрүнүктүү инсандарынын бири М. Фетхуллах Гүлендин калеминен жаралган 70 тен ашуун китептери, 7000 ден ашуун макалалары жана жүздөгөн илимий конференциялары ондогон тилдерге которулуп, дүйнөлүк коомчулукта чоң кызыгууну жаратууда. Анын идеяларынын негизинде дүйнөнүн 140 мамлекетинде ачылган: эки миндин тегерегиндеги мектептер, билим беруу борборлору, ондогон жогорку окуу жайлары, 16 басма үйү, ооруканалар, ишкерлер биримдиктери ишмердүүлүк жүргүзүп, алардын ишмердүүлүгүнүн мазмунун, багыттарын изилдөө менен учурда жүздөгөн илимпоздор алек болуп жатышканы чындык. Бир да мамлекеттин казынасынан колдоо күтпөстөн камкор, кайрымдуу адамдардын материалдык жана моралдык жардамдары аркылуу адамзатка кызмат кылуу үчүн турмуштун ар түрдүү багыттарында арбын иш- аракеттерди жүргүзүп жатышкан, келечек ээлерин тарбиялоодо Гүлен аксакалдын чакырыгын чын дилден колдоп, жолун жолдогондордун аракетин дүйнө коомчулугу жана илимий чөйрө «Гүлен кыймылы» же «Кызмат кыймылы»[1]деп аташты.

Америка кошмо штаттарында 1970-жылдан тартып жарык көрүп келе жаткан белгилуу «Foreign Policy» журналы менен Англиянын белгилуу «Prospect» журналы тарабынан 2008-жылы дүйнөнүн эң атактуу 100 интелектуал инсанын тандап алуу үчүн анкета жургузулуп, 500.000 ден ашуун адам катышкан. Бул анкетада ар кайсы тармактан улуу ойчулдар, жазуучулар, коомдук ишмерлер, илимпоздор сыяктуу жалпы дүйнөгө аттын кашкасындай таанымал 100 ысым коюлган. Натыйжада дүйнө коомчулугу Фетхуллах Гүленге эн көп баа берип, 1 орунду ээлеген.[2]

М. Фетхуллах Гүлен көптөгөн чыгармаларында жана сүйлөгөн сөздөрүндө «Идеалдуу инсан» (билим, тарбия, адеп – ахлактык жактан төп келишкен личность), «Жер бетинин мураскорлору» жана «Алтын урпак» сыяктуу аталыштар менен өзүнүн кыялында болгон эртенки күндүн келечек ээлерине токтолот.

Гүлен аксакалдын ой-пикирлеринин негизинде ачылган мектептердин башкы максаттарынын бири-дал ушул илимий жана руханий баалуулуктарга ээ келечек ээлерин тарбиялоо. Бул урпактарда: өзүмчүлдүк эмес, башкалар үчүн жашоону көздөө, дүйнөгө жана жаратылышка акыл-эстүү мамиле кылуу, илим-билимге сугарылгандык,

[1] Carroll..J. “Adialogueofcivilizations: GulensIslamicidealsandhumanisticdiscourse”. The Light, Sommerset, NJ 2007
[2] “Foreign Policy” журналы 2008-жыл. Вашингтон

жүрөктөрүндө жогорку ыйман, жүрүш-туруштарында адеп-ахлак, эркиндик, чынчылдык, айкөлдүүлүк калыптанышы керек. Өз алдынча изденуу, башкалар менен акылдашуу, кеңешүү сапаттары бар, таза ойлуу, жогорку маданияттуу атуулдардан турган уникалдуу коомдук түзүлүштү ким эңсебейт.

Америкалык социолог Джим Керроллозу өзүнүн изилдөөсүндө Фетхуллах Гүлендин билим берүүгө болгон көз караштарын тарыхтагы белгилүү инсандар Конфуцийдин(1) жана Эфлатундун(2) көз караштары менен салыштырган. Конфуций жана Эфлатун жогорудагы сапаттарга ээ болгон жаштардын бийлик бутактарына келиши аркылуу коомду жакшы жакка өзгөртүүгө болот деп белгилешсе, улуу ойчул М.Ф. Гүлен мырза мындай тарбияга ээ болгон урпактар коомдун ар кыл тармактарына сиңип, эл менен жуурулушуп, таза коомду түзүүгө негиз болушу керек дейт. Айрыкча, бул урпактардын саясаттан алыс болуусун баса белгилейт.

Билим беруу маселесине өзгөчө этияттык менен мамиле жасап, терең маани берген М.Ф. Гүлендин пикири боюнча инсан: рух, акыл жана денеден турган жандык, демек, ушул үч фактор тен бирдей тарбияланууусу абзел. Мисалы: дене аба, суу, күнүмдүк тамак, жылуулук, тазалык, кыймыл-аракетке муктаж болгон сыяктуу эле, акыл да ар кандай билимдердин булагына, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн уюткусуна муктаж, ал эми рух же жан дүйнө метафизикалык өзгөчөлүккө ээ болгондуктан, ал дагы ишеним, үмүт, максат, жылуу сезим,тилек,сүйүү, намыс, сыймык сыяктуу түбөлүктүү түшүнүктөр менен азыктандырылышы керек. Ансыз адам-адам эмес. Өнүккөн батыш өлкөлөрүндө адам факторунун материалдык жагдайына мыкты көңүл бурулуп, адамдын ички сезими, руханий дүйнөсү жакырланып же унутта калган. Ал эми адам баласы дүйнө жүзүндөгү башка жандыктардан дене түзүлүшү менен гана эмес, акыл-эсинин артыкчылыгы менен, тили жана ички дүйнөсү менен айырмаланып турат. Ошондуктан чыныгы инсан деп ар тараптан мыкты тарбияланган адамды айта алабыз. Курсагы ток, эс-акылы чектелген, сезими сенек, эмгек кылбаган адам биологиялык жактан тирүү адам деп саналганы менен, өлүктөн же айбандан айырмасы жок болуп эсептелет. Андай адамдар кара курсактын, өзүмчүлдүктүн, ач көздүктүн айынан ар кандай жамандыктарга көп барышы, коомго, жаштарга терс таасирлери көп болушу да мүмкүн. Ал эми коомдогу жаман оору тез өөрчүп, артынан көп сандаган жамандыктарды адам баласына алып келерин турмуштук көп мисалдардан көрүүгө болот. Кыргыз элинде «Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста» деген накыл кеп бар. Жакшы адамды, эл үчүн күйгөн акылдуу, абийирдүү адамды өстүрүш, тарбиялаш оңой нерсе эмес.

Бир личностту тарбиялоо үчүн Гүлен мырза үч негизги факторго көңүлүбүздү бурат. Алар: үй-бүлө, чөйрө жана басма сөз (медиа) болуп эсептелет.

Үй-бүлө тарбиясы. Бала төрөлгөндөн тартып ар нерсеге мамилеси, дүйнөгө болгон көз карашы, билим алуусу жана инсандык сапаттары үй-бүлөдө калыптана баштайт. Балада кыймыл-аракеттин, жүрүш-туруштун, адеп-ахлактын, ар кандай адаттардын калыптанышында үй-бүлө мүчөлөрүнүн таасири өтө чон. Ф.Гүлен кичине баланы бир актай кагазга окшотот. Актай кагазга каалаганыңды жазсаң болот, аны өчүрсөң да изи калат.Наристенин психологиясы да кагаз сымал таза,көргөн жана уккан нерселерин анализдөөсүз кабыл алат. Анткени кичине кезде жакшы менен жаманды айырмалап билүү өтө кыйын.Эн негизги көмүскө акылдын калыптануу процессин 3-5 жаш ортосунда болоорун баса белгилейт. Ушул учурда үй-бүлөдө ата-эне жана улуулар жалан жакшы жагы менен үлгү болуулары абзел. Бала эл арасында өзүн кандай алып жүрүш керектигин, сүйлөшүү адебин, башкалар менен мамиле түзүүнү үй-бүлөдөн үйрөнө баштайт. «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген кыргыз эл макалындагы таамай айтылган ой Гүлендин чыгармаларынын өзөгүн ээлейт. «Бир элдин жана коомдун уникалдуулугу үй-бүлөдөн, түгөйлөрдүн кол кармашып курган уясынан башталат, ошондуктан тарбия түбөлүк болуш үчүн уядан башталыш керек»[1] деп баса

[1] М. Фетхуллах Гүлен. «Чекирдектен Чынара» китеби.NILYayinlari 2011. 40-бет.

белгилейт Гүлен мырза «Уруктан чынарга» аттуу китебинде. Бул китеп жалан баланы кандай тарбиялоо керек экендигин кенири түшүндүрүүгө арналган.

Чөйрө. Турк элинде бул тууралуу жакшы макал айтылат: «Досундун ким экенин айт, мен сенин ким экендигинди айтайын». Гүлен мырза акылман ойлорунда жаштарга жаман чөйрөгө аралашмак тургай , андай жерден алыс болууну эскертет. Жаман иштер азгырыктар адамды өзүнө тартып турат, жаман иштер ууланган бал сымал, жеп жатканда таттуу сезилет, жегенден кийин адамды кыйнап өлүмгө чейин алып бара турганын мисал келтирет. Берген конференцияларынын биринде жамандыктардын келип чыгышы, өөрчүшү тууралу: «Бир локма, бир опме, бир бакма иле башлар» дейт. Бир локма – бул бир сындырым нан , бир үзүм тамак. Мисалы бир эле жолу башка бирөөдөн кичине пара алайын дейсин, напсинди тыя албай уланып кетет, ошентип паракорго айланасың. Бир өпме – бул бир өбүү, бир өбүшүп көрөйүн деп бузукулукка эшик ачасын. Ал эми бир бакма – бул бир жолу карап көрүүү, арамга бир жолу назарыңды салсан напсин бузулуп дагы көргүсү келет. Демек жаман нерсенин кичине-чоңу жок, бүгүн кичине болгон менен эртең чоң болуп чыга келет. Ушул ойлорун угуп отуруп, чөйрөбүздө оюн автоматтары менен башталып, кумарга чейин уланган көрөүнүштөрдүн жыйынтыгы өзүн-өзү өлтүргөнгө алып келип жатканын көрүп, айтылгандарды туура дебей койбойсуң.

Массалык маалымат каражаттары. Учурда басма сөз жалпы эле адамзаттын көйгөйлүү маселеси. Саны көп, сапаты көзөмөлгө алууга мүмкүн болбой калган азыркы учурда, өлкөбүздөгү массалык маалымат каражаттарынын дүйнөлүк денгээлден артта калышпайт. Атын билбеген газета-журналдар, телевидениелерден көрсөтүлүп жаткан жаман көрүнүштөр, айрыкча илимдин өнүгүүсү аркылуу өнүгүп жаткан интернет байланышы жаштардын руханий жактан тарбия алышына эбегейсиз терс таасирин тийгизүүдө.

Жакын туугандарыбыздын 5-7 класстарда окуган балдары телевизордон кореянын сериалын көрүп жатып, алдын ала актерлор эмне деп сүйлөрүн же кандай көрүнүш болорун айтып жатышты. Кайдан билерин сураганыбызда, бул сериалды 13-жолу көрүп жаткандыктарын айтышты. 18 сериядан турган фильмди 13-жолу көрүп жаткандыктарын көрүп ойлонбой койбойсуң. Азыр кичинекей балдар мультфильмдерди, ар кандай оюндарды жатка билишет, эртең менен көзү ачылгандан кечке уктаганга чейин компьютер, телевизордон кетишпейт, чоңураактары интернеттен, уюлдук телефондон чыгышпайт. Күн-түн дебей, ал тургай мектептен качып, интернет кафелерде отурган мектеп окуучуларын жолуктуруу көнүмүш көрүнүшкө айланган. Тилекке каршы, эң жаманы балдардын, жаштардын, өспүрүмдөрдүн мындай көз карандылыгына улуулар, ата-энелер кайдыгер карап, заман ушундай деп айласыз алакан жайгандыгында. Мындай кайдыгерликтин арты, чар жайыттыктын арты жакшы нерселерге алып келбеси бышык. Бул тууралуу М.Ф. Гүлендин бир ой жүгүртүүсүн дүйнөгө сабак ирээтинде айта кетсек. Бир жолу жүрөк операциясынан кийин Гүлен мырза электрондук креслодо отурган экен. Дүйнө жүзүндө адамдар өзүлөрү ойлоп тапкан техникалар менен төгүлүп жаткан канды, кыйрап жаткан өмүрлөрдү көрүп туруп: «Адам өзү ойлоп тапкан технологияларды туура колдонсо, мендей болуп анын үстүнө отурат, туура пайдаланалбаса адам анын кулу болот»,- дептир. Адамзат бүгүн өзү ойлоп тапкан техниканы өзүнө каршы колдонуп жаткан көрүнүштөр өтө эле көп. Телевидение, интернет да туура колдонулса адамга кызмат кылат, туура пайдаланылбаса адамга орду толгус зыян алып келет.

Гүлен идеясы менен ачылган дүйнө жүзүндөгү миндеген мектептердин түзүлүшүн, билим беруу философиясын туура жана ачык талдоо үчүн проф. Д.Догу Эргил тарабынан Гүлендин өзү менен жургузулгон «100 суроодо Фетхуллах Гүлен жана анын кыймылы» аттуу суроо-жоопторунан чагылдырууну туура көрдүк.[1]

[1] Проф. Др. Догу Эргил. «100 суроодо Фетхуллах Гүлен жана анын кыймылы». Тимаш-2010. 300-340 бет.

– “ Эмне себептен Гүлен кыймылы билим берүүгө өтө маани берет жана билим берүү эн негизги иш- аракети болуп саналат?”

– Инсан билим жана маалымат аркылуу гана жашап жаткан өз чөйрөсүн жакшы түшүнө алат. Адам баласы өзүн канагаттандырыш үчүн, дүйнөгө салым кошуусу үчүн, биз жашап жаткан доорду жакшы талдай билиши үчүн билим жана маалымат өтө керек. Дүйнөлүк интеграцияда билим өтө маанилуу. Бүгүнкү күнү эч бир мамлекет жалгыз өнүгө албайт. Ал эми дүйнө интеграциясынын жолу заманбап билим аркылуу гана болот.

– Мектеп ачуу жана келечек муунду тарбиялоо идеясы кантип келип чыкты?

– Бизден адам болбойт, бизден түшүнүктүү илимпоздор, новаторлор чыкпайт деген психологиялык фануста экендигибизди ойлондум.Ушул фанустан сыртка чыгып, өзүбүздү дүйнөгө көрсөтсөк деген ойдо элем. Акыркы учурда бул фанустан сыртка чыга алдык. Мурунтан эле билим берүүгө маани берчүмүн. Өзүмдүн турмушумда да бул кемчиликти жоюуга аракет кылдым. 1970-жылдары менчик мектептерди ачууга уруксат берилди. Чөйрөмдөгүлөргө сөзсүз билим берүүгө маани бергиле дедим. Мектеп ачкыла, келечек ээлерин окуткула дедим”1

Бүт өмүрүн адам баласынын билим алуусуна арнаган улуу инсандын ой пикирлеринин негизинде алгачкы мектеп 15-ноябрда 1982-жылы Измир шаарында «Йаманлар» деген ат менен ачылып, азыркы күндө да ийгиликтуу иштеп келет. Андан соң Түркиянын төрт тарабында «Фатих», «Азизийе», «Саманйолу» деген аталыштагы ондогон мектептер ачылган. 1989-жылы ноябрь айында Стамбул шаарындагы Сулеймание мечитинде Ф.Гүлен Орто Азия тууралуу жалпы элге маалымат берген. Гүлен мырза өз сөзүндө Орто-Азиядагы мектептерди ачуу идеясын Мустафа Кемал Ататүрктөн алгандыгын эскерет. Ататүрк: «Советтер союзу бугун биздин кошунадыз, өнөктөшүбүз. Бирок эртең Австрия-Венгрия сыяктуу ыдырашы мумкун. Ошол учурда ал жердеги тили, дини бир болгон туугандарыбыздын бар экендигин унутпагыла» дегендигин эскертет. Кайрадан 100 суроо китебине кайрылалы.

– Бул мектептердин кандай максаттары бар? – деген суроого Гүлен мындайча жооп берет.

– Сүйүү, достук, айкөлдүүлүк жана маданияттардын ортосундагы диалогду, айланышты негиз алган, өздөрүнүн улуттук жана руханий баалуулуктарын билген, дүйнөнү жакшы тааныган, өздөрүнүн ортосунда тынчтык көпүрөлөрүн курган жаштарды тарбиялоо негизги максат болуп эсептелет. Мектептерди ачуудагы максаттардын дагы бири – мамлекеттердин жүгүн жеңилдетүү. Өздөрүнүн баалуулуктарын алдыга койгон, дүйнөлүк баалуулуктарды туура талдай билген жаштарды тарбиялоо зарыл, адам баласы билим аркылуу эң жогорку чекке жетиш үчүн дүйнөгө жаратылган”

Андан ары мектептердин сапаты тууралуу берилген суроого Гүлен Мырза; дүйнөлүк олимпиадалардагы алынган орундарды, бүтүрүүчүлөрдүн дээрлик жалпысынын эң мыкты жогорку окуу жайларда билим алып жаткандыктарын мисал келтирип жооп берген. Кошумчалай кетсек, Анкара шаарындагы Гүлен кыймылынын мектептеринин бири «Саманйолу» лицейи ачылган күндөн тартып 27 жылдын ичинде 150дөн ашуун эл аралык олимпиадаларга катышып, алтын, күмүш, коло жана мамлекеттик олимпиадалардан 400дөн ашуун алтын медалдарга жетишишкен. Мектептердин материалдык жабдылыштары тууралуу суроолорго өлкөбүздө 15 мектеп, 1 университети менен билим берип жаткан «Себат» билим берүү мекемелерин мисал катары көрсөтүүгө болот.

Көптөгөн атуулдарды кызыктырып келаткан суроолордун бири – бул мектептердин диний билим берип-бербегендиги. Гүлен мырзанын жообу: «Бул мектептерде диний билим берилбейт. Мектептерде адаттагы формалдык, белгилүү бир типтеги билимге караганда, көбүрөөк ойлонууга, өз алдынча изденүүгө багытталган билим берилип жатат деп ойлойм. Билим берүүнү окуучуларга форма кийгизуу сыяктуу жөнөкөй маселе катары кароого болбойт, жеке өзгөчөлүктөрдү эске алууга маани берүү

менен кароо керек. Учурда мектептер замандын талабына ылайык так илимдерге маани берип жатышат, ошондуктан окуучулар жеке жөндөмдүүлүктөрүн, маданият жана исскусство боюнча чеберчиликтерин толук көрсөтө албай жатышы мүмкүн. Бул мектептердин жана билим берүүнүн гана талабы эмес, замандын, учурдун талабы болуп жатат. Ал эми ар бир окуучу менен иштеше келгенде окуучулардын түрдүү жөнөмдүүлүктөргө, таланттарга ээ экендиктерин көрөсүн».

Гүлен мектептеринде билим берүү негизинен жергиликтуу тилде жүргүзүлөт. Математика, химия, биология, физика жана информатика сабактары англис тилинде окутулат. Түрк тили экинчи чет тил катары үйрөтүлөт. Кээ бир мамлекеттерде түрк тили тандоо сабагы катары бекитилген. Билим берүү программалары, окуу планы ошол өлкөнүн Билим беруу министрликтери тарабынан бекитилип, текшерилип турат.

“Учурда кыйын абалды башынан өткөрүп жаткан Авганистан, Ирак, Филипин, Босния-Герцеговиния сыяктуу өлкөлөрдө да мектептериниздер барбы?” - деген суроого Гүлен мырза мындай деп жооп берген: «Авганистан, Ирак, Филипин, Босния-Герцоговинияда мектептер бар. Бул мектептер тынчтык үчүн күрөштүн эң мыкты үлгүсү болуп эсептелет. Аталары сыртта согушуп жатканда, окуучулар бир партада достук мамиледе билим-тарбия алып жатышат».2

Жогоруда белгиленгендей, дүйнө жүзүндө М. Фетхуллах Гүлендин ой-пикирлерин, көз караштарын ар тараптуу ишке ашырууга аракет кылгандардын саны көбөйүп, аткарылган иштердин жыйынтыктары элге дайын боло баштаган сайын, анын чыгармаларын, иш- арекеттерин изилдөө максатында жүрүгзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн да, уюштурулган ар кандай иш-чаралардын да күн санап саны артууда. Көрүнүктүү илимпоздор, коомдук ишмерлер жана саясий чөйрө тарабынан Гүлен кыймылы чоң кызыгуу менен талкууга алынып, татыктуу баа берилип жатат. Аларды атап кете турган болсок:

1. 28-октябрь – 4-ноябрь 2008-жылы Эгипет, Каир шаарында Россия Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу Институту, Россия Федерациясынын Тышкы иштер министрлиги, Эл Аралык Диалог Евразия платформасы жана “Европа -маданияттан тынчтыкка” уюму «Египет жана Жакынкы чыгыш өлкөлөрүндөгү маданий салттар. Кечээ, бүгүн жана эртең» аттуу конференцияда «Ислам чөлкөмүндө, дүйнөдөгү маданияттар ортосундагы диалог жана бирдикте жашоо практикасы. Гүлен кыймылы» деген доклад таанышстырылды.
2. 14-15 ноябрь 2008- жылы АКШнын Жоржтаун университети, Мусулман – Христиан келишим борбору (CMCU) жана «Руми» форумунун биргеликте өткөргөн «Глобалдуу кыйынчылыктар доорундагы Ислам: Гүлен кыймылынын альтернативдүү перспективасы» аттуу конференцияга Америка, Австралия, Австрия, Франция, Англия, Канада жана Турциядан илимпоздор чогулушуп Гүлен кыймылынын иш аракеттери тууралуу 40 доклад талкууланды.
3. Россиянын парламенти, Россия Илимдер академиясы жана Россия либералдык партиясы менен биргеликте 2008-жылдын 15- сентябрында «Махатма Ганди жана Фетхуллах Гүлендин идеялары» аттуу конференция өткөрдү.
4. 2005- жылы 14-15- ноябрда АКШда Чикаго университети «Гүлен кыймылы жана диндер аралык диалог» аттуу панел уюштурду.
5. 14-15- ноябрь 2005-жылы АКШ Райс университетинин Бониук диний толеранс изилдоо борбору, Диндер аралык Институту жана Хюстон университети «Учурдагы дүйнөдо Ислам: ойлор жана практикадагы Фетхуллах Гүлен кыймылы» аттуу симпозиум өткөрүп, дүйнөнун түрдүү континенттеринен илимпоздор катышышты.
6. Ушундай эле аталыштагы иш-чара 5-6- ноябрь 2006-ж Оклахома университетинде өткөрүлдү.
7. Эн маанилүүлөрүнүн бири Улуу Британия парламенти Лорддор камерасында 50гө жакын академиктердин жана көп сандагы лорддордун катышуусунда

«Өзгөргөн Ислам дүйнөсү: Фетхуллах Гүлен кыймылынын салымдары» аттуу конференция өткөрдү. Академиктер Гүлен аксакалды «Руханий мугалим» деп аташты.

8. Голландиянын Эрасмус университети тарбынан 23-25-ноябрь 2007-жылы өткөрүлүп, 2 күнгө созулган «Тынчтык менен биргеликте жашоо: Фетхуллах Гүлендин учурдагы дүйнөдө тынчтык аракеттери» аттуу конференцияга 400дөн ашуун илимпоз, саясатчы жана студенттер катышып, илимпоздор өтө таасирленишкен. (1)

9. 26-октябрь 2010- жылы Джакартадагы Индонезия университетинде «Гүлендин билим берүү модели» деген темада илимий конференция өтүлүп, 14 өлкөдөн катышкан 32 академиктин докладдары талкууланган

10. 28-январь 2011-жылы Техас штатынын Сенаты “Глобалдуу тынчтыкка жана түшүнүккө салым кошкондугу үчүн Түрк-Ислам аалымы М. Фетхуллах Гүленди сыйлоо чечимин кабыл алышты. Губернатордун орун басары Давид Девхурс сенаттын чечимин (№: 85) билдирди: «Техас сенаты эл аралык тынчтык жана түшүнүккө илхам берип келе жаткан Фетхуллах Гүленге терең ыраазычылык билдирет». Чечимди Эрдис Лучио, Трой Фразер, Жон Хуффман, Жейн Нелсон жана Летисиа ван де Путте өңдүү демократ жана жумуриятчы сенаттар сунушташкан.

В целом, комплекс обозначенных выше процессов и проблем в религиозной сфере кыргызстанского общества оказывает заметное влияние на общественно-

политическую ситуацию в стране и в силу этого требует постоянного внимания со стороны государственных органов.

В современных условиях формирование уважительного отношения к религиозным чувствам граждан, развитие сотрудничества различных конфессий, межконфессиональный диалог, мир и согласие являются важнейшим фактором продвижения кыргызстанского общества по пути построения правового демократического государства.

Литература:

1. Кабар. – 2001. – 19 января.
2. Слово Кыргызстана. – 2010. – 7 декабря.
3. Гражданский мир и согласие в Кыргызстане: Аналитический отчет РЦИОМ КР по результатам социологического исследования. – Бишкек, 1995.
4. Толкун Солто кызы. Активизируются // Слово Кыргызстана. – 2009. – 15 июня.

Жумакадырова К.М. АКЫН С ЖУСУЕВДИН СОҢКУ МЕЗГИЛДЕГИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ӨРҮШҮ

Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргызстандын Эл акыны, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Сооронбай Жусуев соңку мезгилде поэзия жаатында кандай иштерди жасады деген суроо туулат. 1990-жылдардан бери карай акын Сооронбай Жусуев бир топ көрүнүктүү, салмактуу чыгармаларды жаратып койду. 1991-жылы чыккан «Күмүш жылдыз» китебинен бери карай «Курманжан датка» ыр менен жазылган романы (1994), «Адамдар» (1997), «Миң кайрык» (2000), «Орус ырлары» (2000), «Канат менен Зарина» (2003), «О, анда көктөм эле» (2004), «Омар Хаямдын рубаилери» (2004), «Сөз кудурети», «Ала Тоо барда мен бармын» (2005), «Европа-Азия ырлары» (2007), «Казак ырлары», «Мен билген Чыңгыз» (2008), «Тагдырым-поэзия» (2008), китептери жарык көргөн. Ал эми 85 жаш курагында акындын жасаган эмгектери атайын чоң сөз кылууга арзыйт.

Кыргыз адабиятынын тарыхында биринчи жолу улуу куракка жеткенине карабастан «Раззаковдун тагдыры» аттуу ыр менен жазылган көлөмдүү романын тартуулады. Муну менен катар «Таберик», «Согуш жана жеңиш» жыйнактары да поэзия сүйүүчүлөрдүн көңүлүн бура алды.Демек, күжүрмөн акын кыргыз адабиятын көлөмдүү жана көркөмдүү чыгармалары менен байытып, элине зор кызмат өтөп жаткандыгы кийинки муундар үчүн бир чети сабак, бир чети эмгекке тарбиялаган баа жеткис байлыгы болорунда шек жок.Дегеле лирикадагы Сооронбай Жусуевдин артыкчылыгы бул - анын чыгармачылык чабыты кеңири жана ар жактуу экендигинде, ошондуктан ал тема жагынан чектелип жана кысталбайт. Мейли өмүр менен өлүм, жаштык менен сүйүү, адамкерчилик менен кыянаттык же жаратылыштын көрүнүштөрү сыяктуу түбөлүктүү темаларга кайрылбасын, ырларында акындын арыштуу кадамы, жогорулоо бийиктиги сезилип турат. Акындагы дагы бир өзгөчөлүк-мезгил үнү, доор духу менен үндөшүүгө умтулуусу. Чакан лирикалык ырларда да ага бир үзүм турмуш чындыгын камтып, андан ынанарлык философиялык ой, олуттуу мазмун жыйынтыктап коёт.

Жогоруда белгиленген жыйнактардагы ырларында ой менен эмоцияны айкалыштырып, көркөм образга, мазмундуулукка көп көңүл бөлөт. Ошондуктан ырлары талапка жооп берген, окурмандардын кызыгуусун туудурган ырлар болушу да ушул себептерден улам болсо керек.

Акын кандай гана турмуш көрүнүштөрү жөнүндө жазбасын, жөнөкөй нерседен чоң көркөм ой табат, өзүнчө оригиналдуу, идеялык-эстетикалык жалпылоолорду жасайт. Бул анын ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугунун, сүрөттөгөн көрүнүшкө карата аналитикалык мамилесинин жыйынтыгы десек болот.

Алсак, С.Жусуевдин «Миң кайрык» аттуу ырлар жыйнагында философиялык ойлор, этикалык, моралдык проблемаларга көбүрөөк орун берилген. Анда турмуштун ар кыл көрүнүшү баяндалат. Мисалы,

Түгөндү эле дүйнөсү, дасмиясы,
Түштү оозунан азили, аскиясы.
Арбыды деп кубансак табышкандар,
Андан артып баратат чанышкандар.

Аларда С.Жусуевдин чебер жана сезгич акындыгы, турмушту терең билгендиги, поэзиянын нукура тазалыгын сактап, анын чыгармаларында сезимди «дүрт» эттирип от жаккан жалындуу илеп бар экендиги айтылган. Баса белгилеп кетчү нерсе- акындын азыркы күндө да активдүү иштеп, чоң ийгиликке жетишип жаткандыгы. Акындын алтын сөздөрүн окуп отуруп, анын маңдайына жалгыз медер тутканы поэзия экендигине ынанабыз. Анын поэзиясынан аялуу махабат сырларын таап, кооздуктун, сулуулуктун символун көрүп, көңүл тоё турган табылгыс зор байлыгына, акындык чеберчилигине дагы бир жолу тан бердик. Чыныгы акын ар кандай татаал ойлорду, удургуган ички сезимдерди жөнөкөй эле сөздөр аркылуу түшүндүрүп берет. К.Даутов белгилегендей, реалдуу таасирлер менен реалдуу ой-сезимди таасын чагылдырса, жөнөкөй эле сөздөр керемет берет. Айрыкча кыргыз поэзиясын, көркөм эстетикалык бийиктиктерге көкөлөтүп көтөрүүдө зор салым кошкон темалардын бири – сүйүү темасы. Сүйүү темасы дүйнөдөгү көптөгөн поэзияларда негизги, маанилүү орунду ээлеп келе жатат. Ашыктык темасын өзүнүн жүрөк ышкысы, чебер таланты аркылуу элдин жүрөгүнө жеткире алган акындар элдин урмат-сыйына татыктуу болуп келген. Бул темада иштеген акындардын шыктарынын деңгээли айкындалып, алар кыйын сыноолордон өтүшкөн. Кыргыз поэзиясында көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенип келе жаткан атактуу акын С.Жусуев да окурмандардын көркөм табитине шайкеш келе турган, алардын купулуна толо турган ашыктык ырларын жазуу үчүн көп чыгармачылык күчүн жумшаган.Себеби акынды окурмандардын кеңири катмарына таанытууда башка темадагы ырлары менен катар ашыктык ырлары да ырааттуу кызмат өтөгөн.С.Жусуевдин кынтыксыз, кудум зергерче иштеген образдары, живописттик өзгөчө боёктору, уйкаштык системасы аны көптөгөн акындардын ичинен дапдаана эле айырмалап турат. Улам чыккан жыйнактарын жаңы ой, жаңы көркөм ыкма, боёктор коштоп келет. Анын махабат темасындагы ырлары лиризмге бай. Аны мүнөздөөчү каражаттар да көп түркүн. Ошондуктан С.Жусуевдин махабат ырлары, эл ичине кеңири тарап кеткен.

«Сен», «Жайлоодогу кыз», «Сүйүү сүрү», «Сулуу», «Кош жылдыз», «Жүрөккө жүрөк талпынып» ырларында сүйүү сезимин кылдат, сыпайы мүнөздө даңазалаган.

С.Жусуев да махабат лирикасында жаштардын оюндагысын таап, алардын романтикалуу учкул сезимдерине шайкеш келген сүйүү ырларын жараткан. С.Жусуев лириканын назик сырларын билет. Анын махабат лирикасы- чын жүрөктөн оргуп чыккан ак жаркын лирика. Акын нагыз, реалисттик ыкма менен иштеп, жаңылыкты сырткы формадан эмес, ырдын мазмун-маңызынын өзүнөн таба билет. Башка ырлардай эле сүйүү темасындагы ырлары да ойлорун так, даана, көркөм, элпек тил менен жазылгандыктан алар обонго салууга өзүнөн өзү ылайык келип турган. Ошондуктан Республикабыздын бир топ композиторлору, обончулары С.Жусуевдин ырларына музыка жаратышып, ал ырлар азыркы күндө да ырдалууда. Мисалы, А.Өзүбековдун «Кош жылдыз» ыры элге терең сиңип кеткендиги далил болот. Ал эми жетимиш сегиз курагына карабастан, С.Жусуев опол тоодой керемет сүйүүнү даңазалаган поэмасын жазганы окурмандарды таң калтырбай койбойт. Бул «Канат жана Зарина» аттуу реалдуу чындыктан алынган поэма.

Поэма өлүмгө эмес, өлбөс-өчпөс, анык махабат, адил, ак сүйүүгө арналган. Поэманын жаралыш тарыхына кыскача токтолсок, 2003-жылдын январь айында Бишкек шаарында эң кайгылуу окуя болуп өткөн. Азыркынын Ромео менен Жульеттасы, Олжобай менен Кишимжаны – Канат менен Заринанын сөөктөрү шаардын четиндеги

Чоң-Арык көрүстөнүнө он экинчи жана он үчүнчү январь күндөрү бири-бирине жанаша коюлган. Бул жыйнакка тунук, ак, чындап сүйүшкөн, махабатты өмүрлөрүнөн да жогору баалашкан эки жашка арналган чоң поэма кирген. Эки жаштын армандуу өлүмүнө карата «Канат менен Заринага гүлдесте» деген китепче да кошо чыкты. Буга белгилүү акындардын ырлары жана композиторлордун музыкалык чыгармалары киргизилген. Поэма башталганда эле:

Тагдыр буйруп, мен жаңы кылым көрдүм,
Ал кылымдын үчүнчү жылын көрдүм.

Андан ары капысынан жүрөктү титиреткен, кайгы артынан да кайгынын удаа келгендигин, мындай кайгыны тартам деген ою жоктугун, поэма жазууну ойлобой тургандыгын айтып келип:

«Кайсыл калем жактырсын муң жазганды,
Жазбай кое албадым, жаз деп айтты,
Жабыркаган жүрөгүм бул дастанды» – деп,

бул поэманын атайы ойдон чыгарбаганын билдирет.

Баштан аяк нак чындык, нагыз чындык,
Баары чындык, чындыкка ыр арнадым–

деп баш сөзүндө айтылган. Канат менен Заринанын аздектеген асыл ойлору, таза, жалындуу махабаты армандуу махабатка айланды. Муну уккан жандын баары таңданып, азыркы күндө да сүйүүнүн анык күчү кете электигине ынанышты.Бүгүнкү күндүн легендасына айланган эки жашты Чоң Арыкка чогуу коюшту. Тирүү кезде эле айтып жүргөн Канаттын «тирүү кезде сагынышып көрүшүп, өлгөн соң да бир болобуз экөөбүз!» деген сөзү да келди. Чындыгында сүйүү үчүн жаш өмүрүн кыйган Заринанын эмнеси кем Лайлиден, кыз Жибектен, Кишимжандан, Жульеттадан деген ой окурманга келээри шексиз.

Эки жашка элдин баары таң калды,
Булар сындуу шартка бекем жан барбы?
Чыгаан чыгып, үлгү болуп чыныгы,
Чындыгында ыйыктарга айланды.

С.Жусуев бул поэманы жүрөгү канап, көзүнөн жашы куюлуп туруп, чын дилден чыккан эң армандуу саптарды жараткан. Буга себеп болгон, биринчиден башкы каарман, ары жок ажалдын жеми болгон Канат Арунов өз небереси экендиги, экинчиден, эл ыйласа кошо ыйлап, эл жыргаса кошо жыргаган анык элдин акынын мындай зор, ыйык махабат баяны кантип эле колуна калемин карматпасын. Себеби буга чейин эле «Ак Мактым», «Ак Саткын» аттуу поэмаларында анык сүйүүнүн отуна түшкөн эки жаштын трагедиялуу тагдырын баяндаганын айтып кеттик. Андан соң өмүрлөрү трагедиялуу аяктаган эки жаштын тагдыры жөнүндө «Эки ашык» аттуу поэма жаратканын көрөбүз. Демек, биздин өтө сезимтал акыныбыз С.Жусуев сүйүү темасына келгенде бүт турпаты менен кошо кирип, жүрөгүн канатып, эң эле актуалдуу темага айландырганы анын чыныгы махабатты даңазалаган, таазим эткен улуулугунан, нагыз акындык күчүнөн кабар берет. Бул китеп азыр да колдон-колго өтүп, талашка түшүп турган убагы.

Ал эми ыр менен жазылган «Курманжан датка» романы өзүнчө сөзгө алынарлык чыгарма**.** Ыр менен роман жазуу кыргыз адабиятында саналуу. А.Токомбаевдин «Кандуу жылдары», А.Токтомушевдин «Алтын Тоосу», О.Султановдун «Адамдын турмушу», С.Жусуевдин «Курманжан датка» романын жана бүгүнкү күндө адабиятта сенсация жараткан «Раззаковдун тагдыры» романын гана айта алабыз.

Айтылуу Курманжан датка боюнча көптөгөн эмгектер басма беттеринде жарык көргөн. Айрыкча Т.Касымбековдун «Келкел» романында датканын көркөм элесин тартса, бир катар жазуучу-тарыхчылардын эмгектеринде да анын коомдон алган ордун баса белгилеп беришкен. Ал эми датканын өмүр жолун ийне-жибине чейин калтырбай тизип баяндаган акын Сооронбай Жусуевдин эмгеги өзгөчө оозго алынарлык. Бай тажрыйбага ээ болгондон кийин гана ал бул тарыхый инсанды жазууга батынды.

Мындай көлөмдүү жана терең чыгарманы жазуу үчүн бир топ жылдар бою керектүү материалдарды жыйнап, көп камылга көргөндөн кийин 1989-жылы баштап, 1992-жылы бүткөн. Андан кийин да романдын кол жазмасын кайра башынан аягына чейин карап, зарыл оңдоолорду киргизип, кошумчаларын кошуп, басмага даярдоого бир топ убакыт жумшап, «Руханият» ассоциациясынын спонсорлугу астында 1994-жылы басмадан чыккан. Бул романдан да С.Жусуев ыр жазууну чебери экендигин көрсөткөн.Ал ырдын эң татаал формасы болгон 7 саптуу строфалык түзүлүштө жазган. Романда да уйкашсыз саптарды табуу кыйын. Мында лирикалык пландагы ой толгоолор, каармандын ички дүйнөсүн ачууда тарыхый көркөм элестетүү, жалпы адамзатка тиешелүү болгон көптөгөн маселелер боюнча философиялык ой жүгүртүү романдын салмагын жогорулатып, иштин идеалдуулугун ачып таасирдүү деңгээлге жеткире алган.

Чыгарма жеке эле кыргыздар эмес, бүткүл Борбор Азия элдеринин тарыхында «датка» деген бийик даражаны алган, кийин орустар тарабынан «Алай ханышасы» (Алайская царица) деген ардактуу наамына ээ болгон саясий ишмер, акылман энебиз Курманжан датканын өмүр жолуна арналган.

Романда жеке адамдын өмүр баяны кыргыздар менен карым-катышта, тыгыз мамиледе болгон элдердин жашоо-турмушу, коомдук-саясий, социалдык абалы менен бирдикте чагылдырылган. Романда эң татаал форма болгон жети саптуу сонет формасында жазылып, мындагы эң негизги өзгөчөлүк-романда тарыхчылардын тиши өтпөгөн татаал маселелерди автор поэзиянын тили менен чечип бере алган. Себеби Сооронбай Жусуев «датка айымдын» ички дүйнөсүн, тереңге катылган ойлорун даана ачып берүүгө жетишкен. Курманжан аялзаттан чыккан ашкан акылман, даңкы таш жарган чыгармага материал болууга толук татыктуу инсан. Өкүнүчтүүсү, 1917-жылдан 1990-жылдарга чейин партиялык бийлик тушунда Курманжан датка сыяктуу инсандарга көңүл бөлүнбөй бейкапар көмүскөдө калышып, кийинки муундарга көп маалыматтар жеткен эмес.Сексенинчи жылдардын аягында гана Сооронбай Жусуевге Курманжан жөнүндө чоң эпикалык полотно жазууга толук эркиндик берилип, чыгармачылык максатын ишке ашырууга шарт түзүлгөн.

Алай. Алай. Алайды бүт каптап кар,
Адыры да, аскары да аппак кар.
Айланага көз жиберсең көрүнөт,
Аппак кыя, аппак кокту, аппак жар.
Ак оронгон чакан дарак, чоң дарак,
Айылдарды аралаган жолдор ак,
Адам дагы, ат да басат таптап кар,

-деп кең Алайдын көз кубанткан көркүнө ода ырдап, анын кыш мезгилиндеги айлананы ак кар баскан кооз көрүнүшүн кылдаттык менен ачып берет.

Чыгарма, токсон алты жаштагы Курманжан датканын Мадыдагы балдарын көрүү үчүн сапарга аттанганы менен башталат:

Бирок, датка курчу кеткен көзүнөн,
Сезип барат ушул кыштай өзүнүн,
Өмүрүнүн кышы келип турганын...

Бул башталууну символикалуу деп айтсак болот. Бекеринен акын кычыраган кыштын кар жамынган көрүнүшүн сүрөттөбөсө керек. Себеби Курманжан датканын жазгы күндөй жаркыраган жаштыгы эбак кетип, өмүрүнө кыш кирген. Бул анын эң акыркы сапары болчу.

К.Ташбаев белгилегендей, роман Курманжандын бүтүндөй өмүр жолун, ойноок, шайыр тентек кыз кезинен тартып, токсон алты жаш курагына жетип, байбиче болгон учуруна чейинки турмушун сүрөттөөгө арналган. Ошону менен бирге Түштүк Кыргызстандагы тарыхый окуяларды, ал окуяга тикеден-тике катышы бар инсандардын образын көркөм ыр саптары менен ачып берүүгө да көп аракеттер жумшаган.

Тарых боюнча Анжияндын акими Алымбек 1923-жылы аны чыккан жеринен биротоло ажыратып үйлөнөт. Курманжан Алымбек менен жыйырма тогуз жыл жашап, анын бардык мамлекеттик иштерине көмөктөш болгондугун Сооронбай Жусуев да бир кыйла чеберчилик менен ырга салган. «Ушунчалык узун өмүр жолунда, нени баштан өткөрбөдү Курманжан» дегендей, датка айым негизинен сый-урматтын үстүндө жүрсө да, ысык-суукту бирдей тартып, көп оор кайгыны башынан өткөргөн. Акын мына ошол окуяларды бир тилкеге салып, Курманжан жол жүрүп бараткан кезде өткөн турмушун эскерүүсү аркылуу сюжетти өнүктүрөт. Тактап айтканда, сюжет бир кылка ыргакта өнүгүп жүрүп отурат.

Алгач ирет ушул Жылуу-Булагын,
Көргөн кезин, ушул кырчын курагын,
Кайра эстетти анын күлүк кыялы...

Эң алгач анын ойноок бала чагы, андан соң бой жеткен селкинин ата-эненин сөзүн кыя албай Кулусатарга келин болуп кетип баратып, жол боюндагы «Жылуу Булакка» токтоп, «кайда кетсем, мени кайра алып кел, калкан болуп сактай жүргүн жанымды!» -деп сууга кайрылат. Бирок бул салт алдында алсыз аялзатынын аргасыз кайрылуусу болчу. Барган жеринде:

Бир карады-кызга жигит жакпады,
Шек билдирбей сырын ичке сактады,
Күйөө эмес Курман мындан бак көрчү-

деген саптар менен Курманжан күйөө сөрөйдү сындын элегинен өткөрүп да, өз бүтүмүн чыгарат. Бирге өсүп, чоңойгон курбусу Суксурга да акын бекеринен токтолгон эмес. Суксурду ыр жаздың деп көгала койдой союп, өтө деспоттук мамиле кылгандыгы үчүн шордуу кыз асылып өлүүдөн башка жол таба албайт. Демек, Суксурдун образын контрастка коюу аркылуу анан Курманжандын образы ачылат. Андан ары эмне болду? Албетте, тайманбаган баатыр кыз өзүнүн чыныгы өмүрлүк жарына жолукту -ал бакыт-таалайынын ачкычы Анжияндын акими Алымбектин колуна тийди.

Курманжандын Алымбек датка менен үй бүлөлүк турмушту башташы да романда көркөм чагылдыруунун ар түркүн ыкмаларында ишке ашат. Аял биринчиден өзүнүн сарамжалдуулугу менен Алымбекти ыраазы кылса, экинчиден, тез эле Алайлыктардын купулуна толуп, урмат-сыйга ээ болуп, кожоюнунун ишенимдүү кеңешчисинин деңгээлине жетет. Буга жетүүгө эмне себеп болду экен? -деген суроо туулушу мүмкүн. Бизге белгилүү болгондой, Алымбек Кокон хандыгындагы саясий күрөштөргө катышып, хандын эң жакын кишилеринин бири болуп жүргөн. Ошондуктан, Курманжандын дүйнөгө болгон көз карашы, кулк-мүнөзүнүн өзгөрүшүнө өтүп жаткан саясий окуялар зор таасир эткен. Эл ичинде тез эле кадыр-барк тапкан Курманжан жары Кокон шаарында өз кызматын аткарып жүргөн мезгилде анын ордун басып, алайлык кыргыздарды башкарып турган. Бул анын акылынын тетиктигин, адамдык парасатынын күчтүү экенин айгинелейт

Курманжан тоолук элдин турмушундагы ар кыл маселелерди, кээде барып турган өтө татаал маселелерди чечүү туура келген. Ошондуктан аны алайлыктар Алымбек даткадан кем көрбөй ар кыл арыз-муңдарын айтып чечип берүүнү суранышып Курманжанга кайрылып турушкан.

Романда Алымбектин образын ачууга да андан кем эмес көңүл бөлүнгөн. Ал даражага, атак-даңкка ышкылуу мансапкор, тайманбас эр, Ошол эле учурда кыраакы башкаруучу катары элдик киши болуп сүрөттөлөт. Мисалы,

Мансап самоо жумшап бардык жан-алын,
Жалгыз гана максаты эмес ал анын,
Башы кыйшык башчылардан кокондук,
Талашуу эле тоолук элдин таламын.

Курманжандын образы күйөөсү Алымбек датканын образы менен айкалышта, а түгүл карама-каршылыкта өнүгүп жүрүп отурат. Бул инсандардын эң алгачкы пикир

келишпестиги Курманжандын жаңы келин болуп келип, эл оозуна алынган мезгилден башталат. Ага ичи күйгөн Алымбектин туугандары даткага тескери кабарларды жеткирип, каары кайнаган Алымбек Кокондон келип, Курманжанга кермек, кекээр сөз айтат. Буга туугандарынын: «Алымбектин кайда кеткен акылы//Адамдарды бийлеп алды катыны//Алайды бүт катынына бийлетип//Өзү катын болуп турат акыры!» -деген сөздөрү сөөгүнөн өтүп, чучугуна жете жаздаган. Ошон үчүн шашылып келгенин сезген Курманжан астына даам коюп, төмөнкүдөй жүйөөлүү сөздөр менен датканы уят кылат:

Мен барк алсам, демек сиздин баркыңыз,
Аракетим - сиздин ишти колдомой,
Ак дилимен сиздин жолду жолдомой,
Асыл даткам, ачууңуздан кайтыңыз.

Мындай жүйөөлүү сөзгө датка жумшарып, Курманжандын ташты эриткен сөзүнө таң калганы романда жакшы берилген.

«Коога артынан коога» бөлүмүндөгү ханга каршы козголоңдо бийлик талашкан Алымбекти Мусулманкул жолдон алып салаарда Курманжан сактап калганы да абдан көркөм берилген. Ал Алымбектин кемчиликтерин тайманбай айтып, дайыма оң жолго салып турганын акын романда ишенимдңң баяндоого жетишкен. Алсак, датканын Кашкардагы козголоңго катышканына жаны ачып, төмөнкүдөй ачуу сөздөрдү айтат:

«Жалаңга!» деп айтсам , кирип жаңгелге,
«Тегизге!» деп айтсам, түшүп аңгелге,
«Бурулбаңыз!»десем, салып терс жолго,
Түшпөдүңүз түз кетүүчү даңгелге.
Узун жолду көп байкабай баратып,
Урулбаңыз өткүр миздүү маңгелге!..

Мындагы Курманжандын датка күйөөсүн жемелегени орундуу берилген. Даткага жарынын ачуу сөзү көп тийсе да, акыры келип ал күнөөлүү экенин сезбей койгон эмес. Бирок бийлик кумары аны кайрадан Кокондун кан жыттанган ордосуна апарат. Көп өтпөй Малахан орустарга каршы жүрүш жасоого чакырат. Ошондо Алымбек датка тайын ат арытып, асыл жарынын кеңешин укканга зарылып келет. Датка айым Алымбекке элдин убалына калбаңыз дегендей кеңеш берет:

Хан алкышы, калк алкышы бийикпи?
Же сиз калкты, же сиз ханды тандаңыз,
Калсаңыз да, жалгыз хандын каарына,
Калың журттун каргышына калбаңыз!

Бул сунушту аксакалдар да колдойт. Ошондо ар дайым атакка умтулган датка эл сөзүнө, акылман жарына баш ийип, элди урушка салбастан, аскерлерди артка ээрчитип жөнөйт. Бул кылыгы үчүн бийликтен четтетилип, акыры өзү такка отургузган хан тарабынан куугунтукталат.

Романдагы көркөм сөз каражаттарын талдоо – бул көркөм чыгарманын негизги өзөгү эмеспи. Демек, «Курманжандын» беделин жогорулаткан андагы көркөм сөз каражаттары анын жүзүн жакшылап ачууга чоң өбөлгө болот.

Өзгөчө белгилеп кете турган нерсе, Курманжан датканын эң негизги принциби - өзү башкарган аймактын биримдигине шек келтирбөө эле.

Кан шырылдап, кырылганча миң киши,
Кантем...кантем...жанын берсин бир киши,

-деп, өз баласын өлүмгө өкүм чыгарылышын чыдап көтөрүүдө канчалык эрк, акыл талап кылынат.

Өлсөң уулум, эркектей өл, эрдей өл!

Өлөрдө да эч намысың бербей өл!-дейт ал баласына.

Эненин кайраты Камчыбектеги коркуу сезимин артка түртүп, өлүмгө тике караганы анык баатырдыгынын мисалы. Атанын ар намыстуу уулу экендигинин анык үлгүсү. Ошондой кубат, кайрат менен бирге Курманжандагы энелик сезимди кантип танабыз. Ал

таш болсо да баласын асып жаткан каардуулукту кантип чыдап карап тура алмак эле... Эне ичинде мындай сүйлөйт:

Уулумдун туруп жанында,
Уулумду салдым жалынга...

«Не конуп бийик атка мен//не болуп жүрөм датка мен» - деп уулун куткара албаганына ичи өрттөнөт. Ошол учурда датка эне карапайым энелерге окшоп кайгы тартат, баласынан ажыраткандарды каргаганы табигый көрүнүш.

Курманжан датка өмүрүнүн биринчи жарымында аздыр-көптүр жакшылык көрүп, тынч турмушта жашаса, өмүрүнүн экинчи жарымында кайгы-муңдан арылган эмес. Тагыраак айтканда, баштагы курч, бийликке тике караган инсандан өмүрүнүн аягы ошентип трагедияга айлангандыгын акын Сооронбай Жусуев талантынын бардык күчүн жумшап, окурмандар алдында ачып бере алган.

Жыйынтыктап айтсак, Сооронбай Жусуевдин «Курманжан датка» романы чоң акындын кыргыз адабиятына кошкон чоң салымы болуп эсептелет. Албетте, кыргыз элинин өткөндөгү тарыхынын маанилүү этабын чагылдырган бул эпикалык чыгарма акындын өтө маанилүү жеңиши. Оюбузду жыйынтыктап жатып, Сооронбай Жусуевдин талантынын, чеберчилигинин дагы бир кырларын эскерте кеткибиз келет: биринчиден, Сооронбай Жусуев бул чыгармасында «түндүк», «түштүк» деп элибизди бөлүп-жарууга түздөн-түз каршы. Акындык күчүнүн негизи дал ушул ойду так жана көркөм чагылдырып беришинде.

Экинчиден, илим-билимге жетишүү жүрөгүн өйүгөн олуттуу маселелердин бири болгон. Бул Молдо Ниязга арналган бөлүмүндөгү ойлордо даана көрүнөт. Датканын ушул эки тилеги тең азыркы өз алдынча мамлекет катары жашаган Кыргызстанда толук ишке ашкан.

Бул роман боюнча адабиятчы К.Артыкбаев төмөндөгүдөй оюн билдирген: «Бир гана эскерте турган нерсе — романды баштан-аяк окуп отурганда автордук баяндоонун бирдей ыргакта кайталанып жүрүп отурушу окуучуну бир аз зериктирип жибериши мүмкүн. Бирок, бул романдын жалпы идеялык-эстетикалык деңгээлинин, көркөм табылгаларынын мол экендигине эч кандай кедерги боло албайт.»[1]

Эскерте кетчү нерсе, 2004-жылы «Курманжан датка» романы басмадан экинчи жолу чыккан. Себеби бир чети өзүнө талапты катуу коё билген С.Жусуев чыккан чыгармасын дагы бир жолу эрикпей карап чыкса, экинчиден бул китептин кээ бир окурмандарга жетпей калып, сурагандардын саны көбөйгөндүктөн чыгарды деген ойдобуз. Бул китептин экинчи жолу чыкканы эң жакшы көрүнүш катары кабыл алсак болот.

Живописчүлүк — Сооронбай Жусуевдин лирикасынын жаны. Сөздөр да көп катмарлуу, көп ырлуу, аларда күч, жигер, өмүр да бар. Акын кубулуштардын табигый айкалышындагы жөнөкөй көзгө байкалбаган көз ирмемчелик учурларды кармай билет.

С.Жусуев кубанычын да, кайгысын, жакшы көрүүсүн да, таарынычын да эч качан кургактап, жөнөкөй сөздөр менен айтпастан, дайыма салыштыруу же болбосо ой түрмөктөрүнүн урунттуу учурлары менен кайрыйт. Ал кайрыктарда философиялык терең ой түйүндөрү, акыл-насаат, этиканын мыкты белгилери чагылдырылат.

Коом жана адам, ата жана бала – бул түбөлүктүү проблемалар. Адамсыз, адам коомусуз дүйнөдөгү колдун да, жыттын да, гүлдүн да, дарактын да, салмактын да, сулуулуктун, кыскасы, табийгаттын бардык кооз көрүнүштөрү эч кандай маанига ээ эмес деген терең философиялык жыйынтык чыгарат. Бул жерде акын жаратылыш көрүнүштөрүн саноо менен чектелбейт. Тескерисинче, алардын ар биринин ички маңызын ачып, аларды адамдын тагдыры менен диалектикалык бирдикте карайт. Албетте, философиялык лириканын сферасы чексиз, бирок, ошондой болсо да анын мазмунун адам, анын өмүрү менен өлүмү, бактысы менен келечеги түзөт.

[1] Артыкбаев К. Сыйлыкка толук татыктуу чыгарма// Аалам.-1994.-22-июнь.-5-б.

О, татаал, кандай татаал адам жолу?
Карасаң, адам назик, адам – долу,
Адамды адам өбөт жүрөгү эрип,
Адамга канжар малат адам колу.
Эң оңой жырткыч болуу бир заматта,
Эң кыйын «өмүр бою» адам болуу –

деп адамдык наамды актоо баарынан кыйын, баарынан барктуу экенин көргөзүү С.Жусуевдин лирикасынын негизги пафосун түзөт.

Ал эми Исхак Раззаковдун бүтүндөй өмүрүн чагылдырган «Раззаков тагдыры» деп аталган көлөмдүү жана көркөмдүк-идеялык маниси зор романды ырга айлантып салганы адабият жаатында чоң сөзгө алынды. Акындын бул эрдиги анын талыкпай иштеген анык сөз чебери экендигин дагы бир жолу далилдеп койду.

Адабияттар:

1.Жусуев С. Курманжан датка. Ыр менен жазылган роман. – Бишкек: Руханият, 1994.-304 б.
2.Жусуев С. Адамдар. –Бишкек: Кыргызстан,1997.-238 б.
3.Жусуев С. Миң кайрык. Ыр китеп. – Бишкек: Шам, 2000.- 423 б.
5.Жусуев С.. Канат менен Зарина. – Бишкек: Бийиктик, 2003.- 194 б.
6.Жусуев С.О,анда көктөм эле.–Бишкек: Бийиктик, 2004.-168 б. 7.Жусуев С.Таберик.–Бишкек:Бийиктик,2010.-327 б.
8. Жусуев С. Раззаковдун тагдыры.- Бишкек,2004.-480 б
9. ЖусуевС. Согуш жана жеңиш.–Бишкек:Бийиктик,2010.-445 б.

Иманалиева Ч.Д. ПОДГОТОВКА К СЕМЕЙНОЙ ЖИЗНИ КАК ПРЕДМЕТ ИССЛЕДОВАНИЯ В ПСИХОЛОГО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ ЛИТЕРАТУРЕ

Семья, как сейчас, так и ранее, всегда находилась на острие решения каких-либо социальных задач в человеческой истории, всегда выступая и субңектом, и обңектом в этих социальных коллизиях, постоянно изменяя свою природу. Происходящие в последнее время политические преобразования, изменения в социально-экономической жизни государства и общества, несомненно, влияют и на семейные отношения. Что проявляется в нестабильности брачных отношений, снижении воспитательной функции семьи. Юность - это время выбора жизненного пути. Юноши и девушки строят планы, которым суждено или не суждено будет сбыться в зрелости. Начинается и реализация поставленных целей - работа по выбранной специальности, учеба в учреждениях профессионального образования, создание семьи.

Семья может выступать в качестве как положительного, так и отрицательного фактора развития человека. Положительное воздействие на личность каждого члена семьи состоит в том, что никто, кроме самых близких для него людей не относится к нему лучше, не любит его так и не заботится столько о нем. И вместе с тем никакой другой социальный институт не может потенциально нанести столько вреда, сколько может сделать семья.

Насколько **кыргызский институт** семьи и брака в процессе социально-экономических перемен приобретет новые или лишится старых своих качеств, зависит от отношения современных старшеклассников к семейным ценностям: супружеству, родительству. Ведь именно им в недалеком будущем создавать новые семьи.

Проблемы семейного воспитания подростков являются одним из самых актуальных в педагогике и психологии.

Во-первых, это обңясняется особенностями физиологического и психологического развития ребенка в подростковом возрасте. Современный ребенок

подросткового возраста живет в мире сложном по своему содержанию и тенденциям социализации. Это связано с темпом и ритмами технико - технологических преобразований, предъявляющих к подросткам новые требования, а также с насыщенным характером информации, которая создает массу впечатлений, глубинно воздействующих на ребенка подросткового возраста, у которого еще не выработана четкая жизненная позиция. Кроме этого различные экологические и экономические кризисы, политические потрясения (что особенно характерно для современного Кыргызстана) вызывают у подростков чувство безнадежности и раздражения. Дети подросткового возраста больше других возрастных групп страдают от нестабильности социально-экономической, политической обстановки в стране, особенно в настоящее время, когда старые ценности и идеалы уже разрушены, а новые не созданы. В этих условиях семья в развитии подростка как личности играет особую роль.

Во–вторых, как показывает современная действительность, подростковая преступность растет во всем мире. Преступность подростков как правовая категория относится к тем детям, кому в момент совершения преступления уже исполнилось не менее четырнадцати и не более восемнадцати лет. Согласно законам Кыргызстана, те, кому исполнилось 18 лет считаются уже взрослыми людьми, совершеннолетними и подчиняются общим юридическим положениям. Как отмечал С.Макаренко, несовершеннолетние правонарушители - обыкновенные дети, попавшие в неблагоприятные условия воспитания.

В-третьих, как известно, атмосфера, царящая в семье, имеет первостепенное значение, чем социальное положение семьи в целом. Как свидетельствует статистика, значительная часть несовершеннолетних детей, совершивших преступление, воспитывалась в семье. В связи с этим особо возрастает актуальность, необходимость исследования семьи как социальной среды, в которой формируются личностные качества ребенка. Необходимо всесторонне исследовать проблемы, связанные с упрочением и стабилизацией морального и уголовного статуса семьи как исходного социального института, так как стабильность семьи определяет стабильность общества в целом, а также динамику его дальнейшего развития. Формирование личности ребенка во многом обуславливается атмосферой, которая царит в семье. Поэтому А.С.Макаренко, обращаясь к родителям, писал: “Малейшие изменения в тоне ребенок видит или чувствует, все повороты вашей мысли доходят до него неведомыми путями”[5, 347].

Воспитание чувств и формирование отношений, которые происходят в семье, в будущем становятся нормой поведения человека, определяя его моральную позицию в обществе. Личный пример родителей, их убеждения, идеалы, их отношение к людям, к миру, нравственные качества человека являются общественными факторами успешного воспитательного процесса в семье.

В стратегическом плане воспитания и формирования личности подростка важнейшей задачей педагогики является разработка путей совершенствования личности, приоритетного развития ее лучших качеств в условиях семьи. Поэтому Р.Д. Азимова подчеркивала: “Специальная разработка семейной этики, семейной педагогики сегодня становится требованием дня. Такие разработки должны стать истинными друзьями и советчиками для тех, кто готовится к воспитанию детей” [2, 19].

В связи с этим научное прогнозирование системы воспитания, взаимодействие общественного и семейного воспитания подразумевает, прежде всего, определение основных целей в разработку крупномасштабных мер, которые обеспечивают достижение этих целей. Еще более важно дать этой стратегии историческое обоснование. Важно найти в историческом прошлом те основные идеи, которые могли бы обеспечить значимость и правомерность их реализации. В этом плане наследие зарубежных, российских прогрессивных педагогов представляет огромную ценность.

Вопросы семейного воспитания волновали мыслителей еще с эпохи древности. Так, различные его аспекты отражены в трудах Аристотеля, Демокрита, Платона, а

также ряда зарубежных педагогов прошлого: И.Р.Гербарта, И. Гессена, Я.А. Коменского, Дж. Локка, И.Г. Песталоцци. Одним из первых обоснование подростковому возрасту дал Ж.Ж.Руссо. Вопросам семейного воспитания большое внимание уделяли революционные демократы: В.Г. Белинский, А.И. Герцен, Н.А. Добролюбов, Н.Г. Чернышевский и другие, которые считали, что семейному воспитанию принадлежит большая роль во всестороннем и гармоничном развитии молодого поколения. Но подлинно научные основы семейного воспитания в России стали активно разрабатываться в 60-90х гг. Х1Х века на основе обобщения и обоснования опыта. Именно в эти годы возникла гуманно-демократическая система семейного воспитания, основанная на идее народности. Определенный вклад в ее разработку внесли М.И. Демков, П.А. Лебедев, Д.Д.Семенов, К.Д. Ушинский и др. Наиболее значительный вклад в педагогику в это период внесли такие видные мыслители, как В.М. Бехтерев, Е.Н. Водовозов, А.И.Герцен, А.М. Горький, И.И. Давыдов, Н.М.Карамзин, А.П. Куницын, Н.И. Новиков, А.Д. Островский. Н.И. Пирогов, Д.И. Писарев, Л.Н. Толстой, Н.В. Шелгунов и др.

Проблеме роли семьи в профилактике нарушений несовершеннолетних подростков большое внимание уделяли известные педагоги: основатель колонии им. М.Горького для несовершеннолетних правонарушителей А.С. Макаренко, лауреат Государственной премии РСФСР, заведующий лабораторией воспитательной работы в детских домах и школах-интернатах для сирот Альберт Лиханов, русский педагог, один из основателей методики семейного воспитания, автор книги “Семейное воспитание ребенка” – П.Р. Лесгафт, детский психиатр М.И.Буянов, раскрывающий психологические состояния и психические растройства, возникающие у детей, живущих в неблагоприятной семье и др., педагог – новатор Ш.А.Амонашвили, И.А.Ильин, С.Н.Лысенкова, В.А. Сухомлинский, а также, философы, социологи и демографы: И.В. Бестужев-Лада, С.В. Ковалев, В.И. Переведенцев, Н.Я. Соловьев и др.

Семейное воспитание выделено как один из главных аспектов формирования личности в трудах педагогов и психологов: так, педагог И.Р. Харламов в своей работе доказывает, что семейное воспитание выступает в качестве решающего средства, с помощью которого реализуется социальная программа развития личности, развиваются задатки и способности человека. Педагоги Б.З. Вульфов, Ю.М. Орлов, М.А. Поташник считают, что на духовно–нравственное формирование личности подростка влияет процесс самовоспитания. Проблема семейных конфликтов и их влияние на духовно-нравственное формирование личности подростка раскрыта педагогами: Е.М. Волковой, В.Шуман. Интересными являются исследования Н. Вайзмана об особенностях поведения трудных подростков. Проблемам семей, допускающих безнадзорность подростков, которые живут в основном вне дома и школы, в компаниях сверстников, посвятили свои работы педагоги: А.Запесоцкий, Л. Петровская, А.Райин и др. Среди работ, изданных в советское время, особо необходимо отметить работу Вадима Андреевича Крутецкого “Психологические основы воспитания подростков в семье” [4]. В ней автор подчеркивает, что, рассматривая проблему воспитания подростков в семье, нужно учитывать следующие основные моменты: 1) анатомо-физиологические и психологические особенности подростка. При этом нужно отметить, что каждая семья должна быть вооружена комплексом знаний об индивидуальных наклонностях ребенка, его психофизических особенностях, а также минимумом знаний по этике. Так Л.Гордон в своей статье “Семейная педагогика и проблема воспитания подростка” [3, 43], считал, что необходимо создать “систему специальных учреждений, способствующих педагогическому обучению родителей”; 2) вторым немаловажным аспектом в воспитании подростков в семье, как считает В.Крутецкий, является развитие нравственного сознания и нравственного поведения в подростковом возрасте и пути их воспитания в семье; 3) третья проблема, которая вызывает затруднения у родителей – это половое воспитание в подростковом возрасте. Нужно признать, что половое

созревание неизбежным образом влияет на психическое развитие подростков. И наконец, четвертая, немаловажная проблема – это осознание особой роли труда в нравственном воспитании подростка.

Нравственные аспекты семейного воспитания подростков нашли отражение в работах и современных педагогов и психологов: Ю.П.Азарова, Л.С.Айзермана, С.Богдановой, Г.Н.Волкова, Л.Ю.Гордина, В.М.Коротова, Б.Т.Лихачева, Р.Д. Азимовой и др. Так, в работе Р.Д.Азимовой "Семья и нравственное воспитание подростка" [2, 52] анализируются воспитательные функции семьи, влияние морально-психологического климата в семье на формирование нравственной зрелости подростка. Особое внимание обращается на необходимость углубления более гибких и творческих взаимосвязей семьи с микроколлективами, такими, как детский сад, школа, трудовой коллектив. Особое внимание автор обращает на воспитание у подростков определения меры различных потребностей. Часто, обеспечивая им максимум удобств и благ, родители превышают разумную меру заботы и наносят тем самым сильный урон воспитанию. Как отмечал Жан Жак Руссо, "верный способ испортить человека - это дать ему все и не требовать ничего".

В работе А.К.Миноварова "Педагогические условия повышения эффективности семейного воспитания" [6] освещаются оптимальные условия подготовки родителей к семейному воспитанию школьников, а также взаимодействие школы, семьи и общественности в целях совершенствования воспитательного процесса. В ней подчеркивается: "Педагогическая грамотность родителей и взрослых – необходимое условие повышения эффективности семейного воспитания, где организующим центром должна стать школа" [6, 106].

Однако, нужно признать, что проблема влияния семьи и семейного воспитания в новых исторических условиях не нашла должного всестороннего освещения. Особенно остро стоит эта проблема в исследованиях педагогики и психологии у нас в республике. Эта проблема была частично исследована в 70-90е гг. XX в. в работах ученых Кыргызстана, таких, как, Кусеинова З.К., Тимофеева Л.Ф., Абдыраимова Р., Конурбаев Т. и др. Так, в 1992 г. в Бишкеке вышла в свет небольшая работа скорее не научного, а практического характера Сенук Алисы "Родителям об отношении к воспитанию детей и подростков" [11]. Книга содержит некоторые научно-психологические рекомендации родителям и лицам, связанным с воспитанием детей и подростков как будущих семьянинов. В ней подчеркивается, что именно в подростковом возрасте привитие представлений о семье как высшей ценности имеет актуальный смысл для всех людей, независимо от языка, национальности, возраста и социального положения.

Автор считает, что особое знание имеет введение в школе курса этики и психологии семейной жизни. При этом она подчеркивает: "Но запоздалость (вводится в 9 классе) и абстрактно-теоретическая направленность этого курса, диссонанс с психолого-возрастными особенностями нынешних акселератов" еще раз доказали, что пироги все же должен и своевременно печь пирожник, а сапоги тачать – сапожник. Поэтому следует признать: никто, кроме родителей, и никто лучше родителей не сможет воспитать своих детей в плане подотовки их к будущей самостоятельной жизни, немаловажную часть которой составляет счастье, удача, мир, спокойствие и лад в личной семейной жизни.

А.Сенук дает следующие рекомендации по воспитанию подростков как будущих самостоятельных семьянинов: а) приучение их к труду в домашнем хозяйстве, общественно-полезному труду в школе (подготовка к будущей профессиональной деятельности), б) обучение навыкам, умениям и привычкам, нравственно-этического поведения и отношения к себе, окружающим людям и природе" [11, 46].

Роли семьи в воспитании детей посвящена книга Р.А.Абдыраимовой "Киргизская этнография и воспитание детей" [1]. В ней подчеркивается: "Среди всех социальных институтов, оказывающих влияние на ребенка, первостепенная роль принадлежит семье,

которая обладает значительным воспитательным потенциалом, где существуют благоприятные условия для создания психологического микроклимата, оказывающего положительное влияние на личность ребенка" [1, 116].

При этом автор подчеркивает, что одной из важных задач в деле развития и воспитания личности является приобщение детей к национальной культуре, формирование у них положительного отношения к кыргызскому национальному творчеству. Проблема воспитания детей средствами этнопедагогики является частью проблемы духовного и нравственно-эстетического воспитания личности на основе национального искусства.

Необходимость решения проблемы подготовки молодежи к брачно-семейным отношениям обусловлена самой исторической ситуацией, сложившейся к началу третьего тысячелетия и характеризующейся осознанием новой системы ценностей, новой стратегией и тактикой поведения человека, а, следовательно, и новыми подходами к его образованию. Наиболее важными нам представляются следующие тенденции развития общества.

Во-первых, современный этап общественной жизни сопровождается повышением требований социальной среды к гибкости человеческого мышления и поведения, к самостоятельности и ответственности за свою судьбу и судьбы других людей, к осмысленности прохождения жизненного пути, пониманию и разрешению противоречий современного человеческого бытия в его различных сферах, включая брачно-семейную.

Во-вторых, в нынешних условиях семья, переживающая материальные и духовно-психологические трудности, не всегда может гарантировать полноценное выполнение своих функций, которое является необходимым условием для сохранения преемственности поколений, развития личности и общества в целом, общественной стабильности и прогресса, и поэтому именно образование должно поддержать личность в период сознательного и ответственного поиска жизненных идеалов.

В-третьих, *в современном Кыргызстане и мире,* в целом, остро стоит вопрос об изменении отношения к семье, а именно - о необходимости рассматривать семью как самоценность. При этом на первый план выдвигаются морально-этические качества партнеров, проблема удовлетворенности браком, требования супругов друг к другу. Успешность брака и стабильность семьи в первую очередь зависят от личностной готовности вступающих в брак индивидов, их способности к саморазвитию, самосовершенствованию.

Таким образом, в педагогической теории возникает настоятельная необходимость искать пути решения проблемы формирования готовности молодежи к созданию семьи, которые было бы возможно применять в педагогической практике.

Литература:

1. Абдыраимова Р.А.Киргизская этнография и воспитание детей. - Киев, 1997.
2. Азимова Р.Д. Семья и нравственное воспитание подростка. - Баку, 1978.- С.19.
3. Гордон Л. Семейная педагогика и проблема воспитания подростка // Воспитание молодежи в развитом социалистическом обществе: Сб.- Ч. 2. - М., 1973.
4. Крутецкий В.А. Психологические основы воспитания подростков в семье. - М., 1974.
5. Макаренко А.С. Соч. - Т 4.- М., 1957.
6. Миноварова А.К. Педагогические условия повышения эффективности семейного воспитания. – Ташкент: РАН, 1989.
7. Мудрик А.В. Введение в социальную педагогику. – М., 1997.
8. Никандров Н.Д. Россия: социализация и воспитание на рубеже тысячелетий / Педагогическое общество России.- М, 2000.
9. Платон. Государство // Соч.- В 3 т. – М., 1972 .– Т. 3.
10. Сенук А. Родителям об отношении к воспитанию детей и подростков – Бишкек., 1992.

Исаева С. ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫ: ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ӨНҮГҮШ БАГЫТТАРЫ

Заман дайрадай оодарылып кетти. Кол созсоңор эле коммунизимге жетебиз деп коммунизмдин ынанган куруучуларын тарбиялаган кайран социализм да тарыхтын бир бүктөмүндө кала берди. «Рынок экономикасы» деген масканы бетине жамынып капитализм эшикте ээн жердин бөрүсүндөй «эркелеп» турган кези.

Мына ушундай коомдук формациянын алмашышы, экономикалык мамилелердин түп тамырынан бери өзгөрүшү, кечээки баалуктар менен көркөм нарктардын бүгүн өзүнүн принципиалдуу жүзүн жоготуп отурушу, адабиятыбызды да кошо өзгөртүп, жаңы доордо жаңы адабияттын пайда болушун алып келди. Себеби, ар бир коомдун, доордун социалдык-экономикалык, коомдук-психологиялык шарттары адамдын дүйнө кабылдоосуна таасирин тийгизбей койбойт. Ошондуктан, акын болобу, жазуучу болобу өзү жашаган коомдун күрөө тамырын кармап, көргөнүн жазары да чын. Анын үстүнө адабият менен искусство жаралгандагы эле талабы адам дүйнөсүнүн күзгүсү болуп саналат эмеспи. Мына ушул жагынан алып караганда да бүгүнкү акын, жазуучуларыбыз да азыркы доордун «көзү» менен карап жаза баштады.

Мамлекетибиз эгемендүү болуп, сөз эркиндигине ээ болгонубуз бир эсе кубанычтуу болсо, экинчи жагынан эң өкүнүчтүүсү жалпы менчикти жоюу маселесине келгенде кечиримсиз каталардын келтирилиши элдин жашоосун кескин өзгөрттү. Эл бай, кедей деп экиге бөлүнүп, өз айласын таппай калган өлкөбүз маданият менен адабиятка эч көңүл бурбай, ар кимиси өз арбайын сого баштады. Каржылоонун жоктугунан китептер, адабий журналдар, адабий гезиттер жарык көрбөй, элдин көбү кара курсакты тойгузуунун камында болду. Натыйжада акчасы барлар «акын», «жазуучу» болуп чыга келди. Алар том-том сырты жалтырак, ичи калтырак китептерин чыгарып, көркөм чыгарма да «товар» катары пайдаланыла баштады. Басмаканалар да коммерциялык мүнөзгө өтүп, акчасын алып келгендердин китептерин көркөмдүк жагына эч көңүл бурбай чыгарууга өтүштү. Бул убакта таланттуу акын, жазуучулардын көбү китептерин чыгара албай отуруп калышты.

Мындай адабиятка болгон өгөй мамиле экономикалык жактан жакырланып, муңкурап турган элди руханий жактан ого бетер жакырлантты. Мурунку совет мезгилиндегидей беш миң, он миң нуска менен китеп чыкпай, элге чыныгы көркөм адабий китептер жетпей, анын ордуна коммерциялык мүнөздөгү «Бриллиант жылан», «Министрдин кызынын махабаты», «Өгөй кыз» ж.б.у.с. көптөгөн китептер популярдуу болуп, жаштарыбыздын көркөм чыгармага болгон табитин төмөндөтүп жатат. Ал эми радио менен телевидение бирин-бири жамандаган саясатчылар менен «шоу бизнестин» «жылдыздарынан» адабият менен искусствого орун тийбей калды. Өзгөчө компьютердин заманында радио, телевидение, интернет сыяктуу маалымат каражаттарынын тездик менен өнүгүшү сыяктуу факторлор да адабий кризиске алып келишине мүмкүн экенинин көрсөттү. Ошондуктан, көркөм адабияттын адамдын адам болуп калыптанышындагы кызматы, таасири, аткарган милдети зор экенин келечек муунга кеч боло электе түшүндүрүү бүгүнкү күндүн кечиктирилгис чоң проблемаларынын бири.

Ошентип жаңы доордо да бул ишке баш оту менен киришип, ырсыз өмүр сүрө албай калган акындарыбыз гонорарга да ыраазы болуп, тойо ичип жебесе да, аз нускада болсо да китептерин чыгарып иштеп келе жатышат.

Ырас, азыркы кыргыз поэзиясы совет мезгилиндегидей көркөмдүк-эстетикалык жактан бийик өсүп, өнүгүп кетпесе дагы бүгүнкү күндө окула турган жыйнактардын чыгып жатканы талашсыз. Бирок, ал китептер, элге жетпей жатат, анткени өтө аз нускада чыгып, ал кичинекей бир гана чөйрөдөн чыкпай калууда. Ал китептерди жөнөкөй окурмандар эмес, изилдөөчүлөр таппай кыйналууда. (Бул жагынан да маселе абдан көп).

Жогоруда белгилеп өткөндөй акыркы он-он беш жылдын ичинде проза менен драматургияга караганда поэзия көп иштелди. Аны 1990-2000 жылдары жарыкка чыккан төмөнкү китептердин тизмеси көрсөтүп турат. Алар: Н.Байтемировдун «Махабат нуру», «Кылымдар деми», «Махабатым-элим жерим, ата –тегим», С.Жусуевдин «Күмүш булак», «Адамдар». Э.Ибраевдин «Эсенгулдун ырлары», «Чыгармалар жыйнагынын төрт томдугу», С.Эралиевдин «Кезиктиң күүлөр ээси поэзия», «Ак таңдар», Ж.Садыковдун «Кеч күздөгү мөмөлөр», О.Султановдун «Жан берели сүйүүгө», «Ашуу төр», «Чыгармаларынын көп томдугу», Э.Турсуновдун «Автопортрет», А.Өмүркановдун «Күндөгү так», «Асмандуу жылдар», «Тушалган чагылган», «Чыгармалар жыйнагынын эки томдугу», Ш.Дүйшеевдин «Арабадагы ыр», «Шакен азган», «Шамал», С.Абдыкадырованын «Таң нуру», А.Жакшылыковдун «Тандалган чыгармалардын беш томдугу», С.Тургунбаевдин «Күндүн көзү», Ү.Асаналиевдин «Чыгармаларынын үч томдугу», К.Артыкбаев «Дил сыры», Н.Алымбековдун «Чыгармаларынын үч томдугу», Б.Алыбаевдин «Катаал күндүн ырлары», Т.Бекболотов «Муздак тамчылар», К.Култегин «Жүрөк конушу» ж.б. бул кийинки жылдары чыккан ыр жыйнактардын толук эмес тизмеси. Мындан сырткары орто жана жаш акындардын, акын кыздарыбыздын бир топ жыйнактары жарыкка чыгып, бүгүнкү күндө пикир айтууга муктаж болуп турган убагы. Ошондой эле бул жер жайнап чыгып аткан ыр китептердин көбүндө жаңыча ой айтууга, жанрдык-стилдик жактан көп түрдүүлөнө баштаганына карабастан жарк этип чыккан талант көрүнө электиги бизди өкүндүрөт.

Жогорудагы саналып өткөн өткөөл мезгилде жарык көргөн китептердин көбүндө заман жана сүйүү темасы кайрандан жанданып, көп иштелип, жаңы мазмунга ээ болгондугу ачык көрүнөт. Мисалы Н.Байтемиров «Кылымдар деми» жыйнагында ал өзүн чыныгы акын катары көрсөтүп, ырларынан адам баласынын ички жан дүйнөсүндөгү ыймандык тазалыгы, ак ниеттик менен кара ниеттик, күнүмдүк тиричилик, заман жөнүндөгү философиялык омоктуу ойлорду арбын кездештирүүгө болот. Анын «төрт сап», «эки сап», «бир саптан» турган ырларында да терең мазмунду берүүгө жетишип, өзгөчө «бир саптан» турган санат насыят ырларына жакын ырларында да конкреттүү, предметтүү, образдуу айтууга жетишет.Ал эми “Шабдан”, “Байтик” жөнүндө дастандары бир топ эргүү менен жазылса да, бул тарыхый инсандардын образы көркөм ачылбай калган.

Эгемендүү жылдары мурунку мегилдегидей эле көп эмгектенип, ыйык адамкерчиликке, элинин келечек бейпилдигин тилеген татынакай ырларды жана “Курманжан датка” аттуу ыр менен жазылган романын тартуулаган С.Жусуевдин да эмгеги зор. Ал эми Ж.Садыковдун “Кеч көздөгү мөмөлөр” аттуу жыйнагында жакшы менен жаманды, турмушту терең талдаган философиялык мазмундагы ырларын жан дүйнөңө бүлүк салбай окуй албайсың. Тактап айтканда, бул жыйнак акыркы жылдардагы поэзия жанрындагы эң ири чыгармалардын бири болуп калды.

Эгемендүү жылдарда айлана-чөйрөдө болуп жаткан оомал-төкмөл дүйнөнүн оош-кыйышына баа берүүдө көз карашынын ачык-айкындыгы менен айырмаланган А.Өмүрканов болду. А.Өмүрканов “Күндөгү так”, “Асмансыз жылдар”, “Тушалган чагылган” жыйнактарындагы эмоционалдуу жана шакардай кайнаган жан дүйнөнүн илептүү табы, көркөм ой-чабытынын түпкүрүнөн чыккан күчтүү, чынчыл, сынчыл үнү заман темасына арналып жазылган ар бир ырында даана сезилет. Акын элдин келечеги үчүн чындыкты ханынын астында да кошоматтанбай айта аларын, кара курсак үчүн жасакерленбестиги, Ата мекен деп соккон акындык чынчыл жүрөгүн ырларында дагы бир жолу тастыктады. Акын “Күндөгү так” жыйнагындагы “Кыйкырамын келечекке, эртеңге”, “Күйгөн жүрөк”, “Жан бузулбай жаратылышы бузулбайт”, “Айылдагы доско” ж.б. көптөгөн ырларында азыркы оор турмушка философиялык багытта ой жүгүртсө, “Өтөсүңбү сен менин партияма”, “Айткылачы, бул эмне?!”, “Эх элим ай” ж.б. ырларында заманга жараша адамдардын психологиялык жактан өзгөрүшүн ачык, даана элестетсе, ал эми, “Эртең ойлоп”, “Кыргыз өлкө”, “Кылмышкерди кармаганда колдору”,

“Жалбаруу” деген ыраларында турмушта болуп жаткан жанга баткан көрүнүштөрдү ачык даана , таамай сүрөттөйт. Ал эми акындын кийинки “Асмансыз жылдар” жыйнагында заман жөнүндө көз карашынын туруктуулугу, бекемдиги байкалат. Мындай күчтүү патриоттук сезим менен жазылган ырлары айлана-чөйрөбүздө болуп жаткан турмуш-тиричиликтин оош-кыйышына кайдыгер карай албаган дили тирүү ар бир инсандын жан-дүйнөсүнөн орун алат. Бул жыйнактагы “Кандагы кыйкырык” деген бөлүмгө бүт заман темасындагы ырларын топтогон. Андагы “Кыргыз”, “Төрт куурчак жөнүндө” , “Дүжүр чалдар”, “Түнкү кобур”, “Кайырчы”, “Базардагы кыргыз балдары”, “Кемпай”, “Эл куту”, “Кандагы кыйкырык” ж.б. мурдагы жыйнагынан дагы курч, чынчылдык менен сүрөттөгөн ырларында А.Өмүрканов турмушка терең сүңгүп кирип, чындыкты туура көрсөтүп, ырдын формасын жөнү жок татаалдантпай мазмундун тереңдигине көңүл бөлөт.

Мына мындай заманга мүнөздөмө берүү адилеттик үчүн күрөшкөн чынчыл поэзияда гана ишке ашмак. Биз кечээ бирде поэтикалык чыгармалардын түбөлүктүү деп аталаган темаларга (өмүр, өлүм, турмуш, жашоо, тирүүлүк, адилеттик, арамдык, чынчылдык, боорукерлик, сүйүү, достук ж.б.) байланыштуу жакшы жазылгандарды аздектеп чыныгы поэзия деп мүнөздөп келебиз. Ал эми коомдук турмуштун чындыгын чагылдырган ырларды саясатка байланыштуу жаралган деп, күнүмдүк жашоосу бар гана чыгармалар катар мүнөздөгөн учурларыбыз кездешет. Ал эми поэзия коомдук турмушка активдүү аралашып анын алдыңкы сабында жүрүп, элдин ички жан дүйнөсүндө кайнап жаткан ой-санааны, үмүт тилекти, күрөш аракетти туура чагылдырып берүүсү керек. Поэзия ошондо гана коомдун эң башкы милдетин аткара алат, коомдук аң сезимдик кыймылына күчтүү таасир эткен көркөм сөз катары дайыма аздектелет.

Мына буга жогоруда сөз болгон акындын ырлары ачык күбө эмеспи. Эгерде бул заманды Н.Байтемиров “Кутурган заман” десе, Артыкбаев “Теңсиздик өкүм сүргөн”, “Кар заман” деп мүнөздөсө, А.Өмүрканов мындайча сүрөттөйт:

Кутурган иттей тилин салаңдаткан,
Алдуусу алы жогун канжалаткан.
Эсти оодарып жардан чыга калгансып,
Эшикте жинди рынок, акмак заман...
Ыйман, ызат элимдеген... унут калды,
Тазадан асманда учкан булут калды,
Эл байкуш эстен танды,
Бага албай кара жанды,
Ыйлагым келет кээде,
Карап алып калч-калч эткен кайырчы кара чалды.
Тоо заманга түктөйүп турат бүгүн
Баарын саттым, көлөкөмдү сатам бүгүн.
Көргүм келбей бетинен каны тамган
Чоңдордун ит күлкүсүн
Дайрадай өз нугунан ала салган
Оодарылып кетти заман...
Болсо экен элим аман.

Акын элдин келечеги үчүн чындыкты ханынан астында кошоматтанып, кызмат үчүн, кара курсак үчүн жасакерленбестиги, ата-мекен деп соккон акындын чынчыл жүрөгүн “Тушалган чагылган” аттуу ырлар жыйнагы дагы бир жолу тастыктады. Акын бул ыр жыйнагында ар кыл темага кайрылып, “Каар гүлү”, “Тушалган чагылган” деген бөлүктөрүндөгү ыр түрмөктөрүндө, чыгармачылыгындагы негизги лейтмотиви болгон замандын көйгөйүн чынчыл түрдө чагылдырылышы мурдагыдан да терең сүрөттөлүп берилет. Акындын “Ата Журт”, “Күндө күйүт, айда арман”, “Кайран элим”, “Түңүлгүм келбейт”, “Күйүттөн чыккан күйүт күү”, “Ач карышкыр оттон коркпойт”, “Өзүңдү

ойлоп”, “Алдамчы кайырчылыр” ж.б. ырларында мурунку жыйнактагы ырларынан да терең мазмундуу, заманды ачык, айкын сүрөттөөгө батынган:

Өлүмүнө өмүрүм ал дебестен
очорлотуп оору кошкон ооруңа,
балдарың көп... эт кесишип этиңден
жаралышкан багыңа эмес шоруңа.
Тонолсо эгер токой тоодой добулга
тамыры аман калса чыгат кулпуруп...
байлыгыңды талатканга кайгырба,
Жүрөгүңдү балталантпа Ата-Журт.
Бүгүнкү күн эртеңкиге чылап уу
Турганда бу алай-дүлөй кымгуут
Көр өзүнө көз тилген сыяктуу
Тилейин сенин амандыгың ата журт (Тушалган чагылган, 99-бет)

Акындын жогоруда мисал келтирген “Ата Журт” деген ырында сүрөттөгөндөй бүгүнкү күндүн бирден бир коркунучу экономикалык кризситен дагы, жан дүйнөнүн жакырланышы күч алып жатышы ар бир түшүнгөн окурмандын тынчын алат. Акын А.Өмүрканов заман ырларында курулай кыйкырып, эмоцияга да курулай берлибей, бардык көйгөйлүү маселени тереңден карап, конкреттүү, жеткиликтүү бере алат. Акындын “Өзүңдү ойлоп” аттуу ырында кыргыздар өз каада-салтын жоготуп, улуу кичүү, эне-бала дебей аракка берилип баратышын эң элестүү берет.

Куда сөөк бирин-бири сыйлаганда,
Же өлүмдө көрүшүп ыйлаганда.
Аягына калтарбастан “аппак ич”-деп
Энеси ичет, күйөө бала, кыздар ичет...
(Тушалган чагылган, 108-б.)

-десе, дагы бир мындан дагы конкреттүү, эмоционалдуу кылып, даана сүрөттөйт:

Арак десе эки көзү күйүп жанган,
Жүздү соксо жүз төмөндөп кулап калган.
Куту качкан кудай урган балдар арбын,
Катын албай андан мурун аракты алган.
Көрүнүшү жез кемпирди элестеткен,
Уят, сыйытты унутушуп жайдак өскөн,
Кыйшаңдаган кызыл тушмук кыз көбөйдү,
Жигитинен мурунураак чылымды өпкөн. (Тушалган чагылган, 100-б.)

Эмнегедир акындын кийинки “Тушалган чагылган” жыйнагына кирген заман темасында жазылган ырларында көбүнчө замандын тескери таасиринен адамдардын моралдык, нравалык жактан бузулгандыгы кабатырлантат. Акын кандай гана турмуштук деталдарды сүрөттөбөсүн келечекке кабатырлануусу элинин дени сак болуп өркүндөшүн тилгендигин билдирет. А.Өмүрканов Заман темасынан башка эң мыкты сүйүү лирикаларынын үлгүсүн жаратты. Эпикалык позияда да жигердүү иштеп улуттук ар намыс темасын жаңыча ачып берген “Ак мактым”, “Күкүк”, “Эсайготтор” аттуу көркөмдүк жактан мыкты поэмаларды жазып, дагы бир чыгармачылык жаңы бийиктикке көтөрүлүп, кыргыз поэзиясынан өз ордун тапты.

Уюткулуу кыргыз адабиятынын мамлекети биз эгемендүү болгон жаңы тарыхындагы белгилүү таланттардын бири - Ш.Дүйшеев. Ал аз мезгилдин ичинде кыргыз поэзиясынан өз ордун таап, чыгаан сүрөткер, чебер лирик, эпик, курч тилдүү сатирик публицист акын катары өзүн көрсөтө алды. Акын ырларында сөздөрдү обу жок кооздоп шөкөттөбөйт, жөн гана эмоционалдык жан киргизип, өзүнүн акындык

сезимталдуулуктун күчтүү демин поэтикалык ой жүгүртүүнүн тереңдигине, масштаблуулугуна сиңирип, ырларындагы жеңил ирония, жумшак юмор сыяктуу стилдик өзгөчөлүгү ырларынын көркөмдүүлүгүн арттырат.

Эгерде поэзия турмуш чындыгынан алынып жазылбаса, ал абстрактуу ойго жык толгон мазмунсуз гана чыгарма болуп калат. Мына ушул жагынан алганда акындын ырларынын мазмунунда кайнаган турмуш чындыгы, элинин жүрөгүн өйүгөн замандын абалы "Кайдыгерлик", "Арабадагы ыр", "Шакен азган", "Шамал" аттуу ырларында басымдуу көпчүлүк бөлүгүн ээлейт. Акын заман темасындагы ырларында ар бир сөзү өз ордунда туруп, алардын ар бири маани берип, көркөмдүүлүгүн арттырып – бул жөп жөнөкөй сөздөр сыйкырдуу, образдуу сөзгө айланды. Акындын "Арабадагы ыр" жыйнагындагы, "Жүз кат" деген бөлүмү бүт бойдон, ал эми "Кечмелик", "Жалгыз жол", "Көлөкөлөр" деген бөлүмдөрүндөгү кээ бир ырларында бүгүнкү күндүн бүтүндөй чындыгын майын чыгара сүрөттөөгө алат. Акындын "Чөп чабык", "Айыл жазы", "Кыз жигит, жамгыр", "Ош базардан Ошко чейин", "Өмүр", "Көлөкөлөр", "Өрт" "Шамал" ж.б. көптөгөн ырларында турмушту таамай сүрөттөөгө алып, сюжеттик өзөк, жеңил ирония сыяктуу ыкмалар менен шөкөттөп, эмоциянын күчү астында ийкемге келтирип, өзүнчө терең маанилерди туюндуруп, ар бир окурмандын сезим, табитин козгогонго жетишет. Ал эми акындын "Жүз кат" деген ырлар циклин да турмуш чындыгын дал өзүндөй бурмалабай чагылдырып отурат. М: Үчүнчү катта мындайча сүрөттөйт:

Заманың кайыр сурап,
Турат тышта тешиги жок.
Медетиң мектебинен калды быйыл

Бутунда өтүгү жок - десе, "Отуз үчүнчү катта" бүгүнкү күндөгү адилеттүүлүк менен адилетсиздиктин, акча менен ар намыстын күрөшү жүрүп акча, байлык, бийликтен ашкан эч нерсе жоктой, керек болсо алар ата Мекен, ата-энесин сатканга чейин барышаарын төмөндөгүдөй сүрөттөй:

Эң арзан мугалими,
Эң арзан жазуучусу,
Эң арзан артисти бар,
Жуп-жука бөлкөсү бар
Кыргыздын өлкөсү бар,
Кана ким сатып алат?
Бири өлүм
Бири акча-
Эки жол бар кана ким сатып алат,
Болгону эки доллар. (Арабадагы ыр, 117-б.)

Акындар ырларында жакырчылыктын айынан төрөттөн өлгөн эненин, бутуна бут кийими жок, мектепке барбаган балдардын, уурулук кылган жаштардын, айласы кетип айылын таштаган адамдардын жана дагы көптөгөн турмуш чындыгын даана чагылдырган.

Акын эпикалык поэзияда, кара сөздө да өзүнүн күчүн сынап көрүп, ал да жакшы натыйжасын берди. Ш.Дүйшеевдин кийинки "Шакен азган" деген китебинде кара сөз менен жазылган чыгармаларда да, заман көйгөйү басымдуу орундуу ээлейт. Өзгөчө акындын үч саптан турган ырлары, үч саптан турса да мазмунуна терең ой батырылып, формасы өзүнчө төп келишип турат. Мисалы:

Көп өлүп, аз жыл жашапмын
Көзүмдү жумсам-басат кум,
Көзүмдү ачсам азап-муң.

Айылды көрдүм кейпимен,

Жазында жанын тытынып,
Күзүндө шаарга тентиген

Кай жакка чачтык ырысын
Кароосуз балдар көбөйдү
Кайгысы-калың, муңу-узун. (Шакен азган, 48-б.)

Ш.Дүйшеевдин ырдын формасын түрлөбөйт, бирок окурман күтпөчүдөй жаңы көркөм сөз каражаттарын жыш колдонуп, акындык талантынын күчү менен ырынын ар бир сабына адамдык терең сезимди башынан аягына чейин сиңирип, эмоционалдуулугун арттырып турат. Акындын ар бир сөзү өз ордунда туруп, алардын ар бири маани берип, көркөмдүүлүгүн арттырып - бул жөпжөнөкөй сөздөр сыйкырлуу, образдуу сөзгө айланат. Буга ачык мисал катары эч чечмелөөсүз төмөнкү ырды окуп көрөлү:

Кейпи начар, кийими ала-дүлөк,
Керзи өтүгү өзүндөй кара жүдөөк.
Тачка сүйрөп, жан багып таңдан кечке
Ош базарда бир жетим бала жүрөт.

Каргадайдан башына токмок салган,
Каректерин карадым кош-кош жанган
Каректерин карасам от айланбай,
Чоң кишинин көзүндөй токтоп калган.

Жеңи менен мурунун сүртүп алып
Желип барат жүгүн ал түртүп алып,
Кесел богон кемпирдей тура албастан
Жерде жатат жетимге тийчү жарык.

Капты ташып карааны караңдаган.
Кабагынан баланын салаңдаган.
Ата журтум бечара сени көрдүм
Ала качып көздөрүң алаңдаган.

Билем кыргыз баласы экендигин,
Тилеп турдум теңирден эсендигиң
Жалгыз ушул баланын тачкасында
Келаткансып сүйрөлүп Мекен бүгүн (Шакен азган, 38-б.)

М.Абылкасымова, С.Абдыкадырова, А.Узакова, Р.Карагулова, А.Темирова, Б.Чотурова, Ж.Исабаева сыяктуу кыз акындарыбыз да активдүү иштеди. Алар да бүгүнкү турмуш чындыгын чагылдыруу аракетин көздөштү. М: кыргыз эл акыны М.Абылкасымованын “Үшүк” деген жыйнагы жарык көргөн. Жыйнакты ачканда эле:

Үшүк урду элимди да, жеримди,
Үшүк менен мен да бастым демимди

-деген түшүнүксүз эки сап ыры менен башталат. Үшүк деген сөздүн бир топ деңгээли, бир топ мааниси бар. Кээде адам чыйрыгып үшүйт, кээде үшүп жүрөт, кээде кышында такыр тоңуп калган үшүк бар. Акын кайсы үшүктү айтып, ал элин кантип алып, акын кантип демин басты экен деген суроо туулуп китептин ичинде бул суроого конкреттүү жооп издеп, таппай калган окурман болот. Акын жалпы эле кыйын кыстоо турмушта элинин үшүккө кабылгандыгын айтуу аракетин көздөп, бирок жогорку акындардай конкреттүү, турмуштук деталдар менен таасын сүрөттөөгө жетишкен эмес. Негизинен жыйнактын көпчүлүк бөлүгүндө сүрөттөр жана арноо ырларына орун

берилген. Ырларынын ичинен “Жер бетин”, “Бир азга”, “Жолдош болсун”, “Балама”, “Агат белем” деген лирикалары дурус жазылган.

Ошондой эле. К.Сариеванын “Аалам тепкичтери же өткөөл өмүр тарктаты” деген ыр жыйнагы жарыкка чыкты. Бул китепте акын өткөөл өмүр учурундагы турмушка терең сүңгүп кирип, философиялык деңгээлде сүрөттөп берүү аракетин көздөгөндүгү көрүнүп турат. Китептеги ырлар тематикалык жактан ар түрдүү берейин деген ойлору да жаман эмес, бирок акын сөзү бага билбегендиктен, ойду конркеттүү кылып бере албагандыктан, уйкаштыктын начар курулушунан жөн гана сөздөрдүн топтомдору сыяктуу болгон ырлары өтө арбын. Мисалы, китепти ачканда эле “Жылдыздуу түндөр” деген ырын окуп көрөлү:

Түн бир кербен жарык жылт-жулт
Жылдыз жанат миң азгырык.
Мени дагы канчоо сүйдү
Аны айтуунун неси кызык,
Кербен жолдош шылдыр- шыңгыр.
өз сүйүүсүн ырдоо сыймык.
Түн бир кербен. Шылдыр-шылдыр.
Аккан өмүр билбей токтоо.
Жанга жагым бул ыргакта
Махабаттын ордун жоктоо.
Дайым эске сен түшөсүң.
Көңүл жокто, оюн-шоокто,
каухар-жакут, жарык жылт-жулт
шылдыр-шылдыр... шыңгыр-шыңгыр..
толкун ойноок шалпа-шулпа.
Жел учкаяк...
Жээк токтоо...
Шылдыр-шыллдыр... жарык жылт-жулт.
Жылдыз токтоо
Жылдыз токтоо. (Аалам тепкичтери же өткөөл мезгил трактаттары, 8-б.)

Деги эле кийинки сөз эркиндиги, идеалогиялык эркиндик колго тийген заманда чыккан ыр жыйнактардын көбүндө абстрактуу ой жүгүртүү, курулай романтикага батуу, сөздү ордуна коё билүү сыяктуу маселелерге анча көңүл бурулбай, натыйжада чыныгы поэзияга коюла турган талаптарга жооп бере албаган ырлар жазылууда. Биз жогоруда макалабыздын башында айтып өткөндөй акыркы мезгилде акчалуулар, чөнтөгү калыңдар акын болуп чыга келишти. Буга ачык мисалы катары К.Мусаевдин «Кожоштун кут билими» жана К.Оторбаевдин «Жумгал дастаны» ж.б. көптөгөн чыгармаларды алсак болот.

Мисалы: К.Мусаев Ж.Баласагындын «Кутадгу билиг» дастандын өтө мажес туурап, ошол багытта «Кожоштун кут билими» аттуу 60 басма табактай көлөмүндөгү китебин чыгарды. Китепти К.Мусаев тарыхый-философиялык роман деп атаган. Бирок бул чыгармасы бул жанрдын табиятына такыр жооп бербейт. Чыгармада сюжет да, каарман да, элдин башынан өткөргөн тарыхый окуялар да сүрөттөлгөн эмес. Мында дүйнөнүн жаралышынан тарта ошо ; дүйнөдөгү жаман-жакшы, ак-кара жана жашоодогу баардык нерселер жөнүндө ой-жүгүртүүгө аракет кылат. Бирок автордун ой жүгүртүүлөрү чыныгы поэзиянын тили эмес, же ыр эмес, же кара сөз эмес ыр сымал саптарда жыйынтыксыз, түшүнүксүз ойлор айтылып, өзүнүн негизги дидактикалык багытындагы максатына жетпей, чаташкан ойлор, чакчалакей сөздөрдүн курандыларынан куралып калган. Буга ачык мисал:

Жер бетинде күйгөн шамдай жанып,
Адамдар да, жылдыз нурга оронуп жылтылдашып.

Жик-жиктерге бөлүү деген, багыт ушул.
Жакса да, жакпаса да таңуулаган көөдөн. (Кожоштун кут билими, 38-б.)

Мындай түшүнүксүз саптарды китептин ар бир бетинен мисал кедтирсе болот. Ал эми 2002-жыл К.Оторбаев деген автордун «Жумгал дастаны» аттуу 60 басма табак көлөмүндөгү китеби жарык көрдү. Эң кызыгы автор бул томдун ыр менен жазылган роман экенин китептин эки үч жеринде эскертет. Чын-чынына келгенде бул китепте роман формасына жооп берчү бир дагы касиет жок, мында болгону К.Оторбаевдин өмүрүндө эске калган күндөрү, Жумгал жергесинен чыккан инсандарды эскерип, кара сөз түрүндө айткан ойлорун кайра жамак-таштырып, ырга айлантканга аракеттенген. Мындан сырткары атасына, апасына, досторуна, тууган-туушкандарына, баласына, кызына, аялына арнап жазган ырларын окууга болот. Эң кызыгы К.Оторбаев биринчи эле китебинде "универсал" жазуучу болуп чыга келет. Себеби, автор китебине ырлар, кара сөз, санжыра, айтыш, сатира, поэма, очерк, новелла, эссе түрүндөгү чыгармаларын топтоштурганын эскертет. Бирок бир да чыгармасы аталган жанрларга жооп бербегендиги бизди өкүндүртөт.

Ошондуктан,мындан ары адабиятка бир цензура болуп, аз да болсо мамлекеттик деңгээлде көзөмөл кылбаса, жалпы эле көркөм адабияттын, чыгармачылыктын кадыр баркы кетүү коркунучу туулууда.

Мындан сырткары Т.Самудиновдун чебер жазылган породияларынан турган “Тандалмалары” Э.Турсуновдун “Автопортрет” жыйнагында мыкты жазылган лирикалары, Б.Алыбаев “Катаал күндүн ырлары”, Асан Жакшылыковдун дурус жазылган поэмалары, С.Абдыкадырованын “Таң нуру” аттуу жыйнактар окурмандарды кайдыгер калтырбайт.

Жыйынтыктап айтканда, биздин оюубузча акындарыбыздын бүгүнкү күндөгү эң негизги милдети улуттун улут экенини даңазалаган улуттук темага сүңгүп кирип, мурдагы адабияттын актай барактарын толтуруп, чыныгы көркөм поэзияны жаратуу милдети астыда турат.

Адабияттар:

1. Байтемиров Н. Кылымдар деми. –Бишкек, 1994.
2. Өмүрканов А. Күндөгү так. Ырлар жана поэмалар. –Бишкек, 1995.
3. Өмүрканов А. Асмансыз жылдар. –Бишкек: Кыргызстан, 2001.
4. Өмүрканов А. Тушалган чагылган. –Бишкек: Акыл, 2005.
5. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. –Бишкек: Шам, 1999.
6. Дүйшеев. Шакен азган. –Бишкек, 2004.
7. Абылкасымова М. Үшүк. Ырлар жана поэмалар.
8. Сариева К. Аалам тепкичтери жана өткөөл өмүр трактаты. Ырлар жана котормо. –Бишкек, 2005.
9. Мусаев К. Кожоштун кут билими. - I том. – Бишкек, 2000.
10. Оторбаев К. Жумгал дастаны. –Бишкек, 2002.

Исакова Б.А. ААЛЫ ТОКОМБАЕВ ЖАШ АКЫН- ЖАЗУУЧУЛАРДЫН УСТАТЫ КАТАРЫ

А. Токомбаевдин жаштарга насаатчы, нускоочу катары ишмердүүлүгү өзүнүн мааниси жана масштабы боюнча кыргыз жазма профессионал адабиятында өзгөчө орунду ээлейт десек, жаңылышпас элек. 30- жылдары талпынган темир канат кыргыз адабиятынын башында жетекчилик ишин жүргүзүү менен бирге, Токомбаев таланттуу жаштарга чыгармачылык кеңеш, көмөк, саясий багыт берүүнү ыйык парзы катары эсептеди. Ал учурду акын өзү «Жазуучуларга» деген 38- жылкы ырында мындайча эскерет:

Телчиксин, текөөрлөнсүн, канат керсин
Деп ойлоп, силер үчүн болдум үлгү.
Кактырбай канаттууга каршы турдум,
Тазарттым баарыңарга болуп сүлгү.[1]

Мына ошентип, А. Токомбаев Улуттук адабияттын андан ары гүлдөп өнүгүшүнө кылдаттык менен аяр мамиле жасады.

А. Токомбаев өзүнөн кийинки жаш, али жетиле элек, темир канат жазуучуларыбызга сыртын салып, көрмөксөнгө калтырган жок. Тескерисинче, алардын телчигишине алдын-ала шарт түзүп, колунан келген көмөгүн көрсөтүүгө дайым даяр турду. Адабиятыбыздан жаңыдан гүл ача баштаган 30- жылдардын башында А. Токомбаевдин кеңеши, көмөгү, редакторлугу менен көптөгөн жаш жазуучулардын китептери жарык көрдү.

А. Токомбаев Кыргыз жазуучулар союзунун төрагасы болуп турганда жаш жазуучулар маселесине арнап бир топ атайын макалаларды жазган. Биз алардын бири «Жаш жазуучуларга кеңеш» аттуу сын туундусун карап көрөлү. Бул макаланы автор НКВДнын эки жылдык камагынан жаңы гана акталып чыгып, Жазуучулар союзунун төрагалык постуна кайрадан турган учурунда жазган. Демек, Токомбаев бул кызматында анын биринчи кезекте кыла турган эң маанилүү иши катары жаш таланттарга тиешелүү көңүл буруу керек деп эсептегенин көрөбүз. Анткени ошол кезде күн сайын күчөп келе жаткан жаш жазуучуларга жардам берип, аларды камкордукка алуу Жазуучулар союзунда колго алынбаганы авторду катуу тынчсыздандырган. «Окуучулардан, колхозчулардан чыгып, гүлдөп келе жаткан жаш жазуучуларга Жазуучулар союзунун башкармасынын жетекчилигинде отургандардын айыбы аз эмес» – деп ачык жазат.

«Анткени, аларды тарбиялоо иши четте калып, көңүлдөгүдөй зээн салышпаган. Адабият журналынын бетинде жаш жазуучуларга кеңеш берүү иштери, жазуучулар мекемесине келген жүздөгөн каттар ээсиздикке учурап, сайда саны, кумда изи жок. Албетте, бул дурус жорук эмес».[2] Токомбаев кемчиликтердин бетин ачып ашкерелегенден жаш жазуучулардын көркөм чеберчиликтин сырлары тууралуу берген суроолоруна жооп бергенге өтөт. Мында авторду өзгөчө кээ бирөөлөрдүн ырлары оңдолуп, жазылып чыккан учурлары тынчсыздандырат. Автордун ою боюнча бул талантты өстүрүү эмес, мындай метод тарбияга каршы болот, тактап айтканда, мындай метод жаш жазуучуга эч кандай пайда бербейт. Ошондуктан мындайлардын ырынын кемчилигин, себептерин көрсөтүп, ырдын ээсине оңдотуу керек. Жарабаган ырды ончакты түзөтүп, ончакты консультациялашка болот, бирок бирөөгө оңдотууга болобйт. Токомбаевдин бул жазганында жаш жазуучулардын чеберчилиги жактан такшалышы болгон чыныгы камкордук жатканын аңдайбыз, анткени ушул жол менен гана жаш жазуучуну чыгармачылыктын түйшүгүнө үйрөтүүгө, өстүрүүгө болот эмеспи. Аалы Токомбаев өз макаласында буга окшогон өзүнүн калемгердик тажрыйбасынан маңдай тери менен тапкан көркөм адабий баалуу ойлорун жаштар менен көп бөлүшүп турган.

Токомбаев жаштарды кажыбас аракет, көгөргөн кара мээнети менен өзүнүн интеллектисин өстүрүп, эстетикалык аң-сезимин жаңылоого, билим дүйнөсүнө баш-оту менен кирүүгө чакырат. Ушул жерден айта кете турган дагы бир сөз бар. Билим да сиңген

[1]Токомбаев А. Жазуучуларга // Токтобойт толкун түбөлүк. – Бишкек, 1995. – 108- б.
[2] Токомбаев А. Жаш жазуучуларга кеңеш.// Кызыл Кыргызстан. – 1940. - 3- март.

кишиге сиңет эмеспи. Адабиятчы С. Байгазиев жазгандай, «ары жагында көрөңгөсү тайыз, дарамети жука пендеден, аны канчалык китепке, классикага көмүп койбойлу, баары бир мындан жарытылуу түшүм болбосу анык. Андай киши канчалык тырышып көп окубасын, табият ташкындаган талант ыроолобогон соң, акыры ал тезектин ичинде кыбыраган коңуз өңдөнүп каларын турмуш практикасы миң бир ирет далилдеп келатат го».[1] А. Токомбаев да аталган макаласында чыгармачылыкта бардык нерсе талантка, жөндөмгө, кишинин инсанына байланыша турганын баса белгилейт: «Ыр, аңгеме жазуу үчүн ыр, аңгеменин техникасын үйрөнүү керек. Бирок, бул негизги маселе эмес. Акын, жазуучу болуу үчүн анын таланты болуу керек. Кишинин баары акын же сүрөтчү боло албайт. Ырга таланты болсо, ошол иш колунан келе турган болсо, ал адам турмуштун бардык сырларын, сулуулуктарын үйрөнүү менен кошо коомдун түрдүү мамилелерин терең таанып жаза алат.

Бирок жалаң жапайы талант менен жакшы чыгарма жаралбастыгын туюнган Токомбаев менен катар «эмгегиңди эчен оңдоп, эчен текшерип, ошонун аркасында түзөтүү керек» деген кеңеш айтат. Искусство чөйрөсүндө чыныгы жазуучуда бир мыкты сапат болот деген кеп бар. Ал – өзүнүн жазгандарын жаратпай, сыза билүү жөндөмдүүлүгү. А. Токомбаев кыргыз адабиятында алгачкылардан болуп сыза билүү искусствосун үйрөнгөн калемгер болгон. Буга анын кол жазмаларына үңүлүп, терең ынансак болот. Кара сөз түрүндөгү, ыр түрүндөгү чыгармаларынын варианттары беш-алтыдан саналат. Ал көркөм образды колго түшүрө албай убараланып, жазгандарын кайра-кайра сызып, биринчилерден болуп «чыгармачылык азап» деген түйшүктү баштан кечирген. Ошондуктан жазуучулук өнөрдүн сырлары жөнүндө айткан кеңештери сүрөткердин көркөм өнөр жөнүндөгү өзүнүн ички терең ишениминен, ички адабий-маданий жетилгенинен деп айтышка салмактуу негиз бар.

А. Токомбаевдин жаштарга болгон камкордугу Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде да үзгүлтүккө учураган эмес. Майдандын катаал атмосферасы, калк турмушундагы бүлгүнчүлүк, ачарчылык күчөп турган 40- жылдары ал жер-жерлерде жаш жазуучулар тобун уюштуруу маселесин көтөрүп чыгат, аны ишке ашыруу үчүн конкреттүү чараларды көрөт: «Жаш жазуучулар тобун уюштуруу жумушун колго алып, ага дайым жардам кылуу маселеси биздин алдыбызда турат. Жазуучулар союзунун союздук башкармасы менен ВЛКСМ БКнын 1939- жылы чыккан нускоо каты али өзгөрүлгөн жок, кат негизинде ар бир журналдын, газеталардын айланасында адабият ийрими болууга тийиш. Республикалык, областтык, райондук газета, журналдардын алдындагы ийримдерге, жалаң гана областтык, райондук күчтөр эмес, Жазуучулар союзунун башкармасынын да алардын өсүштөрүнө жандуу жетекчилик, айкын жардам берүү милдети турат. Ал жаштардын таланттууларына бардык жардамдарды берип, аларды Союзга тартып иштетүү жумушун колго алууга тийишпиз».[2]

Аалы бул маселеге ушунча олуттуу маани берген себебин мындай түшүндүрөт: «Бул жаштар биздин адабиятыбыздын эртеңки ээлери, буларды машыктыруу ишин дайым колдон чыгарбай, жакшы метод менен өстүрүүгө тийишпиз» – деп жазат. Мындай саптар Токомбаевдин кыргыз адабиятынын келечегин таланттуу жаштардын чыгармаларысыз элестете албагандыгын түшүндүрөт. Бул мезгилде акын фронтто жүргөн жаш жазуучулар менен активдүү кат алышып, көркөм чеберчилик боюнча кеп-кеңешин берип, алардын ырларын басма сөз бетине жарыялап турган. Ал эми согуштан кийинки жылдары А. Токомбаев мындай маселе атайын «Жаш адабиятчыларга олуттуу көңүл бурулсун» (ЛЖ, 1947, 21- август), «Шыктуу жаштар жөнүндө камкордук көрүлсүн» (КК, 1952, 10- декабрь) аттуу макалаларын жазат.

«Шыктуу жаштар жөнүндө камкордук көрүлсүн» аттуу макалада сынчы ошол жаш жазуучуларга тийиштүү жардам көңүлдөгүдөй жолго коюлбай келе жаткандыгы тынчсыздандырат: «Анын натыйжасында шыктуу бир кыйла жаштар өз билишинче жеке-

[1] [2]Байгазиев С. Мукай жана Жусуп. – Бишкек, 1995. – 10- б.

[2] Токомбаев А. Кыргыз адабияты Ата Мекендик согуш күндөрүндө // Советтик Кыргызстан. – 1944. - № 6.

жеке уюшулбаган түрдө иштешет. Көп учурларда алар көз жаздымда калып, бара-бара өздөрүнүн таланттарына жана күчтөрүнө күмөн туудурушуп, адабияттан такыр четтеп кетишет. Газета-журналдардын беттеринен көрүнө калып жок болуп кеткен авторлордун көбү өздөрүнүн шыгынын, талантынын жоктугунан эмес, тийиштүү уюмдар тарабынан белгилүү жардамдар, көрсөтмөлөр, кеңештер албагандыктарынан, жакшы мамиле, көзөмөл, тарбия болбогондуктан адабияттан көңүлү калып, эрксизден адабият майданынан четтеп кетишет. Так ушундай жаштар жөнүндө айтуубуз керек, алар бизде аз эмес».[1] Келтирилген мисалдын мазмунунан көрүнгөндөй, А. Токомбаев жаш жазуучулардын алгачкы кадамдарында сырттан болгон көмөккө чоң көңүл бөлгөн. Бул олуттуу ишке Жазуучулар союзунун газета-журналдардын формалдык мамилелерин сынга алуу жогоруда аты аталган макаланын башкы обңектиси болуп берген. Жаңыдан жазып жүргөн жаш авторлорго формалдык мамиле кылуу, биринчиден, аларды келтире турган иштен четтеткендик, экинчиден, адамга жараксыз мамиле кылгандык болот деп жыйынтык чыгарат сынчы. Бул жыйынтык, башкача айтканда, жаш жазуучуларга болгон ушундай көз караш Токомбаевдин өздүк практикасынан далилденип турат. А. Токомбаев жаш акын-жазуучуларга өзгөчө кылдат сезим менен мамиле кылган калемгерлерден болгон. Муну анын ал тууралуу калемдештеринин көптөгөн эскерүүлөрүнөн, бир топ сын макалалардан, каттардан улам айкын көрүүгө болот.

Кыргыз адабият илиминде А. Осмоновдун адабий ишке кандайча келгендиги тууралуу көп эле изилденгендей көрүнгөнү менен али айтылбай, көмүскөдө калган арбын деталдар бар экен. Атап айтканда, жаңыдан гана калем кармап, көркөм чыгарма жаратууга аракет кылып жүргөн жаш талапкерге дамаамат сүрөөнчү демөөр күч болуп, туура багыт көрсөтүп берген жазуучу-устаттардын Алыкулдун тагдырындагы ролу тууралуу адабиятчы К. Артыкбаевдин «Изденүүлөр жана табылгалар» эмгегинен гана кезиктирүүгө болот.[2]

Алыкулдун шыгы ойгонуп, адабий чөйрөгө аралаша башташы 30- жылдардын башында Фрунзеде окуп жүргөн кезине туш келгени белгилүү. Педтехникумдагы курсташтарына көрсөтпөй жазып, түйшөлүп жүргөн кезинде ага ошол кездеги элге белгилүү болуп калган А. Токомбаев менен жакындап таанышуу чоң ийгилик болуп берген көрүнөт. Бул тууралуу акын кийинчерээк 1947- жылы жазылган «Менин автобиографиямда» кең-кесири эскерет:

«Эң биринчи эле Жусуп Турусбеков менен жакшы болдум. Бир күнү ошол акынга ыр алып барып берсем, окуду да: «Сенин ырларың дурус экен, мен барып Аалы Токомбаевге айтайын жана эмки жекшембиде окуучуларды чогултуп тур, мен барып жыйналыш өткөрөм» – дей салды. Көп узабай А. Токомбаев менен жолугуштум, ал кишиден да мактоо угуп, аябай кубандым.

1932- жылы ооруп айылга кеттим. Кайра кайтканда, ошол кездеги Жазуучулар союзунун төрагасы А. Токомбаев мага жакшы жардам кылып, «Чабуул» журналына орноштурду. Бул мезгил менин болочогумдун чечкиндүү жылы болду. Себеби, эгер журналга орношпой калсам, айылга кетмекчимин…»[2] Ошентип, илээшип алган оорусу окууга кедерги келтире баштаганда, 1932- жылы педтехникумду таштап айылга кетсемби деп арсар ойдо, ара жолдо турганда Токомбаевдин жакшы жардамы болочок акындын келечеги үчүн чечүүчү кадам болгону тууралуу А. Токомбаевдин да кийинчерээк эскерип жазганы жарык көргөн»: «Алыкулду мен биринчи көргөндө мага эң эле оор таасир калтырганын эч убакта унута албаймын. Өңү сертирээк, өтө жупуну кийинген окуучу менин көзүмө бечелди элестете койду. Бастек бойлуу, курсактуу, эң эле арык, мойну ичке, манжалары башка кишилердикиндей шадылуу сезилди. Ал өзүнүн оорукчалдыгын, сабакка жетише албай калгандыгын айтты: «Караша турган бир тууганым жок, Кара-Коодо жекжаат эжелерим бар экен, ошого барайын дедим эле, анан муну силерге көрсөтөйүн дедим эле» дегени эсимде. Мен анын ыры жөнүндө эмне айтканым азыр эсимде жок. Мен анын саламаттыгы жөнүндө, кантип жашоо жөнүндө ойлодум. Анан көңүлүн көтөрүш үчүн

[1] Токомбаев А. Шыктуу жаштар жөнүндө камкордук көрүлсүн // Кызыл Кыргызстан. – 1952. - 10- декабрь.
[2] [1]Караңыз: Токомбаев А. Изденүүлөр жана табылгалар. – Фрунзе,1966. – 116- б.

өзүмдүн баянымды айтып, эң мурда өзүнө-өзүң ишен, турмуштун көзүн таппасаң, белгилүү багыт албасаң, ачуу-таттууну татпасаң максатыңа жетпейсиң деп, жаңы эле жазып бүткөн ырымдын мааниси кайталанып, кеңеш берген болдум. Бир ай чамасында Алыкул кайра келди, кебетеси баягыдан төмөн болбосо, андан жогору эмес. Беттеринин оттору сыйрылып, көздөрү ого бетер муңайыңкы. «Мага караша турган жакындарым жок экен, жүдөп кеттим» деди. Мени менен эсептешкен кеңешчилерим Калим Рахматуллин, Мукамбет Дөгдүров, Өмүркул Жакишев боло турган. Алар менен макулдашып, жок жерден кызмат таап, Алыкулду «Чабуулга» орноштурдук. Алыкул ошол күндөн тартып сүйгүнчүктүү жаштардын бири болуп, адабий майданга келди».[1] Кийинчерээк жаш акындын жаңыдан жарык көргөн, тагыраак айтканда, 40- жылдардын башындагы эң көрүнүктүү эмгеги «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынын котормосу тууралуу басма сөз бетинде оң пикир айтып чыгып, бул китептин кыргыз тилинде жаралышын кызуу куттуктап, жогору баалагандардын эң биринчиси да А. Токомбаев болгон.[2] Кыскасы, жогорудагы фактылардан көрүнгөндөй, Алыкул менен Аалынын ортосундагы мамиле ага менен инидей, ал эми экөөнүн ортосундагы чыгармачылык байланыш дайыма бекем сакталган.

Аалы өмүр бою өзүнүн архивинде А. Осмоновдун бир сүрөтүн ардактап, сактап келген. Бул сүрөттү ага Осмонов өзү белек кылып берген, ага мындай деп жазган экен: «Мени ойготуп, келечек жолума негиз салуучу, мени биринчи сүйүп окуткан жүрөктөш агадай артык, мен үчүн баа жеткис болгон А. Т. (Балкага) анын альбомуна эскерме кылып берем». Осмон уулу Алыкул. 1933, 15- апрель.[3]

Биздин оюбузча, бул жазуу шакирттин устатына болгон эң жогорку урматтоосу эмей эмне. Кыргыз поэзиясына өлбөс-өчпөс из калтырган акын Алыкул да Аалынын сөзүнөн, күчүнөн улам кыргыз адабиятынын бир бурчун ээлеп калды деп айтсак, ашкере кеткендик болбойт окшойт.

А. Токомбаевдин жаш жазуучунун адабий майданга шилтеген алгачкы кадамында адабий кеңешин, адамдык жардамын аябаган фактыларын жеке гана А. Осмоновдун тагдырынан эмес, азыр кыргыз адабиятынын сыймыктары болгон көптөгөн жазуучулардын биографиясынан да кездештиребиз (Р. Шүкүрбеков, Б. Сарногоев, Т. Кожомбердиев ж.б.у.с.). Айталы, даңазалуу акын Б. Сарногоевдин адабиятка келишин Осмонов менен А. Токомбаевдин алака-катышынын экинчи ирет кайталанышы же анын башка вариациясы деп атап койсок болчудай. Өзүнүн чыгармачылык өмүрүндө, акындык тагдырында Токомбаевдин устаттык чоң салымы жөнүндө Байдылда акын чоң сүймөнчүк менен эскерген: «Бала кезде жетимчиликтин азабын аябай эле тарттым. Борбор шаарыбызга 1948- жылдын март айында келдим. Атамдай эле болуп калган киши – Аалыкем мага бир топ эле жардам көрсөттү. Айылдан март айында келдим деп айтпадымбы. Окуу жылы аяктап бараткан, мектепке албай коюшту. Ошондо Аалыкенин жардамы менен өткөм. Шаардагы № 5- мектепти бүтөрүм менен Аалыкемдин жардамы менен Москвага окууга кеттим. Сооронбай Жусуев экөөбүз окудук. Аалыке Москвага барган сайын бизге атайы келип абалыбызды сурап турчу. Акча да берчү. Бу кишинин мээримдүүлүгүн, адамга жакшылык кылууга дилгир айкөлдүгүн далай эле көрдүм. «Уулум, турмушта эмне болбойт, мен бардыгын көрдүм: жакшыны да, жаманды да. Сен талыкпай жакшы оку, жакшы жаз, бат эле адам болуп кетесиң» – акыл-кеңешин айтчу. «Баяс» деген поэмамды ошо Москвада бүткөм. Ошо жылы кыштын күнү Аалыке да Москвага барып калыптыр. Ага жаңы поэма жазганымды айттым. «Кана, окуп көрчү» деди Аалыкем кубанган кыязда. Ой, Аалыке, бул ыр эмес да, көпкө отуруп каласыз го десем, «эчтеме эмес, окуй бер» деп койду. Анан ошону окуп бербедимби. Эт бышым убактысын коротуп, ошого чыдап укканын көрбөйсүңбү. Ошондо айткан: «Буюрса, айланайын, сенден

[1]Токомбаев А. Эстеликтен // Алыкулга гілдесте. – Фрунзе, 1975. – 4- б.
[2]Карасыз: Токомбаев А. Жолборс терисин жамынган баатыр // Советтик адабият жана искусство. – 1941. - № 7.
[3]Токомбаевдин ій музейинен алынды.

бир нерсе чыгат. Окууңду бүтүп келчи, калганын көрө жатабыз» деп өзү да кубанып, менин да көңүлүмдү көтөрүп койду».[1]

Адабияттагы устаттардын ролу абдан маанилүү жана сыймыктуу да. Токомбаев мына ушул устат деген улуу миссияны көтөрүп жүргөн кыргыз адабиятында сейрек кездешкен калемгерлердин бири болгон. Ушуну менен бирге, Аалы менен жазуучулардын ортосунда болуп өткөн жагымсыз бир фактыны эске салып кетпесе болбойт. «Менин республикамдын тагдыры менин тагдырым аркылуу аркылуу өттү, ошондуктан мен совет эли туш болгон бардык кыйынчылыктарды башыман өткөрдүм»[2] – деп жазган Токомбаев. Ырас эле сталиндик репрессиядан жабыр тарткан миллиондогон совет адамдарынын катарында А. Токомбаев да болду. 1937- жылы 16- октябрда «активдүү улутчул» катары айыпталып, түрмөгө камалды. Бул каргашалуу окуя кыргыз адабиятында кандай реакцияны пайда кылды деген суроо туулат. Профессор К. Байжигитовдун белгилөөсү боюнча коомдук-саясий турмуштагы мына ушундай көрүнүш анын чыгармачылыгына «жаңыча, большевиктик «сынчыл көз караш» менен кароого, аны башкача «жетик өңүттөн» баалоого себепчи болду».[3] Бул багытта алгач жол салган авторлордун бири акын Т. Үмөталиев болду. Ал гезит бетине «Жазуучулар союзундагы чириктер» (Ленинчил жаш, 1937, 21- сентябрь) деген макаласын жарыялады. Андан көп убакыт өтпөй эле Ж. Бөкөнбаевдин «Адабияттагы улутчулдукту аягына чейин талкалоо керек» (Ленинчил жаш, 1937, 23- сентябрь), А. Осмоновдун «Адабияттагы улутчулдукту түп тамырынан сууруп таштайлы» (Кызыл Кыргызстан, 1937, 26- сентябрь) аттуу макалалары биринин артынан бири уюшулгандай удаалаш жарык көрдү. Бул материалдардын дээрлик бардыгында А. Токомбаевди контрреволюциячыл-улутчул, троцкист катары саясий айыпташкан жана аны менменсинген, жаш жазуучуларга камкордук көрбөй куугунтуктаган деген жалган жалааларды жабышты. Жазуучулардын жакында эле устат катары урматташкан адамын таш бараңга алуусу ырасында ак дилден болбогону түшүнүктүү. «Ишенген кожоң сууга акса, алды-алдыңан тал карма» дегендей, бул өз жандарын репрессиянын капшабынан алып калуунун далбасасы эле. Муну туура түшүнгөн Токомбаев кийинчерээк төмөнкүчө эскерген: «Кызыл учкундан» канат сермеген айтылуу акын-жазуучулар дээрлик мени устатым деп лидер тутканын китептеринде, гезиттерде жарыялашкан. Балээнин кокую мен эл душманы, контр делип айыпталганда чыкпадыбы? Алар мени аргасыз каралап сүйлөшкө, макала жазууга мажбурланышкан. Мени каралап сындашпаса, өзүлөрү менин үстүмөн камалышмак. Мыкаачы тергөөчүлөр алардын мени күнөөлөп айткандарын, жарыялагандарын көргөзүп, «душмандык уюмубузда кошо болгон деп тартпайсыңбы?» деп зордогон учурлары болду. Эч кимисинин убалына калбадым, керт башым үчүн, актыгым үчүн жооп берем деп не деген азап, кыйноо, токмокту жебедим. Репрессия убагында мени каралаганы кечиримдүү, эч таарынган эмесмин, таарынбайм да».[4] Сталиндик системанын тушу бирине-бирин кайраштырган, бирине бирин тукурган саясий оюндардын учуру болду. Ошондой тукуруштарга алданган, ошондой саясий оюндардын торуна түшүп, акты кара, болбогонду болду деп чындыкты бурмалоого аргасыз болгон жазуучулардын бул жоруктарына айласыз баш чайкоого туура келет. Токомбаев бул көрүнүш жөнүндө кийинчерээк керээз катында да эскерип кеткени белгилүү: «Являясь одним из организаторов кружка кыргызских писателей, я руководил им до создания Союза писателей и позже, вплоть до моего ареста в 37 году. В тюрьме следователи пытали меня и предъявляли мне «показания» моих соратников-писателей, требовали, чтобы я наговорил на них… нет, ни одного не бросил я тени, никого не посадил, не опорочил, ни один писатель из-за меня не прошел круги ада и вообще, ни один писатель не был осужден».[5]

---

[1] Сарногоев Б. Аалыны ата дечімін.// Кыргыз туусу. - 1995.
[2] Токомбаев А. Кыргызстан КП БК секретарларына кат (Ій музейинин архивинен).
[3] Байжигитов К. А. Токомбаев жана 1937- жыл // Кайчылаш жолдор. – Фрунзе, 1988. – 15-б.
[4] Бейшеналиев Ш. Тагдыр сырлары. – Бишкек, 1998. – 24- б.
[5] Токомбаев А. Письмо секретарям ЦК КП Киргизии Б. Киселеву и М. Шеримкулову, 1988.

Тилекке каршы, ушул убакытка чейин адабий чөйрөдө айрым учурда Токомбаевдин бийик бейнесине шек келтирүү максатында жазуучулардын жогорку аты аталган жалааларын мисал келтирип айыптаган учурлар кездешип жүрөт. Адабий фактыларды конкреттүү тарыхый шарттын, историзм принцибинин көз карашында туруп баалабай, өздөрүнүн белгилүү бир максатына ылайыктап буруп пайдаланган учурлар бар. Айталы, адабиятчы С. Байгазиев 30- жылдардын көрүнүктүү сүрөткери М. Элебаевдин Аалыны жамандап жазган макалаларынан мисал келтирет: «Токомбаев менин ушул жоруктарымды журт өмүр бою байкабай өтөт десе керек. Жок баатыр, массаны сен бул күндө алдай албайсың. Токомбаевдин чыгармалары жөнүндө кийин сөз кылмакпыз. Бул арада айта турган бир гана сөз – бул али көркөм сөздүн чебери болуп кетпеген киши. Токомбаевдин көп чыгармалары сапатсыз»[1] «Ал эми Токомбаев Жазуучулар союзуна жетекчи болуп отургандан тартып аппаратты кандай кылды? Өзүн мактап ыр жазгандарды жакын тартып, мындай кылбагандарды, жалпактабагандарды душманым деп билди. Куугунтук жасады. Жазуучулардын аппараты жан багуунун кошуунуна айланды».[2]

Бул материалдардан байкалып тургандыр, Токомбаевге жалаа жабуу, каралоо үчүн айрым кургак, конкреттүү аталбаган жана талданбаган деталдар кызмат кылат – эмоционалдуулук, субңективдүү көз караштар анын чыгармачылык өнөрканасын аныктоочу башкы критерий сымалында роль ойнойт. Ал эми адабиятчы С. Байгазиев бул макалалардын маанисине эң жогору баа берип, мындай деп жыйынтык чыгарат: «Мукай иштин чыныгы абалы эмнеде экенин сезип, Жазуучулар союзунун төрагасынын чыгармачылыгына байланыштуу жасалма салтанаттуулуктун, жалган иллюзиялардын бет пардасын сыйрууну атуулдук парзым деп эсептейт. Мукай сындарында кээде түк жалтанбаган, өлөр-тирилерин билбеген жандеми баатырга окшоп кетет. Ал жазуучулар түгүл Кыргыз Эл комсовунун төрагасы Исакеевге чейин «кол салууга» барган. «Кечээ эле жакында болуп өткөн Кыргызстан жазуучуларынын I сңездинде Исакеев чыгып сүйлөп: «Бул жерде Токомбаевди сынайбыз дечү кишилер бар көрүнөт. Биз андайларга жол бербейбиз» дегенин эл унутуп койгон жоктур» деп жазганын даңазалайт».[3] Байгазиев сыяктуу белгилүү илимпоз-окумуштуу ушундай саптарды тарыхый контексттен бөлүп алып, үзүл-кесил мисал келтирүүнүн алдында өзү жазгандай «иштин чыныгы абалы эмнеде экенин» аңдап туюнса, атаганат. Болбосо, ал айткандай «өлөр-тирилерин билбеген, түк жалтанбаган» Мукай эмне үчүн Токомбаевге, Исакеевге мурун же кийин каршы ачык айтып чыкпай, туура 1937- жылы, бул эки коомдук ишмер экөө тең камакка алынганда, басма сөз бетинде асылып отурат? Биздин оюбузча, бул М. Элебаевдин «жандими баатырлыгы» эмес, репрессиянын капшабынан жан далбастаган, керт башын оолактаткан амалы гана болуп жүрбөсүн? Бекеринен Аалы көп өтпөй акталып кайра чыкканда, ошол эле Мукай өзүнүн ички сырын, муңун жашырбай төкчү күндөлүгүнө төмөнкүдөй жазган эместир: «Анын көпчүлүктү ала жүргөнүн, жаштарды өстүргөнүн, адам болсун деп тереңден өстүрүп чыкканын Алыкулдай жаштардын өзү гана эмес, башка бирөөлөр да унутпашыбыз керек. Биз кимдин кимдигин керт башыбызга кылган мамилесинен эмес, жалпы текшеришибиз керек… Аалы жөнүндө бул чындыкты сүйлөбөскө бүгүн адамгерчилигибиз барбайт. Тарыхты бурмалаш адамгерчиликке жатпайт. Муну Молдогазы билбейт, мен билбейм – ким билет?

13- февраль, 1940- жыл».[4]

Мукайдын салмактуу, адилет талдоосунан өмүр бою келишпестиктин, каршыгуунун изи сезилбейт. Тескерисинче, анын Токомбаевдин алгылыктуу сапаттарын акыйкат баалоого умтулганы көрүнүп турат. Ушундан улам адабиятка, тарыхка этият, так мамиле кылып, «эффективный» гипотеза үчүн чындыкты курмандыкка чалып, карапайым окурмандардын башын айландырбасак деп айткыбыз келет.

---

[1] Элебаев М. Адабияттагы буржуазиячылдыкты биротоло курутуу керек.//

[2] Элебаев М. Дагы адабияттагы чириктер тууралуу.//

[3] [3]Байгазиев С. Мукай жана Жусуп. – Бишкек, 1995. – 20- б.

[4] Алынды: Бейшеналиев Ш. Дагы Аалыке жана Мукай.// Эркин Тоо. – 1991. - 16–23- февраль.

60–80- жылдары да Аалы жаш жазуучуларга бир чети агасы, калемдеш коллегасы катары билген кеп-кеңешин аябай сырдаш болуп, аларды жакшы жолго, адабияттын күжүрмөндөрү болууга үндөп келгендигин көрүүгө болот. Анын кеңеши, материалдык көмөгү, редактор болушу менен ал кезде жаш калемгерлердин бир нече китеби жарык көргөн. Ошолордун бири Турар Кожомбердиевдин «От өчпөгөн коломто» аттуу жыйнагы болучу. Бул китепке баш сөз жазган А. Токомбаев ал учурдагы жаш, жаңыдан телчигип келаткан Турардын көп нерсени үмүттөндүргөн чыгармачылык наркын, келечеги бар экенин белгилейт: «Изденүү бардык жазуучуга, бардык куракка таандык. Изденүүнүн табылгасы – талант. Кай бирөөлөр «изденүү» десе, ыр саптарын гана эмес, ылаажы болсо, тамгаларды да сындырып, ойкуштатып жазгылары келет. Биз Турардан аны көрбөйбүз. Ал чабал жаштан эмес. Ал убактылуу буйдалгандардан да эмес. Ал – жаңыдан гүлүн ачкан жаш талант».[1] Мында көптү көргөн, тажрыйбалуу, кексе калемгер кыргыз поэзиясынын эшигин ташкындаган таланттуу акын каккылап турганын жазбай баамдаганын билебиз. Ал эми Токомбаев чыгармачылык кесипте таланттын ролун биринчи орунга коюп эсептеген художник экени белгилүү. Ар бир акын табигатты өзүнчө сезет, өзүнчө көрөт, аны өзүнчө сүрөттөйт эмеспи. Алардын чыгармачылыгынын айырмачылыктарын ошондон байкап, таанууга болот.

Биз жогоруда белгилегендей, А. Токомбаев жаш жазуучуларды тарбиялоо ишинде алар менен кезигишип, аңгемелешип, кат алышуу жолуна чоң көңүл бөлгөн. Бул тууралуу акын, котормочу Э. Турсуновдун эскерүүсүн келтирели: «… 70- жылдан тартып мен мүмкүн болушунча чыгармачылыгымда бурулуш жасоого аракеттендим. Ошондо басмадан чыккан жакшы эмгектерди Токомбаев такай окуй турганына көзүм жетти. Бир күнү эле почта аркылуу кат келип калды. Конвертте адреси, фамилиясынын астында Токомбаевден деп турат.

Токомбаевдин жаш таланттарга болгон мамилеси ушундай кат аркылуу колдоо менен чектелип калган эмес. Ал жаш адабиятчыларга материалдык жактан да көмөк берип турган. Анда акындын өз сөзүнө кулак төшөйлү: «Мен жаштарга моралдык-рухий жардамымдан башка мүмкүндүгүм болгондо материалдык жардам берүүгө да аракеттенем. Муну мактануу үчүн эмес, жаш жазуучулардын эмгектерин чыгарыш үчүн «Таң алдында» романымдын гонорарын бердим. Муну мен биринчи жолу эске салып отурам. Ошол акча менен (басманын чабал кезинде) он чакты жаш акындардын жыйнактары чыккандыгына сыймыктанам. Бул – менин байлыгым артып кеткендиктен эмес, үмүткө татырлык жаштарга болгон аталык мээримим».[2]

Акындын бул жазганы көзү тирүүсүндө эч жерде жарыяланган эмес. Аалы мактанычтык менен бул фактыны оозеки да, басма беттеринде да айтып чыкпаган. Мындан анын карапайым жөнөкөйлүгү, жаш жазуучуларга жардам берүүнү өзүнүн устаттык милдети деп эсептегенин көрөбүз. Азыркы учурда кыргыз адабий сыны жаш жазуучулардын алдында абдан карыз. Алардын чыгармачылыгына жарытылуу көңүл бурулбай, адабиятка жаңы муундардын келишине олуттуу мамиле жок. Ошондуктан А. Токомбаевдин жаштарга болгон камкор мамилеси баарыбызга өрнөк, сабак болууга тийиш.

Адабияттар:

1.Токомбаев А. Жазуучуларга // Токтобойт толкун түбөлүк. – Бишкек, 1995. – 108- б.
2.Токомбаев А. Жаш жазуучуларга кеңеш // Кызыл Кыргызстан. – 1940. - 3- март.
3.Токомбаев А. Кыргыз адабияты. Ата Мекендик согуш күндөрүндө.// Советтик Кыргызстан. – 1944. - № 6.4
4.Токомбаев А. Тарых документ менен сүйлөйт // Чүй баяны. – 1992. - 17- октябрь
5. Байгазиев С. Мукай жана Жусуп. – Б., 1995. – 10- б.

.

[1]Токомбаев А. Келечеги кең акын // Кожомбердиев Т. От өчпөгөн коломто. – Фрунзе, 1972. – 4- б.
[2]Токомбаев А. Тарых документ менен сүйлөйт // Чүй баяны. – 1992. - 17- октябрь.

Исмагулов У.Ш. ИЗ ИСТОРИИ БОРЬБЫ ПРОТИВ САМОВОЛЬНОГО ПЕРЕСЕЛЕНИЯ ИЗВНЕ (20-Е ГОДЫ XX В.)

Переселенческая политика дореволюционного периода нашла свое продолжение и в советское время. По вопросу самовольного переселенческого движения между национальными окраинами и Центром возродились конфликты разного уровня.

Об этом представитель Казахстана при ВЦИК Кошербаев сказал следующее: «По существу же все эти передвижки, как передельные для устройства самовольцев, является ничем иным, как узаконением самовольческого переселения, продолжением колонизаторской политики прежнего строя, поощрением дальнейшего вселения самовольцев и фактическим аннулированием прав коренного населения автономной республики на первоочередное землеустройство» [1, л.10].

23 января 1926 года Комиссия ВЦИК провела заседание по вопросу землеустройства и землепользования в пределах КазАССР и Киргизской автономной области. В нем приняли участие Асфендияров, Алибеков, Кудайкулов, Селиверстов и Серафимов. На заседании были рассмотрены проблемы о переселении и было принято постановление. Постановлением были указаны следующие пункты:

1. Подтвердить закрытие переселения в пределы КазАССР и Киргизской автономной области крестьян-земледельцев, впредь до особого распоряжения ВЦИК.

2. В целях приостановления дальнейшего самовольного переселения в КазАССР и Киргизскую автономную область, согласно постановлению Президиума ВЦИК от 14 сентября 1925 г., широко опубликовать по СССР распоряжения о запрещении ходотачества и переселения на территории КазАССР и Киргизской автономной области, с предупреждением для имеющих намерения переселиться, о запрещении наделения землей самовольных переселенцев и о непредставлении переселяющимся льгот по переезду как в Казахстан и Киргизскую автономную область, так и обратно.

Предоставить право местным органам КазАССР и Киргизской автономной области выселять в административном порядке вновь прибывших самовольцев»[2, л.13].

Присутствовавший председатель Особкома Серафимов выступил против формулировки «необдуманного переселения». Он высказал свое мнение о том, что на Волыни, на Подольске установлена перенаселенность, и это стихийная тяга на земли естественно ведет к тому, что, разыскивая родственников, с ними переписываются, надеясь найти где-нибудь земельный участок. По его мнению, нужно было обнявить самовольцам на местах о необходимости широкого распространения сведений о том, что казахская и киргизская земля не подходит для переселения, что сразу освоение земли не получится, нужно время, а с навыками черноземной полосы ни в коем случае они не смогут работать на земле Казахстана и Киргизии, и поэтому последних надо убрать.

Председательствующий Асфендияров выступил с предложением, что фразу «необдуманное переселение» можно заменить на фразу «самостоятельное переселение».

Народный Комиссар Земледелия КазАССР Алибеков в своей речи подчеркивает, что переселенцы со своими навыками в черноземной полосе не смогут вести хозяйство в степи и настаивает, чтобы вместо слова «необдуманное» вставить другое категорическое слово, указать на самый факт отсутствия навыков хозяйствования в степной области. «Мы считаем, - отмечает он, - если пожелание населения будет одобрено со стороны правительства, то оно будет их организованным путем передвигать, а когда оно само будет подниматься – это будет необдуманное переселение и в этом выражении ничего странного нет»[3, л.27].

Представитель Киргизии Кудайбергенов отметил, что Серафимов сам знает, что на юге Казахстана и в Киргизской области свободных земель нет, что имеется постановление Президиума ВЦИК от 14 сентября 1925 года, поэтому должно быть твердо и конкретно указано на недопустимость всякого желания переселиться в пределы КазАССР и КАО.

Еще один представитель Центра Селиверстов выступил против административного выселения прибывших и мотивировал это тем, что это не соответствует советским законодательству и Конституции, нарушаются права человека. Если будут административно выселять, то это приведет к увеличению численности нищих и т.п. Он предлагает эту проблему решить по-другому. Например, вместо административных мер, ограничиться строгим предупреждением. По его мнению, применение административных мер – это жестокая и тяжелая форма наказания» [4, л.29].

Серафимов в своем выступлении высказал, что «когда КазЦИК принял декрет от 11 апреля 1925 года, в котором были указаны всякие административные воздействия на самовольных переселенцев – и этот декрет был целиком и полностью ВЦИКом отменен. Так что уже этот прецедент говорит за то, что местным органам никак нельзя предоставлять право административного выселения. Он отмечает, что задача переселения является задачей всего Союза и партии в целом, что образован Всесоюзный Переселенческий Комитет, который пока находится при Союзном ЦИК-е и подчеркивает о том, что еще не учтен весь земельный фонд, находящийся для распределения между населением, проживающим там, и поэтому он просит, чтобы был наложен запрет. По его мнению, основным пунктом нужно делать третий «в целях прекращения дальнейшего самовольческого переселения», выбросив «право выселения в административном порядке». Этот факт и использует Серафимов, когда говорит, о замене административного наказания на строжайшее предупреждение.

Таким образом, Серафимов отмечает, что для обеспечения жителей республики землей до сих пор нет полного земельного фонда, поэтому на переселение нужно наложить запрет и вместо фразы «административными мерами возвратить переселенцев» использовать следующую фразу «прекратить самостоятельное переселение».

Асфендияровым отмечено, что «когда ВЦИК принял это постановление 14 сентября 1925 года, это было пятое постановление о запрещении переселения. И когда я мотивировал, что не надо отменять декрет КазЦИКа, Михаил Иванович (Калинин) указал: «Нет, мы теперь примем действительные меры к запрещению». 14 сентября 1925 года было вынесено постановление о запрещении дальнейшего самовольного переселения. Вопрос шел о том, что Казахстан и КАО не могут устроить всех земледельцев. Но примите меры, чтобы опять этого не было. А сейчас с Самарской губернии едут прямо гужевым путем, и ни на каких железных дорогах вы их не уловите. Следовательно, какие-то меры, для того чтобы действительно было это запрещение, - нужно принять. Тут не говорится о том, что будет поставлен какой-то кордон, который будет всех приезжающих туда отправлять обратно. Тут говорится о переселенцах, которые захватят землю и начнут заниматься хозяйством. Они должны быть выдворены, иначе мы вынуждены через год их землеустраивать. Значит, какие-то жесткие меры должны быть приняты и поэтому эту фразу «предоставить право местным органам выселять в административном порядке нужно оставить, иначе вы даете щель. Сам товарищ Серафимов говорит, что из перенаселенных районов будут прибывать. На это нельзя закрывать глаза. Наша комиссия создана для того, чтобы принять действительные меры, чтобы самовольцев недопускать. Поэтому этот пункт является действительным пунктом. Будут приняты меры на местах»[5, л.21].

Алибеков отметил, что переселение должно быть не стихийным, а плановым, организованным. Поэтому те, кто самостоятельно приехали, не имеют никакого права на заселение. На высказывание Селиверстова о том, не является ли это вообще ущемлением чисто человеческих прав, гражданских прав; это до некоторой степени не противоречит ли современному законодательству и т.д. – Алибеков дал ответ в следующем порядке «в нужном случае мы и расстрел применяем, а не только административное выселение. Это как будто жестокая мера, но тем не менее всякое положение нужно гарантировать известными мероприятиями, иначе невозможно».

Кудайбергенов поддержал Алибекова и отметил, что «без этого пункта все предыдущие пункты и все мероприятия ни в коем случае не могут гарантировать о дальнейшем пребывании земледельцев-переселенцев в стихийном порядке. Поскольку вы заботитесь об интересах и о правах гражданина в другой части территории, то будьте любезны заботиться о таких же нормальных правах туземного населения, которое проживает в пределах Казахстана и КАО и которая не гарантирована оттого, что его земля не будет захвачена другими. В Казахстане до сих пор не закончилось земельное размежевание и всякий переселенец легко занимает землю. Тех, кто приехал в Казахстан и КАО искать работу, то никакого обратного выселения не было. А если хотят взять землю, завести хозяйство, то таким нужно ставить полный запрет и возвращать их туда, откуда они прибыли».

В конце заседания Серафимов и Селиверстов предложили поставить на голосование вопрос об отмене текста «местные органы имеют право использования административных мер для возвращения переселенцев на свое прежнее местожительство». Однако тремя голосами против двух предложение было отклонено [6, л.22].

Таким образом, правительства национальной автономной республики и области могли противостоять самовольным переселениям извне.

Однако, в дальнейшем переселенческое движение будет узаконено Центром и территории бывших колониальных окраин вновь заселятся переселенцами.

Литература:

1. ГАРФ ,ф.3260,оп.5,д.52.
2. ГАРФ.,ф.1235,оп.120,д.170.
3. ГАРФ.,ф.1235,оп.120,д.170.
4. ГАРФ.,ф.1235,оп.120,д.170.
5. ГАРФ.,ф.1235,оп.120,д.170.
6. ГАРФ.,ф.1235,оп.120,д.170.

Казакова Н. Ө.ДАНИКЕЕВДИН «АРМАН» РОМАН-ЭССЕСИНДЕГИ ПСИХОЛОГИЗМ

Кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүү процессине кайрылып, көз жүгүртсөк, тематикалык жактан байып, кыргыз элинин жашаган тарыхый доорлору ар жазуучунун дүйнө таанымы, көркөм кабыл алуусу, көз карашы аркылуу түрдүү стилдик өзгөчөлүк менен чагылдырылып келгендиги белгилүү. Адабияттын дээрлик бүт жанрларында: Үркүн, Октябрь Революциясы, коллективдештирүү, Улуу Ата Мекендик согуш, космос ж.б.у.с. темалар залкар жазуучуларыбыз: А.Токомбаев, К.Жантөшев, К.Баялинов, М. Элебаев, Т.Сыдыкбеков, Ч.Айтматов, Н.Байтемиров жана кийинки муундун өкүлдөрүнүн чыгармачылыгында өлбөс темалар катары орун алып, тарыхтын бул барактары ар бир жазуучуда ар башкача интерпретацияланып келген.

Адабиятта согуш темасы өзүнүн бүткүл кыйраткыч күчү, жексур жүзү менен реалисттик ыкмада чагылдырылып, арадан кылым тогошуп, жыл алмашса да дүйнө элинин, анын ичинде кыргыз элинин, эсинен кеткис так болуп, көркөм сөз чеберлери тарабынан көркөм изилденип иштелип келе жаткан тарыхый чындык. Ар бир жанр өз спецификалык өзгөчөлүгүнө жараша турмуш чындыгын чагылдырып келет. Маселен, поэзия жанрында согуш темасы М.Элебаев, Ж.Турусбеков, А.Осмонов, Т.Үмөталиев, Т.Байзаков, С.Эралиев, С.Жусуевдердин лирикаларында реалдуу сүрөттөлүп, жоокерлердин патриоттук духун чыңалтуу, тылдагы элдин жеңишке деген ишенимин

күчөтүү максатын көздөп жазылган. Поэзия өңдүү проза менен драма жанры да бул темада активдүү иштеди.

Согуш -миллиондогон адамдардын өмүрүн алган апаат, мүшкүл. Дагы согуш - адам баласын такшалткан зор сыноо. Себеби, адамдар согушта турмуштун далай сыноосунан өтпөдүбү. Орус адабиятына же көп улуттуу совет адабиятына басым жасабай эле, өзүбүздүн кыргыз адабиятынын алкагынан карап көрөлүчү. У.Абдукаимов «Майдан» романы кыргыз проза жанрындагы согуш темасындагы эң мыкты чыгармалардын бири. «Майданда» согуш талаасы да, тылдагы жашоо да кароолго алынып, эң башкысы, каарман Качикенин аң сезиминдеги өзгөрүүлөрдү, психологиялык учурларды анализге алуу болгон. Романдын же тактап айтканда У.Абдукаимовдун ийгилиги- адам жан дүйнөсүнүн татаалдыгын көркөм иликтегендигинде. Албетте, инсандын аң сезими атайын психология илиминде бир нече категориялар менен такталып, андагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшү тынымсыз изилденип келсе, мындай изилдөөнү жазуучулар да өз моюндарына жүктөшүп, көркөм чыгарма аркылуу жардамга келишет. Орус адабиятында психологизм Ф.Достоевскийдин чыгармаларында, бөтөнчө «Двойник» повестинде өтө курч. Адамдын жан дүйнөсүндө эки күч салгылашып, бир-биринин үстүнөн үстөмдүк кылуусу (раздвоение личности) Голядкиндин образында берилет. Эки башталыштын кайсынысы күчтүүрөөк болсо, ал инсандын калыптанышында жана кийинки жашоосунда өзгөчө чоң роль ойнойт. «Двойникте» каармандын экинчи күчү үстөмдүк кылып, анын жок болушуна алып келсе, ал эми У.Абдукаимовдун Качикесинде биринчи башталыштын, мококтуктун, мажүрөөлүктүн, көз карандылыктын, жоюлуп, турмушка терең ой жүгүрткөн, олуттуу көз карашы бар, өз жолун таба билген экинчи Качикеге айланат. Романда каармандын өзүн-өзү талдоого алуусу, аң-сезимдеги карама-каршылыктардын башталышы майдандын башталышы менен стихиялуу өнүгөт. Көрсө, согуштун кыйынчылыгы адамды такшалтып, чыйралтат экен. Тарыхый мезгил, шарт адам мүнөзүнүн калыптанышына түрткү берип, жай турмушта көз жаздымда калган башка сапаттарынын ачыкка чыгарын 1950-жылдын экинчи жарымында жарыяланган Ч.Айтматовдун «Бетме-бет» повестинен көрсөк болот. Повестте Ысмайылдын качып келиши менен анын адамдык жүзү, ыйманы ачылат. Үңкүргө жашынып, атуулдук вазийпасын аткарбаганы аздык кылгансып, алкы бузулуп, Тотунун уюн уурдашы кыйынчылык күндөрдөгү Ысмайылдын бет пардасын сыйрып койду.

Согуш темасы тууралуу сөз болгондо туткунга түшүү, дайыны жок жоголуу өңдүү кырдаалдарды чагылдыруу адабиятта өзгөчө аялуу тема, анткени жазуучулардын алдында эң жооптуу милдет турат. Ал жөн гана жогорудагы сценаларды сүрөттөп коюу эмес, ал дал ошол жагдайга туш болгон каармандардын кыйын кырдаалдагы психологиясын ачуу. А.Жакыпбековдун 1966-жылы жарык көргөн «Катаал багыт» повестинде туткунга кабылган Апсаматтын тагдыры сүрөттөлөт. Жазуучу каармандын туткунга түшкөн абалын образдуу берүү үчүн шарттуулукту колдонгон. Апсамат немецтердин колуна түшкөндөн кийин жан айласын таба албай жаткан маалда аң сезимден пайда болгон чымындар каармандын колго түшүүдөгү абалын тактап, күнөөлүү же күнөөлүү эместигин сүйлөшүшүп, окурманга дайын эмес кырдаалдарды түшүндүрүшөт. Чыгарманын соңунда, Апсамат туткундан качып чыгып, партизандарга кошулуп, акыры жооптуу ишти аткарууда баатырларча курман болгонун сержанттын катынан билебиз. Ал эми туткунга түшүп, бошонуп, Советтик Армиянын катарына өтүп, алардын ишенимине жетүү эң оор сыноо экенин Ч.Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романындагы Абуталип Куттубаевдин жашоо тагдырынан көрсөк болот. Туткунга түшкөндөн кийин жоокер өз мекенин саткан саткын, душман. Ал кубаттуу совет өлкөсүндө жашоого акысыз деген түшүнүк чоңдордун гана эмес, жаш балдардын да аң сезимин уулаганын Абуталип география сабагын түшүндүрүп жаткан маалдагы окуучу менен болгон диалогунан көрүүгө болот:

Алдыңкы партадан шак көтөрүлгөн кол анын сөзүн бузду:

- Агай, демек сиз туткунда болупсуз да?

Сумсая тиктеген эки көз ага кадалып, өспүрүм бала башы артына экчелип, какайып турду. Кем ээк баланын астыңкы тиштери үстүңкү катарын жаап, тиштене турган ушул элеси Абуталиптин эсине өмүр бою батып калды.

- Ооба, эмне экен?
- Анда эмне үчүн атынып алган жоксуз?
- Өзүмү өзүм өлтүрүүнүн кажаты канчалык эле? Ансыз да жарадар болчумун.
- Душманга туткун болуп түшпөө керек, ошондой буйрук бар да! (Айтматов Ч. 3-том, Ф. 1983, 103-б.)

Ал эми жазуучу Ө.Даникеевдин «Арман» роман-эссесинен туткун болуу жеке жоокердин керт башындагы азап эмес, анын үй бүлөсүнө түшкөн түйшүк экендиги Сабырдын, Айымкандын, Алий атанын, Шамсуддиндердин тагдыры аркылуу билинет.

Ө.Даникеев адабиятта «Кыздын сыры», «Кызыл аска», «Көкөй кести» өңдүү чыгармалары менен окурмандардын жүрөгүнөн түнөк тапкан жазуучу. А 2005-жылы жарык көргөн «Арман» романы жазуучунун жаңы деми, жаңы сөзү десек жаңылбайбыз, автордун негизги максаты, биринчиден, согуштун катаалдыгын көрсөтүү болсо, экинчиден, бийликтин согушта туткунга кабылган советтик жоокерлердин үй бүлөлөрүнө жасаган адилетсиз мамилесин көрсөтүү «Арман» романынын негизи болуп саналат. Эгемендүүлүктөн кийин жаралган бул чыгарма кыргыз прозасында күчтүү психологизми, каармандардын жана алар жашаган доордун драматизмин көрсөткөн эң мыкты чыгармалардын бири. Жана ошол эле учурда туткунга түшкөн совет жоокерлеринин жакын адамдарына совет бийлигинин “камкордугу” ачык жазылган роман. Чыгармадагы окуя бир нече жылды камтып, Сабырдын эскерүүсүндө тизмектешип баяндалат.

Роман ретроспекция ыкмасында жазылып, баш каарман Сабырдын эскерүүсү аркылуу «сүргүнгө» айдалуу алдындагы картиналар жана жашоосундагы жүгү оор мезгилдин чындыгы баяндалат. Окуянын өнүгүшүндө Сабырдын апасы суракка алынып, аларга тагдырлаш Алий, Айымкандар кошулуп ж.б. бир нече адамдар сүргүнгө айдалып, алыска жол улашат. Акыры Глубокое станциясынан «захаркага» түшүп, кичинекей фин тамына жайгашышат. Жазуучу каармандардын жашоосунун акырындап өз нугу менен өтө баштагандыгынан кабар берет. Сабыр жана анын эми эң жакын деп эсептелген адамдарына ошол жерди жердеп, жашап жүрүшкөн Акан абышкалар таанышып, катыша башташат. Сюжеттик линияга аларга жаңы келип кошулган кавказдыктардын тагдыры чиеленет. Көрсө алардын да ага, ини, ата, күйөөлөрү туткунга түшүп чыккынчы аталгандар экен.

Ө.Даникеев Шамсуддиндердин окуясын чыгарманын сюжетине киргизүү менен каармандардын жана алар жашап жаткан кырдаалдын драматизмин дагы күчөтүп, романда камтылган маселени акырындап чечмелей баштайт. Жаңы келген кавказдыктардын башын бириктирип турган каарман бул-Шамсуддин. Келгиндерди жаңы жерге байырлатып, кем карчын толуктоодо Шамсуддиндин иш билги, журтка жугумдуу, калкка кадырлуу, арбайы аябагандай чоң экендигин айтылат. Керек учурда ал адилет сүйлөй билген акыйкат адам. Каармандын жогорудагы сапаты колхоздун башкармасы, дагы бир-экөө болуп келип сүргүнчүлөрдүн насибин кыскартып, сүт-айранга лимит коюу учурунда көрүнөт. Жыйналышта тургандардан тек гана Шамсуддин элдин ачкачылыктан тукулжурап бара жаткандыгы тууралуу сөз кылып, «элди кырып албасак экен, ачарчылык октон жаман»- деп эскертет.

Шамсуддиндин боордоштук мамилеси Алий, Сабырларга кошулган үй бүлөгө тез-тез каттап, ал жай сураштырып жардам берүүгө дилгирлигинен да көрүнөт. Ошол жаңы келип кошулган эки балалуу кавказдык аялдын тагдыры кийин үч үй бүлөнүн жазмыш тагдырын бириктирип турган түйүн болду. Көп өтпөй Вахид жана Фатиматтын апасы оорудан көз жумду. Вахидди Акан аксакал асырап Бакыт деген ат койду, а

Фатиматты Алий абышка асырап атын Батма атады. Бакыт да, Батма да жаңы үй бүлөлөрүнө кошулуп, жан сактоо улантылгандыгы баяндалат.

Ө.Даникеев - лирик. Романдагы муун титиреткен кусалык, сагыныч, кусалык алыста жүргөн ар адамды коштоорун Жөжө акындын образында баяндайт. Өткөн доордогу Аблай хандын кыргынында Жөжөнүн атасы жана бир уруу кыргыз барымтага түшүп, өз жеринен кетүүгө аргасыз болгон. Кийин Жөжө Кунанбайдын үйүндө жүрүп калат. Казак жеринде жүрүп, «этим казак болсо да, затым кыргыз»(96-б.)-деген Жөжө Кунанбайдын алдынан өтүп, жеримди көрсөм деген муратына жетүү үчүн уруксаат алган экен. Бирок Байтик баатыр Жөжө акынга жер көрсөтүп, эл аралатып, алдына ат тартып, үстүнө чапан жаап узатып койгон экен. Мезгилдик, мейкиндик жактан айырма болсо да, Жөжөнү, Сабырды ж.б. «заключенныйларды» бириктирип турган окшоштук бар, ал-кусалык, элин -жерин сагынуу. Кусалыктын күчү, көкөйдү кескен арманды жазуучу Жөжөнүн ыры менен таамай берет:

Алатоо-жер бермети, мактана алам,
Элестетсем, кандай асем жадыраган.
Алатоом-жер ортосу, Эл ордосу,
Барууга кубат жетпес… курган арман-н!
Алатоом, мен издеген карегимсиң,
Денеме демөөр берчү данегимсиң.

-деп ырдаган акындын тарыхын Абикен домбуранын коштоосунда баяндап берет. Абикендин образы тек армандуу кусалыктын күчүн чыңалтуу үчүн гана киргизилбестен, ал тарыхты, санжыраны унутпай, сактай билген рухий мураскор катары роль аткарат.

Сүргүндөгүлөрдүн жүрөгүн эзген арман окуянын жүрүшүндө акырындап чечиле баштайт. Алий аталарга актоо барагы келип, алар Кыргызстанга кайтышты. Акандар, Сабырлар, Айымкан менен коштошуу кыйынга турду, өзгөчө, Вахид жана Фатимат үчүн, анткени алар түбөлүккө ажырашмак. Арадан бир нече жылдар өтүп, акыры көптөн күткөн актоо баракчасы Сабырлардын да колуна тийди. Тилекке каршы Мүкөн, Сабырдын апасы, жолдо каза болуп, сөөгү бейтааныш казак жерине коюлат.

Романдагы психологизм күчтүү. Көкүрөктү сыздатып, каармандар менен бирге дал ошол кырдаалды башыбыздан өткөрүп, алар менен бирдикте азапты тартып, тең бөлүшкүдөй эпизоддор түзүлгөн. Мисалга, ачкачылыктын айынан Фатимат кичинекей Вахидди уйдун эмчегин эмиздирип жаткан жери Сабырдын гана жүрөгүн оорутпастан, роман менен таанышып чыккан ар бир окурмандын жүрөгүн оорутат. Ал эми Гочачы…. Жүрөк оорутуп, ошол шарттын катаалдыгын элестүү берген эпизоддорду окуп жатып, деги ушул кичинекейлердин согуш менен эмне иши бар деп муунуң сыздайт.

Эгер роман-эсседеги образдарга кайрылсак, алар жашаган ар бир жашоо үзүмүн алсак психологизмге, драматизмге жыш окуялар биринин артынан бири уланат.

Сабырдын образы типтүү, жалпылаштырылган образ. Согуш мезгилинде туткунга түшкөн жоокерлердин жакындарынын тарткан азап тозокторунун баардыгы Сабырдын образы аркылуу жеткиликтүү берилет. «Заключенный» деген жарлыктын кедерги кесепетин каармандын мектепте (сүргүндөгү) жакшы окуп жүрүп, туткундун баласы делип, лагерге алынбай калышы, Абикен акынды туура жолго салуу үчүн чектен өтө албай турушун сүрөттөгөн эпизоддордон көрсөк болот. Адилетсиз өкүм жалгыз Сабыр эмес, ал өңдүү бир канчалаган адамдардын башына түшкөн акыйкатсыздык экендигин автор Айымкан, Алийлердин, Шамсуддиндердин образында тереңден ачып берет.

Алийдин образына токтоло турган болсок, аны биз боорукер кары катары романдын башталышынан эле таанышабыз. Дээрлик сюжеттин өнүгүшүндө эмгекчил бул адам Сабырды коштоп жүрөт. Анын акыйкат, турмушка көзү жетик, эмгектен тажабаган күжүрмөн сапаты сүргүндөгү жашоосунан жана сүргүндөн кийин өз жерине кайтып келип, тынымсыз эмгектенгенин Кенжаалы, Керимдердин кептеринен, «Алийдин алмасы», «Алийдин участогу» аталган алма бактын уюшулушунан эле байкасак болот. Алий жан дүйнөсүнүн драматизминин күчтүүлүгү боюнча Сабырдан кийинки эле образ.

Согуш бүткөнү, сүргүнгө барып келгени тынч жашоодо жашап, бактылуу өмүр сүрүп жаткандай сезилет. Бирок андай эмес. Ал А.Осмоновдун «Жеңишбек» поэмасында Миңбай кары уулун кандай күтсө, дал ошол Миңбай өңдүү уулунан күдөр үзбөй, келет деген үмүттө жашап келе жаткан каарман. Романда Алийдин мындай үмүттү көкүрөгүнө сактап келе жатканы тууралуу ачык деле сөз болбойт, бирок «Агрогород» проектиси уюшулуп, элдин баары көчүрүлүп жаткан эпизоддо Алийдин аздектеген ою ачыкка чыгат:

-Совет өкмөтү чыгып, тоодон түшкөндө, мобу үйдү өзүм, Күлүшай экөөбүз тургузганбыз. Мидин байкеңер ушул үйдө төрөлүп,ушээрде чоңойгон. Ушээрден кеткен аскерге. Анан насип буйруп келип калса, ордубузду сыйпап… Жо, биз көчпөйлү биерден. Мен ушээрден күтөм Микинтайымды. (206-б.) Бирок Алий ата Микинтайын көпкө күтө алган жок, аз өтүп көз жумду.

«Армандагы» тагдырлардын кайталануусу көкөйдү кескен күйүттү, арманды коштоп чыңалтат. Сабыр Батма экөө баш кошушканы балалуу боло албай жүрүп, акыры уулдуу болушат. Кичинекей наристенин аты Мидин аталганда Алий атанын Мидининин тагдырын кайталабаса экен, Батма менен Сабырдын бала кезинен бери тарткан жана тартып келе жаткан азабы ушуну менен аяктап, бактылуу жашоого кадам шилтесе экен дейсиң. Тилекке каршы, аларга «тартууланган» азап, армандын аягы үзүлө элек тура. Кичине Мидин өсүп жетилип, Афганистанга согушка кетип, дайынсыз жоголот. Сабырдын маңдайына да Алий ата сыяктуу саргара жол карап, уулун күтүүнү жазган экен жазмыш. Сабыр эскерүүсүнүн акырында: ….буга чейинким деле жетишерлик эле го. Эми минтип олтурбаймбы Каралдымдын караанына зар болуп… Не дейин, менин тилеген тилеген тилегим, мудаазатым бир гана Микинтайым. Кудайым оомийин деп эртеби, кечпи берсе, бу жалгандын бар жогунун баарына кайыл болбойт белем-дейт.

Романды бир илеп менен окуй тургандай жазылган. Романдын аталышы мазмунду чагылдырып, түшүндүрүп турат. Өз жериңден сүргүнгө куулган арман эмеспи? Бир туугандан тирүүлөй ажыроо арман эмеспи? Согушка кетип дайынсыз болгон уулуңдун өлүү же тирүүсүн билбей күтүү арман эмеспи? Жериңди сагынып, аны бир көрүүгө зар болуу арман эмеспи? Сүйгөнүңдөн ажыроо арман эмеспи? Деги арман каарман Сабыр айткандай: «… тээ Адам ата, Аба эне менен тең жаралса керек го».

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын 3 томдугу. –Фрунзе, 1983.
2. Даникеев Ө. Арман. –Бишкек, 2005.

Карымшаков С. АЙТМАТОВ ИЛИМИНДЕГИ АЧЫЛГА

Азыркы учурда Айтматов таануу илими дүйнөлүк алкакта да өсүү жолунда бараткандыгы тууралуу маалыматтар бизди дайыма сыймыктануу сезимине бөлөп келет. Тилекке каршы, чет тилдерде жарыяланган андай эмгектерден биз көп учурда бейкабар калып келет окшойбуз...

Ал эми өзүбүздүн айтматовчулар, кудайга шүгүр, жазуучунун чыгармачылык дүйнөсүн узун-туурасынан жакшы эле “аралап” келатышат. Учурда кыргыз айтматов таануучуларынын ошондой татыктуу эмгектерин философ-эстетик, философия илимдеринин доктору КР УИАнын корреспондент мүчөсү, профессор Теңдик Аскаровдун “Поиски абсолюта – творческое кредо Чингиза Айтматова” (Б.2010) деп аталган монографиясы толуктап, ал бул багыттагы иштердин жаңы белеске көтөрүлгөндүгүн да айгинелей келди.

Аннотациясында белгиленгендей, монографияда Ч.Айтматовдун көркөм мурасынын аз изилденген аспектилери философия илиминин абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү ж.б.у.с.

категорияларынын, закондорунун жоболору менен талданып, жазуучунун турмуш чындыгын көркөм эстетикалык өңүттөн чагылдырып, таанып билүүдөгү образдуу дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү аңдаштырылат. Ошондуктан аталган эмгек улуу жазуучунун мурасына арналган биздеги туңгуч философиялык эмгек болуп калгандыгы менен баалуу.

Монография беш главадан куралып, I главасы "Ведущее звено в цепи художественного процесса" деп аталат да, ал эки параграфка бөлүнүп, биринчисинде автор кыргыз жана орус кесиптештеринин айтматов таануу илимин өнүктүрүүдөгү салымдарын канагаттануу менен белгилеп, бирок, али да болсо жазуучунун чыгармачылыгын эстетикалык-философиялык планда жалпылаштырып караган олуттуу эмгектердин аз же жокко эсе экендигине басым коюу менен өзү аталган эмгегинде жазуучунун чыгармачылык өнөрканасындагы өзгөчөлүктөрдү ушул өңүттөн талдоого бел байларын кыйыта кетет да, изилдөөгө байланышкан бир жагдайды: Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы азыркы адабий процесстин идеялык-көркөмдүк, эстетикалык бийиктигин баалоодо эң бийик жана так критерий болуу менен көркөм процесстин чынжырындагы жетектөөчү да звено болуп калгандыктан маселенин маңызы, түйүнү так мына ушунда экендигин белгилеп өтөт.

Монографияны баштан аяк аралап өткөн өзөктүү идея – Ч.Айтматовдун чыгармаларынын көркөмдүк-эстетикалык өзгөчөлүктөрү менен философия илиминин үндөштүгү, конгениалдуулугу. Жазуучунун чыгармачылыгын комплекстүү изилдөөгө муктаж кылган ушул татаал, олуттуу маселенин ички маңызын, жабык сырларын ачып, түйүндөрүн жандыруу үчүн Т.Аскаров өзү да эстетик-философ катары дүйнөлүк философиялык-эстетикалык ойлордун жана көркөм тажрыйбанын көптөгөн классикалык мисалдарын "калыска" тартуу менен жазуучунун жарым кылымдан ашуун тарткан чыгармачылык "мүшкүлүн" жана анын дүйнөлүк сөз өнөрүнүн бийик мунарасын курушууга кошкон нукура жаңычылдык салымдарын илимий так таразага тартып, аларды жогоруда белгиленген философиялык категорияларды, логиканын закондорун конкреттүү мисалдарга колдонуу аркылуу жаңыча, оригиналдуу түшүндүрүүгө жетишкен.

Изилдөөчү жазуучунун өтө кыска мезгил аралыгында жергиликтүү, анан мурдагы союздук чектерди ишенимдүү "аттап" өтүп, бара-бара дүйнөлүк адабий-көркөм процесске да кубаттуу таасир этип жаткан күчтөрдүн бирине айланып, ажайып кооз кыргыз жергесин, кыргыз адамдарынын жаркын образын бардык континенттеги окурмандарга өз адамдарындай тааныштыруу менен кыргыз рухунун кубатын элибиз сыймыктанчу даражада дүйнө элине тааныта алгандыгын далилдер менен тастыктайт. Ч.Айтматовго чейин да, андан кийин да, анын өзү менен да үзөңгүлөш таланттуу далай калем ээлери эмгектенип келишкендигин, бирок, алардан айырмаланып, "Калем императору" атка конгон Ч.Айтматов көркөмдүктүн эң катаал критерийлерине жооп берген "бийик пробалуу" чыгармаларын жаратып, дүйнөлүк окурмандардын жүрөгүнөн орун ала алгандыгын ал жөн эле чебер жазуучу болбостон, философ жазуучу болгондугу менен түшүндүрүп, ал оюн ишенимдүү далилдер менен бекемдейт.

Ырасында эле Ч. Айтматов тубаса, "жогортон" берилген мөлтүр талантын чыпчыргасын коротпой таптап, жетилтип, өз башынан өткөргөн катаал турмуш сабагынан "кагылып-согулуп", ийленип, ага коштилдүүлүгү да кошумча күч-кубат болуп, элибиздин бай көркөм мурасы менен дүйнөлүк көркөм маданияттын мыкты үлгүлөрүнө бала кезинен кана сугарылып алгандыгы анын акыл-ой чабытынын кеңири кулачтуу болушуна бекем пайдубал болгондугу тууралуу айтылып да, жазылып да келет эмеспи. Т.Аскаров мына ошол аксиоманы философия, логика илимдеринин окшоштук закону ж.б. закондорунун призмасынан карап, ошого байланыштуу обңективдүү дүйнөнүн, турмуш кубулуштарынын адамдын аң-сезиминде чагылышынын өзгөчөлүктөрү, аларды көркөм образдуу формада кайра жаратуунун машакаттары

тууралуу теориялык маселелерди дүйнөлүк көркөм өнөрдүн мисалдарына жана жазуучунун өзүнүн сүрөткердик тажрыйбасына таянуу менен териштирип чыгат.

Ч.Айтматов чыгармачылык кадамдарын алгач шилтей баштаганда эле тапталган жолго түшпөй, өз учурундагы коомдук-саясий, социалдык-экономикалык, маданий-руханий турмуш менен үзөңгүлөш жүрүп, бара-бара аларды өзүнүн көркөм-эстетикалык, аналитикалык ой "тегирменинен" өткөрүп, кыргыз жергесинде жаңы адамдын калыптануусундагы "тар жол, тайгак кечүүлөрдү" экинчи бир көркөм эстетикалык дөөлөткө айландырууда төл адабиятыбызда мурда кездешпеген, атүгүл жат көрүнгөн ыкмалар, образдар аркылуу сүрөттөөгө бет алганын, ошондо эле жазуучунун келечекте кездешчү көрүнүштөрдү, кубулуштарды алдын ала көрө билген сезимталдыгы, көрөгөчтүгү байкала баштагандыгын конкреттүү мисалдар менен иллюстрациялайт.

Ошентип, бара-бара катардагы окурмандар гана эмес, "азуусун айга жанган" адистер да бир добуштан Ч.Айтматовду "философ жазуучу", "ойчул жазуучу", "кеменгер жазуучу" деген эпитеттер менен адилет мүнөздөп келишкени менен андай мүнөздөмөлөр жалпы сөз бойдон калып келсе, бу сапар Т.Аскаров көркөм чыгармачылык менен философиянын карым-катышы тууралуу талылуу маселенин азыркы учурдагы изилденүү абалына экскурс жасоо менен жогорудагы мүнөздөмөнү абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өткөрөт.

Мисалы, келечекте кездеше турган турмуштук көрүнүштөрдү алдын ала чагылдыра алуу жөнүндөгү философиянын законун "Жамийла" повестин, таанып билүүнүн абстракттуулуктан конкреттүүлүккө өтүү законун "Бетме бет" повестин, илимий-техникалык прогресстин чагылдырылышын "Асма көпүрө", "Делбирим", "Кылым карытар бир күн", "Кыямат" чыгармаларын талдоо учурунда колдонуп, алардагы жалпы эле адам баласына мүнөздүү оң, терс сапаттарды тулку боюна сиңирип алышкан каармандарынын турмуштагы түбөлүктүү карама-каршылыктардын казанында кайнап, күйүп-бышып жүргөндүктөрүн окурмандарды терең ой жүгүртүүгө, акыл калчоого чакырчу сабактар катары чечмелейт да, мына ошондой күчтүү таасир этүү сапаттарды философ гана жазуучу жарата аларын көптөгөн мисалдар менен бекемдейт.

Ырас эле *философия* терминин түпкү маңызы "акылмандыкты сүйүү", "акылдуу болуу" деген түшүнүктөрдү билдирүү менен, ал элибиздин "Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй – сүйлөй чечен болот" деген макалына да үндөшүп турса, ал эми Ч.Айтматовдун чыгармачылык мурасы окурмандарды адам болууга, акыл-эстүү атуул болууга машыктырган, аларга "Көрбөгөндү көрсөтүп, билбегенди билгизген" мектеп болуп келатса, жазуучунун философ, даанышман аталышынын төркүнүн да ушул жакты да. Биз жөнөкөйлөштүрүп кысып айткан бул ойлор монографияда дүйнөлүк искусствонун көптөгөн кызыктуу, оригиналдуу мисалдары менен профессионалдуу бийик деңгээлде талданат.

Изилдөөчү дагы бир моменттерди – "Биринчи мугалимдеги" Алтынайдын философия илими боюнча окумуштуу болуп чыккандыгын, кезинде улуу Д. Шостакович жазуучуга каармандарың аркылуу турмушка терең философиялык ой жүгүртүп жазганга күчүндү үрө деп берген кеңешин, жазуучу өзү да даңазалуу эле болуп калган чыгармаларын азыр жазсам башкача, татаалдантып жазат элем деп айтканын өз оюн бекемдөө үчүн колдонот да, ырасында да Ч. Айтматов ар бир чыгармасы менен "өлүп-талып", идеалга, Абсолютка умтулуу менен, каармандарына философиялык ой жүгүрттүрө алуу аркылуу, дүйнөлүк көркөм сөз өнөрүнүн сересине көтөрүлө алгандыгын дагы бир жолу ырастайт.

Аталган монографиянын баалуулугун арттырып турган дагы бир сапаты - ушу күндө да көптөгөн келишпестиктерди жаратып өзүбүз башыбыздан өткөргөн советтик мезгилге, социалисттик түзүлүшкө "түкүрүп", акарат келтирип келаткан айрым кубулгучтарга каршы Т.Аскаров диалектик катары кынтыксыз илимий аргументтер менен жооп берип, ал мезгилдин артыкчылыгын да, кемчиликтердин да таразалап, СССР деп аталган кубаттуу империянын кулашынын обңективдүү да, субңективдүү да

себептерин өзүнө мүнөздүү тарыхыйлык принцибин так колдонуу ыкмасы менен ачып бергендиги.

Ошондогу социалисттик реализм деп аталган метод чыгармачыл чөйрөгө күч менен таңууланып, колу-бутту тушап келген деген көз караштарды да автор аргументтер менен төгүндөп, Ч.Айтматовдун көркөм дүйнөсүнө жана анын эстетикалык көз караштарына таянуу менен көркөм чыгармачылыктын табиятына, көркөм ой жүгүртүүнүн чагылдыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө, сүрөткердин талантына, дараметине байланышкан теориялык маселелерди кайрадан тактап, териштирип чыгат.

Чындыгында да азыр биз “төө бастыга” алып жаткан социалисттик реализм методунун арсеналы кеңири болгондугун, ал атамзамандан бери келаткан көптөгөн көркөм ыкмалардын, стилдердин, методдордун табигый уландысы болуу менен эми жаңырган турмуш келбетин, андагы жаңы адамдын ички жана тышкы турпатын чагылдыруу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр түзгөндүгүн, эгерде начар чыгармалар жаралып калса, ага соцреализм эмес, алардын авторлору күнөөлүү экендигин, андайлар бардык учурларда кездешип келгендигин жана кездеше бермектигин ырастаган мисалдар монографияда жетиштүү.

Ушул “чыргоо” маселеге эмгектин “Социалистический реализм и Чингиз Айтматов” деп аталаган бөлүмү арналып, анда автор өзүнүн теориялык жоболорун жана социалисттик реализм жөнүндөгү позитивдүү позициясын Ч.Айтматовдун чыгармачылык тагдыры жана анын бийик трибуналардан сүйлөгөн сөздөрү, маектеринде, макалаларында айткан пикирлери менен бышыктайт.

Бул бөлүмдү окугандан кийинки алынган таасир: Ч.Айтматов эч качан советтик түзүлүшкө , соцреализмге каршы болгон эмес, тескерисинче, ал өзү жаш кезинде азап-тозогун көп тартып, кийин жыргалын да көп көргөн ал мезгилдин кулуну, аз сандуу элдин атуулу, коммунист-жазуучу катары ага ак дилинен кызмат кылуу менен андагы түз жолдон кыйшайтып бараткан бурмалоолорго, чала сабат жетекчиликке дайыма каршы чыгып келген.

Т.Аскаров мына ушундай талаш-тартыштуу, татаал маселени кароолго алганда коомдук өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрүн философиялык закондор, жоболор менен ченеп өлчөп-бычып, нечен-нечен ийгиликтерди, ачылыштарды жараткан дүйнөдөгү эң кубаттуу эки империянын бири – СССРдин кыйрашынын себептерин (сөз менен иштин, теория менен практиканын эки жакты карап калышы, экономикалык саясаттын тескери жолго түшүшү, аны туура эмес пландаштыруу ж.б.у.с. обңективдүү, субңективдүү себептерди) илимий так аргументтер менен бекемдеп чыгат. Ал үчүн азыркы окурмандардын колуна оңойлук менен тийбей турган кызыктуу фактыларды келтирет жана Ч.Айтматовдун соңку чыгармачылыгын ошондой кырдаалдардын фонунда талдап чыгат.

“Жаныбарым, Гүлсарым!”, “Кылым карытар бир күн”, “Кыямат”, “Тоолор кулаганда” чыгармаларында жазуучу көркөм чагылдыруунун улам бир жаңы закондорун ачуу менен ошол советтик түзүлүштү, социалисттик идеологияны ичинен иритип, тышынан чиритип жаткан бюрократия, мансапкорлук, жасалмалуулук, эки жүздүүлүк сыяктуу терс көрүнүштөрдүн да таз кейпин тасырайта сындап чыккандыгын окумуштуу так ошо социалисттик реализм методунун шарапаты менен түшүндүрүп, Ч.Айтматовдун философтугун да дал ошол методдун көмүскөдө жаткан мүмкүнчүлүктөрүн кемелине келтире пайдалана билгендигинен көрөт да, бул позициясын жазуучунун көптөгөн сөздөрү менен бекемдейт.

Монография дагы бир талылуу, күдүк маселенин - Ч.Айтматовдун “плагиаттыгы” жөнүндөгү маселенин ажатын ачып, ага ачыктык, тактык киргизгени менен да өзгөчө баалуулукка ээ. Кезинде басма сөз беттеринде ошондой “сопол куйрук” пикирлер бир караганда туурадай көрүнгөн фактыларды келтирүү менен жарыяланып, карапайым, даярдыксыз окурмандар арасында күңк-мыңк сөздөрдү жаратып да келгендей болгон.

Бирок, койнунда котур ташы жок, дили таза ар бир адам талант даражасы, масштабы Айтматов сыяктуу жазуучу эч качан кимдир бирөөлөрдөн тема, идея, сюжет "уурдоого" сабасаң да барбастыгына ишенип турса да, бу сапар монографиянын автору көркөм процесс, чыгармачылык деген өзгөчөлүү көрүнүштөрдө андай окшоштуктар, оош-кыйыштар байыркы мезгилден баштап, соңку мезгилдерге чейин деле кездешип келатканын (кездеше да берет го) адатынча дүйнөлүк дөө-шаалардын (Шекспир, Гете, Толстойдун) чыгармачылык тажрыйбаларынан учураган фактылар менен бекемдеп, мындан ары бул маселеге мындай "маңка" мамиле жасоону тык токтотту окшойт (178-187-бб.)... Чынында да ашкере жоомарт турмуш баарыбызга текши тартуулаган окшош, түбөлүктүү темаларды (өмүр, өлүм, сүйүү, күйүү, согуш, тынчтык ж.б.) кандай сүрөткер канчалык деңгээлде көркөмдүктүн бийик мунарасына жаркыратып жеткирет? Байге ошонуку да! Ушул жерден монографиянын авторунун негизги максатын аныктаган төмөндөгү пикири айрыкча көңүл бурууга татыктуу:

"И как бы горьки ни были подобные оценки творчества Чингиза Айтматова, отдельных недостатков, погрешностей, встречающихся в его произведениях, мы сочли нужным ввести все это в оборот научно-изыскательской деятельности, посвященной наследию писателя. Иначе, на наш взгляд, картина его творческой жизни, творческой биографии была бы неполной, одноцветной, одномерной" (188 б.)

Ошентип, жогоруда белгиленип өткөн кычыткылуу маселени илимий-изилдөөчүлүк алкакка салып, аңдаштырып чыгып, андан окумуштуу чыгарган төмөнкү жыйынтык азыркы учурдагы айтматов таануу илиминдеги жүз пайыз жаңы сөз. Ал мындайча (ишенимдүү болуш үчүн цитатаны узак келтирүүгө туура келет): «Есть и гносеологический аспект вопроса. Еще Аристотел считал, что стремление к подражанию вообще свойственно живым существам, а людям в особенности. Лучшим способом приблизиться к идее прекрасного признавалось подражания идеальным образцам античного искусства.

Плагиат же – это воспроизведение чужого произведения или его части под своим именем. Плагиат несовместим как с творческой деятельностью, так и с общепринятыми нормами морали и закона. От плагиата отличают творческие заимствования (Философский энциклопедический словарь. – М.: СЭ, 1983. – С. 505).

А «подражание» в руках таких талантов, как Чингиз Айтматов, переходит в степень оригинального художественного создания, обладающего всеми свойствами самобытного творческого явления. Писатель мог взять в том или ином случае сюжет, канву последовательно сменявших друг друга событий и «возвести» на этой основе образное построение. При этом он не копирует идейно-эстетические слагаемые какого-либо конкретного и общепризнанного, общеизвестного литературного образца, а фактически создает диалектически новое литературно-художественное явление, несопоставимое с тем же образцом. Поэтому Айтматова можно понять и по человечески его простить за творческие «вольности», которые допускал он изредка в соответствии с обңективными закономерностями развития словесной культуры, а также с традициями, которые создавались и накапливались в лоне больших или «малых» литератур, творились такими гигантами изящной словесности, как например, Шекспир или Толстой» (186 – б.). Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын баалоодо автор өзү "сложные и щепетильные проблемы" (178) деп атаган бул маселе боюнча азырынча анын келген жыйынтыгы ушундай...

Жогорудагы цитаталар алынган «"Возвышающее" воздействие ухода из жизни Чингиза Айтматова на сознание людей» деген бөлүм да (164-192-бб.) мурдагы бөлүмдөрдөй эле өзгөчө дем, эргүү менен жазылып, демейде көзү өткөн чыгармачыл адамдарга карата: "Эми анын экинчи өмүрү чыгармаларында уланат" – деген таризде айтылып жүргөн көңүл жубатуучу "дежурный" фразага баарыбызды терең ойго салып, намыстантчу, жазуучунун мурасынын дүйнөлүк нарк-насилин мурдагыбыздан бийик,

жогору туруп баалап, үйрөнүүгө багыт берчү философиялык, илимий-теориялык проблемалар чөйрөсү камтылган.

Сөздү авторго берүүгө туура келет: “И все это требует от литературоведов и критиков, эстетиков и философов, искусствоведов и психологов, историков и этнографов, лингвистов и фольклористов создания обобщающих научно-теоретических трудов, в которых нашли бы свое отражение и осмысление все основные аспекты художественного наследия Айтматова. Иначе познание и постижение всех особенностей, черт, качеств творческого облика писателя не достигает необходимой глубины, не раскроет многогранно воздействующего на сознание читателей потенциала.

При этом, идейно-художественные слагаемые творческого процесса писателя должны рассматриваться в их диалектическом единстве, с учетом как их неоспоримых и широко известных читающему миру достоинств, так и недостатков, изңянов, которые тоже могли не иметь места в живом творческом процессе. В конце концов Айтматов был прежде всего гражданином и человеком, хотя и человеком с большой буквы. Ему, как художнику и творцу, тоже были присущи и определенные слабости, недостатки, которые были связаны с природой самого словесного искусства и с особенностями писательского ремесла» (170-б.).

Ошентип, улуу жазуучунун мурасын, анын атуулдук турпатын чар тараптан өзүнө тете изилдөөнүн жаңы доору ачылып, анда жогоруда аталган илимпоздор чөйрөсү ыкшоолуктан көтөрүлүп, татыктуу иштерди жүргүзүшөрүнө, алардын алдыңкы сабында Т.Аскаров өзү да тура тургандыгына зор ишеним артууга туура келет. Мындай иш барыдан мурда кыргыз адабияты менен маданияты мындан ары да дүйнө коомчулугунун көз алдында Ч. Айтматовдун бийиктигинде, андан да аша өнүгүшү үчүн, элибиз эзелтен бери көрөңгөлөнүп келаткан улуу каситтерин азыркы ааламдашуу заманында дүйнө элдеринин эң алдыңкы сапат-салттары менен ширелиштирип өсүп-өнгөн цивилизациялуу элдердин катарына тура алышы үчүн керек. Ал үчүн биз тээ “жер каймактагандан” бери эле адам баласынын кендирин далай ирет кесип келаткан бир катар терс сапаттардан арылуубуз керек экен. Алардын ана башы – көрө албастык жана чагымчылдык деген эң эле ыплас көрүнүштөр окшобойбу!

Азырынча кыргыз коом таануучулары менен гуманитарийлеринин назарына илинбей, изилденбей келаткан ушул проблема монографияда “Пути зависти и клеветы неисповедимы?” деген жыйынтыктоочу бөлүмүндө Ч. Айтматовдун чыгармаларынын мисалында талданып, анда да төбө чачты тик тургузган дүйнөлүк мисалдар келтирилет.

Монографиянын аягына чыккан соң Ч.Айтматовдун чыгармачылык дүйнөсүн жаңыча, аң-сезимдүү аралап чыккандай болуп, ошол учурда тээ алыскы өлкөлөрдөгү сейрек китептер сакталган китепканалар менен музейлерге кирип чыккандай ыракатка бөлөнүп, эгерде эмгектин нускасы арбын болуп, башка өлкөлөрдөгү адистерге да жетсе, дүйнөлүк айтматов таануучулар да андан көп жаңылыктарды алышып (Т. Аскаровдун эмгектерине мурда эле тыш жактагы белгилүү окумуштуулар кайрылышып, шилтемелер келтиришчү), өз тилдерине которушуп, жогору баалоо менен абройлуу сыйлыктарга жана наамдарга да сунушташат беле деген үмүт шооласы жылт этет...

Келдибай кызы М. Ж. ЕГЕМБЕРДИЕВДИН «КАНАТ ХАН» РОМАНЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Кыргыз эли нечендеген азап-тозоктуу тагдырларды башынан кечиргени тарыхтан маалым. Алыс барбай эле өткөн кылымдын 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү алып эстесек, элибиздин башына кандай кыйын күн түшүп, улут катары тукум курут болуп каларда аргасыздан Кытай жергесине өтө качууга мажбур болушканын тарыхый фактылар жана көркөм чыгармалар тастыктап турат. Кыргыз адабиятында үркүн темасы К.Баялиновдун «Ажар» повестинен тартып Т.Касымбековдун «Баскын», «Кыргын» романдарына чейин көптөгөн акын-жазуучуларыбыздын чыгармачылыгында көркөм иликтенип келди. Үркүн темасындагы чыгармалардын катарын толуктап жакынкы жылдарда жарык көргөн публицист, котормочу, жазуучу Ж.Егембердиевдин «Канат хан» тарыхый романы жарык көрдү. Бул роман 1916-жылдагы үркүн окуясына жаңыча көз караштан карап, мүмкүн болушунча жаңы тарыхый фактыларга таянып, жогорку көркөмдүктө жазылгандыгы менен окурмандын көңүлүн өзүнө бура алат. Канат ханды биз 1916-жылдагы көтөрүлүштү жетектеген тарыхый инсан катары эле билсек, романды окугандан кийин анын эл башкаруучу, агартуучу, анан калса эли үчүн күйүп-бышкан чыныгы патриот, эч нерседен тайманбаган күчтүү личностң болгондугунан жана анын жеке жашоо-тагдырынан кабардар болобуз.

Ата Журт кыйын күнгө кабылганда
Айлансын ар бир уулу чагылганга

- деп акын Жолон Мамытов жазып кеткендей, Канат хан да өз мезгилинде Ата Журту, эли кыйын күнгө туш болуп, башына каран түн түшүп турганда өз кызыкчылыгынан элдин кызыкчылыгын жогору коюп, жанын да аябай күрөшкөндүгү романда жогорку чеберчиликте чагылдырылат. Канат хандын ушундай инсан болуп калыптанышын шарттаган факторлорду да автор чыгармада логикалык ырааттуулукта ишенимдүү бере алган. Анын ата-теги, Төрөгелди баатыр, атасы Ыбыке ж.б. аны курчаган бир топ эл башчыларынын таасиринен болсо, эң башкысы ал жашаган тарыхый шарт, тактап айтканда, падышалык Россиянын колониялык саясаты, кысымы, элди басынтуулары өз элинин кызыкчылыгы үчүн күрөшүүгө, коргоого болгон сезимдерин курчуткан. Себеби, роман башталганда эле Төрөгелди баатырдын орус төрөлөрү тарабынан чакыртылып, себепсиз сабалышы сүрөттөлөт. Бул эпизод тууралуу белгилүү сынчы С.Карымшаков мындай дейт: «Өз учурунда элин нечен жоодон калкалап, баатыр атанган айтылуу Төрөгелдини Токмок калаасында жайгашкан падышалык Россиянын жогорку даражалуу улуктары чакырып алып, сабаткан учуру элестүү сүрөттөлүп, чыгарманын андан аркы өнүгүшүнө ыңгайлуу ыргак берген башаттын функциясын аткарып турат. Жаамы кыргыз журтчулугу сыймыктанган улуттук баатырдын сабалышы – демек, мындан ары алардан эч кандай жакшылык болбостугунан алдын ала кабар берген көркөм деталң»[1]. Сынчы айткандай, бул көрүнүш ар бир кыргыз атуулунун кыжырын кайнатпай койбойт. Мындай көрүнүш бүгүнкү күндө жок деп айтуу кыйын. «Жаман үйдүн коногу бийлейт» дегендей, азыркы күндө деле башка улуттун өкүлдөрү келип алып, кыргыздарды сыйлабастан өз билгенин, оюна келгенин жасап коюп басып кетип жүрүшкөнүн көрүп, улутубуздун «ашыкча» гумандуулугу, меймандостугу өз башына тийген муштум болуп жаткан жокпу деген ой кетпей койбойт.

Төрөгелдинин сабалышынан кийинки эпизоддордо автор окуяны улам өнүктүрүп олтуруп окурманды жаш Канат менен таанышытырат. Канаттын бүткүл өмүр жашоосун сюжеттин өнүгүшүндө динамикалуу планда сүрөттөп, анын өмүрүндөгү романтикалуу да, драмалуу да, трагедиялуу да учурларын көз алдыбызга тартат. Албетте, бул учурларды окурманга жеткирүүдө автордон канчалык көркөм ой жүгүртүү, чеберчилик

[1] Карымшаков С. Чыркыраган чындык жөнүндөгү чыгарма // Ж.Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 6-б

талап кылынары бизге белгилүү. Ж.Егембердиев мейли жаратылышты же бир предметти сүрөттөйбү, мейли адамдардын портретин тартабы көркөм сөз каражаттарын ыктуу пайдалана алган. Айрыкча жазуучу портрет тартуунун чебери. Буга романдан бир нече мисалдарды келтирүүгө болот. «Босого тарапта узун бутун далай жерге сунулта чиренип отурган жазы жаак, кырдач мурун, дөң чекесинин алдыңкы кырбуусуна суюк өскөн сур каштарынын ички учтарын көздөрүнүн кычыгы тарапка имериле жайгашкан, ээрди калбайган, жайык беттүү, узун бойлуу, толмочунан келген Өтөмбайдын иниси Табыш балбан», «Баятан бери сөзгө кулак төшөй Ыбыкенин сол капталында мандаш токунуп, үңкүйө отурган, күнгө тотуккан, толтогой беттүү келтек мурун, суюк өскөн муруттуу, буурул сакалчан, орто бойлуу толмоч жигит Танаш уулу Беккулу сөзгө аралашты»[1]. Бул портреттик сүрөттөлөрдү окуганыбызда аталган каармандар көз алдыбызга бет маңдай көрүшүп тургандай, даана элестейт. Негизи эле портрет каармандын мүнөзүн ачууда жана анын андан аркы иш-аракеттеринен алдын ала кабар берүүдө чоң маниге ээ.

Ал эми төмөнкү сүрөттөөдөн кыргыздардын өмүр бою жашап, ошондо күн кечирип келген боз үйүн жана анын жасалгасын көрө алабыз. «Ыбыкенин сегиз канат боз үйүнүн ичи өз доорунун эң кымбат деген буюмдары менен жасалган. Саймаланган чачылуу тукабадан жапкычы тактанын көркүн чыгарып, атлес журкандар тиреле жыйылып, үстүлөрүндө боз жибектен тышталган чоң жаздыктар, ортосунан бүгүлө жыйылып турган жүктүн эки тарабында Анжиян килемдери, туш кийиз милдетин ашыра өтөшүп, көз жоосун алууда. Оң бурчта карышкырдын, сол тарабында илбирстин терилери жалпайта башы менен катырылып, куйруктарын салаңдата, көрүүчүнү сездендире илинүү. Жердеги шырдактар үстүнө саңсаң көлдөлөңдөр, ага удаалаш аюу талпактар салынган. Эпчи тарабындагы каланган чий чыгдан узун алабакандын теңинен арбынын, аялдардын казан-аяктарын, тамак-ашын эл көздөрүнөн калкалап турду» (47-б). Бул сүрөттөлүштөн жеке эле боз үйдүн жасалгасын эмес, кыргыздын нукура көчмөн турмушун, аялдардын үйдү тутуу маданиятын, ууздугун, сарамжалын көрүү менен бирге «**Оң бурчта карышкырдын, сол тарабында илбирстин терилери жалпайта башы менен катырылып, куйруктарын салаңдата, көрүүчүнү сездендире илинүү**» деген сүйлөмдө үй ээси Ыбыкенин да эч нерседен кайра тартпаган эрктүү, тайманбас мүнөзү метафоралык маанайда берилгенин байкай алабыз. Айрыкча автордун «**сездендире илинүү**» деген сөз айкалышына логикалык басым жасашы көп нерседен кабар берет. Муну биз романда Ыбыкенин алгач Барыштар менен, кийин Үркүмбайлар менен болгон кагылыштарында көрөбүз. Өзүнүн карылыгына карабастан Үркүмбайлар менен айыгышкан курч күрөшкө баргандан кайра тарткан жок. Бул көрүнүш чыгармада «Жуунуп, тазаланышканда Үркүмбайдын кекиртегиндеги муштумдай томпоө уюп калган канды көрүшөт. Карып-арып, жакынкы жаңжалда катуу жарат алып, күч-кубатынан тайый алсырап жүргөнүнө карабай, Ыбыкенин ушунчалык каршылыкка барганына таң беришет»[2] деп айтылып өтөт.

Романда эл башкаруучуларынын ич ара келишпестиги, чыр-чатагы, аларды ынтымакка чакыруудагы айылдын кадырман карылары Төрөгелди, ак сакалын жайкалткан Алыбай ажы, өткүр көз карашынан, кырдач мурдунан, бир аз салыңкы ууртунан, ак аралап бараткан жарашыктуу сакал-мурутунан адамгерчилик сапаты байкалып турган (романда алардын портрети ушундай берилген) Жаркымбай молдолордун кеп-кеңеши, образдары кыргыздардын ички биримдигин чыңап турган. Кыргыздар сөз баккан, сөз кадырын билген эл болгондугу да ушул эпизоддордо айтылып өтөт.

Канаттын эр жетип, үй-бүлө күтүү учуру да автор тарабынан кыргыздын илгертен келаткан каада-салты менен айкалышкан тою ушунчалык эргүү менен баяндалат. Ата-энелери бел куда түшүп койгон Канаттын болочок жары Жылдыздын «далысын жаба

[1] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 47-б
[2] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 189-б

майда өрүлгөн узун кара чачтары аркасына куюлуша шыңга боюна жарашкан, кой көз, кара каш, оймок ооз, аппак бетинин ортосундагы кызылы жанган жаны айылдын түрү боло бурала басып, талаанын кызгалдак гүлүндөй ачылып, сүйкүмдүү жылмайган татына кыз» деген сүрөттөлүшү нарк-насилдүү, ыймандуу кыргыз кызын окурмандын көз алдына даана тартат.

Ошондой оор кырдаалда (падышалык Россиянын кысымында) жашап жатканына карабай кыргыз эли өзүнүн тилин, үрп-адат, каада-салтын бекем сактап, ошонун негизинде өмүр сүрүп келгенине романдагы ушул окуялар күбө. Канаттын үйлөнүү тоюн окуп олтуруп кыргыздын улуттук оюндарынын, каада-салтынын галареясына саякат жасагандай болосуң. Сөзүбүз далилдүү болсун үчүн романдан мисал келтире кетели. «Эшик ачаары» - жаңыдан барганда куда-кудагыйлары менен учурашып, тааныша турган үйгө кирээрде эшик ачып берип ырымын алуу; «жүз көрүшүү» - бири-бирин көрүү учурундагы ырым. «Дасторкон тартмай» - тамак кудалар астына тартылганда алынуучу ырым. «Күйөө баштык» - куржундун эки көзү толтура ар түрдүү тамактарды салып алып барганда, анын оозун өтө жакын кишисине чечтирип ооз тийүүлөрү. «Жеңкетай» - жакын жеңелерин келин болуучу кызына көрсөткөн кызматы үчүн берилүүчү пул же дилде. «Аркан тосмой» - кызды эшикке чыгарып алып, жөнөрдө ырымын жасап, бирдеме бермейин кетирбейбиз деп тосулган аркан. «Иттен чыгармай» - кыз-күйөөнү, кудаларды, келген меймандарды узатуу ырымы. Булардан башка да «маасы тартмай», «кемпир түртмөй», «абышка жыкмай», «уйкулук алмай» сыяктуу ырым-жырымдарды учурата алабыз (107-б). «Жар көрүшүүдө» ырдалган ырлар да романдын көркөмдүк сапатын арттырып турат. Кыргыз эли табиятында поэзияга айрыкча жакын, ыр жандуу келет эмеспи. Бул салттуу оюн-зооктор окуянын жүрүшүнө өзгөчө шаң кошуп, романтикалык көтөрүңкү маанайда сүрөттөлгөн. Алар кыргыз элинин этномаданиятынан бүгүнкү күндүн окурмандарына көптөгөн маалыматтарды бергендиги менен да баалуу. Айрыкча бүгүнкү кыргыз жаштары үчүн этнографиялык түгөнгүс кенч десек да болот.

Жазуучунун художниктик чеберчилигин кыргыз жеринин ажайып кооздугун чагылдырган романдагы пейзаждык сүрөттөөлөр тастыктайт.

Чыгармадагы башкы каарман Канаттын нарк-насилди билген каадалуу жигит экенин да автор анын үйлөнүү тоюнун жүрүшүндө ишенимдүү баян этет. Андан кийинки иш аракеттери Канаттын мүнөзүнүн ар тарабын ачып, калкка кылган кайрымдуулуктары анын адамгерчилик сапатын улам бийик тепкичке көтөрүп, эл ичинде кадыр-баркка ээ болот. Эл ишеничине ээ болгон жаш жигит болуштукка шайланат. Анын бийик адамгерчилик сапаты, ар иштин артын терең ойлонгон акылмандыгы атасы Ыбыкенин өлүмүн уккандан кийин чуу көтөрбөй, өчүгүшкөн эки тарапты тынчытууга жасаган аракетинен көрүнүп турат. Албетте, атасынын өлүмү кимди болсо кайгыртпай койбойт, жаны кейип турганына карабастан, бөөдө кан төгүүнү каалабай, жадагалса, бардык «күнөөнү» өз мойнуна алат, туугандар арасындагы ынтымакты сактоого аракети, гумандуулугу ушул эпизоддо дагы бир жолу даңазаланат. Бул да болсо кийинки муун үчүн улуу сабак. «Каардуу бийлик башындагыдан – кандуу из калат, кайрымдуудан касиеттүү из калат»[1] - деп улуу жазуучубуз Ч.Айтматов айткандай, Канат өз мүдөөсүнөн эл мүдөөсүн жогору коюп, жогорку кадамга барып олтурат. Белгилүү тарыхый инсан Шабдан баатыр да Канаттын бул адамгерчилигине, кечиримдүүлүгүнө, акылынын тунуктугуна баа берип, аны менен алака-катыш түзөт. Ошентип, Шабдан купулуна толгон Канатка өзү менен бирге ажыга барып келүүнү сунуш кылат. Ажыга барып келүү сапары учурунда Шабдан баатырдын образы да чебер ачылып берилет. Анын адамгерчилиги, элге кылган жакшылыктары (өзүнүн эсебинен 20 кишини ажыга алып барып келет), эл аралык мамилелердин, карым-катнаштын сырын мыкты билген

[1] Айтматов Ч. 7-том. – Бишкек: Бийиктик, 2008. - 213-б

көрөгөчтүгү романда ынанымдуу берилген. Канаттын агартуу ишмердигине алгач жол көрсөткөн да ушул Шабдан баатыр.

Романдын II бөлүмү «Канат хан көтөрүлүштө» деп аталып, анда 1916-жылдагы көтөрүлүштүн чыгыш себептери майда деталдарына чейин айтылып өтөт. Орус колонизаторлорунун жергиликтүү кыргыздарга жасаган адилетсиз мамилелери, кордоолору, зордук-зомбулуктары, басынтуулары өз чегине жетип турганда, оорукка иштеткенге аскер берүүнү талап кылышат. Бул чектен ашкан буйрук араң чыдап турган элдин кыжырын кайнатып, аларган каршы көтөрүлүшкө чыгууга мажбур кылган. Алсыз абалга жеткирилип кыйналган эл мындай тозоктуу тирүүлүктө жашоодон кечишип, өлүмгө баш байлаша кандай каардуу күч болсо да жарыла каршы чыгууга даяр болуп турушкан.

Тирүүлөй кеткичекти жоо колуна,
Мекендин турпагында өлгөн жакшы

деп, Т.Үмөталиев жазгандай, жергиликтүү эл да «эч кайда барбайбыз» деп эки жакта күч тең эместигине карабай, орус баскынчыларына каршы турушат. Албетте, бул күрөштө өздөрүнө башчы керек болчу. Башчылыкка эл Канатты ылайык көрүшөт. Ар бир ишти жети өлчөп бир кесип, терең ойлонуп чечип көнгөн Канат элинин кыйын абалда турганын көрүп, көтөрүлүшкө жетекчилик кылууга макул болот. Бул чечимге келүүдөгү Канаттын психологиялык абалын автор элестүү бере алган. Тээ илгертен баатыр ата-бабалары эл-жерин душмандан кандай коргоп келгени көз алдынан чууруп өтүп, жер-суусунан, мал-мүлкүнөн, улут гана эмес, адамдык улуу касиетинен ажыраткан падышалык эзүүчүлөргө каршы акыр-аягына чейин күрөшөм деген чечимге келет. Анын бул оюн төмөнкү монологу толуктап турат: «- Зулумдардын айткан-дегени менен болуп, көзүнүн кареги менен тең айланып жүрүп, элибизди ушул тозоктуу абалга жеткирдик. Жетишет! Адепсиз канкорлордун айтканы менен болуп, мал сыяктуу айдала бербей, башыбызды көтөрүп, тартынбай каяша айтуучу мезгил жетип олтурат. Биз үчүн «Кайда барсак, Мамайдын көрү» болуп турган падышалык букаралагында кандай кыйынчылык болсо да бел байлабасак болбойт. Элибизди биримдикке чакырып, азуулуулар менен айыгышкан кармашка чыкканыбыз оң болор. Алла Таалам жар болуп, зулум баскынчылардан ата-бабалардан мураска калган жерибизди бошотуп алгыбыз бардыр»[1]. Калайман калк алдында жооптуу экендигин сезген Канат тагдырын тобокелге салып акыр-аягына чейин күрөш жүргүзгөндүгү романда ишенимдүү чагылдырылган. Курал-жарактын тартыштыгы, эки тараптагы күчтөрдүн тең эместиги Канаттар канчалык жанын үрөбөсүн баары бир жеңилүүгө дуушар кылган. Эл Кытайга качууга аргасыз болот. Ошол мезгилде эл башчыларынын баары эле Канатка окшоп эл үчүн күйө бербегендиги айланадагы тополоңго карабай, манаптык кийими менен чирене көңүлү куунак келаткан Самүдүн менен жолугушуп, курал-жарактан жардам берүүсүн өтүнгөндө, эч бир курал бере албастыгын айтып, андан көрө аларга кошулуп Кытайга баш калкалоосун сунуштаган эпизоддо көрүнөт.

- Жок, эл-журтту, үй-бүлөмдү таштап, жалгыз жанымдын жыргалчылыгын көздөп силер менен кете алмак эмесмин. Мен өзүмдүн жетекчим эмес, элдин жетекчиси болуп калгам! Кандай тагдырга туш болобуз? Эмнеси болсо да эл-журт менен чогуу болуп, чогуу көрүшүбүз оң болоор. Бунтубуз да аяктай элек[2], - деп Кытайга баруудан баш тартат. Жеңилүүгө дуушар болорун сезип-билип турса да, падышалык баскынчыларга каршы күрөшүн улантат. Бирок, оозунан ок бүрккөн жазалоочу отряддын замбиректерине кетмен, айры бирин-серин беш атар мылтык көтөргөн эл туруштук бере алышпады…

Тагдырга моюн сунбаска арга жок экен. Канат да Турпан тарапка жол тартат. «Өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман» деген сөз ырас белем, өз жанын

[1] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. - 288-б
[2] Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006. – 328-б

аман алып калууну ойлогон кудасы Курман менен анын баласы Ыскак Канатты колго түшүрүп берүүгө жазалоочу отряддын солдаттарына сөз беришет. Ошентип, амал менен (кат жиберип) Канатты кайтууга мажбур кылышат. Өз пайдасын ойлогон Ыскак Канат ханды кармап берет. Канаттын жапжаш эки уулу, иниси да орустун жазалоочу отряддарынын желдеттеринин огунан каза болушат. Романдын акырында «Үркүндөн үч элес» деген бөлүмүндө кыргыздардын көтөрүлүштө кандай азап тартып, кырылууга учураганы жөнүндөгү маалыматты окуп олтуруп, дене боюң муздак суу сепкендей дүркүрөйт. Аеосуз кыргынга учураган эл, Бедел, Каркыра, Түргөн, Ак Өгүз ашууларында чубап кетип бараткан качкындар көз алдыңа кино тасма көрүп тургандай элестейт.

Ушундай – азап жолго багытталып,
Качкындар зымырашты канат кагып.
Пикиртик, Кайчы, Бедел, Ак өгүздөр
Муздарын жол кылмакчы кесип, чагып.

Мал чиркин мөгдөп калган, күчү келбей,
Төрт туяк тегеренген такат бербей,
Кара таш какыраган, ирмем чөп жок,
Шылкыйган көпчүлүк мал, аяк бербей.

Ал кеткен, азап тартып, адамзаттан,
Көз кайнап, моюн чыгып, сорулуп кан,
Калың эл, чарык тартып, кол кармашып,
Айрылган келин, кыздар минген аттан[1] - деп А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романында да таасын чагылдырылган. Канат хан тууралуу бул романда да айтылып өтөт. Бул романдын да катаал тагдыры бизге белгилүү. Роман 1935-жылы басылып чыгат да, ошондон тартып 1947-жылга чейин төрт жолу жарык көрүп, төрт жолу тең китептин нускасы толук бойдон сатуудан алынып салынат. Автор идеологиялык кысымга кабылып, аз жерден жазаланып калмак болгон. Себеби, ал кезде Канат хан сыяктуу орус баскынчыларга каршы көтөрүлүшкө чыккан инсандар жөнүндө жазмак түгүл атын атоого тыюу салынган. «Канат хан» бөлүмү алынып салынып, «Таң алдында» деген ат менен жарык көргөндөн кийин гана кысымдан кутулат. Мына эми эгемендүүлүктүн шарапаты менен өз тарыхыбызды кайрадан изилдеп, жан дилинен кыргыз деп күйгөн, элине кызмат кылган чыныгы патриот инсандарыбызга жаңыча көз караш менен кароо мезгили келип жетип, Ж.Егембердиев бизге жогорку «Канат хан» тарыхый романын тартуулады.

Ошондой катаал кырдаал, кыйын мезгил болсо кыргыз эли каада-салтын, тилин ыйык сактаган. Ал эми азырчы? Бул суроого азыркы жаштар, улуттук интеллигенция, жалпы эле кыргыз коомчулугу кандай жооп берет болду экен. Романдагы көтөрүлгөн проблеманы, идеяны сурообузга жооп катары автор алдыбызга таштайт. Тарыхтын ар бир сабагын, элибиздин тарткан азабын унутпоону эскертет. Роман бийик көркөмдүктө чебер жазылган. Автор жараткан тарыхый инсандардын образдары да көркөм иштелген. Жаштарды патриоттук духта тарбиялоодо, улуттук каада-салттарды бапестей билүүгө үйрөтүүдө романдын аткарган кызматы зор. 1916-жылдагыдай тагдыр эч качан кыргыз элинин башына түшпөсүн деп тилеп, тилибизди, улуттук нарк-насилибизди ыйык туталы.

Адабияттар:

1. Токомбаев А. Кандуу жылдар. - 1-том. - Бишкек, 1991.
2. Егембердиев Ж. Канат хан. – Бишкек, 2006.
3. Айтматов Ч. 7-том. – Бишкек: Бийиктик, 2008.

[1] Токомбаев А. Кандуу жылдар. - 1-том. - Бишкек, 1991. - 248-б

4. Карымшаков С. Чыркыраган чындык жөнүндөгү чыгарма // Егембердиев Ж. Канат хан. –Бишкек, 2006.

Көлбаева М. ЭГЕМЕНДИК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ АЙТЫШ ӨНӨРҮНҮН АБАЛЫ

Тээ байыркы замандардагы кыргыз элинин көчмөндүк турмушундагы абалы жаздоо, күздөө, кыштоо, жайлоолоп көчүп-конуп жашап, элдин эрмеги катары санжыра айтып, ыр күүлөрдү угуп ар өнөргө канык болушунан, даңазалуу аш-тойлордо өз уруу, уругун өз эл жакшыларын мактап, жактап ырдоодон элдин үрп-адат, каада-салтынын аткарылышынан, кыз оюндарынан, сармерден, акыйнек өндүү өнөр жарыштарынан айтыш өнөрү кыргыз элинин өнүгүш тарыхы менен бирге өнүгүп, ар бир тарыхый формацияда өзүнчө өң-түс алып биздин күнгө жетти. Себеби, жер жарылса акындын жүрөгү менен өтөт дегендей, кыргыз элинин башынан өткөн чоң бурулуштар, саясий-экономикалык, маданий өзгөрүүлөрдөгү жетишкендиктер, кемчиликтер акындардын ырларында, санаттарында чагылдырылып турду.

Айтыш - эл арасына кеңири тараган көпчүлүк түрк элдерине мүнөздүү өнөр катары каралуу менен көпчүлүгүндө салтка (традицияга) айлаган жанр[1]. Ошол себептүү бул жанр бүгүнкү күндө да өз өмүрүн сүрүп келүүдө. Эгемендик жылдары улуттук дөөлөттөрүбүздүн агын ак, карасын кара деп мурда кара көшөгө артында окуу, жазуу, жарыялоо ишине четтетилип келген адабий мурастарыбызды калктын өзүнө кайтаруу ишинде бир топ ийгиликтерди жаратканы менен айтыш өнөрүнө келгенде бир аз башкача маанайда кароого болот. Себеби, советтик катуу тартипте жашап, жогортон берилген буйрукчул жашоого көнгөн эл эгемендикти алуу менен ээнсирей түшүп, кайсы жол менен кандай өнүгөрүбүздү билбей калдык. Бул саамда адабиятыбыз, маданиятыбыз да бир аз тыным алып калганы байкалат. Артка кылчайсак, совет мезгили учурунда Сооронбек, Ашыралы, Эстебес, Тууганбай, Замирбек өңдүү акындык өнөрдүн өкүлдөрү кези келгенде айтыш өнөрүнүн учугун улап келишкен. Бирок, ал мезгилде акындарыбыз советтик идеологиянын эпкининен улам айтыш өнөрүнүн чыныгы өнөр жарыштыруу, чыгармачылык такшалуу сапатынан кетип, советтик жакшы иштерди мактоо, чоң жыйындарды ачуудагы учурашуу сыяктуу алым сабак ырына айланып калган.

Кайра куруу, эгемендиктин алгачкы жылдарында айтыш өнөрү эле эмес жалпы акындык өнөр тыным алып калды. Аталган өнөрдүн өзү эле эмес аны иликтөө, жазуу, китеп кылып жарыялоо иши да таптакыр унутта калды. 2001-жылы 15-февралда гана А.Нуралиевдин талбаган эмгегинин артында Садык Шер Нияздын көмөгү, демөөрчүлүгү менен «Айтыш» аттуу жаш төкмө акындардын республикалык коомдук фондусу уюштурулуп, аталган өнөрдүн алгалашына карата алгачкы аракеттер байкала баштады. Фонддо А.Айталиев, Т.Абдиев менен Б.Алагушовдор нускоочу катары устаттыкка бекитилип[2], Майра Керим кызы, Э.Иманалиев, Ш.Шеркулов, Ж.Токтобеков, А.Кутманалиев, А.Болгонбаев, М.Кулиев, А.Туткучев өңдүү акындык өнөрдүн жаш жаңы толкуну келип кошулду. Албетте, ал жаңы саясий абалда жаралган жаңы толкундун айтыш өнөрүндөгү арымы айтыштарынын түзүлүшү, идеялык багыты, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, байыртадан бери келаткан өнөрдө мурдатадан калыптанган салттуулуктун (саламдашуу, таанышуу, тек жайын айтуу, устат жана шакирт маселеси, чыгармачылыктагы синкреттүүлүктүн сакталышы ж.б.) сакталыш өзгөчөлүктөрү боюнча кеп башка, эң негизгиси улуу өнөрдүн солгундап калган тамырынын кайрадан кагышына эргүү берип, айтыштын эгемендик жылдарындагы өмүрүн улап отурушканы үчүн бул фонддун уюштуруучуларына жаш акындар толкунуна ыраазычылык билдиришибиз керек.

---

[1] Элдик оозеки чыгармачылыктын очерктери.-Фрунзе, 1972.

[2] Алагушов Б. Актаңдайлар.-Бишкек, 2003. - 4-б.

Уюшулган күндөн тарта фонд республикалык жана эл аралык акындар айтышты байма-бай өткөрүп келе жатат. Айталы, 2001-2002-жылдын июль айларында залкар шайырлар А.Огомбаевдин, Ш.Шеркуловдун, М.Баетовдун туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата «Талас таңшыйт» эл аралык айтыш фестивалдарын андан бери 2003-жылы Ат-Башы жергесинде өткөн Казыбек казалчынын 100 жылдыгына, Т.Молдонун 150 жылдыгына арналган борбор калаадагы өткөтүлгөн айтыш өнөр сыноосу, 2002-жылы А.Айталиевдин 70 жаш кутман курагына арналган сынактар өткөрүлүп турду. Ошондой эле канатташ жашаган казак калкы уюштурган бир нече айтыш сынактарына катышып турушту. Демек, эгемендик жылдарындагы айтыштын нугу бурулуп, кайсы бир той-мааракенин урматына арналып өткөрүлүп пландуулук мүнөзгө ээ болду.

Эгемендик жылдарындагы акындардын чыгармачылыгынан өзүнө керектүү бардык ыкма, салттарды мурдатадан калыптанган салттуулук өзгөчөлүктөрдүн сакталышын көрүүгө болот. Айталы, **саламдашуу** өзбекстандык Нуркан Түймөкулова менен Абдыбали Акимбеков Ташкенте Алпамыш баатырдын урматына өткөрүлгөн айтыштагы өнөр жарышын айтууга болот.

Абдыбали: Аман бекен бул жерде
Ага-ини туугандар?
Айтышка анык баа берип,
Ак дилден тыңдап тургандар
Ала Тоо кыргыз төрүнөн
Ысык салам айтамын
Ырыстуу кыргыз элинен

Нуркан: - Барсыңбы, амансыңбы курбалдарым?
Жайнашып жакшы айтышта тургандарым.
Жабылып акын келди бул айтышка
Мен дагы шыбагамдан кур калбадым.

Экинчи, өнөр аздектеген калкка, атаандашына өзүн таанышпыруу. Бул айрыкча төкмөлүккө жаңыдан кадам коюп, калкка так таанымал боло элек акындардын ырларында көбүрөөк кезигет. Борбордо өткөн акындардын сынагындагы айтышта мындай таанышат.

Амантай: Түбүңдү сурап олтурсам
Саяктан келдиң Жолдубай
Жорголотуп тилиңди
Жамактап келдиң Жолдубай.
Калың эл билсин толуктап
Кабарыңды ачык айт
Каяктан келдиң Жолдубай

Жолдубай: Боогачы ыры муңканып,
Балапан кезден өскөн жер
Үмүттүн оту өчпөстөн
Үкөйүн келип өпкөн жер.
Кайрылып колу байланып
Казыбек казал төккөн жер
Кудайым чындап берген жер
Кыраңдан гүлдү терген жер
Ушундай болот Амантай
Жолдубай акын келген жер

Ошондой эле жамакташтырып ырдоонун «аллитерациялык» (көркөм чыгармадагы окшош үнсүз тыбыштардын кайталанып келиши), бирдей угулган үндүү тыбыштардын кайталанышынан келип чыккан-ассанастык ыкма жаш акындардын айтышынын көбүндө жолугат. М: А.Кутманалиев менен Мырзалы Жороевдин алым сабагынан ачык байкоого болот.

Мырзалы: Кыйла түрлүү өнөрдү
Кыйын экен орусуң
Амантай: Эмнеде улам ал элди
Эске салып коюшуң
Мырзалы: Контрабасты көргөндө
Каңгырайт сенин комузуң
Амантай: Көлөмүндө эмес деген
Анын көөнөрбөс, өчпөс жолу узун
Мырзалы: Кийинки эл жүрөт сыйлабай
Ким билиптир онусун
Амантай: Аспап албас жөө акын
Сен акындардын корусуң
Мырзалы: Кордук эмес Барпыча
Комузу жок болушум
Амантай: Кордук эмей эмине
Комузду жерип «согушуң»

Мисалда көрүнүп тургандай Мырзалы Жороевдин алым сабактары бүтүндөй аллитерациялык ыкмада берилсе? Амантай Кутманалиевдин ырлары ассанасттык ыкмада түзүлөт. Ушул мисалда эле төкмөлүккө мүнөздүү бир өзгөчөлүк-аспап менен коштоо салтын көрүүгө болот. Көпчүлүк акындар айтыш учурунда чыгармаларын коштоого, убакытты туура пайдаланып, ойлонууга убакыт алуу үчүн аспап менен коштолот. Бул ырчыларга мүнөздүү касиет. Бирок, айрым акындар (Жеңижок, Мырзаалы, Жеңишбек мурда) жөө ырдаша турган. Бул туурасында «Манас 1000» айтышында Жеңишбек казак акыны Эрмек Жуматаев менен болгон айтышында ырдалат.

Эрмек: Мен эдим казагымдын арстаны
Арыстанга мындайда уят болор
Боз торгойдой бала менен кагышканы
Колуңда комузуң жок, найзаң да жок
Келдиңби айтышканы, чабышканы – дегенде
Жеңишбек: Бакылдаба казагым
Беремин азыр азабың
Алыстан келген мейман деп
Аягансып жатамын
Комузум менин тилимде
Меникиндей комуз бар
Ачык айтчы кимиңде-деп жүрүп кийин комуз менен ырдоого өтөт.

Ырчылык өнөрдөгү дагы бир башкы өзгөчөлүк–устат-шакирт маселеси. Бул маселеде да айтыш өнөрүнүн өкүлдөрү эгемендик жылдарында устаттан сабак алуу, шакирт тарбиялоо ишин колго алышкан. Ал тургай акындар бири-бирин устатына салыштырып ырдап жүргөндөрү да бар. Мисалы Э.Иманалиевди устаты Тууганбайга салыштырып Жеңишбек минтип ырдайт:

-Басканың деле Тууганбай
Жазганың деле Тууганбай
Добушуң деле Тууганбай
Комузуң деле Тууганбай
Таң калам деги капырай,
Тууганбай өзү туугандай

Т.Абдиевден Элмирбектен сырткары Шекербек да таалим алса, А.Кутманалиев А.Айталиевден, Ж.Токтобеков Т.Актановдон ырчылыктын сырларын үйрөнөт.

Обон-ырчылык өнөрдөгү негизги касиет. Бул жагынан келгенде эгемендик мезгилинен кийинки айтыш өнөрүнүн өкүлдөрүнүн көпчүлүгү устаттарынын же мурда элге сиңген обондорго салып ырдоого өткөн. Айрымдары Майра Керим кызы жана

Э.Иманалиевдер гана жаңы өздүк обондорун жаратып ырдап келишет. Демек, эгемендик жылдарындагы айтыш мурдатан калыптанган айтыш өнөрүнүн салтык өнүгүшүн көп жагынан кабыл алып айрым жаңылануларды киргизгенин байкайбыз. Идеялык жактан айтыштар ар тараптуу келип, көпчүлүгү улуу адамдардын мааракe тойлоруна арналып, пландуу өткөнүн көрүүгө болот. Ошондой эле айрым учурларда жалпы элдик көйгөйгөрдү айтып, учурдагы болуп жаткан маселелерге үн кошуп, саясий ахыбалыбызга саресеп салган айтыштарды кезиктиребиз. Бирок, андай мазмундагы бийликке, саясатка карата айтылган айтыштардын электен өтүп, элге толук жетпей калганын акындар өздөрү эскертип келишет. Эгемендик жылдарындагы айтыштардын дагы бир өзгөчөлүгү акындардын жеке жашоосун, бийликтин, өкүмөттүн акындарга мамилесин ырдоо менен жалпы элдик абалды чагылдырып берүүгө аракеттер жасалат. М: «Айтыш» телесынактарынын биринде М.Керим кызы минтип ырдайт.

Майра: Туз салбаса тамактын дамы жок гой
Таптабаса күлүктүн табы жок гой
Осундай жас таланты көтөрбөгөн
Отурган үлкөндөрдүн баамы жок гой
Ардактуу Назарматов министрим
Алиги Амантайдын тамы жок гой

Амантай: Үйүң жок экен деп айттың
Үшкүртө турган кеп айттың
Там берсин чоңдор деп айттың
Таң кала турган кеп айттың
Оюма салып арманды
Ошол сөздү неге айттың
Карагандын түбүндө
Калганым жок деп мен айттым
Курулуш жатаканасы
Жашап жаткан тамыбыз
Амантай жалгыз калган жок

Алтымыш бала баарыбыз-деп акын өзүнүн арманын эле эмес көпчүлүк элдин көйгөйүн да айтып кеткен. Демек, эгемендик жылдарында айтыш өнөрү аз да болсо өзүнүн өмүрүн токтотпой өнүгүп, салттуу элдик оозеки чыгармачылыктан азык алып өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрү менен өнүгүп, бүгүнкү күндөгү абалына жетти. Ал эми аталган өнөрдү жазып, жарыялоо, иликтөө иши да өнөрдүн өзүндөй оор учурду башына кечирүүдө. Академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында түзүлгөн «Кыргыз адабиятынын тарыхы» 7-томдугун, «Залкар акындар» серияларынан сырткары атайын бул өнөрдүн табиятына арналган эмгек али күнгө чейин жарала элек. 1972-жылы А.Токонбаева түзгөн «Айтыштар» аттуу 2 томдук жыйнактан сырткары айтыштар жыйнактары да жарык көрбөй келет. Ал эми изилдөө ишинде 1972-жылы П.Ирисов «Айтыштардын жанрдык өзгөчөлүктөрү» аттуу диссертациясын, Ж.Таштемировдун «Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү» (1989) аттуу изилдөөлөрүн жаратат. Бирок, бул эки эмгек тең социалисттик идеологиянын гүлдөп турган доорунда жарык көргөндүктөн изилдөөнүн мазмунунан доордун талаптарын, идеологиянын демин ачык байкоого болот. Ушундай кенемтелерден улам өнөрдүн бийик үлгүсү катары төкмөлүктүн табиятын, анын өнүгүшүн аныктоо үчүн төмөнкүдөй иш чаралар кечиктирилбей аткарылышы зарыл.

1. Эң алды менен эгемендик жылдарынан берки айтыштарды топтоштуруп, кайрадан калктын өзүнө жарыялоо зарылдыгы турат.
2. Эгемендик жылдарындагы айтыштардын идеялык багытын, тематикалык өзгөчөлүктөрүн поэтикалык бөтөнчөлүктөрүн иликтөө, жаңычылдыктарын табуу;
3. Кыргыз айтыштарынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен жалпы түрк тилдүү элдердин айтыштарынын фонунда талдоого алуу иштери кечиктирилбей аткарылышы керек.

Адабияттар:

1. Алагушов Б. Актаңдайлар.-Бишкек, 2003. - 4-б.
2. Элдик оозеки чыгармачылыктын очерктери.-Фрунзе, 1972.

Кулалиева К. КЫРГЫЗ, ТҮРК СЫЙКЫРДУУ ЖОМОКТОРУНУН ҮНДӨШ МОТИВДЕРИ
(Архаикалык мотивдер)

Дүйнө элдеринин фольклордук мурастарынын ичинде жомоктордун да өзүнчө ээлеген орду бар. Көлөмүнүн чакан, формасынын жөнөкөй, тилинин түшүнүктүү болушу менен бирге, жомоктор түрдүү тарыхый этаптагы адамдардын аң-сезимин, дүйнө кабылдоолорун, турмуш абалын, адат-салтын жана башка түрдүү жактарын чагылдырат. Жомоктордун тематикасы ар түрдүү, мазмуну өтө бай.

Элдик казынанын кенчине айланган жомоктор дүйнөсү түрдүү өлкөлөрдүн окумуштуулары тарабынан ар кыл багытта изилденип келген жана да изилденүүдө. Жомоктордун келип чыгышын, табиятын, образдар системасын, поэтикасын, стилин, структуралык өзгөчөлүктөрүн иликтөөгө алган жүздөгөн эмгектер бар. Атап айтсак, 1929-жылы Ленинградда жарык көргөн Н.П.Андреевдин котормосундагы «Указатель сказочных сюжетов по системе Аарне» деген эмгеги көптөгөн кийинки окумуштуулардын изилдөөлөрүнө булак катары кызмат өтөөдө (Н.П.Андреев, 1929). Орус окумуштуулары В.П.Аникин, В.Я.Пропп, Н.Рошияну, Е.М.Мелетинскийдин фольклордук бул жанрга арналган эмгектери орус жана бир катар башка элдердин (румын, түрк, азербайжан, перс, монгол) жомок таануусун жаңы бир баскычка көтөрүп, андан ары изилденүүсүнө зор өбөлгөлөрдү түздү. В.Я.Пропп өзүнүн «Жомоктордун морфологиясы» (В.Я.Пропп,1969) деген эмгегинде жомокту түзүүчү бөлүктөргө ажыратып, алардын бири-бирине жана жалпы жомокко карата байланышын, карым-катышын аныкташы, Н.Рошиянунун «Жомоктун традициялык формулалары» (Н.Рошияну, 1974) аттуу китеби жомоктордогу традициялык формулаларды анализдөөгө алат, башкача айтканда, бул эмгекте формулалуу стиль маселеси козголот.

Кыргыз, түрк сыйкырдуу жомокторунда үндөш мотивдердин, сюжеттердин болушу бул элдердин жомокторунда бир типтүү жомоктордун болушуна алып келет. Бирок «бир типтүү жомок» деген бир элдин жомогун экинчи элдин жомогу толугу менен кайталайт дегендикке жатпайт. Анткени, «бир типтүү» делинген жомоктор ал жомоктордун композициясын түзгөн түрдүү элементтер аркылуу улам байытылып, эки элдин дүйнөгө көз караш, мамилесинин кээ бир өзгөчөлүктөрүн чагылдырат. Мисалга алсак, кыргыздын «Кенже бала» (1978: 83-88), түрк элинин «Алтын булбул» (Türk masalları, I,1992:145 – 187), «Сыйкырдуу коён» (Türk masalları, I, 1992:49 – 69) деген жомокторунун айрым мотивдери эмес, бүтүндөй сюжеттери дал келет. Үндөш мотивдер бул жомоктордо көп болгондуктан кээ бир айырмалуу учурларына токтолуу кызыктуурак болот.

Аталарына алтын кушту алып келүү максатында жолго чыккан үч уулдун эң кичүүсү өзүнүн ак жүрөк, боорукер, баатырлыгы менен айырмаланып алтын кушту табат. ²йүнө кайтып келе жатканда жолдон эки агасын табат. Аларды кийиндирип, тоюндурат. Жакшылыкты билбеген агалары балага кыянаттык кылышып, кыргыз жомогунда кичүү уулду болочок келинчеги менен кошо өлтүрүп кудукка салып ташташат. Ал эми түрк жомогунда дили таза кичүү уул кудук түбүнө эки агасынын арам амалы менен тирүүлөй калтырылат. Кыргыз жомогунда бала менен кызды дос кызынын кырк дөөсүн ээрчитип келген, баланын кыянаттык досу тирилтип көздөн кайым болот. Ал эми түрк жомогунда («Алтын булбул») бала кудукта өлбөйүн деп улам суудан ичип ачкалыгын басып отурганда, суу ичейин деп токтогон бир адам көрүп

калып, ошол киши тарабынан кудук түбүнөн чыгарылат. Элине барып, бакыт-муратын таап жашап калат. Агалары жазаларын алышат.

Кыргыз жомогундагы өлгөн кыз менен жигиттин кырк дөө менен аларды башкарган кыздардын жардамы менен кудуктан чыгып, тирилтилиши укмуштуудай сыйкырдуу бир окуя, ал эми түрк жомогунда шаардан кайтып келе жаткан айылдык адамдын кудуктан суу ичип, атын сугарууга токтоп, баланы куткарышы жана баланын өлбөйүн деп кудуктун түбүндө суу ичип күн өткөрүшү турмушка жакын реалдуу көрүнүштөрдөн.

Ошондой эле, ушул эле жомоктордо түрк жомогунда («Алтын булбул») куштун мечиттин чатырында конуп сайрап турушун канга жолуккан аксакал айтат. Ошондон кийин кан саргайып катуу ооруйт, балдары ошол себептүү кушту таап келүүгө аттанышат. Ал эми кыргыз жомогунда үч уулдун атасы, кан, түш көрөт. Түшүндө «көзүнөн шуру төгүлгөн» кушту көрөт. «Түш көрүү» мотиви эң архаикалык мотивдердин бири болуп эсептелинет.

Кыргыз элинде «Муңдук менен Зарлык» (1978:126-133), ал эми түрк элинде ушул жомокко окшош «Күн кызы» деген жомок бар (Türk masalları, I, 1992:9 – 29). Кыргыз жомогунда «алтын айдары бар уул, күмүш айдары бар кыз» төрөгөн Канчайым, кандын алтымыш аялы жана мастан кемпир тарабынан күнөөсүз айыпталат. Мастан кемпир дубанын жардамы менен Канчайымдын көзүн байлап, балдарын эки күчүк менен алмаштырат. Канга аялынын канчык тууганын угузушат. Муну уккан кан каарданып, Канчайымды адам көрбөс ээн чөлгө таштатат. Сууга ыргытылган эки баланы кырк чилтен тосуп алып, кийиктин сүтүн эмизишип, чоңойтушат. Алар кийин да бала дөөлөр менен согушканда колдоочулары болуп жүрүшөт. Түрк жомогундагы мотивдерге салыштырсак, «алтын чачтуу, бермет тиштүү» балдардын энеси, аны кызганган бир тууган эжелери тарабынан кордук көрөт. Кыргыз жомогунда көзү байланган эненин балдарын алып канчыктарга алмаштырса, түрк жомогунда жөн эле уктап жатканда алмаштырышат.

Түрк жомогунда сууга ыргытылган сандык жээкке чыгып, балдарды адамдар таап, асырап багып чоңойтушат. Бул учурда да кийиктин сүтүн эмип чоңойгон кыргыз жомогу менен адам багып өстүргөн, түрк жомогундагы мотивдердин биринде архаикалуулук, экинчисинде кадыресе турмуштук окуя сүрөттөлөт.

Ошол эле кандар аялдарын жазалоодо түрк жомогунда, кан аялын жети жолдун айрылышына белине чейин топуракка көмүлтүп, өткөн-кеткендер канчык тууган аялдын бетине түкүрсүн деп таштатат. Ал эми кыргыз жомогунда Канчайымды кан эл көрбөгөн ээн талаа, эрме чөлгө таштатат. Бул учурда да, түрк жомогунда, канчык тууган аял элдин, коомчулуктун көз алдында алар тарабынан жазасын алса, кыргыз жомогунда табигат, жаратылыштын татаал шартында калган аял, өз жазасын ошол жактан тартат. Ошентип, түрк жомогунда социалдык коомчулуктун жазасы биринчи кезекте болсо, кыргыз жомогунда табигаттын жазасы андан да оор делинип, кыргыз жомокторундагы мотивдердин архаикалуулугунун дагы бир мисалы боло алат.

Ушул мисалдарда байкалгандай кыргыз жомокторунда архаикалык мотивдердин түрк жомокторундагыга караганда салыштырмалуу көп учурай тургандыгы белгилүү болот.

Сыйкырдуу жомоктордо жер алды, суу түбү, куштар дүйнөсү, аттар дүйнөсү, дөөлөр, перилер дүйнөсү сыяктуу түрдүү дүйнөлөр бар. Бардык дүйнөнүн өз падышасы, ханышасы же башкаруучусу болот. Кыргыз, түрк сыйкырдуу жомокторунда каармандардын бири бул дүйнөгө куш издеп чыкса, экинчиси кыз издеп чыгат, дагы бири башка максатты, тилекти орундатуу үчүн аттанат. Баатырлар душмандар менен кармашып, акыр аягы касташкан душмандарды өлтүрөт же дос болуп узун жолдон кайтат.

Кыргыз да, түрк да жомокторунда өтө көп кездешкен дөө менен кармашуу же достошуу мотиви эң архаикалык мотивдерден. Ошондой эле жети баштуу желмогуз,

ажыдаарлар да каармандардын коркунучтуу душмандарынан. Эгерде сыйкырдуу ат, сыйкырдуу кылыч, шакек жана башкалар баатырдын жардамчысы болгон болсо, душман же терс образдардын куралы, жардамчысы катары мастан кемпир, алардын колуна түшкөн сыйкырдуу заттар, мисалы, адамды ташка, жаныбарга же дагы башка нерсеге айландырган касиеттүү таякча эсептелинет.

Жомоктордо байыркы өткөн заманда жашаган муундардын түшүнүк, элестетүүлөрү чагылдырылары бизге белгилүү. Кыргыз, түрк сыйкырдуу жомокторунда, биз, тотемдик түшүнүктөрдүн негизинде келип чыккан сыйкырдуу аттын образын дээрлик бардык жомоктордо учуратабыз. Кыргыз жомокторунун ичинен талдоого алынган "Төштүк" (1978:3-17), «Муңдуубай» (1978:39-55), «Карач баатыр» (1978:78-83) жана башкалар, ал эми түрк жомокторунан «Күн кызы» (Türk masalları, II, 1992:9–29), «Сыйкырдуу коён» (Ошондо,49-69), «Таалайымды издеп жүрөм» (Türk masalları, I, 1992:33–61) аттуу жомокторунда ачык байкалат. Сыйкырдуу аттын образы, негизинен, каармандардын жол жүрүү, жер которуусу менен байланышкан. Атсыз өткөндөгү турмушту элестете албаган, түрк элдеринде, жаныбарлардын ичинде аттын ээлеген орду өзгөчө. Коркунучту алдын ала сезип, адам сымал сүйлөгөн ат-баатырдын эң ишеничтүү жардамчысы. Ал куш сымал көктө сызып, балык сымал сууда сүзөт. Заматта каалаган жерге жеткирет.

В. М. Жирмунский баатырдык жомоктордогу сыйкырдуу жардамчы болгон аттын образын жаныбарлар жөнүндөгү мифологиялык көз караш, байыркы тотемдик түшүнүктөр менен байланыштуу экендигин белгилеген. (В.М.Жирмунский, 1960)

Жомоктордо сыйкырдуу жардамчылардан башка, сыйкырдуу заттардын жардамы аркылуу ырыс-муратка жетүү мотивдери бар. Аталары же кокустан жолуккан аксакал чал, пери, дөөнүн кызы, жаныбарлар тарабынан белекке берилген сыйкырдуу заттар (кылыч, таякча, аса-муса, ур токмок, жайыл дасторкон, алтын шакек, бир тал мурут ж.б.) сымал укмуштуу касиеттерге ээ болуп, дайыма жардамда болушат.

«Атанын керээзи» (1972:97-101) аттуу кыргыз жомогунда атасы эң кичүү уулуна сыйкырдуу кылычты берип дүйнөдөн кайтат. Улуу агалары ага кой кайтартып коюшат. Бир күнү кандын кызы Эркайым «кимде ким миң тепкичтүү мунарага сепилдин сыртынан чыкса, ошого тием» деп, жарыя салдырат. Эки агасы тойго кеткенде, кичүүсү койго кетет. Канжарды кынынан сууруп, бала ат, курал, кийим сурап тойго барат. Үчүнчү күн дегенде миң тепкичке чыгып, кандын кызын алат.

«Таалайымды издеп жүрөм» (Türk masalları, I, 9 – 29.s) аттуу түрк жомогунда да сыйкырдуу заттын ролун сыйкырдуу кылыч ойнойт. Падыша карылыгы жетип өлөөрдө аты менен кылычын кичүү уулуна таштайт. Кара мүртөз баш вазир эки агасын өлтүртүп, бийликти тартып алуу максатында кичүүсүн да куугунтукка ала баштайт. Айласыздан бала өз мекенин таштап качып кутулат. Кетип баратып жолдон бир чоң сарайга туш болот. Эшигин таба албай, кайсы жеринен кирсем деп кылычын кынынан чыгарса, далдайган он араб пайда болот. «Тиле тилегиңди, каалаганың орундалат» дешет. Ошентип окуя улана берет. Бала (аты Ажар) жолдо Атеш, Алев деген өнөрлүү, бирок өзүнө окшоп жалгыздык азабын чеккен адамдар менен достошот. Бирок Атеш бүтүн дүйнө курттары менен куштарын башкарса, экинчиси, Алев, каалаган учурда жер алдында эмне болуп жатканын биле алат. Бул болсо, кыргыз жомокторунда учураган жер тыңшар мамыттын образын эске түшүрөт. Ошентип Ажар акырында адам жеген ажыдаарды сыйкырдуу кылычтын күчү менен жеңип, падышанын кызын өлүмдөн куткарат. Кыз менен бирге жашап калышат. Бала аң уулап кеткенде жезкемпир келип кызды алдап, кылычты алып Каракөлгө ыргытат, кызды болсо уурдап качат. Ажар мергенден келсе аялы, кылычы жок. Ал ооруп жатып калат. Баягы жолдо достошкон эки досунун өнөрлөрүнүн жардамы менен кызды таап, кылычты суу түбүнөн алдырып, өз элине келип кан болот.

Бул жомоктордон кыргыз жомогунун композициялык курулушу турмуштук жомоктукуна окшошуп кетет, бирок бала ырыс-муратка сыйкырдуу канжардын күчү

менен жетишкендиктен биз бул жомокту сыйкырдуу жомок катары карайбыз. Ал эми түрк жомогу («Таалайымды издеп жүрөм») сыйкырдуу жомоктун өзү. Жомокто кылычтан башка ишеничтүү жардамчы ат бар. Кыйындык башка түшкөндө белги берип саргайчу ак кагаз, куш, курт-кумурсканын тилинде сүйлөгөн адам, жер алдында эмне болуп жатканын билген адам да бар. Бүтүн шаар калкын күндө бирден жеген ажыдаар, кызды алдап кылычты ала качкан жезкемпир да бар. Түрк элинин бул жомогундагы образдар, сюжет, композиция бардыгы накта сыйкырдуу жомоктуку, бирок бир белгилей кетчү нерсе бар. Кыргыз жомогунда тилекти тилеген соң тилек ошол канжар тарабынан орундатылат. Ал эми түрк жомогунда кылычты сууруганда он араб пайда болуп, тилек ошолор тарабынан ишке ашырылат. Бул болсо, кыргыз жомогундагы кылычтын образы түрк жомогундагы кылычтын образына караганда эскирээк, карыраак экендигин аныктайт. Анткени иш предмет (зат) тарабынан эмес (түрк жомогунда), калдайган чоң, күчтүү он араб (адамдар) тарабынан аткарылууда.

Архаикалык мотивдерден болгон каармандардын түрдүү жаныбарларга, нерселерге кубулуу мотивдери кыргыз, түрк жомокторунда да учурайт. С.Жигитов өзүнүн «Жомоктордун сыры» аттуу маңыздуу макаласында «эмне үчүн жомоктордо айбандар адамча сүйлөп, бири-бирине адамча мамиле кылышат?.. Жомокто ошондой болсо, а жомоктун өзү кайдан чыккан?» деген суроо коюп: «... байыркы адамдар өздөрү менен айбандардын арасында эч кандай жик койгон эмес, айбандарды адам деп, адамдардай эне тили бар деп, адам айткан сөздү түшүнөт деп, адам кааласа айбан боло алат, айбан кааласа адам боло алат деп эсептешкен. Бул сыяктуу жомоктор эң байыркы учурларда жаралган, ал учурдагы адамдарга ал жомоктор жомок эмес, чындык болгон» (Жомоктордун сыры//Жаш ленинчил.-1968.№3. 36-37-б.), деп түшүндүрөт. Бул айтылганга комментарий берүү ашыкча болот, жөнөкөй тил менен жомоктун кайдан чыкканын С.Жигитов жеткиликтүү түрдө билдирди.

Түрк жомокторундагы адамдардын жаныбарларга кубулуу мотивдери көбүнчө алардын үйлөнүү алдында болочок келинчекти сынап көрүүсү менен байланыштуу болот. Мисал үчүн, «Кырк араб» (Türk masalları, II, 218-226) аттуу жомокто дөө болуп кубулган падишах кандын эң сабырдуу, акылдуу кичүү кызына үйлөнөт. Ушул эле элдин «Кара мышык» (Türk masalları, II, 74-97) деген жомогунда мышык болуп кубулган жигит «күндүн он беши сымал» сулуу болот. Топтоголок, көрксүз бирөө дагы башка жомокто кубулуп келип келишимдүү жигитке айланат. Бардыгы тең кандын эң кичүү кызын жактырышып үйлөнүшөт. Кыргыз жомокторуна бул сыяктуу кызды сыноодон өткөрүп үйлөнүү мүнөздүү эмес. Кыргыз жомокторунда үйлөнүү үчүн кыз издеп, жолго чыгып дөө-шаалар менен кармашып же душмандардан элин коргоп кыздарын тартууга алышат. Дөөлөрдүн, жыландардын, перилердин кыздарын сыйкырдуу күчтөрдүн жардамы менен өздөрүнө багындырып, аялдыкка алышат.

Кыргыздын «Талкамыш» (1978:158-162) аттуу жомогунда таш болуп кубулуп жүргөн бай чал-кемпирдин кызына үйлөнөт. Бул жомоктун сюжети өтө кызыктуу жана түрдүү версияларда башка элдерде кездешет (орус, италия, немец, өзбек) (В.М.Жирмунский, 1979:338).

Орус элинде бул жомок «Братец и сестрица» деп аталып, агасы улакка айландырылып, карындашына кан үйлөнөт. Кыздын өгөй энеси аны сууга чөктүрүп, кызды өз кызы менен алмаштырат. Улакты соёрдо бардыгы түшүнүктүү болот.

Кыргыз версиясында кемпир-чалдын ортончу кызы байдын аялы тарабынан сууга чөктүрүлүп, кичүү синдиси улакка айландырылган. Улакты соёрдо суунун жээгине келип арыз-муңун айтканда бай баарын угуп турган болот. Малын жети күнү суу бербей сегизинчи күнү сугарганда сай кагырап кургап кызды суудан чыгарат. Улак сүйүнүп адамгаайланат.

Бул жомокто таш болуп кубулган бай менен бирге, улак болуп кубулган кыз да бар. Башка жомокто коён болуп кубулган кыз агасына алтын кушту табууда жардамчы

болсо («Сыйкырдуу коён») (Türk masalları, II, 1992:49-69), дагы биринде кийик кубулган адам бала чоңойтот.

Жогоруда сөз болгон жомоктогу ташка айлануу, таш кубулуу сыяктуу мотивдер кыргыз, түрк жомокторунда башкача сюжеттик курулуштарда да учурайт. Мисалга алсак, түрк жомогу «Күн кызында» (Türk masalları, II, 1992:9-29) агаң Индостандагы күн кызын алып келсин, сен дос болуп күндөрүңдү кызыктуу өткөрөсүң деп, жезкемпир баланын карындашын алдайт. Ал жакка барган киши ташка айланып, ошол жерде түбөлүк калчу экен. Агасы макул болуп жолго чыгат. Ал дөөнүн кызы менен достошуп, дөө эненин да көңүлүнө жагат. Тапшырманы аткара албай, дубалдан өтүп кетүүгө үлгүрбөй бала Күн кызынын сыйкырдуу таягы менен ташка айландырылат. Дөө энесинин суранычы менен кайрадан адам калыбына келтирилет.

Кыргыздын «Рум падыша, Турум падыша» (А.Токомбаева,1985: 41-44) деген жомогунда Турум падышанын баласы Рум падышасынын Кара Көз айым аттуу кызына үйлөнөт. Баланын атасы көрө албастык кылып баласын чагып өлтүрсүн деп ажыдаарды жиберет. Баланын досу Кыраанкара муну билип, уктабай жатып, ажыдаарды бөлө чабат. Ажыдаардын каны чачырап кыздын бетине тийет. Кыраанкара кызды ууланып калбасын деп, ажыдаардын канын соруп жатканда, бала ойгонуп кетип, досуна нааразы болот. Кыраанкара чындыкты айтса, ташка айланып каларын балага түшүндүрсө, ал түшүнбөй: «...сен дос эмес, кас турбайсыңбы» дейт. Ошондо Кыраанкара чыдабай чындыкты айтат, айтар замат көк ташка айланат.

Биринчи учурда, түрк жомогунда, бала дөө эне айткан тапшырманы так аткара албай ташка айландырылса, экинчи учурда, кыргыз жомогунда, айтылбай турган нерсени (запрет) айтып жиберип каарман ташка айланды. Ташка айлануу мотиви жана анын маани-маңызы, себеби тууралуу пикир А.Черчиевдин «Мотив превращения в камень в дагестанской волшебной сказке и его ритуально-мифологичекая семантика» деген эмгегинде айтылган (А.Черчиев, 1987: 17-28).

Түрк жомогунда ташка айланган балага жан сыйкырдуу таякчанын жардамы менен киргизилсе, кыргыз жомогундагы Кыраанкараны Кара-Тоодогу капкактуу кара булактын суусу тирилтет. Түрк элдеринин эң эски дүйнө кабылдоолорун чагылдырган бул мотивдер бул элдердин качандыр бир убакта сууга, ташка, күнгө, отко сыйынып келгендиктерин дагы бир жолу тастыктайт.

Адабияттар:

1. Каракалпак фольклоры. - I-т.-Некис; Каракалпакстан, 1977.-163 б.
2. Кыргыз эл жомоктору /Түзүүчүлөр: Кебекова Б., Токомбаева А.
3. –Фрунзе: Кыргызстан, 1978. - 307 б.
4. Кыргыз эл жомоктору /Түзгөн: Токомбаева А.- Фрунзе: Кыргызстан. 1985.-224 б.
5. Türk masalları, I/Haz. Tezel N. – Ankara, 1992. – 233 s.
6. Türk masalları, II/Haz. Tezel N. – Ankara, 1992. – 162 s.
7. Андреев П.Н. Указатель сказочных сюжетов по системе Аарне.-Л., 1929.
8. Аникин В.П. Русская народная сказка.-М.: Просвещение, 1974.
9. Баранникова Е.В. Бурятские волшебно-фантастические сказки. – Новосибирск: Наука, 1978.-253 с.
10. Ганиева А.М. Типология волшебных сказок народов Дагестана и Северного Кавказа //Жанр сказки в фольклоре народов Дагестана /Сост. Ганиева А.М.-Махачкала, 1987. - С. 69-82.
11. Черчиев А. Мотив превращения в камень в дагестанской волшебной сказке и его ритуально-мифологичекая семантика //Жанр сказки в фольклоре народов Дагестана /Сост. Ганиева А.М.-Махачкала, 1987. - С. 17-28.
12. Джалалов Г.А. Узбекский народный сказочный эпос.-Ташкент, 1980.-105 с.

Кудайбергенова З. АМАН САСПАЕВДИН ИНСАН ЖАНА СҮРӨТКЕР КАТАРЫ КАЛЫПТАНЫШЫНА ТААСИРИН ТИЙГИЗГЕН ФАКТОРЛОР

А.Саспаевдин жеке биографиясына, граждандык-атуулдук көз караштарына,турмуштук жана чыгармачылыктык жолуна өзгөчө таасир кылган мындай бир фактордон айланып өтүүгө болбойт.

1949-жылы бийлик башына коммунисттик партия келип, Цзин-Цзян –Түркестан өкмөтү биригип, кытайдын саясий, географиялык бир бөлүгү катары таанылган учурду мына ушундай мүнөздөөгө болот. Бул масштабдуу өзгөрүүлөрдү өз кучагына камтыган окуялардын бирине айланган.Мындай процесс А.Саспаевдин жеке биографиясынан, жазуучулук жан дүйнөсүнөн айланып өткөн эмес. Ал жагдайды автор мындайча эскерет.

«Боштондук жарыяланып, элдик боштондук армиясы келген күндөн тартып эле «идеяны өзгөртүү» деген девиз алдыга коюлду да,бул рухий кыймыл көп өтпөй ар кимибиздин тилек,максатыбызга айланып кетти.Акыл-эстүүлүккө умтулуу бардык эле адамда табигый түрдө тымызын аракетте болот эмеспи.Таптык коомдо жашап, эс тарткан бардык адамдар дүйнөгө болгон көз карашын өзгөртүп, жаңы коомдо жаңы көз карашты ягни ...бийликке келгенжумушчулар табынын көз карашын ээлеши керек деген моралдык-саясий маселе коюлду алдыга. Кийиндеп келе, «идея өзгөртүү» зиялылар катмарында гана эмес, коомдун бардык тармагын камтыды. Коомдук мамилелерге, жашоонун сырына аздыр-көптүр үңүлө карап, жалпы эле кызыгуучуларга бул кыймыл укмуштуудай таасирдүү болду. Адамдар коомдогу өзүлөрүнүн ордун кайсалап, кармап көрө баштады. «Эмне үчүн?», «Ким үчүн?» деген суроолорду коюп, ар ким өзүнүн жалпы абалына байланыштырып жооп издөөгө аргасыз болушту. Мисалга коомдун эң кичинекей мүчөлөрүн алалы.Окуп жаткан балдар: «Эмне үчүн окуп жатам?», «Ким үчүн окуп жатам?» деген суроолорду өзүлөрүнө коюп, ага жооп ойлонушат. Мансабы чоң, маянасы жогору кызмат ээлеш үчүн, кыскасы, өзүнүн жыргалчылыгын көздөп окуп жатабы же акыл-эстүүлүк менен билимин ашырып, алган билимин эмгекчи элдин керегине жаратуу үчүн окуп жатабы? Эгер жогорку биринчи идеяны максат кылып окуп жаткан болсо, албетте, бул көз карашты өзгөртүп, алган билимиңди эмгекчи элдин пайдасына керектөө үчүн окушум керек деген идеяга, ойго, максатка келүү керек.Идеяны өзгөртүү дегендин өзү ушул.Идеяны өзгөртүүдөн качпас үчүн «Адам жана коом», «Жеке жана коллектив» деген төңдүү лекциялар дайыма окулуп турду. Лекциялар берилгенден кийин майда группаларда талкуулар жүргүзүлүп, азыркы кездеги адам коомдон ажырап, жеке жашашы мүмкүн эмес деген корутунду чыгарылды. Робинзон Крузо тилге алынып, анын жалгыз аралда коомдон ажырап жашашы, анда биринчиден,коомдо мурда жашаган тажрыйба бар.Экинчиден, коомдук адамдар өндүргөн кемедеги буюмдардан, азыктан пайдаланды. Баары бир ал 28 жыл жалгыз жашаганы менен коомдук нерселерден пайдалануу мүмкүндүгү болду. Адамдар өзү жашаган коомду өнүктүрүү үчүн эмгектенип, санаа-сезимин жогорулатып, жаңы коомго өзүлөрүн ылайыктап жатса, жалгыз бир адам бул кыймылдын тышында, четте карап турушу мүмкүн эмесин талкууладык. Айрыкча Леонтьев деген философтун китептерин тытып окуп жаттык. Социализм курулуп жаткан өлкөдө жеке адам - коллективге, азчылык - көпчүлүккө моюн сунушу керек. Мунун саясий түзүмдөгү көрүнүшү – демократиялык централизм, ал эми, анын турмуштагы көрүнүшү –жетекчилик болуу, пландуу түрдө жалпы талкуулоо, жалпы кабыл алуу, жалпы турмушка ашыруу, жалпы баары жооптуу болуу деп үйрөндүк. Мына ошол жоболордун бардыгы, кандайдыр адилеттүү сезилип, дүкөндөргө толуп кеткен жылтырап таң калтырган, алууга авез козгогон түркүн буюмдардан алда канча баалуу, нары пайдалуу көрүндү. Бардыгыбыз эле чын жүрөктөн бул айтылган сөздөргө баш ийип, ошол багытта болууга адамдар, өкмөт өкмөт кызматкерлеринин ушундай туура багытта иш алып баруусун каалабай коймок беле.Кыймыл зыялыларга карата «Кадрлардын үйрөнүшү» деген наам менен жүргүзүлдү. Бирок ар кесип өз алдынча «Окуучулардын

үйрөнүшү», «Жумушчулардын үйрөнүшү», «Дыйкандардын үйрөнүшү» деген наамдар менен кетти.Акыры келип «үйрөнүшү» деген бир эле жаьы терминди колдонуп калдык. «Үйрөнүшкө барам», «Үйрөнүштөн келатам» десе, алөз кесиптештери менен бирдикте саясий окуу, идея өзгөртүп чогулушуна бараарын же андан келатканын туюна турган болдук».[1]

Автордун өзү кандайдыр бир деңгээлде канааттануу жана сабырдуулук менен эскерип отурган жеке өмүр баянында кез келген тарыхый жана саясий-социалдык, маданий, психологиялык мындай кырдаалдар менен окуялар жөн жай фактылардын, көрүнүштөрдүн катарында турбайт. Бул маалыматтар коомдун жаш адамынын граждандык, инсан жана чыгармачыл сүрөткер катарында калыптанышында орчундуу роль ойногон, анын жан дүйнөсүнө,карманган позициясына, адамдык философиясына олуттуу таасир тийгизген,аң сезиминин көркөм дүйнөсүнүн мазмунуна кескин сапаттык бурулуштарды алып келген көрүнүштөрдүн, обңективдүү өбөлгөлөрдүн да биринен болуп саналат.

Ошол кездеги Кыргызстандагы коомдук системадан, экономикалык –саясий, социалдык маданий башкача чөйрөдө тарбияланып, башкача ой жүгүрткөнгө жана башкача жазууга көнүгө баштаган жаш адамга социализмдин талаптары, ириде идеологиялык - таптык принциптери жана жашоо максаттары кескин таасир тийгизгени мыйзам ченемдүү болчу. Ал башкалардай, өз замандаштарындай эле коомдук, саясий - идеологиялык жаңы тартиптин акыйкаттуулугуна жана келечегине кадиксиз ишенген, өз тагдырын, чыгармачылык көз караштарын андан бөлүп карай албаган коомдун мүчөсүнө айланат. Ошол себептен «идеяны өзгөртүү» кыймылынын активдүү жактоочусу, коллективдин жеке адамдын үстүндөгү артыкчылыгын, коомду, турмушту,атүгүл чыгармачылык ишти пландуу түрдө жүргүзүү жеке милдет эмес жалпынын мүдөөсү менен жашап ал үчүн күрөш жүргүзүү зарылчылыгына бекем ишенет. Адамдардын ички дүйнөсүн, дүйнөгө көз карашын, жашоо философиясын, чыгармачылыктык демилгелерин «саясий окуу» сыяктуу каражаттын күчү менен жаңылоо, жаңы багытка буруу, анын натыйжалыгына жетишүү аракеттери алдыңкы планга чыгып жаткан маалда болочок чыгаан прозачынын коомдук, нравалык, маданий - эстетикалык сапаттары кандай өзгөрүүгө дуушарланганын элестетип көрсөк болот. Ал коомдук кыймылдын жигердүү катышышуучусу болгон А.Саспаевди социалисттик идеяларга кандайча жетелегенин түшүнүүгө, ага өз мезгилинин көзү менен карап, ал учурдун тараза - ташына коюп реалдуу баа бергенибиз жөндүү.

Арийне, өз мезгилинин гражданы жана чыгармачыл талапкери катарында А.Саспаев ал идеялардын, аракет - демилгелердин чындыгына убагында эч кандай шек келтирген эмес. Атыгүл андай сынчыл өздүк позицияда болууга анын гана чама-чаркы чак эле. Андай алдамчы закым өдүү, иллюзиялык ишенимдер жөнүндө көп жылдардан соь гана автордун өзү мындай деп мойнуна алат: «Деги жаңы түшүнүктөрдү бойго сиңирүүдө азаптансак да бирөөнү сындап, ойлонто азаптансак да эч кимден көрүүчү эмеспиз.Убакыт өтө бул абал да өзгөрөт деген ойго келгенибиз жок. «Кытай -аппак бир барак кагаз, ага каалаган иероглифти жазууга болот» деген сөз бар. Биз өзңбүздүн да «ак барак» экенибизди билбей, бул мамлекетке карата айтылган сөз деп жүрүппүз. Ошол учурда билген акылыбызга баарын сарптап салып тымызын ойлонсок, айтылып жаткан нускоолордун, жандоолордун кыпындай да кемтиги жок өңдүү көрүндү. Баары чындык, баарын биз билүүгө, турмушка колдонуубузга татыктуу өңдүү ишеним пайда кылды бизге. Кат сабатыбыз ачылган менен феодалдык, патриархалдык, дин үстөмдүк кылган коомдо жашаганыбыз, дүйнөнү ошол бойдон тура берет деген түшүнүгүбүз табигый түрдө жогорку абалга келтирди».[1]

Албетте, бул көз караштар менен корутундулар адабият эшигин жаңыдан кага баштаган жаш калемгердин, татаал турмуштун чоң жолуна түшкөн, келечеги али белгисиз жаш уландыкы эмес, ал бүгүнкү күндө мүлдө кыргыз журтуна таанымал инсанга айланган Аман Саспаевдики экендигин эстен чыгарууга болбойт.

А.Саспаевдин инсан жана сүрөткер катарында калыптанышында өзгөчө маниге ээ болгон факторлордун бири анын Пекиндик мезгили болуп эсептелет. 1952-жылы Пекинде Борбордук улуттар институту ачылат, ага Кулжада орто мектепте мугалимдик кылып жүргөн, газетага жазган кабарчылык макалалары, казак жана уйгур тилдеринде өз алдынча поэтикалык текстерди жаратуунун камын көрүп, атыгүл бир катар поэзиялык чыгармалары басылмаларга жарыяланыпөз чөйрөсүндө көркөм сөз өнөрүнө жакындыгы бар ышкыбоз катарында тааныла баштаган А.Саспаевдин барып билим улантуусуна ыңгайлуу шарт түзүлөт. Мындай жогорку окуу жайындагы тиешелүү адистиктерди даярдоочу факультеттен билим улантуу үчүн майда калктын өкүлдөрүн адегенде алты ай убактысынча тилдик даярдыктан өткөрүү тартиби болгондуктанал ошончо мезгил кытай иероглифтерин үйрөнгөндөн соң филология факультетине окуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Бара-бара кытай, казак жана уйгур тилдерин дурус өздөштүргөндүктөн А.Саспаевди окутуучулук кызматка да алышат. Бир эле учурда окуп жана иштеп жүргөн А.Саспаев өзүнүн ал мезгилиндеги ишмердиги, алган таасирлери жөннүндө мындай кеп учугун улайт: «Бош убактыларымда студенттер менен кошо лекцияларга катышып жүрдүм.Анткени өзүм үчүн кызыктуу болчу, ал кезде моңгол алфавити боюнча Тодаева, ал эми Шевченко деген украин кавказ жана түрк тилдери боюнча лекция окучу.Ру-Мао-Цзи деген мугалим Кытайдын фонетикасы боюнча лекция окучу. Мындан сырткары советтик мугалимдер да кызыктуу лекцияларды окушчу.Ошондой эле диалектикалык материализм, марксизм-ленинизм философиясы жөнүндө кызык лекция окулчу. Мен өзүм философияны жакшы көрчүмүн. Биз окуп жүргөндө кытайда окутуу системасы башкача эле. Окула турган лекцияны институттун басмасынан басып чыгарып, ар бир студентке таратып берип койчу күн мурун.Биз лекция болоордун алдында окуп, даярданып алабыз.Андан кийин лекция окулат».[1]

Бул эскерүүлөрдөгү мындай фактылыр барыдан мурда жаш адамдын социалисттик идеологиянын, материалисттик жана марксизм-ленинизм окуусунун жоболорун, эрежелерин өз боюна ишенчээктик менен кандайча кабыл алгандыгын, анын илимий принциптери менен практикалык постулаттары А.Саспаевдин инсан жана чыгармачыл сүрөткер катарында жетилишине белгилүү өлчөмдө маанилүү кызмат өтөгөнүн ачык көргөзөт. Социализмдин тумандуу жана абстрактуу идеяларын, марксизм-ленинизмдин илимий-теориялык концепцияларын, жылаңач негиздерин туу тутуп, ага бекем ишенген, анын кадиксиз чындыгына эч кандай күмөн карабаган жаш адамдын образын, типтүү элесин даана байкоого болот. Мындан сыркары А.Саспаевдин биографиясындагы пекин мезгили дүйнөнүн, турмуштун жана адам тиричилигинин, тагдырынын көрүнүштөрү менен кубулуштарына социализмдин идеологиясынын, советтик этика менен эстетиканын чен өлчөмдөрүнөн туруп кароо, түшүнүү жана көркөм чагылдыруу, эстетикалык баа берүү аракеттери иштиктүү кыймылга кирип болочок жазуучунун чыгармачылык платформасынын пайдубалын түзө баштаганын унуткаруу мүмкүн эмес.

Чынын айтуу керек, Пекиндик учур, этап А.Саспаевдин жалпы эле аң сезимине, интелектуалдык дүйнөсүнө саясий, философиялык, нравалык жана психологиялык жактан өсүшүнө позитивдүү таасир берип тим болбостон анын сүрөткер, журналист катарында андан ары сапаттык жактан илгерилешине да практикалык жактан кол кабыш эткен.

Маселен 1953-жылы А.Саспаев окуп жаткан Пекиндеги борбордук улуттар институтунун филология факультетинде кытай-казак группасы ачылат. Бир жагынан кытай, казак жана уйгур тилдерин жетиштүү билип, ал тилдердеги ар кандай текстерди өз алдынча которууга жараган, экинчи жагынан окуу- тарбия иштеринде өзүн чыйрак, камчы салдырбай үлгү катарында өзүн көрсөтүүгө жетишкен студент А.Саспаевди педагогиикалык кадрлардын жетишсиздигинен улам аталган группага сабак берүү үчүн мугалимчиликке дайындашат. Мындай шарттын жөнү белгилүү го, мурда бул сыяктуу кытай, казак группасы ачылбаса, ал боюнча тажрыйба дээрлик жок болсо, тиешелүү окуу китептери, окуу куралдары, зарыл болгон зарыл болгон адабияттар менен жабдылбаса

анда ал ишти баштоочулардын жеке чыгармачылык демилгелери гана аракетти жөнгө салып кете алмак. Анын үстүнө кыргыз элинин жалгыз өкүлү болуп саналган болочок жазуучу өз улутташтары менен эне тилинде сүйлөшүүгө зар болгон. Бул сыяктуу кейичтүү учурду «ошол жылдары кыргызча сүйлөп жаткан эки адамдын жанында турсам деп тилечүмүн. Кыргыз тили көздөн уччу. Айылымда болсом, мейли урушуп, тилдешип атышса да кыргызча сүйлөшкөндөрүн уксам дечүмүн»[1].деп эскерет.Өз эне тилинде эмес жашоосун,окуусун, ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылык кубатын казак, уйгур жаа кытай тилдеринин мүмкүнчүлүгү менен ишке ашырууга аргасыз болуп келе жаткан А.Саспаев окутуучулук кызматка келгенден кийин педагогикалаык адабияттарды которуу ишине тартылат. Ошентип, котормо сыяктуу татаал жана спецификалуу өнөрдүн сырларын өздөштүрүү машакатына туш болот.Бул жагдай жөнүндө жазуучунун күндөлүгүндө момундай маалыматтар кезигет.

«8-январь, 1953-жыл.

Биз азыр Бээжиндеги орус тили институтунун биринчи курска арналган окуулугунан тексттерди казакчага которуп жатабыз.Кийин аны кытай студенттерине өтмөкчүбүз. Которууда дайыма талаш пайда болот. Анткени, Гиң(казак тили группасынын жетекчиси, казак тилинин грамматикасынан өткөн окутуучунун фамилиясы-К.З) жолдош казактын орой, ал түгүл бири бири менен байланышы жок сүйлөмдөрү менен которула берүүсүн талап кылат. Биз албетте, жол бергибиз келбейт. Казактын адаттагы оңой сүйлөмдөрү менен баштообуз керек дейбиз. Акыры жеңебиз. Которулган тексттерди дагы бир жолу өзүм редакциялап чыгам.

Муну факультет жетекчилери да туура тапты: Мындан ары Гиндин тилин албай редакциялоо ишин жүргүзө беришимди тапшырышты.

Мына ушундайча, ишти жок жерден бар кылууга кириштик. Ар бир тексттеги сүйлөмдөрдүн фонетикалык, морфологиялык, синтаксистик өзгөчөлүктөрү кошумча жазылып коюлат.Студенттердин өзүнчө отуруп үйрөнүүсүнө жардамы тийсин дейбиз. Мунун баары албетте, оңой иш эмес, Кыскасы, институттун казак тили группасына жаңыдан окуулук иштеп чыгуубузга туура келди. Акыры аны да иштеп чыктык».

Арийне, котормо материалдарынын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө карата котормонун да өзүнчөлүктүү түрлөрү боло турганын унутууга жарабайт.Бул жерде көркөм адабияттын поэзия, проза, драма же сын өңдүү материалдарынын которулушу, анын натыйжалары, алардын көркөм-эстетикалык деңгээли тууралуу сөз болуп жаткан жери жок. А.Саспаев ириде адистештирилген атайын тексттерди б.а педагогикалык окуулуктарды котоорууга мажбур болгонун, ал бул ишке жөн салды мамиле кылбаганын, ага болушунча чыгармачылык көз караштын негизинде караганын, котормо иши татаал жана жооптуу өнөр экендигин көрсөтүп жаткандыгын кантип танабыз. Котормонун кандай гана тиби болбосун (гезиттик-маалыматтык, атайын илимий адабияттар, коомдук-саясий адабияттар, публицистикалык материалдар, көркөм адабияттарды которуу ж.б.-К.З.) мазмундун бузулбай так, ишенимдүү жана түшүнүктүү, жеткиликтүү берилишинде турат. Демек, ар кандай котормонун тиби чыгармачылык чымырканган кубаты, сабырдуулук менен изденүүнү талап кылат.Мына ушул жагдайдан алып караганда бул факты А.Саспаевдин котормо өнөрүнүн астанасын аттоодогу алгачкы кадамдарынан болгон.Котормо анын жазуучулук өнөрканасын байытып, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн сынап көрүүчү олуттуу жанрлардын бирине айланганын анын кийинки адабий фактылары ырастап берет.

Пекиндеги Борбордук улуттар институту мурда провинциалдык казак жана уйгур адабияттарынын чакан үлгүлөрү менен оозанып, алардын механикалык таасири менен калем кармоого мажбур болуп, өзүнүн көркөм адабият, чыгармачылык ишкердүүлүк өңдүү татаал дүйнөсүн сырдуу табышмактарын жеткире аңдай албай жүргөн, сөз өнөрүнө чындап ынтызарланган Аман Саспаевге жаңы дүйнөнүн горизонтторун таанып билүүгө, өздөштүрүүгө өз каалгасын кенен ачкан. Чыгыш адабиятынын классикасынын үлгүлөрүн,маданият кубулуштарын кытай тилинде, орус совет адабиятынын алдыңкы

өрнөк болуучу чыгармаларын орус алфавитине негизделген кыргыз тилинде окуп үйрөнүүанын көркөм ой жүгүртүүсүнүн курчушуна, калыптанышына омоктуу таасир берген. Окуу жайдын китепканасындагы мыкты деп саналган бардык чыгармалар менен жакындан таанышканга, атүгүл аларды өз өзүнчө конспектилеп чыкканга да мүмкүнчүлүк тапкан. Бул жөн гана сырттан туруп байкоочу катары айтылган пикир эмес. Биз аны жазуучунун күндөлүгүндө маалыматтын негизинде айтып жатабыз.Анда эмесе ишенимдүү болуш үчүн фактынын өзүнө кайрылалы.

«Бош убакыттан пайдаланып «Алтын жылдыз кавалери», «Аласталган Алитет» (экинчи китеби), «Чыныгы адам жөнүндө повесть» деген китептерди окудум»-деп жазат жазуучу.- Мага жакканы Борис Полевойдун жашоого деген жандоосу болду. Бул жөнүндө мен өз күндөлүгүмө пикир жазыпмын.

«23-январь, 1954-ж.

- гранты для патентования за рубежом до 50 тыс. долл. США;

• создание венчурных фондов с участием НИФ;
• участие институциональных инвесторов в венчурном инвестировании;
• создание системы государственного страхования венчурных инвестиций;
• формирование списка компаний - оценщиков интеллектуальной собственности;
• реализация Проекта совместных инвестиций НИФ с ведущими зарубежными венчурными фондами.

Новые подходы к повышению эффективности инновационной деятельности должны предусматривать проведение комплексного инновационного анализа, который может быть представлен следующими этапами:

• анализ и прогноз направлений научно-технического прогресса (НТП) в данной и смежной отраслях, необходимых для выявления будущих технологических и функциональных угроз;

- технологические угрозы - возможности производства сельхозпродукции на основе прогрессивных технологических процессов. В этом случае вследствие применения устаревшей технологии предприятие может оказаться неконкурентоспособным по издержкам или качеству продукции;
- функциональная угроза связана с возможностью появления у конкурентов новой продукции, произведенной на более высоком уровне;

• отбор наиболее эффективных нововведений.

Анализ различных источников позволил выделить показатели, характеризующие некоторые аспекты функционирования инновационной инфраструктуры, а именно:

– наукоемкость ВВП по количеству занятого в инновационной сфере населения;

– структура расходов на научно-исследовательскую деятельность по субҗектам;

– удельный вес инновационной продукции, внедренной в сельскохозяйственное производство;

– доля продукции аграрной отрасли в ВВП;

– количество запатентованных разработок на 100 тыс. жителей.

Удельный вес внедренной инновационной продукции в ВВП позволяет определить интенсивность инновационных процессов. Чем выше удельный вес инновационной продукции, тем эффективнее функционирует инфраструктура в сфере инноваций. Если вместо стоимости произведенной инновационной продукции использовать стоимость реализованной инновационной продукции, то данный показатель будет характеризовать и степень востребованности произведенной инновационной продукции. При этом чем меньше разность между стоимостью произведенной и реализованной продукции, тем эффективнее функционирует инновационная инфраструктура.

В соответствии с технико-экономическим содержанием затрат на научно-техническое развитие производства количественно могут быть выражены обҗем капитальных вложений на реконструкцию и техническое перевооружение сельхозпредприятий, затраты на научные разработки и их внедрение в данной отрасли.

Управление инновационной деятельностью в агропромышленном производстве может быть успешным при условии длительного изучения инноваций, что необходимо для их отбора и использования. Прежде всего, следует различать инновации в технологических процессах. В зависимости от технологических параметров инновации подразделяются на продуктовые и процессные. Продуктовые инновации предусматривают получение принципиально новых продуктов, процессные - означают новые методы организации агропромышленного производства, связанные с созданием новых организационных структур в составе предприятия.

Таким образом, в условиях рыночных отношений особую важность приобретает формирование институциональной среды, которая ориентирует поведение хозяйствующих субҗектов в рисковых ситуациях. Институционализация рисков позволяет создать эффективную систему управления ими и является сравнительно новым направлением в агроэкономической науке как в плане изучения источников их проявления, так и возможностей оценки и способов минимизации степени их влияния.

В настоящее время риски институциональных преобразований в АПК, а также риски, связанные с институтами, остаются вне поля зрения исследователей. Рассмотрение институтов как источников специфических рисков в экономической литературе практически отсутствует. Однако нам представляется, что именно изучение институциональных рисков в тесной связи с трансформационными процессами позволит наиболее полно и точнее выявить и проанализировать широкий круг факторов и условий, оказывающих воздействие на становление рыночной системы хозяйствования в аграрной сфере, адаптацию хозяйствующих субҗектов к рынку. Что, в свою очередь, повысит уровень научной деятельности Институтов развития и рекомендаций по разработке эффективных механизмов осуществления агроэкономических реформ.

Наиболее значимыми направлениями снижения институциональных рисков в аграрной сфере являются: организация эффективной системы риск-менеджмента на различных уровнях хозяйствования; формирование социально-экономических и организационных предпосылок для активного и широкомасштабного внедрения в АПК крупного капитала, интегрирующего в единое целое все стадии производства, переработки, реализации сельскохозяйственной продукции; развитие инфраструктуры

рынка, разработка и реализация государственной программы развития кооперации, призванной вовлечь крестьянские хозяйства в систему рыночных институтов, открыть им широкий доступ к инвестициям, достижениям НТП, рынкам сбыта, кредитам, в свою очередь, имеющих важное значение для снижения рисков при реализации инновационных проектов в АПК.

Литература:

1. Барлыбаева Н.А. Национальная инвестиционная система Казахстана.- Алматы: НЦ НТИ РК, 2006
2. Днишев Ф.М. Научно-техническое развитие в условиях становления национальных производительных сил: стратегия и механизм.- Алматы: Ғылым, 2007

Станалиева Г. УЛУТТУК ТАРЫХТЫН КӨРКӨМ ЧЫНДЫГЫ

Акыркы мезгилдерде кыргыз адабиятында өзүнчө бир ракурс түзүлгөндөй болду. Ал мурунку доордун өкүлдөрү болгон белгилүү тарыхый инсандардын өмүр-таржымалына кайрылган прозалык чыгармалардын арбын жазыла башташы. Ошол эле Шабдан баатыр, Ормон хан, Канат хан сыяктуу тарыхый каармандардын образдары идеалдаштырылып сүрөттөлүп, алардын өз учурунда эл үчүн жасаган алгылыктуу саясий же азыноолак агартуучулук жаатындагы ишмердиктери даңазалануу десек болот. Ырас, эл башында турган тарыхый инсандарыбыздын көркөм чыгармада бийик баа берилип, көркөм сөзгө алынышына эч кандай каршылык жок. Маселе башкада. Учурунда өз элинин тагдырында олуттуу роль ойногон тарыхый инсандардын образын жаратуу алда канча жоопкерчиликти жазуучунун мойнуна тагары бышык. Ал ириде, ошол каарман жашаган доордун, мезгилдин тарыхына байланыштуу жоопкерчилик.

Мына ошондой жоопкерчиликти 16-жыл окуясына кайрылган Ж.Егембердиевдин «Канат хан» (2006) романында кандайча ишке ашыра алды. Сөз оролу ушул жөнүндө болсун. Айта кетүүчү нерсе, «Канат хан» авторунун бир-эки повестин эске албаганда, эпикалык жанрдагы алгачкы бараандуу түйшүгү.

Романда 1916-жылдагы көтөрүлүштө хан көтөрүлүп, эл баштаган жетекчилердин бири Канат Ыбыке уулунун өмүр таржымалы чагылдырылат. Жазуучу элдик көтөрүлүштүн өзүн тарыхый ишенимдүүлүктө көрсөтүп берүүнү максат кылган. «Канат ханда» көтөрүлүшчүлөрдүн кадимкидей согуштук дем менен кагылышка өтүшү, душманды жеңмейинче артка чегинбешке ант берүүлөрү, Канатты хан көтөрүп, көтөрүлүштүн кадимкидей долбоору түзүлүп, анын негизинде иш-аракеттердин жүзөгө ашырылганын, акыркы мүмкүнчүлүк калганча жүргүзүлгөн айыгышкан кармашууларды айкын көрүүгө болот. Автордун тарыхый материалдар менен кылдат иштегени чыгармадан көрүнүп турат. Улуттук тарых илиминде көтөрүлүштүн жетекчилери тууралуу жеткиликтүү илимий иликтөөлөр жокко эсе. Совет мезгилинде эл жакшыларынын көтөрүлүштөгү жетекчилик ролу четке кагылган же болбосо көз жаздымда калып көрсөтүлгөн эмес. Бул көрүнүш 1916-жылдагы элдик көтөрүлүштүн тарыхый маанисинин толук ачылып көрсөтүлүүсүнө тоскоолдук кылганы талашсыз. Көлдөгү көтөрүлүштү изилдеген тарыхчы Т.Шейшеканов мындай дейт: «Көтөрүлүштүн долбоорлорун иштеп чыккандарды, анын жүрүшүндөгү согуштук тактикалардын авторлорун, кээ бир инсандардын хан көтөрүлүүсүн, аскер башчыларынын дайындалышын, мамлекеттик институттардын кээ бир элементтеринин калыптанышын ж.б. көрсө көрмөксөнгө, билсе билмексенге салып келишкен.

Андай окуяларга атайын көңүл бурушкан эмес. Мисалы көтөрүлүштүн жүрүшүндөгү Мөкүштүн, Канаттын, Батыркан Райымбек уулу менен Батыркан Ногой уулунун ж.б. хан көтөрүлгөндүктөрү тарых илиминде изилденген эмес десек эч

жаңылыштык болбойт. Эгерде кээ бир эмгектерде алар эскерилсе, андай фактылар көтөрүлүштүн реакциячыл борборлорунда болгон деп белгиленген.»[1]

Кыргыз совет адабиятында ушундан улам көтөрүлүшкө жетекчилик кылган каарман кедей табынын өкүлү катары мүнөздөлүп, ал эле эмес ага белгилүү бир деңгээлде революционердик мүнөз да ыйгарылып келгени маалым. Ал эми тарыхый чындыкка жол берилип, Канат сыяктуу каармандардын образын чагылдырууга болгон чыгармачыл аракеттер аёосуз куугунтукка кабылышкан. Буга А.Токомбаевдин «Кандуу жылдар» романында «Канатхан» бөлүмү болгондугу үчүн гана идеологиялык жат чыгарма катары алынып салынгандыгы тууралуу фактыны келтирсек жетиштүү.

«Канат хан» романы эгемендик мезгилиндеги көтөрүлүшкө жетекчилик кылган, эл тарабынан хан көтөрүлгөн каармандын образына кайрылган, 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхый чындыгын таасын көрсөтүүнү максат кылган тарыхый роман. Роман эки бөлүмдөн турат: биринчи бөлүмүндө Канаттын аталары Төрөгелди жана Ыбыкелердин өлгөнгө чейинки турмуш-тагдырлары, ошондой эле Канаттын болуш болуп шайланышы, элдик кызматта өзүн көрсөтүшү, башкача айтканда, 16-жылга чейинки мезгил кеңири чагылдырылса, экинчи бөлүм толугу менен элдин боштондук үчүн болгон көтөрүлүшүн чагылдырат.

Ж.Егембердиев 1916жылдагы көтөрүлүштө Жумгал, Кочкор болуштуктарынын элине жетекчилик кылган Канат Ыбыке тууралуу болгон тарыхый маалыматтарды иликтеп-иргеп, тарыхый чындыктын көркөм чындыгын жаратууга аракет жасаган. Белгилүү коомдук ишмер Белек Солтоноев «1916-жылдагы кыргыз көтөрүлүшү» деген эмгегинин «Көтөрүлүштүн долбоору» деген бөлүгүндө Пишпектеги июль айындагы болуп өткөн жашыруун кеңешме жөнүндө маалымат берип, ал кеңешмеге Канат Ыбыке уулу, Исамудин Шабдан уулу ж.б. кыргыз жакшылары катышкандыгын жана көтөрүлүштүн долбоору иштелип чыккандыгын белгилеген[2]. Бул чындыгында элдик көтөрүлүштүн тарыхый маанисин аныктоодо чоң роль ойной турган маалымат болчу. Ж.Егембердиев 16-жылдагы көтөрүлүштүн тарыхый маани-мүнөзүн аныктап бере турган дал ушундай маалыматтарга таянып, Канат хан жетектеген элдик көтөрүлүштү ырааттуу сүрөттөп берет. Кыргыз адабиятында буга чейин улуттук-боштондук көтөрүлүштүн өзү эмес, анын жыйынтыгы, б.а. үркүн окуялары көп чагылдырылып келген болсо, «Канат хан» романында кандуу кагылышуулардын жүрүшүндөгү окуяларга түздөн-түз күбө болобуз. Анда көтөрүлүш алдындагы абал, Канат хандын падышалык бийликтин оор салыктарынан элди кутултуунун жолун издеши, аскерге алуу тууралуу буйрукка элдин каршы чыгышы, көтөрүлүшкө чыгуу тууралуу ойдун жапырт эл тарабынан кабыл алынышы, эл жакшыларынын ортосунда кадимкидей сүйлөшүүлөрдүн, макулдашуулардун жүрүшү жана кандуу кагылышуулар, анын жыйынтыгы кенен-кесири чагылдырылып отурат. Ж.Егембердиев эң алды көтөрүлүштүн улуттук-боштондук мүнөзүнө басым жасайт. Ал 16-жылдагы окуяны тек гана элдин чаржайыт каршылык көрсөтүүсү эмес, а уюшулган элдик массанын боштондук үчүн болгон көтөрүлүшү катары көрсөтөт. Романдын бул артыкчылыгын адабиятчы А.Акматалиев да белгилеген: «Жумакадыр Егембердиевдин «Канатхан» романынын 1916-жылкы улуттук-боштондук кыймылдын маселесине кайрылган чыгармалардан бөтөнчөлөнүп турган жагдайы – автор эң биринчилерден болуп эркиндикке, азаттыкка умтулган кыргыз элинин ата-журтун, эл-жерин баскынчылардан сактап, коргоп калуу кыймылын баш аламан көтөрүлүш эмес, а атайын уюшулган улуттук-боштондук күрөш катары чагылдыргандыгында»[3].

---

[1] Шейшеканов Т. 1916-ж. Көлдөгү боштондук кыймылынын жетекчилери жөнүндө // Кыргызстан тарыхынын маселелери. – 2006.– №3. – 58-б.

[2] Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – 2-китеп. – Бишкек, 1993. – 96-б.

[3] Акматалиев А. Канатхан – улуттун ар-намысы // Адабий гезит.– 2007.– Апрель.– №13.

Ошондой эле романда 16-жылдагы көтөрүлүш бир гана кыргыз эли үчүн эле эмес, орус келгиндери үчүн да трагедиялуу окуяларды жаратканына реалдуу баа берилген. Романдагы окуянын берилишинен бир мисал келтире кетели:

«Канаттын колу кыштакты каптап киришип, эки жакка бир дагы тирүү жан чыгарбастан курчап алышты. Жаалданган бунтчулар мужиктердин үйлөрүнө, үйүлгөн эгин менен чөптөрүнө өрт коюшту. Ошол жемиштүү жакшы жерлеринен зордук менен айдалып, тоо-ташка сүрүлүп, азаптанып жүрүшкөн Чүйлүктөр айрыкча жинденишип, жашы-карысын ылгабастан көрүнгөнүн найзалап, ай балта менен чабышып, кыргын салып жүрүштү. Ошентип, бунтчулардын мыкаачылыктары орус айылдарында өкүм сүрдү.»[1]

Мындай тарыхый чындыгы бар окуяларды чыгармада көз жаздымда калтыруу бери болгондо 16-жылдагы көтөрүлүштүн маанисине толук көңүл бурбагандык болор эле. Автор Канаттын колунун Токмок калаасын алууга жасаган иш-аракеттерин кеңири сүрөттөйт. Кандуу кагылышуулардын жүрүшүндө Канаттын кадимкидей согуштук тактикасын көрүүгө да болот. Ал кандуу кармашууларда каармандык менен элди ыңгай-шартка жараша багыттап, ал эле эмес, өтө жоопкерчиликтүү учурда өзү да эрдикке да барат. Баштаган эли азаптуу кырылып жатканын көрүп, ал тайманбастан элге ажал отун чачкан замбирекчини сайып жыгып, анын жардамчысын чокмору менен жыга чаап, жеткирбей качып кетүүгө үлгүрөт. Романда бир эле Канат хан эмес, кандуу кагылышууларда Кегетилик кедей Үкүнүн, Курманбай уулу Аалынын, Бакытай уулу Сулайманды баатырдык эрдиктерине күбө болобуз. Акыры мындай эрдиктер жана элдин кажыбаган каармандыгы өз натыйжасын берип, ойоздук аскерлер Токмокко кире качып, коргонуу позициясын гана ээлеп калышат. Токмок шаарын бир канча күн камап, коргонуучуларга кошумча аскердик күч келгенге чейин Канат баштаган эл бир кыйла жеңиштерге да ээ болушканы менен калаага кире алышпайт. Токмоктогу коргонуучуларга кошумча күч келиши менен козголоңчулар жеңилүүгө учурап, кандуу кыргында калып, туш тарапка качууга аргасыз болушат. Канат хандын буйругун жаналакетке түшкөн эл укпайт. Окуянын ушундай нук алышы, элдин азаптуу кырылууда калышы Канаттын зээнин кейитет. Романдан ал акыркы мүмкүнчүлүк калганча жанын үрөп, болгон аракетин жумшаганын көрөбүз. Колунун көбүнөн ажырап, жеңилүүгө учурап калгандан кийин да, эл башчысы жарык берер жол издейт. Бирок, элдин азаптуу тагдырына аралжы болор андай жолду таппайт.

Романдан ар болуштун элин бири-бири менен кабарлаштырып турган чабармандарды жолуктурабыз. Бул көрүнүштү да көтөрүлүш учурундагы уюшкандыктын бир белгиси катары кароого болот. Себеби дал ушундай чабармандардан алган маалыматтар аркылуу Канат хан өзүнүн согуштук жүрүшүнө ыңгай-шартка жараша өзгөртүү киргизип турат. Бирок, канткен менен начар куралданган эл өз учурунун эң мыкты куралы менен куралданган орус аскерине тең тайлаша албайт эле. Акыры эл жеңилет. Бул жеңилүү – эң бир оор, кайгылуу окуялар менен коштолуп, карапайым элди тукум курут болуу коркунучуна такады. Жанында жакын гана адамдары калып, Кытайга качууга аргасыз болгон Канат хан: «Кайрыдиндерге каршы жасаган казатыбыз өз башыбызга тийип, азапка салды. Карап туруп калайыкты кайгыга батырдым. Жазыксыз калктын убалына калдым.»[1] - деп кайгы жейт. Анын мындай өкүнүү менен айткан оюна молдо Жаркымбайдын берген кайраты да көңүл бурууга арзыйт: «… бардык күнөөнү жалгыз башыңа үйө бербегин. Падышанын буйругуна моюн сунбайбыз. Аскерине барбай урушчубуз – деп көтөрүлгөн сен эмес, жалпы калайык экенин эсиңден чыгардыңбы? Каапырлардын кан күйгөн алыскы ээн талаасында карга-кузгунга жем болуп өлгөнчө, өзүбүздүн туулуп өскөн жерибизде кашык каныбыз калганча кайрыдиндер менен кармашып жүрүп, өлүп бергенибиз артык – дешип, кан

[1] Егембердиев Ж. Канат хан.–Бишкек, 2006 – 314-б.

какшап, ушул урушка барышканын унуттукпу?»[1] Молдо Жаркымбайдын бул айтканында канткен менен чындык бар эле. Боштондук көтөрүлүшүнө элди чындыгында жалгыз гана Канат сыяктуу эл башындагы кишилер баштап чыккан эмес. 16-жылы падыша бийлигине каршы бир эле кыргыз эли эмес, жалпы Түркестан эли көтөрүлгөн. Бул окуяда элди алдыдагы алааматтан аралжы кылып калууга аракет жасап, орус бийлигинин орошон куралдуу күчүн түшүндүргөн кишилер да болгон. Романда Канаттын билимдүү, элдин азыркысына, келечегине көздөрү жеткен уулдары Ысак, Жапарсадык жана иниси Байдалы көтөрүлүш чыгаруу тууралуу болгон жыйында ушундай аракеттерди жасашат. Бирок,падышачылыктын адилетсиз бийлигине кыжырлануусу күч алып турган эл аларды укпайт. Ошондой эле Канат да элди артка кайтарууга мүмкүн болбой калгандыгына көзү жетип, балдарын жемеге алууга аргасыз болот.

Көтөрүлүштүн жыйынтыгы жалпы эл үчүн да, эл башында болгон Канат хан үчүн да оор трагедиялуу окуяга айланган. Канат өздөн чыккан чыккынчылар тарабынан колго түшөт, балдарын орус бийлиги атып өлтүрөт, иниси Байдалы да сексен кишиси менен туюкка камалып өлөт. Канаттын образына Т.Касым-Бек да «Кыргын» романынында кайрылган эле. Ал романдын бешинчи бөлүмүндө он үч бетте берилет. Анда жазуучу кудасы Курмандын баласы Ысактын чыккынчылыгынан колго түшкөн Канаттын сурактагы учурун сүрөттөө менен гана чектелген. Көңүл бурууга арзый турган нерсе, эки романда тең Канат орус бийлигинин алдына өзү бастырып барышы азаптын отунда калган элине арачы болор үмүт-максатты аркалоосу катары берилген. Андай тарыхый чындык Канаттын нукура элдик адам болгондугун тастыктаган факты эле.

Бул эки романдагы тарыхый маалыматтардын берилиши тууралуу да ой айтууга туура келет. Алсак, Т.Касым-Бектин «Кыргын» романында тарыхый маалыматтар атайын кара менен белгиленип берилип, ал факты кайсыл тарыхый булактан алынгандыгы көрсөтүлүп, андан соң ошол тарыхый фактыга негизделген сюжеттик окуя баяндалса, «Канат ханда» андай тарыхый маалыматтар автордук тексттин ичинде ойду улап, бекемдеп берилип отурат. Айрым учурларда романда тарыхый маалыматтарга жетеленүүнүн натыйжасында сүрөттөлгөн окуя көркөм текст катары эмес, тарыхый кургак маалымат сыяктуу берилип калганы байкалат.

Ж.Егембердиев чыгармасында Канаттын бала кезиндеги Төрөгелди атасынын орус бийлиги тарабынан бейкүнөө сабалышынын аркасынан жүрөгүндө кара тактын пайда болушу, балалык сезимине бүлүк түшүшү тууралуу бир фактыны көркөм деталь катары пайдалангысы келген. Бул факты чындыгында романдын кульминациялык чекитине – Канаттын көтөрүлүшкө хан шайланып, элди казатка алып чыгышына алып келе турган көркөм деталь, жазуучулук табылга болчу. Мындай болгон шартта, бул көркөм деталь романдын бүткүл тулку-боюнан кызыл сызык болуп өтүп, чыгармага эстетикалык бийик сапат ыйгармак. Мисалы, бул сыяктуу кызыл сызык кызматын өтөгөн К.Акматовдун «Мезгил» романындагы Кызтуубас кемпирдин үркүндө жүрөгүнө түшүрүлгөн кара тагын эске түшүрсөк болот. Кызтуубастын жүрөгүндөгү кара так жаңы замандын тушунда, каргашалуу үркүндөн бир топ мезгилден кийин орус адамы Красин босогосун аттаганда анын капылет өлүмгө учурашына алып келди. Ошондой эле Кызтуубастын жүрөгүнө так түшүргөн окуя Красиндин тагдырында да олуттуу ролун ойноду. Ырас, бул эки чыгармада эки башка мамиле өкүм сүрөт, демек, салыштырып бирдей кароого негиз жок. «Мезгил» тарыхый роман эмес, анда тарых менен мезгилдин философиясын ачып берүүгө, тарыхый окуя жараткан трагедиянын адам тагдырына тийгизген таасирине психологиялык анализ жасоого аракет жумшалат. Ал эми «Канат ханда» көтөрүлүштүн өзү, саясий, тарыхый маани-мүнөзү көрсөтүлүп жатат. Андыктан анда адам психологиясына, тарыхый окуяга карата философиялык-психологиялык ой-жүгүртүүгө караганда, тарыхый фактыларга негизделген окуялуулук алдыңкы планга

[1] Аталган китеп. - 343-б.

чыгат да, жогорудагыдай көркөм деталь кандайдыр бир деңгээлде көз жаздымда калып, кызыл сызык болуп өтүү сапатынан ажырап калган.

Ж.Егембердиевдин «Канат ханында» тарыхый маалыматтарга ашкере байлануу эркин чыгармачылык ишмердүүлүктү чектеп койгон. Ошондой эле автордун баш каарманынын образын ашкере идеализациялап көрсөтүүгө жетеленип калганын да айта кетиш керек.

Дегеле кыргыз прозасында улуттук тарыхыбыздагы улуу трагедия кайра-кайра чагылдырылып келгени менен тарыхка обьективдүү көркөм мамиле жасоо менен аталган теманын үстүндө иштөөдө жаңы эстетикалык бийиктиктерди багындыруу дагы деле болсо келечектин иши бойдон калууда десек жаңылган болбойбуз.

Адабияттар:

1. Шейшеканов Т. 1916-ж. Көлдөгү боштондук кыймылынын жетекчилери жөнүндө // Кыргызстан тарыхынын маселелери. – 2006.– №3
2. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. – 2-китеп. – Бишкек, 1993
3. Акматалиев А. Канатхан – улуттун ар-намысы // Адабий гезит.– 2007.– Апрель.– №13
4. Егембердиев Ж. Канат хан.–Бишкек, 2006.

Станалиева Г. «КЫРГЫН» РОМАНЫ ЖАНА ТАРЫХ ЧЫНДЫГЫ

Эгемендүүлүктөн кийинки соңку мезгил аралыгында кыргыз прозасында тарыхый темага кайрылуу басымдуу орун ээлеп, бир катар тарыхый чыгармалар окурмандардын колуна тийди. Бул албетте, мыйзамчемдүү, күтүлгөн көрүнүштөрдөн болчу. Себеби, көркөм чыгарма аркылуу өткөн тарыхтын чындыгын ачык айтуу, өз учурунда советтик идеологияга туура келбеген тарыхый факты, окуялардын тегерегинде эркин көркөм ой жүгүртүү өз саатын көптөн бери күткөн эле. Айрыкча али изи сууй элек 20-кылымдын эле башындагы кыргыз элинин катаал тарыхый тагдыры тарыхый аспекттен кайрадан көркөм иликтөөгө алынып жатканы өзүнө көңүл бурдурат. Эгемендик мезгилинде бул мезгил аралыгында болуп өткөн катаал окуяларга кыргыз тарыхый романынын классиги Т. Касымбеков өзүнүн эки тарыхый романында кайрылды. Алар жазуучунун «Баскын» (2000) жана «Кыргын» (2004) романдары болду.

«Баскында» Т. Касым-Бек (романда автор өзүн ушул ат менен берет) Кыргызстандын түндүгү орус империясынын оторлоо баскынына дуушар болгон мезгилди чагылдырат. Бул романдагы мезгил аралыгы Кыргызстандын түштүк жергесиндеги тарыхый окуялар, Кокон бийлигинин кыйрашы кеңири баяндалган «Сынган кылычтагы» мезгил менен дал келет. Жазуучу тарыхый инсандардын бири Шабдан баатырдын кыргыз эли үчүн тарыхый бурулуш болгон мезгилдеги ролуна да басым жасаган.

Романда советтик тарыхтан орун алган «өз ыктыяры менен кошулуу» деген жасалма саясат, түшүнүк толугу менен төгүндөлүп, турмуш чындыгы сүрөттөлөт. «Кыскасы, «Баскындын» артынан «Кыргын» романы келди. Эгерде Төлөгөн Касым-Бек бул эки чыгармасынын наамына берилген эки лексеманын (баскын жана кыргын) кадыресе логикалык маанисин карап көрсөк, анда реалдуу кыргын дал ошол реалдуу баскын менен бир катар кошо келмек, анткени баскын болбосо, кыргын кайдан келип чыкмак».

Адабиятчы К. Асаналиевдин бул логикасы төгүндөлгүс чындык, анткени ар кандай баскынчылыктын аягы кыргынга алып келет. Ошондуктан «Баскындагы» тарыхый кырдаал «Кыргында» да улантылат. Буларда мурдагы романдарында орун алып келген Байтик, Шабдан өңдүү каармандардын өмүрүнүн акыркы жылдары, б.а. кыргын болордун алдындагы өкүнүчкө толгон өмүрү сүрөттөлөт. «Кыргындын» биринчи бөлүмүндө Байтик баатыр каза болот. А Шабдан - романдын экинчи бөлүмүндө көз

жумат. Бул эмне? Баскындын бүтүшүбү? Ооба, тарых логикасы боюнча алганда эмне үчүн баскынчылык болгону айтылышы керек эле. Айтылганда да кыргыз элинин тагдыр-турмушундагы өтө оор учурдун, 1916-жылдагы окуянын тарыхый мааниси айтылышы керек эле. Жогоруда Байтик менен Шабдандын өмүрүнүн соңу өкүнүчтүү болду дедик. Романда ал учур Байтиктин түрмө сурагынан кийинки анын психологиялык абалы аркылуу орус бийлигине кор болгон кызматына, мамилесине, ишенимине атайын басым коюлат. Дал ушул өкүнүч, дал ушул божомолдоп болгус абал, тарыхый чындык Шабдандын өзүнө да келет. Башкача айтканда, ал өкүнүч концепциясы Шабдандын образы аркылуу өнүктүрүлөт. Бул кырдаалды К.Асаналиев мындайча мүнөздөгөн: «Эч кандай гиперболизациясыз айтканда деле романдын автору Байтиктин, анын соңунан Шабдандын жеке керт башына келген тарыхый чындыкты айтып жатат. Биринчиси оңду-солду ачык-жабык түрдө иштеген, экинчиси түздөн-түз падышачылыкка кызмат өтөгөн эки тарыхый инсан, акыры келип кандай күнөөсү үчүн орус бийлигине жакпай, куугунтукка түшүп, ушундай абалга туш болушту. Романчынын баяны боюнча Байтик өзүнүн элчиси, бузуку Базанын калпына алданып, Рыскулбек бийдин Суусамырдагы айылын чаап, ошол айылдын 300 түтүн элин Чүйгө көчүрүп келип, жер бергени үчүн күнөөлөнсө, Шабдан орустан жер талашып камалган уулу Мөкүштү бошото албай, дал ошондо гана орус бийлиги кыргыздар үчүн эмне экенин түшүндү окшойт».

Көрүнүп тургандай, эки тарыхый личносттун, болгондо да кыргыз элинин турмушунда өтө маанилүү ролду аткарган, эл ардагы саналган адамдардын өмүр соңунда трагедияга кабылышы-бул жөн гана автордун ойдон чыгарган кырдаалы эмес. Ал тарыхый кырдаал, тарыхый трагедия. Алар кабылган трагедия кыргыз элинин тарыхында 16-жылдагы кызыл кыргын менен түшүндүрүлөт. Демек, Байтик менен Шабдандын өкүнүчү элдин тагдыры, өз элин кызыл кыргынга алып келгени. Алар ошол үчүн кайран өмүр бекер өткөн экен деп өкүнүп жатышат.

Жазуучу Т.Касым-Бек «Кыргын» романын жазууга кыйла даярдык көргөнү байкалып турат. Ал үркүн маселесине тиешелүү тарыхый, архив материалдарын жакшы билет. А тарыхый документтин өз алдынча турганда эч качан көркөм чыгарманын милдет-ордун аткара албайт. Качан гана ойдон жаратылган көркөм чындык тарых менен ажырагыс, аны менен кошо жаралгандай абалда болгон кезде гана эстетикалык бир бүтүндүккө ээ болот. Анткени андай көркөм ширелиштин натыйжасында жаралган чыгарманын кайсынысы тарых да, кайсынысы көркөм ой жүгүртүү экенин ажыратууга мүмкүн болбой калат. Мындай ойду тарыхый чыгарманын жаралыш табиятын изилдеген В.В.Шербина, С.М.Петров, Б.И.Бурсов, М.Б. Храпченко, Л.И.Тимофеев, В.Петелин ж.б. айтышканы белгилүү. Ушул ыңгайдан алып караганда «Кыргын» романында колдонулган архив документтери көркөм чыгарманын организминен сырт калган. Б.а. көркөм ой жүгүртүү менен тарыхый документ көп учурларда өз алдынча жашоо абалында турат. Ырас, Төлөгөн Касым-Бек 16-жыл трагедиясын архив маалыматтарынын негизинде көрсөтүүнү көздөгөнү ырас. Мындай максат колдоого зарыл көрүнүш. Анткени буга чейинки 16-жыл окуясына кайрылган кыргыз жазуучуларынын бири да алдыларына мындай милдет койгон эмес, ачыгын айтканда совет мезгилинде антүүгө мүмкүн да болбогон. Ал эми азыркы эгемендикке ээ болгон шартта тарыхый чындыктын өзүн айтуу үчүн архив документтерине таянуу менен гана жазуу зарыл. «Кыргын» романынын автору дал ошол айныксыз жана талашууга мүмкүн болбогон жолду тандап алган. Методология туура, аны талашууга негиз жок. А бирок ал ыкма, ал методология жазуучу тарабынан кандайча жүзөгө ашкан? Жогоруда айтылгандай, тарых менен автордук ой жүгүртүү канчалык деңгээлде ширелишкен? Маселенин ушундай коюлушунун законченемдүү зарылдыгы бар.

Ырас, Т. Касым-Бектин бул романында тарыхый личносттордун жана жөн эле катардагы адамдардын жеке тагдырына, күндөлүк жашоо-турмушуна мүмкүн болушунча кылдат көңүл бөлүнөт. Адам психологиясынын ар кандай абалына, арийне ар кандай драмалык учурларга, анын чыгыш себептерине өзгөчө басым коюлат. Мындай

учурлар Жайлообай менен Кузьминдин бири-бирине болгон мамилесинде ачык байкалат. Жайлообай кыргыз, жергиликтүү элдин өкүлү, ата-бабасы жердеген жердин ээси. Кузьмин Орусиядан келген орус дыйканы, бөтөн эл, башка жерге тагдыр айдап келген адам. Ооба, тагдыр айдап келген адам. Жайлообай аны дал ушундай, накта кыргыз түшүнүгү менен кабыл алат. Натыйжада ага адамгерчиликтүү мамиле жасайт. Динине, улутуна, тилине, саяатына карабайт. Жайлообайга анын кереги да жок, тагдыр айдап келген адамга жакшылык гана кылуу аракетинде болот. Эмне сураса, ошонун баарын берет. Анан ал мамиле Жайлообайдын өзүнүн гана эмес, бала-чакасынын, алардын келечек тагдырын чечүүчү катаал мамилеге өсүп чыгат. Бул чынында Жайлообай менен Кузьминдин гана, эки гана адамдын күндөлүк турмуш-тиричиликтен улам пайда болгон, акыры тагдыр чечер абалга жеткен мамилеси эмес. Бул ириде, падышачылык Орусия менен кыргыз элинин ортосундагы кызыл кыргын чыгарар алдындагы мамиленин өсүп-өнүгүш жолунун сүрөттөлүшү эле. Аны жогорудагыдай эки адамдын образы аркылуу символдоштуруп берүүгө аракеттенген. Тагдыр айдап келген Кузьмин жүрө-жүрө Жайлообайдын жерин да, малын да, эркиндиги менен укугун да алып коёт. Орус-кыргыз адамынын бири-бирине болгон бул мамилеси падыша саясаты менен кыргыз элинин ортосундагы тарыхый трагедиянын башталышына алып келет.

Романда Кузьмин менен Жайлообайдын ортосундагы мамилеге автор өзгөчө маани берүүгө аракет жасаган. Орус бийлигинин ырайымсыз саясатына чыдабай кыжырланган кыргыздар Кузьминге кол салаарда Жайлообай аны коргоп калат. Кийин кыргыздардан эмес орус аскеринин замбирегинин огунан каза табар учурда Кузьмин Жайлообайга «сары кызынын» тагдырын ата-энесинин аманаты катары берет.

Ал өлүм алдында кызын Жайлообайга калтырып жатып, анын тагдыры жалгыз Жайлообайда калганын сезет. Кыскача айтканда, бул орус адамы кыргыздардын кыжырлануусун өз көзү менен көрүп, абалды түшүнүп туруп, ошол эле учурда ал дагы бир кыргызга ишенип, кызын аман алып каларына көзү жетип жатат. Бул эмне? Өлүм алдындагы акыркы жанталашуудан чыккан үмүт, тилекпи? Жок, андай эмес, Жайлообайга болгон ишеним. Романдын төртүнчү бөлүмүндө Кузьмин, бешинчи бөлүмдө Жайлообай каза болот. Бул образдар аркылуу эки элдин ортосундагы тарыхый мамиленин реалдуу башталышы, өнүгүшү берилмек. Автордук концепция биздин оюбузча, ушундай багытта болушу керек эле. Биринчиден, Байтик менен Шабандын өлөр алдындагы өкүнүчү, экинчиден, дагы эле ушул тарыхый личносттун өлүмүнүн чыгармада чагылдырылышы, үчүнчүдөн, Жайлообай менен Кузьминдин мамилеси, Кузьминдин өлүмү жана анын аманаты, акырында Жайлообайдын жарык дүйнө менен капылеттен кош айтышы, айтор, ушундай драмалуу жана конфликттүү учурлардын өнүгүшү жогорудагы ойго алып келет. Таасирдүү эл башчыларынын дүйнөдөн өтүшү (Байтик, Шабдан) кыргыз элинин ички биримдик күчүнө да сөзсүз терс натыйжа берген.

Кузьминдин баласы Германдын мылтыгы дайыма октолуу. Октолуу мылтык өмүрүнө коркунуч туулса, ал ким тарабынан жаралса же ким экени билинсе тактап-аныкталбайт, октолуу мылтык атылат. Ошол үчүн ал октолуу. Акыры ал атылат, атылганда да атасы Кузьмин ишенип кызынын тагдырын тапшырган Жайлообайдын баласы Тайлакка каршы атылат. Сары чийкил кыз орус падышалыгынын баскынчылары менен кыргынчыларынын күнөөсүн жалпы орус элинин атынан мойнуна алат. Ооба, автордун ой-кыялынан жаралган болсо да, ал 16-жылдын окуясы берген алаамат, акыйкат сабагы болуп саналат. Ушул окуялардын, драмалуу учурдун бүт бардыгы Германдын эч айыбы, карасанатай максаты жок Тайлакты атып салышы менен аяктайт. Айта кетчү нерсе, жазуучу ушул эки каармандын тагдыры менен байланыштырып кыргыз калкы менен орус келгиндеринин ортосунда болуп өткөн каргашалуу окуялардын башын ачкысы келген. «Кыргын» тарыхый чыгарма. Андай болгондон кийин андагы 16-жыл окуялары жалпы элдик масштабда көрсөтүлүш зарылдыгы бар эле. Романда 16-жылдагы тарыхый окуяларды чагылдырууда карапайым адамдар -

Жайлообай менен Кузьминдин өз ара мамилелери менен чектелүү кандай болгондо да жетишсиздик кылат.

Төлөгөн Касым-Бектин «Кыргын» романындагы 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн тарыхый философиясына басым жасадык. Бул жазуучунун темага, тарыхка, проблемага болгон жаңыча мамилеси экени белгилүү. Мамиле бир башка, анын кандайча аткарылышы дагы бир башка маселе.

Ырас, жазуучу оозеки жана жазма маалыматтарды ыгына жараша арбын пайдаланган. Андай мисалдарды каалаганча келтирип, тарыхый документтер менен салыштырса болот. Бирок, 16-жылдагы трагедияны тарых илиминде да бир жактуу кароо мүмкүн эмес. Бул 16-жыл жараткан тарыхый окуянын алда канча татаал экендиги менен түшүндүрүлөт. Ачыгын айтсак, 16-жылдагы көтөрүлүш тарых илиминде бүгүнкү күнгө чейин толугу менен изилденип, аягына чыга элек. Бүгүнкү күндө 16-жылдагы көтөрүлүштүн мүнөзү, чыгуу себептери жана тыянагы тууралуу тарыхчылар тарабынан ар түрдүү пикирлер айтылып келүүдө.

Бирок, Т.Касым-Бек «Кыргында» тарыхый маалыматтардагы бир жактуу пикирлерге жетеленип калганын айтпай коюга болбойт. Жазуучу орус падышачылык бийликтин баскынчылык саясатынын жексур жүзүн ашкерелөөнү алдыңкы планга алып чыгат да, бөөдө кырылууга дуушар болгон элдин тагдырынын аянычтуу картинасын көрсөтүүгө басым жасап, көтөрүлүшкө чыккан элдин активдүү иш-аракетин көз жаздымда калтырат. Натыйжада, боштондук үчүн болгон жалпы элдик кыймылга романда пассивдүү мүнөз ыйгарылып калган. Ал эмес тарыхый тактыктан тайып көрсөтүлгөн жазуучунун позициясы ачык эле баамга урунуп турат. Буга чыгармадан бир мисал келтирели:

«Өлтүрүп жатышат!» А бирок, качан, канча орус кырылып калганы айтымда да, архивде да жок, демек те баягы гөр аңтарган үчөвүнөн башка орустан киши чыгым болгон эмес. Мунун баары жогору жагынан атайын тапшырма, төмөн жагынан атайын жиберилген жалган кабарлар болгон.» - деп берилет романда. Тарыхчы Ж.Ж.Жунушалиев 16-жылдагы көтөрүлүштүн 90 жылдыгына карата өткөрүлгөн конференцияда сүйлөгөн сөзүндө 1916-жыл биринчи иретте кыргыздар үчүн да, ошондой эле келгин орустар үчүн деле эң оор трагедияларга жык толгон кайгылуу жыл болгондугун айтып келип, «көтөрүлүштүн башталышында Пишпек уездинде оторчулардан 98 адам өлтүрүлүп, 65 адам дайынсыз жоголгонун» билдирген. Дегеле «Кыргында» автордун бүт аракети орус падышачылык бийлигинин баскынчылык саясатынын жергиликтүү элди көтөрүлүш чыгарды демиш этип кырып, жерди бошотуу максатын аркалаганын ашкерелөөгө жумшалганы байкалат. Бул романда бир-эки эпизоддо гана сүрөттөлгөн экинчи пландагы ой эмес, а жалпы чыгарманын концепциясы катары көрсөтүлүп, романдын кыргын аталышынын маанисин ачып берүү үчүн кызмат өтөйт. Элге тааныш бир маалыматтын романда кандайча берилгенинен мисал келтире кетели. Ал мына бул диалогдон айкын көрүнөт:

«Потапов:

- Дагы бир балээ, Верныйдан жиберилген бир араба 34 миң огу бар 175 миң мылтыкты Ысыккөлдүн кире бериш жеринде кыргыздар талап кетиптир.

Дүр:

- Конвою жок бекен?

Потапов:

- Кеп мына ошондо.

Дүр:

- О, кокуй ушунча куралды ээн жолго айдап жиберишеби? Бул деген эптеп бир жаңжалга шылтоо табыш үчүн эле го…

Потапов:

- Ушу, «биздин кыйындарыбыздын» кылары ушу… эми булар «үч орус өлтүрүлгөн», «мылтык таланган» деген эки окуяны төбөлдөрүнө көтөрө күчөтөт…».

Чындыгында бир араба куралды колго түшүрүү ар-ар жерде кыргыздардын көтөрүлүшүнө дем болуп, көтөрүлүштүн маанилүү окуяларынын бирине айланганы тарыхый булактарда айтылат. Т.Касым-Бек романда бир араба куралды бир солдатка табыштап, узак жолго аттандырыш опурталдуу учурда падышалык төбөлдөр тарабынан атайын жасалган кадамдардан болгон деген ойду айтат.

«Ырас, «…жерди тазалап алыш» оңойдун оңою, бул иште эки жол жок, кырып гана салыш, бул жабайылар не десе ошо десин, бирок тышкы өнгөн-өскөн эл көзүнө не деген жети баштуу желмогуз болуп көрүнүп калат үчүнчү Рим!? Ошо тең тайлаш тышкы элдин көзүнө парде болор эптелген бир «өз жабайылыгынан» дегенчелик бир макоо шылтоо изделип, ушунча кыргын-сүргүндөн соң жабайылар тараптан чочоңдошкон бир чогоолдугу, опур-топур бир каяшасы эле керек болуп турган» - деген автордук позиция, көз караш романдын бүт тулку боюна сиңирилген.

Ооба, жазуучу мындай позициясын тарыхый фактылардын негизинде айтып жатат. Ырас, тарыхый булактарда андай маалыматтар жок эмес. Айрым бийлик чиновниктеринин буйрук-телеграммалары, о.э. РСДРПнын мүчөсү Г.И.Бройдонун берген маалыматтары ушундай пикирлерге түздөн-түз угут болгону талашсыз. Эгемендик мезгилинде айтылган тарыхчы Ж.Ж. Жунушалиевдин пикирине дагы кайрылсак. Ал 16-жылдагы көтөрүлүштүн себептери жөнүндөгү өкүм сүргөн негизги пикирлерге токтолуп, мындай дейт: «Экинчи пикир 1916-жылы саясий авантюрист, РСДРПнын мүчөсү Г.И.Бройдо тарабынан чыгарылган. Анын пикири боюнча көтөрүлүш Кыргызстандын калкын толук кырып, жаңы оторчуларга жер бошотууну каалаган падышачылыктын өзү тарабынан уюштурулган.

Бул пикир илимий негиздүүлүк тургай жөнөкөй калыс ой-жүгүртүү менен да төп келишпейт. Биринчиден, алакандай Кыргызстандын жери үчүн бүткүл Түркстандын элин көтөрүлүшкө түртүү менен аркасында көтөрүлүшкө чыккан 5 миллиондон ашуун элдин болушу империалисттик согуштун фронтторунда тез-тез жеңилип жаткан падышачылык Россиянын кызыкчылыгына туура келер беле? Экинчиден, Кыргызстандын жерин жергиликтүү калктан тазалоо негизги максат болсо, эмне үчүн түштүк Кыргызстандын калкы тынч бойдон калды?».

Ырас, падышалык бийликке кыжырлануусу күч алган көтөрүлгөн элди жазалоодо орус бийлиги ашкере мыкаачылыкка барганы белгилүү. Буга романдагы Беловодскидеги кыргын да толугу менен мисал болуп бере алат. Андай окуялар падыша бийлигинин абийирине жата турган эң бир оор кылмыш катары тарых сабагында кала бермекчи.

Т.Касым-Бектин романында каармандардын иш-аракети, психологиялык өзгөрүштөрү, жетилүүсү үчүн ыңгайлуу кырдаалдар жакшы түзүлөт. Драмалуу учур, психологиялык кырдаал, трагедиялык абал, айтор, эмне зарыл болсо, ошолордун бүт бардыгы жетиштүүдөй эле туюлат. Турмуштук реалдуулук да, тарыхый чындык да бар. Демек каармандын реалдуулугу, анын өнүгүшү үчүн, романдык, демек, эпикалык масштабга ээ болушу үчүн эң керектүү шарттар түзүлгөн. Андай кайрадан жаралуу мүмкүнчүлүгүнө толук эгедер болуп турган каармандарды да атадык. Маселен ошол эле Байтик, ошол эле Шабдан тагдыры канчалык трагедиялуу болбосун, өткөн өмүрү канчалык өкүнүчкө айланбасын ал романда жеке адамдын жеке тиричилик трагедиясы катары гана көрүнөт. А чынында ал андай трагедия эмес, кыргыз элинин башында тургандардын бийлик трагедиясы жана анын элдик трагедияга өтүшү болуп саналат. Муну алардын өлөр алдындагы өкүнүчтөрү да кайра-кайра ырастап турат. Жеке адамдын трагедиясы элдик трагедия катары романдык көркөм-эстетикалык күч-кубатка, масштабдуулукка, эпикалуулукка өсүп жеткен эмес. Натыйжада окуя-эпизоддорго, тарыхый маалыматтарга, документ-фактыларга көбүрөөк басым жасалат. Ошондон улам жазуучу Т.Касымбек автордук баяндоолорго, түшүндүрүүлөргө барууга аргасыз болгон. Жогоруда айтылгандай, жазуучунун алдында 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн чыгыш себебинин, өнүгүшүнүн, кызыл кыргынга жетишинин тарыхый философиясына басым жасоо милдети турган. Бирок азыр эле айтылгандай, тарыхый

фактылардын жыштыгы көркөм ой жүгүртүүнүн эркин болушуна кандайдыр бир деңгелде чектөө койгон. Бул тууралуу белгилүү адабиятчы А.Акматалиев да туура белгилейт: «Т.Касымбеков «Сынган кылыч» романында бир да архивдик материалдарды тиркеме катары пайдаланган эмес, ал эми «Кыргында» отуздан ашык материалдар мисалга келтирилген. Бул бир чыгарма үчүн азбы, көпбү?! Авторду бул үчүн күнөөлөгөнгө болобу?! Дегеле тарыхый көркөм чыгарма документтерсиз, башкача айтканда, документ көркөм фантазияга «жутулуп» жазылыш керекпи?! Албетте, бул сыяктуу суроолорго кескин, бир жактуу жооп берүү кыйын, ар бир нерсенин чен-өлчөмү, принциби, критериясы болушу керек». Жазуучуга «Кыргын» романында 16-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштү чагылдырылуусуна мурдагыдай чектөө, көрсөтмө болгон жок. Каалагандай ой жүгүртүп, каалагандай фактыларга таянып жазууга мүмкүндүк алган. А бирок жазуучунун алдында ал трагедиянын тарыхый философиясын ачып берүү милдети бар. Азыркы жана акыркы талап ушундай. Ошондуктан жазуучу азыркы адабияттын, адабияттын жаңы тиби жөнүндө ойлонсо болмок. Чыгармачылык эркиндиктин мүмкүнчүлүгү чыгармачылык кумардын чыныгы булагы катары толук пайдаланылган эмес. Бирок, ага карабай “Кыргынды” негизинен оң баалаган, тарыхый чындыктын көркөм чындыгын жарата алган чыгарма катары баалаган макалалар да жарык көрдү.

Адабиятчы А.Садыков: «Горькийдин жазуучу тарыхчы да болуу керектиги тууралуу айткан маанилүү жобосу бүгүнкү күн үчүн өтө керектүү, анткени «тарых» деген бул элдин өткөнү гана эмес, келечеги да. Бул жагынан кыргыз жазуучулары аздыр-көптүр иш жасаса да, алдыда толгон-токой проблемалар туруп жатат. Өңгөсүн айтпаганда да кечөө күнкү эле 1916-жылкы көтөрүлүштү ушул күнгө чейин бир беткей гана саясатка такап жазып келбедикпи. Ал эми чындыктын көп тарабы ачылбай калып жатпайбы?» - деп кабатырлана жазганы бар. Ырас, ошол көп тарабы ачылбай жаткан чындыктын ачык-айрым көркөм иликтөөгө алынышы эгемендик мезгилинен күтүлгөн эле. Арийне, бул мезгилде кыргыз адабий турмушунда өзгөчө окуя катары баалана алган, жаңы доордун улуттук эпопея дэңгээлиндеги элдик тарыхый трагедиясын чагылдырган чыгарма жаралган жок. 16-жылдын тарыхый маанисинин татаалдыгы анын көркөм адабиятта чагылдырылышында да өз таасирин тийгизгендигин белгилеп өтүш керек. Улуттук-боштондук көтөрүлүштүн бүгүнкү күнгө чейин тарыхчылар тарабынан тарыхый, саясий толук мааниси иликтенип, аягына чыга электиги эгемендик мезгилинде жазылган тарыхый чыгармаларда да ар башкача мамиленин, концепциянын жаралышын шарттады.

Адабияттар:

1.Акматалиев А. Үркүнбү же улуттук-боштондукпу?! // Адабий Алатоо.– 2007. – Апрель.– №5
2. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр. Үчүнчү макала. Качанга чейин… // Адабий Алатоо.– 2006.– №13
3. Шербина В. В. А.Н.Толстой: Творческий путь.– М.: Советский писатель, 1956
4. Петров С.М. Советский исторический роман. – М.: Советский писатель, 1958
5. Бурсов Б.И. Л.Толстой. Идейные искания и творческий метод. 1847–1862. - М.: Наука, 1960
6.Храпченко М.Б. Л.Толстой – как художник. - М.: Худ. лит., 1979. 7.Тимофеев Л.И. По воле истории.– М.: Наука, 1979
8. Петелин В. Судьба художника: Очерк жизни и творчества А.Н. Толстого.– М.: Воениздат, 1979
9. Касым-Бек Т. Кыргын. – Бишкек, 2004
10. Жунушалиев Ж.Ж. Түндүк Кыргызстан 1916-жылдагы Түркстандагы көтөрүлүштүн очогу // Кыргызстан тарыхынын маселелери.– Бишкек, 2006.– №3

11. 1916-жылдагы көтөрүлүштүн 90 жылдыгына карата илимий конференциянын материалдары // Кыргызстан тарыхынын маселелери.– Бишкек, 2006.– №3
12.Садыков А. Башаттар жана жаңычылдык. – Бишкек, 1993.

Таалайбек уулу А. Т.СЫДЫКБЕКОВДУН УСТАТЧЫЛЫК ТАЖРЫЙБАСЫНАН

Т.Сыдыкбеков «Табылга» жыйнагынын бир жеринде минтип жазыптыр: «Атаганат, биз акылын алгыдай алдыбызда кесиптеш улуулар болсо эмне! Улуунун тажрыйбасын өздөштүрүү жаш талапкер үчүн суусундай муктаж эмеспи. Улуунун кеп-кеңеши деле беш тамчы, үч тамчы болсо да жаш талапкерге тиер серүүндүктү биз сезбедик.

«Жетим өз киндигин өзү кесет» дегендей адабияттын алиппесин өз ара өздөштүрдүк. Бирибизге бирибиз таалимчи да болдук. Мага Мукай, Жусуп, Жоомарттар таалимчи болсо, мен ошентип кургак учукка жеңдирип, иймейип жүрүп айылдан жазуучулар союзуна ырларын жиберген жаш талапкерлерге кат аркылуу кеңешимди бердим. Колго илинген ырларын журналга, газетага сунуш эттим»[1.1. 578].

Ошентип, насаатчылык же Сыдыкбековдун сөзү менен айтканда таалимчилик илгертеден жашап келе жаткан салттуу көрүнүш экен.

Бир кезде Т.Сыдыкбеков өз улутунан үлгү ала турган киши таппай ыйламсырап жүрсө, кийин өзү жетилип, чоң жазуучу катары элге таанылып калган чакта башкаларга акыл-кеңешин айтып, бир катар жаштардын тушоосун кесип, алардан рахмат укканга чейин өсүп жеткен.

Т.Сыдыкбековдун насаатчылык ишмердиги тууралуу сөз жүргөндө биз анын түздөн-түз бирөөлөргө берген акыл-кеңештерин гана түшүнбөй, маселени андан кеңирирээк кароого аракеттендик. Мисалы, анын жараткан романдарын окуган жаштар бул залкардан көркөм дүйнө жаратуунун көп сырларын өздөштүрүшкөн. Бул биринчи жагдай. Экинчиден, ал киши өзүнө кайрылган авторлордун, же ар түрдүү редакциялар жиберген чыгармаларды рецензиялап, аларды автордун өзүнө айтып, же газета-журналдарга пикир жарыялоо аркылуу таалимчилик иш жүргүзгөн. Үчүнчү жагдай, көркөм чыгарманы кантип, кандайча жазуу керек, анын коомдук милдети тууралуу түздөн-түз кеңеш берген макалаларды жазган.

Мына ошентип, бул макала жазуучунун насаатчылык ишмердигине арналып, ага биз жогоруда белгилеген үч багытта сөз жүргүздүк.

Т.Сыдыкбековдун романдары окурмандар жана адабий коомчулук тарабынан жакшы кабыл алынып, атак-даңкка жетип, эми ал өзүнөн кийин канат күүлөп келаткан жаш талапкерлердин чыгармачылыгына, кээде замандаш калемдештерине карата да ой-пикирлерин айта келген.

Сыдыкбековдун насаатчылык ишмердигинин сферасы өтө кеңири. Аны ачуу үчүн биз Т.Сыдыкбековдун «Мезгил сабактары» аттуу макалалар жана публицистикалар жыйнагына кирген чоң жана кичине макала-эсселерди жазылган жылы боюнча ирээти менен талдап, аларда козголгон маселелер туурасында сөз кылмакчыбыз. Мисалы, ошол китептеги «бет ачар» чыгармаларынын бири «Чеберчилик үчүн!» деп аталып, анда жаш жазуучу Ш.Бейшеналиевдин «Чыныгы достук» аттуу повестине карата пикир айтылат. Анда мындай делет: «Жаш жазуучу Бейшеналиев эң жооптуу жана керектүү теманы алган. Бирок, максатка тема гана жеткирбейт. Жакшы жана керектүү теманы чече билиш керек. Мына бул жагынан алганда да баштапкы редакциясына салыштырганда бир аз ийгилик бар» [2.1. 112.] деп белгилей келип, анын көңүлүнө толо бербеген айрым мүчүлүштүктөрдү белгилейт. «Ал эми, - дейт ал, - комсорг Айнанын образы жокко эсе. Үйгө бир кирип чыккан жат адам сыңарындай ал окуучунун эсинде калбайт… Автордун тили жарды. Бир эле сүйлөм ичинде бир маанидеги сөз эки-үч жолу кайталанат» [2.2. 113.] деп, анан ага конкреттүү мисалдарды келтирет. Үлгү катары орус классиктеринин, мисалы, Л.Толстойдун сөз менен иштөө тажрыйбасынан эскерет. Өзүн да сыноодон

тартынбайт: «…сиздер, - дейт ал жаштарга кайрылып, - кээде бизден үлгү аласыздар. Биздин жарды стиль, тантык сүрөттөөлөрдүн таасири сиздердин чыгармачылыгыңыздардан да жолугат» [2.3. 115].

Эң негизгиси, Ш.Бейшеналиев өз каармандарынын жекелик жагын ачып берүүдө чабалдык кылат: «Класстагы 32 окуучунун бардыгы сабакты жакшы өздөштүрүп, 7-классты ийгиликтүү бүтүрүшкө тырышат, бирок алардын бардыгы коёндой окшош эмес, же эреже боюнча бипбирдей сүйлөшпөйт» [2.4. 116]. Мына ушул кемчилдикти Т.Сыдыкбеков абдан баса белгилей келип, коллегасына мындай кеңеш айтат: «…жазуучу өтө байкагыч, сезгич болуш керек. Жөнөкөй көз көрө албаганды жазуучунун көзү көрүшкө милдеттүү, адамдын сырткы кебетесинен улам анын ички дүнүйөсүн туура баамдаш керек… Каармандын кубанычын да, кайгысын да, жадаса адамга эч айтпай жашырып койгон сырын да билип, тура багыт беришке милдеттүү… Жазуучу, сөзсүз турмуштагы чындыкты сүрөттөйт. Бул көзгө көрүнгөндү катары менен ала берүү деген сөз эмес, мүнөздүү иштерди көрүү. Мүнөздүү иштерден мүнөздүү окуяны жаратуу» [2.5. 116].

Т.Сыдыкбеков «Чоң адабияттын жаш өнүмдөрү» аттуу макаласында кыргыздын ошол кездеги көзгө көрүнүп келаткан жазуучулары тууралуу төмөнкүдөй ойлорун ортого салат.

«Өскөн Даникеев, Мидин Алиев, Аман Саспаевдер адабият ишин биротоло кесип кылып ала элек: бири – инженер, бири – врач, бири – жумушчу жаштарыбыз да окуучуларга тартуу кылышкан туңгуч повесттери, аңгемелери менен эле өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн байкатышты. Булар турмуштун чордонунда бышыгып, адабиятка ат салышты… «Мен аңгеме жазамын» деп өзүнө өзү убада берип жазбастан, турмуштан баамдаган окуя дегдетип, «Жаз, жаз. Ушул окуяларды жаз» деп тынчытпай койгондо колго калем алуу менен каармандардын жандуу элестерин ачып, мүнөздөрүн даана көрүү жазуучулук өбөлгө» [2.6. 118] деген маанидеги пикирин Т.Сыдыкбеков жогорку авторлорго тиешелүү сөз катары айтат.

Сынчы дагы бир курдуу жаш авторлордун ысмын атайт, алар кургак баяндоодон качып, адамдардын ички дүйнөсүн терең ачууга багыт алгандар. «Күн өз портретин тартып бүтө элек» повестиндеги ыкма, окуянын өнүгүшү, анын берилиши, анын чечилиши, диалог түзүлүшү; тили, каармандардын мүнөзү, айтор, бул повестке таандык почерк ушуга дейре кимибизде бар эле?» [2.7. 120] деп суроо салып, Т.Сыдыкбеков Кубатбек Жусубалиевди келечегинен үмүткөр кылган жазуучулардын бири атайт. «…дагы бир шыктуу жаш Кеңеш Жусупов – Кубатбекке үндөшө чыкты» дейт сынчы: «Албетте, биз бул жерде эки жашты бирин-бири кайталашып, бирин-бири туурашып жатат дебейбиз. Бул экөө коңур үндүү. Эки жаш ырчы уккулуктуу коңур үндөрү менен жаңы сабакты безеленте ырдашкандай – бизде экөө (буларга маал-маал Мурзанын үнү да кошула кетет. Балким, буларга үн кошчу жаштар, балким, катарга турушар). Ошентип, үн кошушкан жаштар өздөрүнүн үнү, өздөрүнүн көркү, түспөлдөрү менен катарыбызга кошула баштаганы чоң бел, чоң кубаныч!» [2.8. 120].

Т.Сыдыкбеков жаштардын чыгармаларына жогору баа берүү менен бирге алардын улууларды мелдешке чакырып жаткандыгын моюнуна алып, мындай дейт: «Бул жаштар, жеке эле өз почерктерин тааныта чыгышпастан, булар өздөрүнө да, жаштары улуу, тажрыйбалары көбүрөөк биздерге да жаңы жүк артышып, жаңы таламдар, доолорду тагышып, - «Силер эскирип баратасыңарды» угуза айтышпаса да, өздөрүнүн эптүү, эстүү мамилелеринде купуя доолор коюшкандары да сезилет» [2.9. 120].

Т.Сыдыкбеков жаш досторуна мактоо сөздөрдү арноо менен бирге өз баамындагы кемчилдиктерди да айтат. Көрсө, алардын айрымдары китептик таасирге берилип кетишиптир. Бул улуттук негизге кекирейе карап, жерден тамырын үзүп алганга окшогон учурлар, «Ал тургай өзүбүздүн адабиятка «үстүртөн кароо» аны теңсинбөө барбы?» деген да суроо коёт да, мындай каалоо айтат: «…Мурзанын аңгемелерин окуганыбызда, биз андагы кичинекей окуядан ачылган чоң дүнүйөнү, адамдардын ички

мүнөздөрүн көргөнүбүздө ал, кандайдыр тээ алыс жактагы эпкинди эске салбастан (албетте, бул жакшы жагынан байкалат) өзүбүздүн мурастардын да, бүгүнкү адабиятыбыздын илеби да дээрлик өлчөмдө автордун эсинде экендиги сезилип турса, ал дагы жаңы күч кошор беле?» [2.10. 121].

Сейит Жетимишев менен Аман Саспаевдер андай «илдеттерден» алыс экенин белгилейт.

Жалпысынан Т.Сыдыкбеков тал чыбыктай ийилчээк жаш авторлорду кээде бетке кар урган бороон-чапкынга туруштук берген кайраттуулукка чакырат. Муну ал символдуу подтекст менен түшүндүрөт, анткени, айрым сынчылар жаш таланттардын бир аз эле «кыйраңдоосуна» кескин, орой мамиле этип, алардын шагын сындырып койгон мисалдар да кездешкен. Карт жазуучу ошондой учурларды эске алып жатат.

3. Зат атоочу –en мүчөсүнүн жардамы менен көптүк санды, мисалы, ox-oxen, ал эми айрым зат атоочтор унгудагы үндүүнү жана мүчөнү өзгөртүүнүн жардамы менен child-children көптүк сандагы зат атоочту түзөт.
4. Бир катар өздөштүрүлүп алынган зат атоочтор кабыл алынган тилдин көптүк санынын формасын сактап калат: datum-data, nucleus-nuclei, terminus-termini, formula-formulas.

Бул зат атоочтордо жекелик сан белгилүү мүчөгө ээ. Бирок англис тилинде мындай зат атоочтордун көптүк саны жалпы стандарт боюнча түзүлөт.Ошондуктан алардын айрымдары азыр- (e) s мүчөсү менен көптүк санда колдонулат: formula-formulas, terminus-terminuses.

5. Кээ бир зат атоочтор үчүн жекелик санда болсун, көптүк санда болсун, мүчө жалганбайт, б.а. зат атооч жекелик жана көптүк санда болсун, мүчө жалганбайт, б.а. зат атооч жекелик жана көптүк сандар үчүн бир эле формага ээ болот.

Мындай зат атоочторго булар кирет: fruit, sheep, salmon, deer, trout жана башкалар.

Англис тилине салыштырганда кыргыз тилинде көптүк санды түзүүнүн бирден-бир жолу фонетикалык варианттарга ээ болгон мүчө болуп эсептелет –лар, -лер, -нар, -нер ж.б. М: бала-балдар, дептер-дептерлер, күн-күндөр ж.б.

Көптүк сандын формаларын түзүү үчүн уңгудагы үндүүнү өзгөртүү кыргыз тилинде кездешпейт.

Салыштырылып жаткан тилдерде (англис, кыргыз) жекелик сандагы формада гана колдонулуучу зат атоочтор жана көптүк сандагы формада колдонулуучу зат атоочтор бар.

Англис тилинде жекелик сандагы формада колдонулуучу зат атоочторго төмөнкүлөр кирет:

- затты, азыкты ж.б.у.с. нерселерди билдирүүчү заттык зат атоочтор: Butter, oil, water, wine, sugar, air etc.
- абстракту зат атоочтор: advice, money, information
- энчилүү аттар: the Volga, Asia, the Issyk-Kol.

Бирок, кээ бир мындай зат атоочтор көптүк санда колдонулушу да мүмкүн. Алсак, затты билдируучу зат атоочтор көптүк санда төмөнкүлөрдү билдирет: 1. Ар түрдүү сортторду, түрлөрдү: oils, teas, French wines 2. зор мейкиндикти, сууну, карды, кумду жана ушулар сыяктууларды: The waters of the Issyk-Kol 3. кээде көптүк сандын формасы метафориялык мааниде болушу мүмкүн: deer waters, still waters run deep etc.

Адамдын фамилиясын билдирүүчү энчилуу аттар көптүк санда белгилүү артикль менен белгилүү уй-булөөнү билдирет: the- the Usenovs- Усеновы, the Browns- Браундар, the Asanovs- Асановдор. Англис тилинде көптүк сандын формасында гана колдонулуучу зат атоочторго төмөнкүлөр кирет: 1. Эки бирдей бөлүктөн турган буюмду билдирген зат атоочтор: spectacles, scissors, trousers; 2. аздыр-көптүр белгисиз көптүктү билдирген зат атоочтор: environments; 3. илимдердин жана кээ бир оорулардын атын билдирген зат атоочтор: clothes, slums, belongigs; 5. зат атоочтор: news, means, works.

Бул топтогу зат атоочтор баяндооч менен ар турдуучо айкалышат.

Алсак, 3-жана 5-кошумча топтун зат атоочтору этиш менен жекелик санда айкалышат жана формасы боюнча гана көптүк сандагы зат атоочтордон болуп эсептелет: Phonetics is an interesting subject. Physics is a difficult science.

Кыргыз тилинде да көбүнесе жекелик санда гана колдонулуучу зат атоочтор бар. Бул топко төмөнкүлөр кирет:

- затты, азыкты жана ушул сыяктууларды билдирген зат атоочтор: сут, кар, ун, суу, аба, шекер, май, кум, топурак ж.б.у.с.
- абстрактуу зат атоочтор: карангылык, сулуулук, баатырдык, байлык, кедейлик.

«Баатырдыкты көрсөттү» деген сүйлөмдө көптүк сандагы абстракту зат атоочту колдонуу учурунда бир нече айкын фактылар көңүлгө алынып жаткандыгы менен өзгөчөлөнөт,

- энчилүү аттар: Акматов Асан, Асанбаев Ишен ж.б.

- жандама зат атоочтор: окутуучулук, жумушсуздук, бейкапарсыздык.

Бул топтогу кээ бир зат атоочтордо көптүк сандын формалары болушу мүмкүн. Мисалга алсак, затты билдирүүчү зат атоочтор көптүк санда ар түрдүү сортторду билдирүү үчүн колдонулат : Мисалы: майлар. «Карлар жаай баштады» деген сүйлөмдө коптук сандагы зат атоочтор «мезгил-мезгили менен» же «тигил жерде, булл жерде» деген маанини билдирет.

Энчилүү аттарда белгилүү уй-булөөнү билдириш үчүн көптүк санда колдонулушу мүмкүн: Акматовдор ар дайым белсемдүү иштерди жасашат.

Кыргыз тилинде көптүк санда адамдардын фамилиялары гана эмес, ысымдары да колдонулушу мүмкүн. Ошентип, адамдардын фамилияларын көптүк санда колдонуу салыштырылып жаткан англис кыргыз тилдеринде да болуусу мумкун.

Буюмдун аттарын билдирген, эки бирдей бөлүктөн турган жана көптүк санда гана колдонулган англис тилиндеги зат атоочтордон айырмаланып, кыргыз тилинде мындай зат атоочтор жекелик да көптүк санга да ээ.

Кыргыз тилинде илимдердин аталышы жекелик сандын формасында колдонулат: биология, физика, математика, физиология ж.б. бул сөздөр башка тилдерден өздөштүрүлгөн сөздөр болуп эсептелет.

Англис тилине салыштырганда кыргыз тилинде көптүк санда колдонуучу бир нече гана зат атоочтор сын атоочтордон түзүлгөн жана жекелик санда колдонулбайт, көптүк сандын мүчөсуз алар жөн эле сын атооч болуп эсептелет: жаш, кызыл, ак.

Ошентип, англис жана кыргыз тилдериндеги зат атоочтордун сан категориясын салыштыруу төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Англис тилинде көптүк сандын формаларын жасоонун бир нече ыкмалары бар, алардын арасында уңгудагы үндүүнүн алмашылышынын пайдалануу. Ал эми негизги ыкма –s, -es мүчөсүн кошуу. Кыргыз тилинде – лар мүчөсүнүн жадамы менен көптүк сандын формасын жасоонун бир гана ыкмасы бар (анын фонетикалык варианттары: -лар, -лор, -лер, -лор ж.б.).
2. Эки тилде тен зат атоочтор эсептелүүчүлөр жана эсептелбөөчүлөргө абстракту, жандама жана энчилүү зат атоочтор кирет. Демейде, алар көптүк сандын формасына ээ болбойт.

Англис тилинде эсептелбөөчү зат атоочтор белгисиз артикль менен, сандык сан атоочтор менен айкалышпайт жана көптүк сандын формасына ээ болбойт. Жогоруда белгилегендей, мындай зат атоочтордун айрымдары, мисалы, адамдардын фамилиялары жана заттын ар түрдүү сортторун билдирүүчү зат атоочтор көптүк сандын формасына ээ болушу мүмкүн.

Кыргыз тилинде эсептелбөөчү зат атоочтор көбүнесе жекелик санда колдонулат жана сандык сан атоочтор менен айкалыша албайт. Бирок бул зат атоочторду көптүк санда колдонуу мүмкүнчүлүгү англис тилиндегиден алда канчалык кеңири.

«Окуучулук»- тибиндеги жалгыз жандама зат атоочтор гана көпчүлүк санда колдонула албайт.

3. Англис тилинен айырмасы кыргыз тилинде көптүк санда гана колдонулуучу бир аз сандагы гана зат атоочтор бар.Англис тилинде мындай зат атоочтор бир катар өзгөчүлүктөргө ээ.Алардын бири этиш менен жекелик санда, башкалары – этиш менен көптүк санда айкалышат.

Кээ бир англис тилиндеги зат атоочторду көптүк сандын формасында гана колдонуу кыргыз тилиндеги мындай колдонууга ылайык келбейт: мисалы: news-жаңылык, ал эми кыргыз тилиндеги жаңылык – жекелик жана көптүк сандын формасына ээ.

Баяндалгандарды жалпылаштырып, зат атоочтордун сан категориясы англис тилинде –s жана es- жана кыргыз тилинде –лар, лор, леер ж.б. санынын морфемаларынын билдирүү менен, эки тилдин тең типологиялык белгиси болуп эсептеле тургандыгын 3 айтууга болот. Англис тилинде зат атоочтордун көптүк санын түзүүнүн башка ыкмалары чектелүү болгондуктан, анын типологиялык белгиси болуп эсептелбейт.

Сан категориясы зат атоочторго гана эмес, башка сөз түркүмдөрүнө да таандык.

Сын атооч англис жана кыргыз тилдеринде сан категорияларына ээ эмес. Салыштыргыла: англисче a large town кыргызча чоң шаар, чоң шаарлар – large towns.

Сан категориясы англис тилинде шилтеме ат атоочторго таркатылат, алар зат атооч менен ээрчишип, аны менен аныктоочтук сөз айкалышын түзөт. Бул this-бул, that-тигил, these-булар, those-тигилер, this town-бул шаар, these towns-бул шаарлар, this book-those books (тиги китеп-тиги китептер).

Кыргыз тилинде аныктоо функциясында ат атоочтор зат атоочтор менен сан да, жөндөмө да ээрчишпейт, б.а. морфологиялык жактан өзгөрбөйт, мисалы, бу шаар-бул шаар (this town-these town); тигил китеп-тигил китептер (this book-these books). Бирок зат атоочтун функциясында колдонгон учурда бу(л), тиги(л), мобу(л), ушу(л), ошо(л) деген шилтенме ат атоочтор көптүк сандын тиешелүү формасына ээ болот: булар, тигилер, ушулар, мобулар.

Англис тилинен айырмаланып, кыргыз тилинде ат атоочтордун башка разряддарына өз алдынча колдонууда (б.а. зат атоочтордун алдындагы позицияны аныктоо функциясында эмес) да көптүк сандын формасы таандык, мисалга алсак, ким деген суроолу зат атооч кимдер, эмне, эмнедер деге ж.б. көптүк сандын формасына ээ.

Демек, англис тилинде ат атоочтордун системасындагы сан категориясы кыргыз тилиндегиден кыйла чектелүү.

Англис тилиндеги этиш системасында учур чактын жекелик санынын 3-жагын кошпогондо (he goes, she works) санга карап ээрчишүү (кыргыз тилинде этиш системасында санга карап ээрчишүү так көрсөтүлгөн, ал бардык чак формаларында байкалат, мисалы, учур чак: мен жазам, биз жазабыз, алар жазышат; өткөн чак: мен жаздым, биз жаздык, алар жазышты; келер чак: мен жазаармын, биз жазаарбыз, ал жазаар, сиз жазаарсыз ж.б.у.с. Кыргыз тилинде этиштин жактоо схемалары чак категорияларын сүрөттөгөн кезде кенири келтирилет, ошондуктан бул мисалдарда этиштин парадигмасы жарым-жартылай, толук эмес көрсөтүлүп жатат).

Англис жана кыргыз тилдериндеги сан категориясын салыштыруунун негизинде, төмөнкүлөр туурасында тыянак жасоого болот.

1. Бул категория эки тилде тен зат атоочторго толугу менен жайылтылат;
2. Сан категориясы англис тилиндеги этиште дээрлик толугу менен жок жана кыргыз тилиндеги этиш системасында дана көрүнөт.
3. Англис тилинде шилтеме ат атоочто гана санда ээрчишуу бар, кыргыз тилинде ат атоочтордун зат атооч менен ээрчишүүсү таптакыр жок, бирок кыргыз тилинде ат атоочтор зат атоочтун функциясында өз алдынча колдонулган кезде көптүк сандын формасына ээ болот;
4. Сан категориясы эки тилде тең сын атоочтордо таптакыр жок.

Англис жана кыргыз тилдериндеги жөндөмө категориясы

Жөндөмө категориясы ар кыл тилдерде жөндөмөлөрдүн түрдүүчө саны менен берилген, ошондуктан булл факт тилдин морфологиялык системасынын типологиялык мүнөздөмөсүнүн критерийлеринин бири катары каралат, анткени жөндөмөлөрдүн болушу же жоктугу предлогдордун болушу же болбогондугу же бир азыраак өнүгүшү менен байланышкан.

Зат атоочтордун жөндөмө проблемасы англис тилинде көп мамилелерде талаштуу жана түшүнүксүз болуп эсептелет. Англис тилиндеги зат атоочтун жөндөмө формаларынын санына жана номенклатурасына тиешелүү жана ушул формалардын семантикасына тиешелөө пикир келишпегендиктер бар; ал турсун англис тилиндеги зат атоочтордун жөндөмө категориясынын өзүнүн бар экендигинен шеек санашат. Жөндөмөнү түшүндүрүүнү мындай айырмачылыктар үчүн терең жүйөлүү себептер бар.

Көп жагынан латын үлгүсүндө негизделип келген небактан берки мектеп программасы «жөндөмө» деген түшүнүктү ага зат атоочтордун предлогдор менен айкалышуусун кошуп (мисалы, of the girl тибиндеги айкалыштар «илик жөндөмөнү», to the table-барып жөндөмөнүн, from the table-чыгыш жөндөмөнүн формалары болуп эсептелген ж.у.с.), өтө чечкиндөө түшүндүргөн. ирок мындай түшүндүрүү үчүн олуттуу негиздер жок- предлогдордун зат атоочтор менен айкалышууларында сөздүн аналитикалык формаларынын эч кандай белгилери жок гана морфологияга эмес, синтаксиске таандык. Ошондуктан зат атоочтордун өзүлөрүнүн чыныгы сөз өзгөртүүчү мүчөлөрү гана жөндөмөнүн формалары деп эсептелиши мүмкүн; анткени азыркы англис тилинде зат атоочтун анын сүйлөмдөгү синтаксистик мамилелеринин билдирүүчү жалгыз гана оң сөз өзгөртүүчү (-s) морфемасы болгондуктан, азыркы англис тилинин зат атоочтор системасында эки гана - нөл морфемасы менен көрсөтүлгөн жалпы (Common Case) жана (-‘s) морфемасы менен көрсөтүлгүн илик (Genetive Case “Possessive Case”) жөндөмөсү бар экендиги туурасында айтууга негиздер бар. Ошентип, англис тилинде зат атоочтун жөндөмө категориясы эки категориялык форманы: жалпы жөндөмөнүн формасын жана илик жөндөмөсүнүн формасын карама-каршы коюу менен белгиленет.

Жалпы жөндөмө	Илик жөндөмө	Жалпы жөндөмө	Илик жөндөмө
Жекелик сан		Көптүк сан	
Toy	toy’s	toys	toys’

Boy	boy's	boys	boys'
Man	man's	men	men's
Child	child's	children	children's
Cat	cat's	cats	cats'
Wife	wife's	wives	wives'
Fox	fox's	foxes	foxes'

Жалпы жөндөмөнүн формасы өзүнүн тышкы туюнтулушунун мүнөзү жана мааниси боюнча экстенсивдүү болуп эсептелет- ал эч кандай оң семантикалык мазмунга ээ эмес жана илик эмес форма катары терс гана мүнөздөлүшү мүмкүн. Зат атоочтор жалпы жөндөмө формасындагы бардык синтаксистик функцияда колдонула алат анын үстүнө мындай сөз формасы бардык зат атоочторго таандык. Албетте, сөздө жалпы жөндөмөнүн сөз формаларын колдонуунун жыштыгы, көптүгү илик жөндөмөсүнүн сөз формаларын колдонууларына караганда кыйла жогору.

Илик жөндөмөнүн категориялык формасы башкача абалда турат _ анны колдонуу бүтүндөй бир катар чектөөлөрү менен мүнөздөлөт, анын үстүнө дайыма эле булл чектөөлөрдү өтө так түрдө аныктоо мүмкүн эмес. Баарыдан мурда илик жөндөмөсүнүн бир синтаксистик функцияда гана, атап айтканда сөздүн алдына келүүчү затташуу функциясында колдонулат. (Bolot's room is larger than Pete's) тибиндеги концтрукцияларды эллиптикалык концтрукция катары кароо керек, б.а. мында Pete's room.

Илик жөндөмөсүнүн формасында колдонулушу мүмкүн болгон зат атоочторго карата белгилүү чектөөлөр жөндөмөсүнүн формасында колдонулат:

А) кыймыл -аракетти көрсөтүүчү жандуу зат атоочтор. Аларга англис грамматикасында сүйлөмдө жактама ат атоочтор who менен алмаштырыла турган зат атоочтор кирет, алар: boy, girl, man, woman, teacher, student, Bolot, Pete, Mary, child, dog, cat мисалы, the boy's friend, my teacher's advice, Bolot's room, the dog's tale etc.

Б) алыстыкты, аралыкты ж.у.с. билдирүүчү конструкцияларда колдонулуучу: year, month, week, day, today, yesterday тибиндеги убакыт жана мейкиндикти көрсөтүүчү түшүнүктөр, мисалы, a year's absence, a month's paper, today's issue of "The Times".

Бирок көрсөтүлгөн чектөөлөр такай эмес, зат атоочтордун башка типтерине салыштырма караганда көбүрөөк, таандык жөндөмө формасында колдонулгандыгынын маанисинде карананда, ыктымалдуу мүнөздө экендигин белгилөө керек. Баарыдан мурда жандуу зат атоочторду жансыз зат атоочтордон чектөө толук жана так болуп эсептелбейт – жандуу зат атоочтордун жогоруда көрсөтүлгөн белгилери (he жана she жактама ат атоочтор жана who байламтуу-суроолуу ат атооч менен алмаштыруу) дайыма боло бербейт, анткени he мене she же who ат атоочтору менен алмаштырыла ала турган бир катар зат атоочтор бар, мисалы, ship, boat, sun, moon ж.б. булл зат атоочтор илик жөндөмөнүн формасында колдонулат, мисалы, the ship's crew, the sun's rays. Андан ары жаныбарлардын аталыштарын көрсөткөн зат зат атоочтор (cat, dog, fox, bird тибиндеги) зат атоочтор сыяктуу эле , жансыз зат атоочтор жактама it, суроолуу what жана байламталуу(аздыр-көптүр) which ат атоочтору менен алмашылат. It, what, which ат атоочтору менен алмаштыруу өзүнүн лексикалык мааниси боюнча адамдардын биримдигин билдирүүчү жана илик жөндөмө формасында колдонулуучу бүтүндөй бир катар сөздөр менен болот, мисалы, the Party's conference, the Government's policy etc. Акырында, илик жөндөмөсүнүн формасында негизги белгилери боюнча да, лексикалык мааниси боюнча да жандуу зат атоочторго кирбей турган зат атоочтор колдонулган учурлар кездешет(сөз аларды илик жөндөмөсүнүн формасында колдонуу жогоруда көрсөтүлгөндөй толук кадыресе болуп эсептелген убакыт жана аралык бирдиктеринин аталыштарын туюнткан зат атоочтор туурасында эмес). Аларга төмөнкүдөй конструкциялар: the bed's foot, the airplane's role, the novel's hero, the monument's history, the verb's subject, a word's history, the theory's stateman кирет.

Ушунун баары илик жөндөмөнүн категориялык формасынын азыркы англис тилиндеги жактуу зат атоочтордун тобу менен чектелиши өтө салыштырмалуу мүнөздө экендигин далилдейт. Илик жөндомосүндөгү морфеманын аглютинациялык мүнөзүн А.М. Мухин да өз изилдөөсүндө баса белгилеген, анын көз карашына ылайык азыркы англис тилинин зат атоочтор системасында жөндомо категориясы жок. Ал өзүнү изилдөөсүн орто англялык мезгилдин тегерегинде жүргүзгон. Байыркы англиялык мезгилден сакталып калган (-s) морфемасы таандык суффикс гана болуп эсептелинет, ал өзүнүн бирдей маанилүүлүгүнүн жана анын түрүн өзгөртпөстөн уңгудагы морфемага биригишүү жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында аглютинациялык мүнөздө болот.

Бул көз карашты өнүктүрүп, орус окумуштуусу, профессор В.Д. Аракин зат атоочтор системасында жөндөмө категориясы иш жүзүндө жок экендиги туурасында тыянак чыгарат. Ощол эле убакта зат атооч системасында жаңы программалык категория аглютинациялык мүнөздө болгон (-s) морфемасы түрүндө белгиленген таандык категориясы калыптанды.Кыргыз тилинде алты: атооч, илик, барыш, табыш, чыгыш, жатыш жөндөмө бар.

Англис тилиндеги жалпы жөндөмөнүн жана кыргыз тилиндеги негизги жөндөмөнүн маанилери окшош; таандык жөндөмөнү колдонууда окшоштуктар англис тилинде жандуу жана жансыздарга карата чектөөлөр жана башка айрым маселелер бар. Кыргыз тилинин калган төрт жөндөмөсүнүн маанилери англис тилинде ар кыл предлогдор аркылуу берилет. Демек англис тилинде предлогдордун колдонулушу кыргыз окуучулар үчүн белгилүү кыйынчылыктарды түзөт.

Англис тилиндеги жөндөмө категориясы жактама ат атоочтордун системасында эки – атооч жана обңективдүү жөндөмөлөр менен көрсөтүлгөн.

Кыргыз тилинде өзүнүн морфологиялык өзгөчөлүктөрү жана синтаксистик жактан колдонулушу боюнча ат атоочтор : ат атооч – зат атоочторго, ат атооч – сын атоочторго, ат атооч- сан атоочторго, ат атооч – тактоочторго бөлүнөт. Ат атооч – зат атоочтордун тобуна кирген ат атоочтор зат атоочтор сыяктуу эле жөндөлөт. Мындай ат атоочторго жактама өздүк, суроолуу (ким, эмне), белгисиз (кимдер, эмнелер), таңгыч (эч ким, эчтеме) ж.б.у.с. ат атоочтор кирет. Бул ат атоочтор кыргыз тилинде жөндөлөт жана таандык мүчөлөрүн кабыл алат.

Кыргыз тилиндеги ат атоочтордун бири, мисалы, эчким, эчтеме таңгыч ат атоочтун жөндөлүшүн төмөндө мисалга келтиребиз:

1. Атооч жөндөмө эч ким, эч нерсе
2. Илик жөндөмө эч кимдин, эч нерсенин
3. Барыш жөндөмө эч кимге, эч нерсеге
4. Табыш жөндөмө эч кимди, эч нерсени
5. Чыгыш жөндөмө эч кимден, эч нерседен
6. Жатыш жөндөмө эч кимде, эч нерседе

Ат атооч – сын атоочтор, ат атооч- сын атоочтор, жана ат атооч- тактоочтор жөндөлбөйт.

канча?, нече?, канчанчы?, неченчи?, кандай?, кайсы?, нече?

-нын	-нин
-гө	-ге
-ны	-ни
-дө	-де
-дан	-ден

Сан атоочтор англис тилинде да жөндөлбөйт.

Адабияттар:

1.Ахматов Т.К., Мукамбаев Ж. Азыркы кыргыз тили. – Фрунзе: Мектеп, 1978.
2.Бархударов Л.С., Штелинг Д.А. Грамматика английского языка. - М., 1973
3.Батманов И.А. Современный кыргызский язык. - Фрунзе, 1963
4.Аракин В.Д. Сравнительная типология английского и русского языков. - Л., 1979.

5.Батманов И.А., Бакинова Г. Азыркы кыргыз тили.
6.Бархударов Л.С. Структура простого предложения современного английского языка. - М., 1957
7.Ярцева В.Н. Контрастивная грамматика. - М., 1981.
8.Якобсон Р. Типологические исследования и их вклад в сравнительно-историческое языкознании. - М., 1963.

Шамшиев Б. "МАЙДАН" РОМАНЫНЫН ЖАРАЛЫШЫНЫН ИДЕЯЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК ӨБӨЛГӨЛӨРҮ

Жанрдык "эн-белгиси" боюнча "Майдан" көп пландуу, жалпы элдик оор мүшкүлдү кеңири эпикалык масштабда чагылдырган социалдык-психологиялык роман. Анда окуянын жүрүшүн жөнөкөй баяндоого караганда каармандардын ички дүйнөсү, психологиялык абалы, сезим-туюмун көрсөтүү башкы планга чыгып, көңүл ошого көбүрөөк бурулат. Кыргыз адабиятындагы көркөм сүрөттөөнүн мындай деңгээлине У.Абдукаимов дүйнөлүк, орус адабиятынын мыкты үлгүлөрүн, классиктердин тажатпас тажрыйбасын кыйла жылдары кадалып өздөштүрүүнүн натыйжасында жетишкен, айрыкча Л.Толстой менен Ф.Достоевский сындуу адам турмушунун чиелешкен байланыш, карым-катыштарын кылдат иликтеген философиялык, көркөм-психологиялык чыгармаларынан чоң сабак алган. Кыйла жылдарын котормочулукка жумшаган автордун кеңири эпикалык пландагы чыгармасынын толук чыгып-чыкпай чоң талашка түшүп калышынын бир себеби ошол кездеги улут адабиятында өкүм сүргөн көркөм-эстетикалык принциптерге, көз караш, позицияларга коошпой, идеялык-көркөмдүгү, автордун предметке мамилеси жагынан таптакыр карама-каршы чыккандыгына байланыштуу. Анын үстүнө "Майдан" романынын жаралышы кыйла жылдар кыргыз совет адабиятында өкүм сүргөн "конфликтсиз теория" жарамсызга чыгарылып, турмуш көрүнүштөрүн реалисттик ыкмада чагылдыруу аз-аздан жайыла баштаган чакка туш келген. Экинчиден, роман реализмдин негизги жанры, такай изденүүдө, калыптанып калган формаларын жаңылап, өзгөртүп, кеңейтүү касиетине ээ форма. Бул жагынан алганда "Майдан" кыргыз прозасында роман жанрынын "туруктуу каттоого" алынган жаңы калыпка негиз салган формасы катары да кызмат өтөйт.

У.Абдукаимовдун "Майдан" романынын кыргыз совет адабиятындагы ала турган орду жалаң эле көркөм форманын туюнтуу мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейишинен көрүнбөйт. Роман ириде башка жанрлардын ичара карым-катышына да олуттуу таасир көрсөтөт; көркөм өнүгүүнүн өзүнчө бир этабын аныктайт; сүрөттөөнүн жаңыча формасын, эпикалык салттардан өзгөрүлүшүн белгилейт. Дегинкиси "Майдандын" жаралышы кыргыз прозасы улут көркм сөз өнөрү эпостук идеализациялоодон реалисттик баяндоого өтүп, өнүгүүгө тоскоолдук кыла баштаган эски адабий канон, жансыз шарттуу формалардан аз-аздан бошоно баштаган чакка, көркөм сүрөттөө өзүнө ылайык стилге көчө баштаган кезге туш келген. Буга чейинки анын чыгармачылыгы, 30-40-жылдары үзүндү катары жарыяланган повесть, аңгемелери, очерки болочокто жазылчу "негизги китепке" даярдык, реализмди өздөштүрүүнүн өзүнчө бир "машыгуу аянтчасы" катары кызмат өтөдү окшойт. "Реализмдин сүрөттөөнүн бир ирет туруктуу тандалып алынган сүрөттөө ыкмаларынан, аркыл ыкшоо формаларынан "өзүн-өзү тазалашы", жандуу жана улам-улам жаңыланып турчу мазмундун катып калган форма менен токтолбогон күрөшү анын ички өнүгүүсүн түзүп турат,- деп жазат академик Д.С.Лихачев.- Реализмдин жаңылыкка жакындыгы, форма менен мазмундун өзгөрүлүп турушуна кызыкдарлыгы жалпы эле искусствонун белгиси катары эсептелет: ал канчалык табигый өң-түскө ээ болсо биз ага ошончолук эртерээк көнө баштайбыз"

(Д.С.Лихачев. Поэтика древнерусской литературы. Издание третье, дополненное. – М.:Наука, 1979, с.154).

Көркөм сүрөттөөнүн калыптанып калган динамикалуу ыкмасынан бошонуп, анализ, синтезге умтулуу улут адабиятында реалисттик салттар жайыла баштаган чакка туш келип, кыргыз совет адабиятында баяндоонун жаңыча ыкмасына өтүү У.Абдукаимовдун "Майдан" романынан башталды. Каармандын ички дүйнөсүн көркөм изилдөө же Ч.Айтматов белгилеген "толстойдук манеранын" кыргыз совет адабиятында орун-очок алышы кандай карама-каршылыктарга учураганын ошол эле Ч.Айтматовдун өзүнүн чыгармачылык тажрыйбасы, анан да Узакбай Абдукаимовдун биринчи китеби чыккандан аз өтпөй "Майдан" романынан чоң талашка түшүп калышы деле кашкайтып көрсөтүп бере алат. Кыргыз совет адабияты професиионалдык калыптануу кыйынчылыгын башынан кечирип жаткан 30-40-жылдары өкүм сүргөн көркөм стереотип, канондордон кутулуш үчүн биралдын белгилүү убакыт, экинчи жагынан көркөм кыртыш даярдалышы керек эле. У.Абдукаимов деле тапталган жолго түшүп, утурумдук саясий конңюнктурага төп келген чыгарма жаратып салса "Майдандын" биринчи китеби антип чоң талкууга, кызуу талашка түшмөк деле эмес, катардагы романдардын бири катары учурунда кыйла мактоого арзып, коомдук-саясий сыйургалга туш келип калышы толук мүмкүн болчу. Учурдун эреже-талабына шайкеш келген эчен чыгармалар учурунда уу-дуу мактоого арзып, мамлекеттик сый-урматка татып, авторлору материалдык-моралдык колдоого ээ болуп келишкени жалганбы? Жаңычыл чыгармасы кандай тагдырга туш келерин У.Абдукаимовдун өзү деле жакшы билген. Өзү тикеден-тике аралашып келаткан адабий процесстин талылуу маселелерин, көркөм-эстетикалык принциптердин ордун идеялык багыт, көркөм образдардын чечмелениши жакшы менен өтө жакшынын ортосундагы азыноолок түшүнбөстүктөрдүн кантип четтетилгендигин көрсөтүү ээлеп калышынын себеп-жөнүн, чыгармачылыкка карата мындай мамиленин опурталдуулугун түшүнгөн. Болбосо анын деле башкаларчылап "бактылуу турмушту", жыргалчылыкта жашап жаткандардын шаңдуу одасын жаратышка кудурет-мүмкүнчүлүгү жетиштүү болчу. Бирок да чыгармачылыкка сергек мамиле андай азгырыктардан У.Абдукаимовду коргоп турган. Эчен жылдар ичтен даярдап келген "согуш жана тынчтык" темасын нукура реалисттик деңгээлде чагылдырыш үчүн кыйла жылдарын дүйнөлүк классикалык адабий салттарды үйрөнүү, сабак алууга жумшап отурушунун бир себеби ушул.

"Майдан" романынын жазылышына кайсы бир деңгээлде бийик көркөм үлгү, чоң адабий мектеп катары кызмат өтөгөн "Согуш жана тынчтык" эпопеясыын жанрдык "эн белгисин" аныктоо кыйын жумуш экенин эскертип, Л.Толстой аны калыптанып калган бекем эреже-тартиптерге коошпогон жаңычыл чыгарма катары сыпаттап минтип жазган: ""Согуш жана тынчтык" деген эмне? Бул роман эмес, поэмага да жакындабайт, тарыхый хроника деп айтыш да кыйын. "Согуш жана тынчтык" автор кайсы формада баяндагысы келсе ошондой формада баяндалган чыгарма" (Л.Толстой. О литературе. – М.: Государственное издательство художественной литературы, 1955, с.115). Улуу жазуучунун көркөм философиясы боюнча автор өзү мыкты билген, башкалар анчалык айтып бере албас теманы гана көркөм иликтөөгө алышы абзел, ошого бап келчү ыктуу форманы табышы керек. Ал эми чыгарманын роман, повесть же тарыхый хроника аталышы анын көркөмдүк деңгээлине анчалык деле таасир көрсөтө албайт.

Ушул ыңгайдан алганда, "Майдан" романы да Узакбай Абдукимовдун өзү гана айтып берчү, кыйла жылдарды камтыган ички даярдыктын натыйжасы. Ал эми анын согуштун аяктаганына кыйла жылдар өтүп, совет эли тынч турмушта жашап, "замбиректердин үнү угулбай" калган кезде жарыкка келиши саясий-тарыхый себептерге байланыштуу. Романдын жаралышына кандай обңективдүү жана субңективдүү мүнөздөгү шарттар зарыл болгондугу, эмнеликтен автор кеңири эпикалык планда жазууну максат кылган романын эртерээк чыгарууга ашыгышынын себебине

кийинчерээк токтолобуз. Ага чейин жанрдын трансформацияланышы тууралуу кепти уланта берели.

У.Абдукаимовдун кыйла жылдарды камтыган чыгармачылык таржымалында “Майдан” романынын орду өзгөчө. Кеп бул жерде аталган роман анын өмүр баянындагы жалгыз ири чыгармасы, “негизги китеби” болгонунда гана эмес, “Майдан” кыргыз совет прозасындагы этаптык, көркөм сүрөттөөнүн жаңыча системасын улут көркөм сөз өнөрүн байралткан чыгарма. Бул роман аркылуу улуттук адабиятыбыздын өзүнчө бир доору, көркөм сүрөттөөнүн динамикалуу ыкмасы, окуядан окуя кууган, сюжеттик фабулага негизделген чыгармалардын доору аяктап, Ф.Достоевский белгилеген “анализ менен синтездин” учуру келди. У.Абдукаимовдун негизги көркөм жетишкендиги, ачылышынын маани-мазмуну мына ушул жагдайга байланышкан. “Майданга” чейинки автордун повесть, аңгемелери, драмалык чыгармалары анын ири эпикалык жанрга кайрылууга чейинки даярдыгы, “каламын көнүктүрүү” аракеттери катары кызмат өтөдү окшойт. Акыйкатта да кыйла жылдык “чыгармачылык тыныгуудан” соң У.Абдукаимовдун ири эпикалык жанрга кайрылуусу биринчи иретте көркөмдүк зарылдыктан чыкса, экинчи жагынан буга чейинки топтолгон адабий камылга, даярдыктарын текшерчү чоң адабий сыноо болгон. Ал эми романдын эмнеликтен 50-жылдардын аягы, 60-жылдардын башында жазылышы ошол кездеги коомдук-саясий жагдай-шартка байланышкан маселе. Албетте, “Майдан” романы жарыкка чыккан мезгилде деле советтик адабият коммунисттик идеологиянын камчысын чаап, коммунизмди куруучунун моралдык кодексин ишке ашырууга таяныч болуп, идеялык күрөштөрдүн изи суумак турсун айрым учурларда кайра күчөй баштаган чак болчу; социалисттик реализмдин эреже-талаптары “хрущевдук алабаарда”, “брежневдик дымыгуу” кездеринде деле бекем сакталып, “оюн эрежесин” бузгандардын айрымдары чет өлкөлөргө айдалып, калгандарынын чыгармаларынын чыгышы кыйын ишке айланып калган учур эле.

А бирок коммунисттик цензура күчүндө экенине карабай Узакбай Абдукаимов “Майдан” романын мындан да курч, “чындыктын бетин калкалабай” мындан да ачыгыраак жаза албай калган өкүнүчүн 1-китептин талкуусунда жашырбай ортого салып отурат. Анткен менен социалисттик реализм адабиятында андай “ачыгыраак” жазылган чыгарманы кандай тагдыр күтүп турганын аңдашка ашкан акылдын деле кереги жок. Жаңы чыгармадан кадалып идеялык ката издегендер, алеки саатта авторуна саясий кине тага койчулар “Майдан” романы чыккан кезде деле жетиштүү болчу. Ошондой кызыл камчы сынга туш келген А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар” дастаны менен К.Маликовдун “Балбай” поэмасына тыюу салынып, ошондой эле мамилеге “замана” адабий агым өкүлдөрүнүн туш келиши жаалы катуу коммунисттик идеологиянын кандайлыгын кашкайта көрсөтүп туру го. Саясий айыпка жыгылган авторду эмнелер күтөрүн У.Абдукаимовдун өзү деле жакшы билген. Ошондон ал кыйла жылын котормочулукка, орус жана дүйнөлүк адабияттын көркөм мектебин өздөштүрүүгө жумшап, өзү айткандай “ачыгыраак” кезди күтүп, көркөм чыгармачылыктан өзүн оолак кармап келген. Бекеринен Улуу Атамекендик уруш учурунда жазуу ниети пайда болгон жаңы романын арадан кыйла жылдар өткөндөн кийин баштап, чыгармасын саясий жагынан кынтыксыз бүтүрүү аракетин көрүп отуруптурбу.

Улуу Атамекендик уруштун көркөм чагылдырылышы кыйла эле татаал, карама-каршылыктуу эволюцияны басып өтпөдүбү. Бул процесстин башында байкалган жасалма пафос, жасалма схемалуулуктун ордун кылдат көркөм талдоо, ири алааматтын жеке адам турмушуна алып келген трагедиясы бийик көркөмдүк-философиялык деңгээлде аңдала башталган. Уруш биринчи иретте жеке адамга, анын үй-бүлөсүнө, жамаатына, коомго оор сыноо, опсуз трагедия алып келери, жөнжай адамдардын тынч турмушу бузулуп, пенде баласынын жайчылыкта билинбеген эмоциясын ачыкка чыгарып салчу куралдуу кагылыш. Ал пенде баласынын кимдигин, кандайлыгын, адеп-ыйманын да катаал сыноодон өткөрчү тиреш.

“Майдан” романында аскер адамдары, уруш улам күчөгөн сайын колуна курал алып, жоокердиктин “оор борчун” аткарууга аттанган жөнжай кишилер, аркыл курак, улут өкүлдөрүнүн бир максатты аркалаган аракет-кыймылдарынын кеңири эпикалык панорамасы тартылган. Кыргыз совет адабиятынын профессионалдык деңгээли кадыресе жогорулап калган чакта жаралган У.Абдукаимовдун романынын өзүнө чейинки чыгармалардан айырмачылыгы жалаң эле сүрөттөө масштабынын кенендиги, каармандарынын көптүгү, алардын аркылдыгына байланышкан эмес; ал ириде автордун предметке карата мамилесинин өзгөчөлүгү менен айырмаланып турат. Бул жагынан алганда, “Майдан” автор белгилегендей кыйла эле “ачыгыраак жазылган” чынчыл чыгарма, элдин башына түшкөн оор алааматтын кандай болгонун, анын жеке адам турмушуна алып келген трагедиясын жаап-жашырбай, “калкалабай” жалпыга түшкөн апааттын оорчулугун, опсуз трагедиясын реалдуу баяндаган роман. Жана жогоруда айтылгандай, жаңы чыгарманын толук чыгып-чыкпай чоң талашка түшүп калышы анын улут адабиятындагы жаңычылдыгына, өзгөчөлүгүнө байланышкан маселе. Ал өзгөчөлүк “Майданда” окуялардын ырааттуу баяндамасына караганда каармандардын ички ой-сезими, “жан дүйнө диалектикасын” көркөм иликтөөгө көбүрөөк көңүл бурулушунан байкалат.

Предметке карата алдагыдай көнүмүштөн тыш көркөм-эстетикалык принцип кадыресе калыптанып калган адабий шаблон, стереотиптердин азгырыгынан кутула элек көпчүлүк кыргыз жазуучуларына жакпай, алардын салкын-суз мамилесин пайда кылган. Өйдөтө сөз башында белгиленгендей, “Майданга” чейин “согуш жана тынчтык” темасы кыргыз совет адабиятында кеңири эпикалык масштабда чагылдырыла элек болчу. Эч ким даай албаган темага кыйла жылдарын котормочулукка арнаган У.Абдукаимовдун батынышын ошондон айрым каламдаштары өгөйлөбүрөөк кабылдаган окшойт.

“Майдан” жанрдык проблематикасы жагынан да өз учуру үчүн кыйла жаңычыл, өзгөчөлүү чыгарма. Ал өзгөчөлүк биринчи иретте, оң каарман маселесинен, социалисттик реализм туу туткан эреже-принциптерге кайчы келчү жагдайлардан байкалат. Романдын поэтикасына мүнөздүү андай белгилерди профессор М.Борбугулов кылдат баамдап, таамай белгилеген: “Анда элдин тынч турмушу менен кан күйгөн согуш, оорук менен майдан, малчынын турмушу менен солдаттын турмушу, кыштак менен шаар, адам менен айбан, техника менен табият, жаш менен кары, сүйүү менен жек көрүү, жылдын мезгили менен күндүн мезгили, өлүү менен тирүү, катардагы солдаттын демейдеги тиричилиги менен миллиондогон адамдардын тагдырын чечкен бийликтеги адамдын иши. Өлүм коркунучун башынан өткөргөн киши менен душмандын солдатын өз колу менен өлтүргөн адамдын сезүү-туйгусу ж.б.д.у.с. өзүнүн табияты жана мүнөзү, масштабы, көлөмү, мааниси жагынан бири-бирине жакын да, алыс да, окшош да, карама-каршы да, салыштырууга боло турган да, болбой турган да нерселер, предметтер, көрүнүштөр, түшүнүктөр, процесстер ж.б. камтылат”. (М.Борбугулов. Адабият теориясы.- Бишкек, 1996, 170-б.).

“Майдан” романынын поэтикасына мүнөздүү мындай амбиваленттүүлүк ириде анда сүрөттөлгөн турмуш көрүнүшү, жашоо-тиричиликтин мүнөзү менен шартталган. Ал эми романдын 50-жылдардын аягы, 60-жылдардын башында кыска убакыт аралыгында жаралыш себеп-жөнүн айтылуу сынчы К.Асаналиев өлкөнүн ошол кездеги саясий-социалдык өзгөрүүлөрүнө байланыштырып, ушундай шартта гана У.Абдукаимовдун кыйла жылдык чыгармачылык ниетинин ишке ашырылышына мүмкүнчүлүк ачылганын минтип ырастайт. ““Майдан” романынын жазылып калышы, бул КПССтин XX сңездинен кийинки идеологиялык кишендердин бир аз бошотулушунун шарапаты, орус адабиятында В.Дудинцевдин “Жалаң эле курсак камы эмес” (“Не хлебом единым”), А.Солженициндин “Иван Денисовичтин бир күнү” ж.б. чыгармалардын пайда болушу сыяктуу, жаңы адабий-көркөм башталмалардын түздөн-түз кыргыз совет адабиятындагы айкын көрүнүшү деп түшүнүү керек.

У.Абдукаимов бул романды жазууга жана жарыялоого өтө кыска мөөнөт берилгенин (табияттан да, идеологиялык үстөмдүктөн да) эң жакшы сезип, эң жакшы түшүнгөн, ошондон улам ал абдан шашылып иштеген, бөтөнчө экинчи китебинин жыйынтыктоочу соңун, натыйжада, романдын эң бир кульминациялык чекити болгон гедонист Апсамат менен альтруист Качикенин бетме-бет кездешүүсүн сүрөттөөдөн баш тартып, Качикени согушта өлтүрүп, романды бүтүрүүгө аргасыз болгон. Ушунун өзүнөн эле У.Абдукаимов кандай идеологиялык кысымда жашап, иштеп жүргөнүн байкоого болот" (Кеңешбек Асаналиев. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. 1-бөлүк. –Бишкек, 1995, 74-б.).

Андай аргасыздык жалгыз эле Апсамат менен Качикенин күтүлгөн "кездешүүсү" эмес, андан да маанилүү Качикенин Чынаркан экөөнүн аягына чыкпай калган мамилесине деле байланыштуу болушу мүмкүн. Андан да У.Абдукаимов чыгармасын жаза электе чочулап келген божомолу чын чыгып, 1962-жылдын 11-мартындагы "Советтик Кыргызстан" гезитинде Аалы Токомбаевдин ""Майдан" романы жөнүндө учкай сөз" деген макаласы жарыяланган; ойдо жок жерден роман ошентип чоң талашка түшүп калган. Эл акыны "Майдан" социалисттик реализм талабына жооп бербеген, советтик турмуш чындыгын бурмалап көрсөткөн чыгарма экенин ырастап, мындай китептин жарыкка чыгып кетишине жол берген адамдардын жоопкерчилигин кароону Кыргызстан жазуучулар союзуна сунуш кылган. Макала жарыялангандан көп өтпөй кыргыз жазуучуларынын эки күндүк талкуусу уюштурулуп, роман коомдук пикирдин чок ортосунда калган; эки күн ичинде жыйырмадан ашуун киши чыгып сүйлөп, кызуу талаш-тартыштар жүргөн. Ошол талкуунун архивде сакталып калган материалдарын чогултуп адабиятчы Садык Алахан аны атайын китеп кылып чыгарды (Садык Алахан. Узакбай Абдукаимов жана "Майдан" талкуусу.- Бишкек, 2000).

Мына ошол талкууда У.Абдукаимов чыгармасынын жазылыш тарыхына токтолуп, алдына койгон максат-милдеттерин момундай себеп-жагдайларга байланыштырып түшүндүргөн: "Мен бул романды жазамын деп көп жылдар мурда ойлондум эле. Бирок жаза албай жүргөмүн. Ошондуктан романдын айрым деталдары мурунтан эле ойлонулуп жүрүлгөн болучу. Жаза албай жүргөнүмдүн негизги себеби жеке адамга сыйынуу болсо, экинчи себеби, Ата Мекендик согушту баяндаган материалдар, ал жөнүндө жазылган китептер менин колумда болбоду. Анын үстүнө бу китепти кандай жазышты да ойлонуш керек эле". (Садык Алахан. Узакбай Абдукаимов жана "Майдан" талкуусу, 113-б.).

Романдын алгачкы үзүндүлөрү 1960-жылы "Ала-Тоо" журналына жарыяланып, аялдабай 1-китеби басмадан жарыкка чыккан. Кыйла жылдарын котормочулукка арнаган автордун ири көлөмдүү чыгармасынын жарыяланышы биралдын кыргыз совет адабиятындагы чоң окуя катары кабылданган; аны чыгарманы көкөлөтө мактагандар, сүйүнкүрөбөй кабыл алгандардан тыш, толук жазылып бүтө элек чыгарманын чоң талкууга түшүп калышы деле айгинелеп бере алат.

Арийне У.Абдукаимовдун кыйла жылдар оригинал көркөм чыгарма жаратпай, көбүнесе убада менен гана келатканын, андан жаңы чыгарма күткөндөрдүн алды аксакал болуп карып баратканын башка бирөө эмес, кыргыз совет адабиятын баштоочулардын бири Т.Сыдыкбеков 50-жылдардын башында жарыяланган макалаларынын биринде атайын белгилеп, минтип жазган: "Баялиновдон кийин аксакалыбыз Узакбай Абдукаимов жеке гана убадасы менен ардактуу конок болуп келатат.

-Жаңы повестти жазып жүрөмүн, ал бүткөндө, мына көркөмдүктүн үлгүсүн, силер ошондон аласыңар!- деп Узакемдин айтканын мен биринчи жолу 1938-жылы уккан элем. Анда мен кер мурутчан жигит болчумун, бүгүн мына, буурул баш бабай болуп калдым. Бирок Абдукаимовдун ал повестин окуй элекмин..." (Китепте: К.Асаналиев. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. Биринчи бөлүм. – Бишкек, 1995, 72-б.).

Чыгарманын санына эмес сапатына көңүл бурган сараң автордун күтүлбөгөн жерден көлөмдүү роман жазып салышы ошондон айрым каламдаштарына таңкалыштуу сезилип, талаштын өртүн тутантып отурбайбы. Анткен менен антип чыгарма жазбай

жүргөн каламдашын сынга алып отурган Т.Сыдыкбековдун өзү ошол эле “Майдандын” 1-китебинин талкуусунда романга оң баа берип, “күттүргөн автордун өзүнүн күчүнө, чарбачылыгына жараша ийгиликке жетишкенин” ырастап сүйлөгөн. У.Абдукаимовдун таланты “улгайып, турмуштан таалим алып, жазуучулукка көнүгүп, буурулданып калганда” келгенин айтып, “романда эмгек бар, достук бар, болгондо да эң жакшы берилген, партиялык жетекчилик да жакшы көрсөтүлгөн. Социалисттик реализм методун четке каккан деген пикир такыр туура эмес” деп, айныксыз чыгармачыл атаандашы А.Токомбаевдин пикирине каршы чыгып, романды ыксыз сынга алгандарды жактырган эмес. Иши кылып, роман “чү” деген жерден чоң сынга кабылып, айрымдар андан саясий-идеялык ката таап, авторго оор кине тагуу аракетине өтүшкөн. Кыргызстан жазуучулар союзунун проза секциясы тарабынан уюштурулган эки күндүк талкуу, жыйынга катышкандардын чыгармага карата позицияларынын кескин айырмалуу, апачык карама-каршы чыгышынын өзү эле “Майдан” романынын биринчи китебинин көнүмүштөн тыш адабий окуя экенин ырастап бере алат дегенибиздин бир себеби ушул.

Толук чыга элек жатып топтошкон чоң сынга кабылган “Майдан” романында эң алгач баамга урунган нерсе – романдык мазмунга ээлиги, сүрөттөлгөн турмуш көрүнүштөрүнүн оголе кеңири мезгил-мейкиндик алкакты камтышы, окуяларга саны көп каармандардын, персонаждардын катышуусу, көркөм формасынын кенендиги, булардын баарын бириктирип турган жалпылык катары адеп-ахлактык орчун проблеманын коюлушун көрсөтсө жарашат. Авторду өлкө тагдыры калтыс абалга кабылган чакта адамдардын кантип адеп-ыймандык сыноодон өтүшкөнү, адамгерчилигин кантип сактап калышканы кызыктырат. Жеке адам менен коомдун өз ичара байланыш-катышы да мына ушул адеп-ахлактык чен-өлчөмдөн бааланып, өз баасын алат. Сюжеттик линиялардын өнүгүшү да, чыгарманын композициялык курулушу да, мүнөздөрдүн ачылышы - баары бир максатка байланып, адамдык ар намыс, адеп-ыймандык проблемалар чечүүчү мааниге ээ болуп чыга келет. Ч.Айтматов белгилеген “толстойдук манера” мына ушул адеп-ыймандык маселелерге барып такалат.

Адабияттар:

1. Лихачев Д.С. Поэтика древнерусской литературы 3-е изд., дополненное. – М.:Наука, 1979.
2. Толстой Л.Н. О литературе. – М.: Государственное издательство художественной литературы, 1955.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы.- Б. - 1996.
4. Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. - 1-бөлүк. –Б. - 1995.
5. Садык Алахан. Узакбай Абдукаимов жана “Майдан” талкуусу.- Б. - 2000.

Эгембердиева А. ПОСТСОВЕТТИК ДООР ЖАНА КЫРГЫЗ АЯЛДАР ПОЭЗИЯСЫ

Кыргыз элинин СССРдин тутумунда өткөргөн 70 жылдык тарыхы изилдөөчүлөрдүн көз карашында ар түрдүүчө бааланып келет. Биздин пикирибизде саясий, социалдык-экономикалык жактан өнүгүп-өсүп, калыптануубузда советтик доордун зор мааниси бар. Бирок ошол эле учурда партиялык-тоталитардык бийликтин кысымы астында улуттук асыл нарк-насилдерибизден кол жууп кала жаздадык. Бийлик орундарын сактап калууга тырышкан жагымпоз жетекчилер жалпы элдик кызыкчылыкка кол шилтеп, “интернационализм” деген жалган урааны көтөрүштү. Москванын көрсөтмөлөрүн унчукпай аткарып, атүгүл “бөрк ал десе баш алганга” чейин барышты. Буга 1937-жылдагы сталиндик репрессиянын жыйынтыгы күбө.

Деген менен, советтик доор өз өнүгүүсүндө фольклорду пайдубал кылган кыргыз профессионалдык адабиятынын, маданиятынын бутуна туруп, телчигип, калыптанып, көтөрүлүп, мурда болуп көрбөгөндөй өнүгүүлөргө жетишине шарт түзгөнүн тануу

мүмкүн эмес. Адабият үчүн атайын акча каралып, акын-жазуучуларга калем акы берилип, анан ошол чыккан китептердин алыскы айыл жергелерине чейинки таркалышы камсыздалып, көзөмөлдөнүп, китеп күйөрмандары, окурмандар жаңы китеп менен камсыз болуп, ошол көрүнүш кайра жазуучуларга шык-дем берип, адабий өсүштүн түзүлгөн шарты болгон. Кызуу кайнаган ушул китеп күндөрү, адабий майдандын шары кайсы бир күнү тык токтоп, элдин китеп эмес, кара курсактын камын көрүп калаары а кезде түшкө да кирген эмес. ("Адабий майдан" деген терминдин өзү дагы дал ошол жаңылыктар, көркөмдүк бийиктиктер үчүн жаман-жакшы көрүнүшүп, макташып-жакташып, сындашып, "чыгармачылык полемикадан улам пайда болгон келишпестиктин адамдык душмандыкка айланышына" (М.Апышев) чейинки кагылыштар болгон совет адабиятына туура келет, бул термин андан кийинки мезгилдин адабий процессине коошпойт).

Советтер Союзунун жоюлушу Кыргызстан үчүн коомдук-саясий, маданий жактан опурталдуу болду. Бир кездеги окурмандардын сүйүктүү гезит-журналына айланган "Кыргызстан маданияты" менен "Ала-Тоонун" чыгышы сээлдеп, бара-бара токтоп, 1990-жылдардагы коомдук турмуш, андагы оорчулук элди бир топ абдыратып койду. Китеп күйөрмандары, окурмандар гана тургай акын-жазуучулардын, илимпоз-сынчылардын өздөрү алапайын таппай калышты. Өзүнүн көзү барда берип, бирок кеч, көзү өткөндөн кийин, 2008-жылдын декабрында жарыкка чыккан маегинде адабияттын чыныгы күйөрманы, сынчы-адабиятчы С.Жигитов журналисттин: "Акыркы жылдары кандай чыгарма жараттыңыз?", - деген суроосуна "Он жыл ичинде эч нерсе жараткан жокмун, себеби, көр оокаттын айынан университетте балдарды окутуп жүрөм..." (7), - деп жооп берет.

Адабиятчы К.Асаналиев: "Дүйнөнүн бир тарабын титиретип турган СССРдин кыйрашы аз сандуу элдер үчүн тоо көчүп, сел жүрүп кеткендей эле болду. Айрыкча өзүн "дүйнөдөгү эң алдыңкы, эң демократиялуу" деп жарыялаган, "көп улуттуу совет адабиятынын" бир заматта бөлүнүп, тарап кетиши, башкасын билбейм, кыргыз совет жазуучулары үчүн асмандагы күн биротоло батып кеткендей, түн түштү да калды. Ошондогу кыргыз совет жазуучуларынын моралдык ал-абалы, духу, чыгармачылык психологиясы кандайдыр бир учурлары менен, албетте, бул салыштыруу оңтойсуз, ошондой болсо да, 1920-жылдары Россиядан сүрүлүп, Батыш Европага эмиграцияга кеткен И.Бунин, Г.Иванов, Д.Мережковский, В.Набоков, М.Цветаева ж.б.у.с. эң көрүнүктүү орус жазуучуларынын тагдырына үндөшүп, окшошуп кеткен сыяктуу" (2), - деп, "кантсе да артында Пушкин менен Гоголь, Толстой менен Достоевский, Тургенев менен Чехов ж.б. улуу мурасы "тиреп" турган" алар акыры "Советтер Союзундагы орус совет адабиятына альтернативдүү, көп жагынан карама-каршы орустун эмигранттык чоң адабиятын жаратканын" айтат. Адабиятчы өзү белгилегендей, "ар кандай масштабдагы жана маанидеги окуялардын ортосунан, тагыраак айтканда, өз жеринен сүрүлүп, бөлүнүп кеткен орус жазуучулары жараткан "эмигранттык адабият" менен "улуу адабияттан" бөлүнүп, коломтосунда калган улуттук жаш адабияттын ортосунан кандайдыр бир аналогия, окшоштук издөө аракети жок..." (2) болсо дагы, мындай тагдырды кыргыз адабияты кандай көтөрдү?

Дал ушундай шартта, кайра куруудан кийинки постсоветтик учурда, ырас, кыргыз китеби такыр эле чыкпай койгон жок, чыкты. Өзүбүздүн темага ылайык кеп кылсак, постсоветтик доордо жарык көргөн акын кыздардын китептеринин тизмесин төмөнкүлөр түзөт: С.Абдыкадырованын "Таң нуру" (2004), "Күн нуру" (2005), Н.Жүндүбаеванын "Өмүр жемиши" (1992), "Эне дүйнөсү" (1994), "Кызыл өрүк" (2000), "Кышкы гүлдөр" (2004), маркум Ж.Тынымсеитованын "Айга учуп барамын" (1991), "Жумакан" (2000), М.Абылкасымованын "Үшүк" (2001), Г.Момунованын "Айдарым" (1991), "Аяй-Аяй" (1991), "Жан дүйнө" (1994), "Кут дүйнө" (2004), Ш.Мамбетаипованын "Көл боюна жүз келем" (2007), Д.Жамансартованын "Өрүлүк" (1991), "Айдай" (1996), "Жылдыздуу сапар" (2001), С.Акматбекованын "Күз ырлары" (1990), "Күүгүмдөгү күү" (1998),

А.Дегенбаеванын “Портреттер” (1990), “Суусаган тамырлар” (2006), Р.Мукашеванын “Алыстаган ак дайралар” (1998), Ч.Унурованын “Теребел” (1992), Р.Карагулованын “Капчыгай” (1991), М.Мамазаировананын ”Кайгыдан тургуздум сага бир эстелик” (2000), “Энелер үнү” (2007), “Тур, улуу журт!” (2010), Ш.Келдибекованын “Кербен” (2005), К.Сариеванын “Асмансыз жылдар” (1998), “Аалам тепкичтери, же өткөөл өмүр трактаты” (2005), А.Узакованын “Кеч жарык” (1990), “Түнкү асман” (1997), “Жүрөгүм менен сүйлөшүү” (2006), Т.Закированын “Кусалык” (1991), “Боз торгойдун ыры” (1993), “Ыйык шаарым” (1999)..., “Мекенимдин эшиги” (2008), А.Бегимкулованын “Каяша” (1990), Г.Шакированын “Даанышман кеп” (1990), “Дилазык” (2004), М.Осмонкулованын “Аялуу дүйнө” (1992), “Жөн келген жоксуң жигит” (2005), Ф.Абдалованын “Ай жарыгында” (1997), “Жүрөктөгү шамал” (2001), “Эсимде” (2011), Б.Чотурованын “Боз торгой” (1998), “Сагыныч” (2004), “Ысык-Көл сүйүүнүн көзүндөй” (2006), “Чокморовго гүлдесте” (2006), С.Орозобекованын “Сен дүйнө” (2004), А.Темированын “Бурганак” (1990), “Алтынай” (2003), М.Тураеванын “Жүрөгүмө өзүң гана чак келдиң” (1993), Э.Ажыкановананын “Көгүш гүлдөр” (2007), Б.Сейитбекованын “Кавказ кайрыктары” (2006), “Сирендер гүлдөгөн маалда” (2007), “Любовь Манаса” (2008), Н.Осмонованын “Күн түнөгөн жүрөк” (1994), А.Эгембердиеванын “Издеткен жарык” (1996), “Шүүдүрүм” (1998), “Белгисиз жомок” (2002), “Үнсүз кайрыктар” (2005), “Аян” (2010), Н.Абдразакованын Бир тал ширеңке” (1997), В.Бөлөкбаеванын “Түкү энем” (1998) ж.б.

Бул тизме, андагы китептердин жылдарынан улам эмнени айтууга болот? М.Абылкасымованын “Ата-Журт дайым көңүлдө” (1987) жана “Үшүк” (2001) китептеринин ортосундагы он төрт жыл эмнени айтат? “Үшүк” китебинин алгачкы бетинде “1990-2001-жыл арасы” деген эскертүү берилгенине караганда, чакан китепке кирген чыгармалар аталган мезгил аралыгындагы акындык эргүүнүн болгон жемиши. Акын менен маектешкенибизде Союз таркагандан соң жүрөгүн боштук ээлеп, эч нерсеге ишенбей калганын айтат. Албетте, бүткүл өмүр-тагдырын, жашоосун, келечегин, бактысын бир партия менен камыр-жумур бирдикте көргөн, советтик коомдун жакшылыгын, өз Ата Журтунун, Ата-Конушунун ийгиликтерин ырга салып жашоосун көрктөгөн, Союзда аялзатынын ичинен жалгыз Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты катары көптүн көңүлүн бурган, калемдештеринин сүйүүсүнө да, арзуусуна да татыган баркы бийик Эл акыны үчүн ошол бийиктигин жоготуп алуу оңойбу? Албетте, Союз тарагандан кийин М.Абылкасымованын кадыры төмөндөй түшкөн жок. Болгону кеп көп улуттуу совет адабиятынын өкүлү болгон кыргыз совет адабиятынын капылеттен жок боло калганында болуп жатат.

Мен терең урматтаган белгилүү адабият сынчысы менен жакында сүйлөшүп отурганымда, Кыргызстан эгемендүүлүк алганда бир дагы кыргыздын жазуучусу же акыны “Манастын урпактары, биз акыры келип минтип көз карандысыздыгыбызга, өзүбүздүн элдүүлүгүбүзгө ээ болдук” деп куттуктап, маңдайы жарылып бир да сап бирдеме жазып коюшпаганы уят болгонун айтып, кейиген эле. Өлкөнүн тагдырындагы мындай бурулушту көкүрөгүндө балким туура деп кабылдаганы менен М.Абылкасымова сыяктуу Союздун койнунан жаңы чыккан акын чаар ичегилик кылып кантип кубаттап жиберет эле.

Көп жылдык боштук жана тымызын көңүл чөгөттүктөн кийин, андан дагы партиядан кол үзгөнүнөн дагы ачуу, андан дагы катуу тийген окуя өмүрлүк жолдошу С.Наматбаевдин дүйнөдөн өткөндөн кийинки көңүл дартын акын “Атаке баатыр” пьесасын жазуу менен айыктырган. Дегеле постсоветтик адабиятта кеңири орун алган тарыхый темаларга кайрылуу, өтүп кеткен эл, уруу баатырларын даңазалоо тенденциясы акындын чыгармачылыгынан дагы байкалат. “Үшүк” китебинде орун алган “Атаке баатыр жөнүндө баян”, “Аталар жана Ата Журт”, “Түлкү баатыр”, “Тоголок Молдо чоң атам”, “Курманжан датканын арманы” аттуу поэмага тете мазмундагы ырлары муну тастыктайт. Дегеле өз өлкөсүнүн өңчөй жакшы жактарын гана даңазалап көнгөн, алдына алтын таштаса дагы көңүлүн кайт кылган адамга, душманына ийилип бербеген акын

аталган китепте дагы өңчөй ийгиликтерди, жакшы жышааналарды гана ырдоону ниет кылат.

Китептин кириш сөзүндө акын: "... Токтомушев аябагандай санжырачы киши эле. Какшап менин жети атамды сайрап санап санжырага салып отурчу эле. Ал кезде өткөн тарыхка катуу чектелүү салынган үчүн кайран кишилер билгендерине кичине кылчактоо менен абайлап мамиле кылып жүрүштү. Мени көргөндө оо, баатырдын кызы деп калышаар эле. Мен ошол сөз үчүн эле жети атама карыз экеними түшүнчүмүн" (1.5-б.), - деп жазат. Албетте, акындын айтканында кынтык жок, аталары үчүн сыймыктанаары анык, бирок ошол аталарын жазуунун өзү кайра куруунун, ачыктыктын, эгемендүүлүктүн шарапаты менен мүмкүн болуп отурбайбы. Бул тууралуу К.Асаналиев: "...Белгилүү го, совет доорунда өткөнгө кайрылууга толук түрдө тыюу салынбаса да, тарыхый теманы чагылдырган чыгармалар айрыкча көзөмөлгө алынып, кылдай "илинчеги" болсо эле авторго эскини "идеализациялоо", "жаңыны тануу", "жаңыны жокко чыгаруу" деген сыяктуу саясий айыптар даяр турчу. Мына ошондуктан совет жазуучулары, бөтөнчө улуттук авторлор өткөн тарыхый турмушту сүрөттөөнү эңсеп, каалап турса да, андан чочулап, четтеп өтүүгө аргасыз болушкан. Сөз эркиндиги темаларга коюлган ар түркүн тоскоолдуктарды алып таштагандан кийин, өзгөчө, улуттук жазуучулардын тарыхый окуяларга өткөндөгү көрүнүктүү инсандардын тагдырына жапырт кайрылганы күтүлгөндөй эле законченемдүү көрүнүш" (2), - деп жазат. Ырас, мында кеп кара сөз жанрындагы чыгармалар, айрыкча романдар тууралуу болуп жатат. Бирок мазмундук жактан ушул эле пикир ыр-поэмаларга дагы туура келет.

Акын Атаке баатырга арнаган ырында: "...Өмүргө өзгөрүүсүз ченем жоктур, Өзүңө бир эстелик куралбасам. Байкасам менден башка балаң жоктур, Оюм бар бир жакшына ыр арнасам. Жолборс, илбирс кейиптенген жүрөгүңдөн, Дабыш угуп түшүмөн жүрөмүн мен. Калсам калдым касаттан жапа чегип, Акыр баштан айрыбай тилегимен. Канча жолу кырсыктан куткарасың, Каруум кетсе чөп болуп жыттанасың. Аян болуп жол таштап коесуң ээ, Катаал турмуш канчалык кыстабасын. Алчактатып ак боз ат мингизесиң, Алтын жолборс терисин кийгизесиң. Адашуунун тар тору курчаганда, Акыйкатты акырын билгизесиң. Айланайын таянган жалгыз тайым, Курчап келет куушуруп каргыш дайым. Эми өлөт деп калганда өлтүрбөйсүң, Каухар болуп жанымда көлкүлдөйсүң. Жакада өскөн көк жайшаң майкандайсың, Түбү терең көлүңдөй чайпалбайсың. Жакын жүрүп жаныма кубат берип, Жан кишиге көрүнбөй байкалбайсың. Айланайын аркыттай илебиңен, Сезем аны мен чындап жүрөгүмөн. Канаттарым кайрылбайт анча-анчага, Канат күүлөп учтум го түнөгүңдөн" (1.9-б.), - деп жазат. Өзүндөгү эрктин, кайраттын, ийгиликтердин, жолу ачыктыктын себепкери катары Атаке атасынын руху коштоп жүрөөрүн айтат акын.

Ырдагы аян түшүнүгүнүн өзү негизинен эгемендик доордо кеңири оозго алына баштаган түшүнүк. Эркиндиктин келиши менен адамдардын көбү аянчы болуп, өзгөчө аял затынын өкүлдөрү дарыгерлик, табыпчылык, көзү ачыктык касиет башталмаларын аны менен түшүндүрүшкөн. Ал тургай адабий чөйрөдө орун ала баштаган бул түшүнүктү жамынып, айрым акындар өздөрүнүн акындык изденүүлөрүн сырдуу кылып көргөзүшкөн. Андай акын аялдардын бири – Ө.Бегалиева. Ал өзүнүн "Теңир, аалам жана мен" () китебиндеги "Ак Мөөр баяны" поэмасы аркылуу өткөнгө кайрылат. Кыргыздын дүйнө таанымында жигити Болотту боздотуп, Ак Мөөрдү сыздатып алып кеткен каардуу хан катары кабылданган Жантайдын образы таптакыр оң жагынан ачылат. Өзүн Ак Мөөрдүн азыркы дүйнөдөгү кайра жаралышы катары түшүндүргөн акын кечээги тарыхка башкача түс берет. Мунун өзү поэтикалык жоопкерчиликти башка бирөөлөргө, болгондо да коркпой-этпей Кудайга жүктөп жаткан өзгөчө көрүнүштү айтат. Албетте, муну айтуу менен биз М.Абылкасымованын атасынан алган колдоосун, аянын төгүнгө чыгаралы деген ойдон таптакыр алыспыз. Бул өзүнчө поэтикалык табылга, туюм.

Аян маселесине келсек, бул өңүттө өзгөчө көрүнүш катары алгач "Жайсаң" деген ат менен Бүбү Мариям Муса кызы менен Ш.Эсенгуловдун авторлугунда жарык көргөн 7

китепти, андан кийин Манастын кырк чоросунун бири делген легендарлык акын Жайсаң Үмөт уулунун авторлугунда (?) “Айкөл Манас” деген ат менен жарык көргөн 10 китепти атоого болот. Бул маселеге байланыштуу талаштуу нерселер көп. Биринчиден, салттуу “Манаска” салыштырмалуу анда такыр башка окуялар менен кейипкерлердин орун алышы. Экинчиси, аян алуу жагдайынын ашкере сырдуулугу. Үчүнчүдөн, стилинин, муун өлчөмдөрүнүн салттуу “Манастан” таптакыр айырмаланышы. Бул өзгөчөлүгүн айрым изилдөөчүлөр “Манастын” аял адам тарабынан жаңы замандын окурмандарына ылайыкташтырылып берилгени катары баалашат. Салттуу “Манас” абдан көлөмдүү болгондуктан, аны окуп отурууга бүгүнкү убактысы тар адамдардын чолоосу тийбейт, ал эми жаңы “Манастын” тили өтө жеңил жана көлөмү чаканыраак, кабыл алганга ийкемдүү (Г.Айтпаева). Бул көрүнүштүн дагы бир жагы, ал профессионалдык адабияттын үлгүсү эмес, б.а., илхам, изденүү, жазып-сызуу аркылуу жаралган нерсе эмес. Анын алгач сан түрүндө маалымат болуп түшүп, андан соң чечмеленип, анан гана ыр саптарына айлантылаары тууралуу айтышат. Көрүп-билип турбагандан кийин бул сырдуу кубулушка анчалык тереңдеп кирүүнү максат кылбайбыз. Бул профессионалдык адабият менен фольклорду, салттуу “Манас” менен жаңы “Манасты” текстологиялык жактан салыштырууну максат кылган атайын адамдардын иши.

Кайрадан өз маселебизге жакындасак, постсоветтик мезгилде чыгармачылыгын чыйроосунан жандырбай кармаган акын Г.Момунова болду. Анын аталган жыйнактарында совет мезгилиндеги алган багыты улантылды. Китептеринин чыгышы анчейин жаңылык катары кабылдана бербеген көндүм көрүнүштөгү акын а көрөкчө арноо ырлары менен элдин көңүлүн ар кандай маанайда бурду. Аны кубаттагандар дагы, кимдин тою, юбилейи, кечеси болсо эле барып ыр окуй бермей, чоңдорго, бийликтегилерге ыр арнай бермей адаттарын жактырбагандар дагы болду. Бирок бул сындарды, ага чейинки анын жамакчы акын экендиги тууралуу сынды (О.Ибраимов) көңүлүнө албаган акын ал арноолорунун үзүрүн көрүп Кыргыз Эл акыны деген наамга 2011-жылы жетти.

С.Абдыкадырованын “Алыкул” поэмасы атайын өтө чакан китепче катары жарык көрүп, Алыкул сыйлыгына көрсөтүлүп, бирок аны ала алган жок. Негизи эле аталган китеп көбүнесе адабий сыйлыкты алуу жагдайындагы аракеттин жемиши болгондугу байкалып калды.

Маркумдар Н.Жүндүбаева менен Ж.Тынымсеитованын тандалма жыйнактары алардын кыздары тарабынан жарык көрүп, күйөрмандарынын колуна тийди. “Жумакан” аттуу китеп акындын ырларынан тышкары ал, анын чыгармачылыгы тууралуу ар кайсы мезгилдерде жазылган сындарды, макалаларды, арноо ырларын дагы камтыды.

Аталган мезгил тилкесинде М.Абылкасымованын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу адабият таанууда аты дегеле белгисиз (илимий ишин коргогондон кийин деле), өзү теле жылдызы болуп жүргөн биздин курсташыбыз Г.Кулмамбетованын, С.Акматбекованын чыгармачылыгы тууралуу прозаик, драматург Айкүмүш Аксынын кандидаттык диссертациялары жакталды. Экинчи диссертация С.Акматбекованын поэтикалык өзгөчөлүктөрүн кеңири ачып берген ийгиликтүү иш болду. Ал аталган акындын чыгармачылыгын гана эмес, дегеле кыргыз аялдар поэзиясынын өкүлдөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн көрсөткөн, “медитативдик поэзия”, “сентименталдуулук”, “символизм” сыяктуу ондогон түшүнүктөрдү акын ырларынын мисалында кеңири ачып берген эмгек катары көрүндү.

С.Акматбекова жетимишинчи жылдардын башында кыргыз поэзиясына алып келген баягы маанайын, үнүн, добушун, ыргагын улантты. Бирок алгачкы жыйнактарына салыштырмалуу “Күз ырларында” предметтүүлүк көбүрөөк байкалды. 1999-жылы жарык көргөн “Күүгүмдөгү күү” аттуу тандалма китеби окурман журтчулугу тарабынан эң жакшы кабылданды жана көпчүлүк адабият талапкерлеринин, акын-жазуучуларынын жыртылгыча окуган үстөлдүк китебине айланды. Ал китептин маанайы жогоруда белгилегендей эски обондон жаралган маанай болсо дагы, акындын сары санааларынын,

тынчсызданууларынын обьектиси – кызы бар экендиги, илгеркидей жөнү жок көңүл чөгөттүк кыла бербегендиги көрүндү. Китепке ырлардан тышкары чакан, алакандай аңгемелери, классик акындарынын, чыгыш менен батыш үлгүлөрүнүн котормолору жайгаштырылды. Китептин аты символикалуу билдиргендей, бул китеп акындын 50гө чыккандагы эл алдында берген отчету, акындыктын такыр башка чакырымдарына кадам таштоосу болду.

С.Акматбекова жөнүндө кеңирирээк сөз кылуу зарылдыгы бар. Анткени Ш.Дүйшеев: “Акын кыздардын бардыгы эле “Өткөн күздүн жалбырагы” жыттанат”, - деп жазгандай акынга таасирленгендер, сүйүп окугандар, туурагандар көп болду. Акындын орбитасында айланган сүрмө топ акындар, анын ичинде мен дагы анын жарыгын айлана учуп, мурда айтканымдай, канатымдын куйкаланганына карабай, шайтан көпөлөкчө болбой эле жакындай берген учурларым болду. Таасир деген кандай болот? Акын кыздар жапырт өздөрүнүн жеке кайгысын ырдай беришти. Дүйнөнү чылк караңгы, тагдырларын такыр жолсуз-жарыксыз, маанайларын абдан чөгүңкү көргүлөрү келишти. Күздү, жамгырды, күүгүмдү, жалбыракты, поюз жолду, шыбакты, эрменди жазышты. Бирок канчалык тартылган менен ошол нерселер, көрүнүштөр алардын ырына коошоду, өгөйлөп четтеп турушту. Муну сезгендер, сезбегендер болду. С.Акматбековага ашкере таасирленгендер ага чейинки кыргыз адабиятындагы өзгөчө караан М.Абылкасымованын поэзиясын, акындык зоболосун, бийиктигин унута түшкөнсүдү. Өз кезегинде С.Акматбекованын өзгөчө туюлган поэтикалык жемиштеринин сырын Москанын жамгырынан, А.Ахматовадан, жапон, кытай поэзиясынан, улуу мурас “Манастан”, элдик оозеки чыгармачылыктан издегендер болду. Бирок анын сыры алигиче табыла элек.

Ырас, Акматбековадан таасирленгендердин ырын бир эле учурда медитативдик, экинчи жагынан кризистик ырлар (О.Ибраимов) деп атоого негиз бар. Шаң-шарапаты жетиштүү жетимишинчи жылдары негизсиз, себеп-жөнсүз муңая берген С.Акматбековага караганда жаңы доордун жаштарынын муңаюу жөндөрү бар болчу. Анткени коомдук турмуш, жан-тегеректеги дүйнө бакубатчылыктын, бейпилдиктин, кубаныч-шаңдын кабарын дегеле байкаткан жок.

К.Сариеванын “Асмансыз жылдар” аттуу китеби эң ириде таамай аталышы менен окурмандарынын, адабий журтчулуктун көңүлүн өзүнө бурду. Анткени китеп жарык көргөн мезгил элдин А.Акаевдин башкаруусунан чындап тажап, катаалдык, тымызын жасалган кара иштер, коррупциянын зардабынан караңгылыкка батып, асманды көрө албай калган кезең болчу. Китептин аталыш таасири ушунчалык болду, белгилүү акын А.Өмүрканов ал аталышты өзүнүн көлөмдүү эле китебине менчиктеп алганга ынтызар болду. Жыйынтыгында К.Сариеванын китеби А.Өмүркановдун окшош аталыштагы китебинин көлөкөсүндө калды.

Р.Карагулованын “Капчыгай” китеби адабий чөйрөдө жакшы кабылданып, акындын өсүү бийиктигин далилдеди. “Жолдо” жана “Тынчы жок талаадагы” өзгөчө поэтикалык добуш, эч ким сыр-шыбырын тааный алгыс образдык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү аталган акындын кылымда бир жаралчу өзгөчө талант экендигин тастыктады. Айрым акындарга таасирленсе болот, бирок канчалык сүйүп турсаң дагы Р.Карагулованыкындай ырды жазам деш болбогон убаракерчилик. Анткени акындай жазыш үчүн аныкындай настроение, маанай, сезүү, туюу, кабылдоо зарыл, б.а., акын өзү бир кезде катуу сын уккандагыдай, кармалбасты кармоо, туюлбасты туюу, сезилбести сезүү сыяктуу өзгөчө касиет-жөндөм, сезгичтик зарыл.

Кыскасы, С.Акматбекова, Ш.Келдибекова, Р.Карагулованын ырларында медитативдик поэзия өз өнүгүүсүн улантып, туулган жер темасына ылым санап, кайра-кайра кайталап турушса дагы, алар көбүнесе адамдын маанайын берүүгө аракет кылышты, жана ал чеберчиликти ишке ашырышты.

А.Узакова окурмандардын эсинде баягы жылуу таасири менен калды. Анткени “Жылдыздуу күздөгү” кайрыктар кийинки жарык көргөн үч китебинде кайрадан

кайталанды, ошол эле ырлардын кайрадан берилгени болду, жаңы ырлары болду. Бардыгы дээрлик сүйүү жөнүндө! Жаттап алып, кечелерде көркүнө чыгарып окуп турган гана жарашат. Бир кезги романтикалык, өзүнүн кымбат адамына "окшошууну чындап каалап, чачтарынын агарышын тилеген" баеолук, аруулук, пакизалык, тазалык жоголгон жок. "Жылдыздуу күздө" сүйүүнүн кейипкери болгон кыялкеч кыз кийинки китептеринде чындап эле токтолууга мажбур болгон, муну турмуш өзү талап кылган эне катары көрүндү.

Өздөрүнүн предметине биологиялык көз караштын призмасынан туруп назар салган 80-90-жылдардын чегинде эки акын болду: «Мен сага талгакмын... Башкага орозомун. Орозомдун өзүң ач келип оозун...» (6.4-б.) же «Чабак ургун менин денемде, От алуудан менден эринбе» (6.4-б.). Бул интимдүү лирика акындын «Сүйө билбөө өзү чоң күнөө, Сүйгөн жандын баары таптаза» (6.4-б.) деген жакшы саптары менен жыйынтыкталат. Бул саптар М.Тураевага таандык. Экинчисинде (Б.Карагуловада) дагы ушул маанайдагы ийгиликтүү чыккан саптар бар: "Бороон болсо борошо, буюгамын, Шекер болуп шыгырап куюламын. Күрс жөтөлгөн жарымдын колтугунда, Шер койнунда жаткандай туюламын.//... Жүз көрүштүк талаадан капилеттен, Ээрчип алып келебиз калбай элден. Кол алыштык жымыңдап жүр өбүшүп, Жур өбүшүп келели далдаа жерден" (4.69-б.0. Же: "Ширини болчум алманын, Ширеси болчум алчанын. Оозуна түшпөй чууруттум, Шилекейин канчанын.//Шиңгили болчум жүзүмдүн, Бышыгы болчум күзүмдүн. Болжогон жерге үзүлбөй, Болбогон колго үзүлдүм" (4.69-б.).

Интимдик жактан мындан тереңдеп кеткен ырлар Б.Карагуловада жыш учурайт. Бир карасаң бул - орой, бейадеп, болгондо да ачык түрдө аял киши айтып чыкчу нерсе эмес. Бирок, айтылышы керек экен, айтылды. Ал эми мындай ырды эмне үчүн дал ушул акындар айтты? Өз мезгили гана эмес, бүтүндөй эки муундун шыбагасы өздөрүнө тийип, 50-жылдардын ырдалбай калган (же аз ырдалган) ырлары үчүн 60-70-жылдардын добушун эки эселеп арттырган акын кыздар өздөрүнүн бүткүл жаңылык, «бунтунун» алкагында эмне үчүн аталган тема менен маанайды көз жаздымда калтырышты? Ар бир көркөм чыгарманын жаралыш себеби болот десек, 60-70-жылдардын эркектери андай чыгармаларга себеп боло алышкан жокпу? Биздин пикирибизче, «кунаажын көзүн сүзбөсө, бука жибин үзбөйт» болуп, мында жазып жаткан кыздардын гана эмес, ошол доордун эркектеринин дагы этикасы роль ойносо керек. Же туурап, үйрөнүп, өзү менен өзү ичтен кайнаган 80-90-жылдардын акын кыздары нымтыраган тынчтыктагы, андан дагы эч кандай тышкы жаңы маалыматсыз-абасыз вакуумдагы бугун дал ушинтип чыгардыбы?

Муну айтуу менен, Б.Карагулованын ырлары жалаң эле интимдүү ырлар деп тыянак чыгаргыбыз жок. "Токтогул көлү көл эмес" деген сыяктуу элинин муңун муңдашкан жакшы ырлары бар.

Д.Жамансартованын "Айдай" аттуу китеби кызынын ысымынан улам аталып, анда негизинен эне-бала, тынчтык, жаратылыш, мекен туурасындагы ырлары орун алып, көбүнесе өспүрүмдөргө арналган китеп сыяктуу таасир берет. Буга акындын көп жылдар бою балдар журналында эмгектенгендиги себепкер болгон. "Өрүлүк" китебинин жалпы маанайы деле ушундай.

М.Мамазаированын "Кайгыдан тургуздум сага бир эстелик" аттуу китебинин мазмуну акындын жеке тагдырына байланыштуу. "Тур, улуу журт" китеби аталган аталыштагы публицистикалык поэмасынан, "Таарынган шаар" түрмөгүнөн жана чындап эле заман доошун, 21-кылымдын астанасындагы кыргыз тагдырынын, абалынын таасиринде жазылган түрдүү ырлардан турат.

С.Орозобекованын "Сен дүйнө" аттуу китеби адамдын жан-дүйнөсүн, жашоонун маани-маңызын, адам жашоосунун татаалдыгын, анын жан-жаратылыш, табият менен болгон карым-катышын иликтеген ырлардан турат. Акын өзү менен өзү отуруп алып буулугуп, күңгүрөнүп сүйлөп жаткандай, ичке толгон буктун буркулдап чыгып жатканы

сыяктанган ырлар акынга гана мүнөздүү маанайлык, стилдик өзгөчөлүктөрдөн кабар берет.

Б.Сейитбекованын ырлары - негизинен өлкөдөн тыш, Россияны мекендеп жүргөндө жазылган ырлар. “Кавказ кайрыктары” деген аталышынын өзү ырлардын жаралуу мекенин тастыктайт. Демек, ириде андагы ырлар сагынычка бай. Туулган жерге, Кетмен-Төбөгө болгон жылуу эскерүүлөр камтылган. Китепте ырлардан, котормолордон тышкары, Кавказ жергесиндеги ыйык жерлерге, мазарларга байланыштуу уламыштар берилген.

“Алыстаган ак дайралар” китеби - Р.Мукашеванын мурдагы китебинен 12 жыл өткөндөн кийинки чыгармачылык жемиши. Китептин аталышы символикалуу түрдө акындын жаштык, күлгүн кезинин, чыгармачылык ички төгүлүү жылдарынын алыста калгандыгын туюнткандай болот. “Кыялдануу” деген бет ачаар ыры төмөнкүдөй: “Асман асты, жердин үстү – мейкиндик. Аалам мелжийт. Ар жагында көп булут. Тоодон тоого уланганын үнсүз ыр Миң кайталайт унчукпаган жаңырык.//Асман асты, көпкөк жердин үстүндө Кыял эргип, ырдап алда-нелерди, Адам турат, арман оюн агытып, Адам турат, искеп жашыл шиберди.//Адам кырда, ар жагында ак дайра. Арман ырдай созолонгон ак булут. Кыялындай уюлгуган көк булут. Адам үнсүз. Аба жымжырт. Туптунук.//Кыялында көз жетпеген кыйырбы? Кармалбай да улуу ырдай алыстап, Бир канаты – аңсап жетпес кумардай, Бир канаты – жалтылдаган табышмак...” (5.3-б.).

Акын адатта башынан табият, эл-жер жөнүндө жазып келет. Бул китебинде постсоветтик мейкиндиктеги татаал шартты баштан кечирген замандаштарынын ой-туюмдары берилет. “... Ар бир сөздүн зардеби күч, зары да, Тамырымда тамыр кагып зырпылдайт. Айыптуумун, сөзүм сыйкырлабаса, Ак куулардын канатынын курчундай.//Көөнөрбөгөн назиктиктин салты го, Жер огунда даңазасыз айланган. Качандыр бир мен жылынган сөздөргө Жердин тартуу күчү менен байлангам” (5.5-б.).

Акындын салыштыруулары абдан терең, философиялуу. Ал адам табиятын жер, аалам, жан-жаратылыш менен тыгыз карым-катышта карайт. Акындын айтып кое турган, окурмандар аны ар кандай чечмелей турган сырлары бар. Эң жогорку ырында ак булут эмнени айтат дагы, көк булут эмнени түшүндүрөт? “Арман оюн агытып турган адам”, “арман ырдай созолонгон ак булут” нелерди айтат? Акындагы бул символдор, өзгөчө “дайра” түшүнүгү акындын китебин баштан-аяк бир дем менен окуп, анан ойлорду иретке салып чечмелөөнү окурмандан талап кылат. Бул балким өткөөл доордун кыйынчылыгында ишке ашпай калган көксөөлөргө карата армандыр, арманы жок адам болбойт, муну ар ким ар кандай кабыл алат.

Армансыз дүйнө болбосун мисалдаган акын тагдыры А.Бегимкуловага таандык. Дүйнөгө жарк этип келип, жылт этип жок болгон акынды көп аңыз кылышат. Бул анын кыял-мүнөзүнө, жашоо шарапатына, өткөргөн тагдырына, жазган ырларына байланышкан кептер. Акындын көкүрөгүнөн чыркырап чыккан “Ой толгоо” деген ырындагы төмөнкү саптар советтик коомду сындайт: “Алтын деп таштарыңды-тоолоруңду, Асманга тиреп жаздык зоолоруңду. Макташты жадагалса кээ бирлери, Кочкорсуз төлдөп турган койлоруңду.//Мекеним мен да сага ода жазам, Айып этпе бал ордуна кум шыласам, Арзуум акыйкаттан алыс кетпей, Азыраак ак сөзүмдө чымчыласам...//Мактабайм баатыр деген чабаныңды, Башканын сыйлыгын да өзүнө алган, Кээ бири ыйманына камчы чаппай, Даңкты да, орденди да сатып алган, Эстүүсү эл алдында актана албай, Аргасыз өзүн-өзү атып алган. Санакта кошо коюп менчик коюн, Кайра эле капшытына катып алган.//Сүт булагын жараткан жеңелерим, Келип турат кээ бирин жемелегим. Саан уюн кошуп алып туугандардын, Кызыл жүзүң кубарбай план бердиң. Былтыркыдан быйыл дагы көбөйтөм деп, Жыйындарда убаданы улам бердиң... “ (3.21-23-бб.).

Биз баятан акындардын китептерин барактап каза берип, издегенибиз мына ушул - чындыкты чыркыратып айткан саптар. Кечээги социалисттик коомдун иштери өңчөй

идеалдуу болбогондугун, өз кезегинде акындар дагы мекенге арнап жасалма ода жаза бергенин камтый, бул ыр көкүрөктөн чыркырап чыгат.

Жыйынтыктап айтсак, мезгил бардыгын дарылайт дейт. Социалисттик коомдун күм-жам болушу чыгармачыл адамдардын көбүнүн жүрөгүн канаткандай болсо дагы, адабиятчы агай айтмакчы, жаңы замандын баш багышын эч ким алгач маңдай жарыла куттуктап жиберген жок. Жаңы заманга ыңгайлашуу кичинеден мүмкүн болду. Заман шартына көнгөндөн кийин мурдатан чыгармачылык кылып жүргөндөр баягы эле тема, стилинен алыстап жиберишкен жок. М.Абылкасымова сыяктуу айрым гана акын аял заты эл баатырларын даңазалаган ыр, пьесаларды жаратышты. Калгандарынын көбүндө китебинин бет ачаар ырлары гана өзгөргөнү болбосо (мурдагы Ленин, партия жөнүндөгү ырларынын ордун мекен, турмуш, өмүр жөнүндөгү ырлар ээлеп), ички мазмун ошол бойдон калды. 90-жылдары адабиятка жаңы кадам койгон жаш талапкерлер жапырт медитативдик ыр жазышып, С.Акматбекованын таасиринде болушту. Чыгармачылыгын 80-жылдары баштаган акын кыздардын көбү көр түйшүк менен алыша берип, адабияттан оолакташты. Поэзияда жаңы көрүнүш - аян аркылуу жазылган ырлар жаралды. Алардын авторлору өздөрүндөгү поэтикалык мүмкүнчүлүктү кудайга шылтап, абалтан болуп келген ыр пири деген түшүнүктүн жанына кудай түшүнүгүн алып келип, поэзия ээлигин көбөйтүштү. Өтө примитивдүү ырларды жазып, граждандык ырларга чыгармачылыгынан анчалык орун бербеген жаш адабий муундун өкүлдөрү кечээги кыргыз совет адабиятынан алган же алууга үлгүргөн азыноолак тажрыйбаларын XXI кылымдын болоор, келээр адабияты менен жалгаштырып, көпүрөлүк милдет аткарышты. Кеңешбек агай “оңтойсузураак эмеспи” деп тарткынчыктап салыштырып, бирок ниетинде тымызын ошону кыялданган орустун эмигрант акындары жараткандагыдай авангарддык адабияттын изи да, жыты да билинген жок. Абдан жүүнү бош ырлар жазылгандыгына карабастан, постсоветтик учурдун басымдуу ырлары дегеле ыр жанрынын ийкемдүүлүгүн, кандай шартта болбосун ал жазылбай такыр токтоп калбачу нерсе экендигин далилдешти. Алдыда эч кандай стимул, кызыгдарлыгы жок бүгүнкү адабият өзүнүн “үнсүз кайрыгын” улантып келе жатат. Бир кезги 60-70-жылдардын деми, шары, ооматы кайра бир кыргыз кыйырында кайталанаар-кайталанбасы белгисиз, күмөн. XX кылымдагы кыргыз адабиятын иликтеп-жиликтеп анын тарыхын жазган, жок эле дегенде кыргыз адабиятынын албан тоодой справочнигин түзүп берген кадырлуу адабиятчы К.Артыкбаев адабиятчылык милдетин кылдат аткарып, XX кылымдыкына кошуп XXI кылымдын дагы алгачкы адабий көрүнүштөрүн талдоого алган, анын баары биригип 41 басма табактык көлөмдөгү “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” (2004) аттуу зор эмгегин тартуулап коюп, дүйнө салды. XXI кылымдын адабияты, анын тарыхы кандай болот, эми ал тынчсыздана турган көрүнүш.

Адабияттар:

1. Абылкасымова М. Үшүк. – Бишкек, 2001.
2. Асаналиев К. Постсоветтик доор. Адабий тагдыр // Адабий-Ала-Тоо. – 2006. - Июль. - №11 (19).
3. Бегимкулова А. Мээримим адамдарга. – Ош, 1992.
4. Карагулова Б. Сүйүүмдү сүртүп кеттиң жүрөгүмө. – Бишкек, 2005.
5. Мукашева Р. Алыстаган ак дайралар. – Бишкек: Шам, 1998.
6. Тураева М. Жүрөгүмө өзүң гана чак келдиң. – Бишкек, 1996.
7. Шакир О. Эл байыса, турмуш оңолсо, адабият да оңолушу мүмкүн // Кыргызстан маданияты. - 2008. - 19-21-декабрь.

Эдилова К. МЫРЗА ГАПАРОВДУН АДАБИЯТКА КЕЛИШИ

М. Гапаровдун ысымы кыргыз адабиятына 1950-жылдардын аягында угула баштаса да, 1960-жылдары анын арааны көрүнүп, таанымал боло баштады. Ал кичинесинен эле элдик дастандарга, эпосторго, уламыштарга, санжыраларга кызыгып, анын кызыгуусу бара-бара адабиятты сүйө билүүгө, жазуучулук шыгын ойготууга жакшы өбөлгө түзгөн. Эмгек жолун геологиялык чалгындоо партиясында жумушчу болуп иштөөдөн баштаган.

Жаратылыштын кооздугу жазуучуну өзүнүн сыйкырдуу дүйнөсүнө тартып, алгачкы чыгармачылык ойлорду, сезимдерди тартуулаган. Жазуучунун чыгармаларынын дээрлик бардыгында пейзажды, айлана-чөйрөнү, жаратылышты сүрөттөө сүрөтчүнүн кыл калеминен жаралгандай жандуу да, элестүү да сезилгени жазуучунун жүрөгүнүн сезгичтигин, көрөгөчтүгүн, жазуучулук сезиминин күчтүүлүгүн айгинелейт. Ал геологиялык чалгындоо партиясында иштеп жүргөн мезгилинде көркөм адабияттын улуу жолуна кадам таштап, алгачкы аңгемелерин жаза баштаган. Бирок жазуучунун айтымына караганда ошол мезгилде эмне жөнүндө жазып жүргөнүн эстей албайт. Себеби редакцияга жиберген аңгемелеринин бири да жарыкка чыкпай, авторго кеп-кеңеш айтылып, кайрадан өз колуна тийчү экен. Басса-турса колунан китеп түшпөгөн жаш уланга А. П. Чеховдун чыгармалары абдан жагып калат. Бирок канчалык окуса да орусчага жеткиликтүү түшүнбөй, А. П. Чеховдун чыгармаларын алгач өзбек тилинде, анан кыргыз тилинде (котормолорун) окуп, кийинчерээк гана улуу жазуучунун чыгармаларын оригиналында эркин окуп калган. Илим-билимге умтулган жаш жазуучунун тилеги орундалып, Кыргыз мамлекеттик университетинин филологиялык факультетинин студенти болуп калат. Студенттик мезгилден анын чыгармачылык жолунун алгачкы ийгиликтери жарала баштады.

М. Гапаров аңгеме жанрына кайрылган жазуучулардан. «Анткени аңгеме дале көлөмдүү романдардын катарында автордон чоң чеберчиликти, турмуштун ар түрдүү жактарын терең билүүнү жана толук көрсөтүүнү талап кылат. Ал бардык эле адабий жанрга окшоп өзүнүн бир бүтүн образ системасына, б. а. бир бүтүн формасына ээ»[1], – деген адабиятчы К. Асаналиевдин пикири жөндүү айтылган. 1956-жылы «Жаш ленинчи» журналына эң алгачкы «Сырдуу окуя» деген аңгемеси жарыкка чыгат. Бул аңгемеде колхоздун мурабы Кубат карыя, небереси Сатай, кошунасы Осмон карыя жөнүндө баяндалат. Кубат карыянын минген аты тик жардан үркүп өтөт, бул туурасында ал үйүнө келип, небересине жана Осмон карыяга айтып берет. Осмон карыя «үрккөн жериңде кунаныңа бир сыр көрүнгөн. Айтаарым ушул: ошол жерге баргын да бир жолу дуба окуп, бата кылып кой. Артынан келме келтирип койсоң да зыяны тийбейт»[2] – деп кеп-кеңешин берет. Көрсө, ал жерде эч кандай сырдуу нерсе деле жок экен, болгону дөңгөчтөн ат үркүп кеткен экен. Сатай чирип калган дөңгөчтү бир тээп жардан кулатып жиберет да, чоң атасынын кылыгына, аңкоо мүнөзүнө боору эзилгенче каткырып күлөт. «Мына ошол күндүн эртеси Кубат карыя эртең менен жумушка бара жатканда анын жээрде кунаны «сырдуу окуя» болгон жерден үркпөй өттү»[3]. Бул динге каршы үгүттөлгөн чыгарма. Себеби ошол мезгилдеги динге болгон айыгышкан атеисттик күрөш жазуучунун ушул аңгемесинен ачык эле байкалат. Динди жоктоп атеист атка конуп, ата-бабалардын нускалуу сөздөрүн, кылган иштерин, үлгү болорлук насыяттарын, улуу жолдорун унутка калтырып, эмнеге жетиштик. Элинин өткөндөгүсүн унутуу, жектөө, эстен чыгаруу албетте маңкуртчулукка алып барат, ата-салттан ажырап маңкурт болорубузга аз калган. Динди эмне үчүн жерийбиз, каалагандар жүрөгү, көңүлү, пейли

---

[1] Асаналиев К. Кыргыз прозасынын очерктери (2-бөлүм). – Фрунзе: Кыргыз Асынын басмасы., 1960. - 5-б.
[2] Гапаров М. Сырдуу окуя // Жаш ленинчи. – 1956. - 12–13-б.
[3] Бул жерде жана мындан кийин алынган цитаталар ушул басылыштын беттери гана текстте көрсөтүлөт. 12-13-б.

буйрук бергендер ыйык тута берсин, себеби динде да улууну урматтап, кичүүнү ызааттап, ата-бабаларыбыздын салт-санаасын урматтаган пайдалуу касиеттери көп.

«Сырдуу окуя» аңгемесинде автордун элдик каада-салтты, карыларды кадырлап, урматтаган салтын жерип, чоң атаны неберенин шылдыңына, мыскылдоосуна дуушар кылган. Себеби эмнеде? Аңгемеде Кубат карыя жумуштан келе жатып, атынын бир жерден үч жолу үркүп кошкурганын кошунасына айтат. Кошунасы болсо ал жерде бир сырдуу нерсе бар экенин айтат да, дуба окуп, бата кылып коюусун өтүнөт. Бул жерде Сатайдын чоң атасын мыскылдап күлөрлүк деле себеби жок. Чоң ата небересинин алдында басынып, бүжүрөп калышы, дуба окуп, бата кылып коюш, өзүнчө бир кылмыштай сүрөттөлөт. Аңгеменин аталышы да темасына, идеясына төп келишпейт, бул жерде эч кандай сырдуу окуя жок, чириген дөңгөчпү же Сатайдын күлкүсүбү? Аңгеменин маанисине, маңызына карап, ой жүгүртүп олтуруп, үлгү болорлук, жаш окурмандар аларлык таалим-тарбияны, эстетикалык сапаттарды байкоо кыйын. Сатайдын образын жазуучу үстүртөн сүрөттөп, анын ойлогон ою, жасаган иши, жандүйнөсү көмүскөдө калган. Жогорудагы кемчиликтер жазуучунун өз жолун таба электигин, стереотип-схеманын колдомосунда жүргөндүгүн айгинелейт.

1958-жылы «Жаш ленинчи» журналына жарык көргөн «Бөтөн таканын изи» аңгемесинде Алжир менен Франциянын ортосундагы айыгышкан согушту баяндаган ачуу чындыкты окуп жатып, көзүнө ылайдан көгүчкөн жасап ойноп жаткан бейкүнөө беш-алты жаштар чамасындагы алжирлик наристенин жана баарын кыйраткан француз солдаттарынын сүрөтүн көрүп, ошонун негизинде жазган экен. Бул публицистикалык чыгарма, себеби М. Гапаров бул туурасында гезиттен окуп, сүрөтүн көрүп, жазууга түрткү берип жатат. Мындан сырткары чыгармада газетадагы сүрөттөн көргөндөгүдөн сырткары эч кандай кошумча-алымча кирген эмес. Автор бул аңгемесин ошол мезгилдеги учур талабына ылайык эле жазып койгондой ой калтырат. Демек, автор алжирлик баланы өз көзү менен көрбөсө, ачуу чындыктын азабын жүрөгү аркылуу өткөрбөсө, француз солдаттарынын ырайымсыздыгына күбө болбосо, бул көркөм чыгарма эмес, публицистикалык чыгарма да.

Жазуучунун 1958-жылы жарык көргөн «Чымын», «Балык» «Бөбөгүмө», «Араб кызына»[1] аттуу ырлар жыйнагы мектеп жашындагы балдарга арналып жазылган. Бул ырлар жыйнагында автор балдарга чымынды, балыкты жандуу сүрөттөп гана тим болбостон, алардын жашоо-тиричилигинин кызыктуу учурларынан мисал келтирген. 1966-жылы жарык көргөн «Бир шиңгил жүзүм» аттуу мектеп жашындагы балдар үчүн жазылган жомогунда автор жаныбарлардын, түлкүнүн, коёндун жана башка жаныбарлардын бир шиңгил жүзүмдү ынтымактуу, урушпай-талашпай бөлүп жегендигин сүрөттөө менен балдарды ынтымакка, биримдикке үндөгөн.

1963-жылы жарык көргөн жаш окурмандарга арналган «Мейман»[2] аттуу чакан повестинде жазуучу окурмандарды айылдык кең пейил, ала-көөдөн, ак көңүл балдар менен тааныштырат. Чыгармада башкы каарман Кимсан өзү жөнүндө, достору жөнүндө окурмандарга баяндап берет. Автордун биринчи жыйнагы экендигине карабай, мындагы чыгармалар балдардын образдарынын ачыктыгы, окуялардын чебер түзүлгөндүгү менен окуучулардын сезиминде жылуулук калтырат. Жыйнак «Мейман» аттуу чакан повести менен ачылат. Жогоруда сөз кылгандай, чыгарманын баш каарманы Кимсан каалагандай баары эле акырындап өтө берет эле, ким билсин, бирок Сайра жеңесинин Фрунзеде турчу иниси Сапар конокко келгенден баштап баары өзгөрүп, ал өзүнүн көп кемчиликтерин байкайт. Таптаза жуулган полду буту менен тебелегенин, эртең менен турганда төшөгүн жыйнабаганын, калп мактанганын, колхоз аянтынан коон уурдап келгенин жана дагы көптөгөн кемчиликтерин сезип, өзүн-өзү түшүнө башташы, Кимсандын образынын ишенимдүү, чебер түзүлгөндүгүн айгинелейт. Кимсандын басса-

[1] Гапаров М. Чымын, Балык, Бөбөгүмө, Араб кызына (ыр). – Фрунз: Жалын, 1958. - 109–110-б.
[2] Гапаров М. Мейман /повесть/. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1963. -- 25-б.

турса ойлогону – «кыйындык», өзүнөн башкаларды таң калтыруу. Бул аракеттерин ал айрыкча шаардык Сапарга көрсөткүсү келет. Кимсан каналга биринчи болуп чөмүлүп, аркы өйүзгө өтүп, Сапарды уят кылайын деп бир жолу сынап да көрөт. Бирок Сапар өйүзгө өтмөк түгүл, кайра бурулуп, түшкөн тараптан сүзүп чыкты. Кимсан дагы бир жолу «жеңилди». Кимсан мындай жеңилүүлөрдүн көбүнө туш келди. Себеби «Мындай меймандар келе берсин» аттуу макаланын автору П. Ирисов айткандай, «Сапар кетип баратат» главасы аны жыйынтыктап, болуп өткөн окуялардын негизинде, ага драмалык чыңалуу берип турат. Ал эми эпилогдо Кимсан өзүнө-өзү «отчёт берип» өзүнүн «туура эместигине» өкүнөт, ыйлагысы келет. Акыры Кимсандын тартиптүү, адептүү бала болоруна шек жок. Себеби ал Сапардан эртең менен турганда саламдашканды, дене тарбия ойногонду, төшөнчүлөрүн өзү жыйнаганды, «улууну урматтап, кичүүнү ызаттай» билүүнү үйрөндү. Повесттин маңызы да дал мына ушунда, Сапардын образы мына ушул үчүн образ – үлгү»[1] .Бул чыгармага болгон ой туура айтылып, туура берилген. Кимсандын образы аркылуу автор ак көңүл, иштерман, айылдык балдардын образын ачып берген.

Мына ошентип 1960–70-жылдары М. Гапаров жөнөкөй гана адамдардын жандүйнөсүн ачып берүүгө далаалат кылышы, кылган аракети текке кетпей, адабияттан өз ордун таап, жазуучунун чыгармалары баасын жоготпой, окурмандар арасында зор кызыгууну туудургандыгын аныктайт. М. Гапаров жаш окурмандардын табитин тапкан, ырахат тартуулаган жазуучуларынын бири болуп калат беле, айтор жазуучунун чыгармачылыгында кандайдыр бир бурулуш болду. Ал чоңдор темасына арналган «Турналар жазда келишет» аңгемесин 1961-жылы жарыкка чыгарды.

М. Гапаровдун «Турналар жазда келишет» (1962) аңгемеси жаш жазуучунун өсүү, такшалуу жолундагы чыгармасы. «Жаш өспүрүмдүн балалык сүйүүсү, чоң турмуштан өз жолун издеши аталган аңгеменин сюжетин түзөт. Аңгеменин негизги каарманы Азиз сүйгөн кызы Разияга таарынып, аны менен бир мектепте, бир класста, бир партада катарлаш олтуруп окууну каалабай, мектеби, бирге окуган классташтары менен кош айтышып, шаарга кетет. Азиз таякесин ээрчип шаарга барган күндөн тартып, өз алдынча иштөө деген эмне экенин, чыныгы турмуш кандай болорун күн өткөн сайын акырындап түшүнө баштайт. Селсаяк таякесин ээрчип, шаардын далай ашканаларын кыдырып, мейманканаларын түнөк кылат. Акыры жолоочуну ээрчип жаңылгандыгын түшүнүп, турмуштан өз жолун издеп кетет. Окуучу Азиздин образын анын мүнөзүндөгү калыптануу процессин автор бир кыйла жеткиликтүү ачып бере алган»[1]. Бирок М. Арстанбековдун чыгарманын түпкү маңызын карабай үстүртөн жасаган анализи менен Азиздин таякесин такыр эле селсаяк кылып, адам санынан чыгарып коюуга болбойт. Болгону турмуш жолунан адашкан, турмуштан өз ордун таба албай убара болгон адам десек туура болчудай.

Жазуучунун каармандары күндөлүк турмушубузда көрүп-билип, кездештирип жүргөн катардагы жөнөкөй адамдар. Бирок, алар дал ошол жөнөкөйлүгү, турмуштук негизи менен кызык, жандуу элес калтырары бышык. Аңгеменин баш каарманы окуучу Азиздин арадан бир топ жыл өткөндөн кийин кокусунан Разияны жолуктурушу – бул эң алгачкы, тун махабатына кайрылуусу. Азиз үчүн баарынан кымбат Разия менен өткөргөн балалык күндөрү, мектепте бирге окуган жылдары. Азиздин эскерүүлөрү турмуш жолунда аздыр-көптүр өз алдынча кадам шилтеп, жакшы-жаманды башынан өткөрүп, жаш болсо да белгилүү бир деңгээлде турмуш тажрыйбасына ээ болгондугун айтат. Бул деңгээлге жаш каарман дароо эле көтөрүлө албайт. Автор ага чейин аны ар кандай турмуш сыноолорунан алып өтөт.

«Аңгемеде жаздын келиши символикалык маниге ээ. Жаз келгенде кыркаар тартып адамдардын сүйүктүү куштары – турналар да кайрадан учуп келишет эмеспи.

[1] Ирисов П. Мындай меймандар келе берсин // Ленинчил жаш. – 1963. - 23-октябрь.
[2] Арстанбеков М. Изденүүнүн издери // Кыргызстан Маданият. – 1972. - 16-ноябрь.

Ошондуктан жаздын келиши бул сапар Азиз менен Разиянын да көңүл отун, кайрадан жандандырып, сүйүү жаратаары шексиз»[1], – деп К. Абдылдабеков макаласында белгилеп кеткендей, жазуучунун чыгармачылыгындагы бурулуш жасаган чыгармасы болуп эсептелген.

«Турналар жазда келишет» аңгемесинин сюжетинин кызыктуулугу, оюнун тактыгы менен окурманды өзүнө тарта алат. Автор Азиздин образын терең ачып берген, бирок тилекке каршы, геология отрядындагы жумушчулар чөйрөсүнүн ага тийгизген таасири аңгемеде көрүнбөй көмүскөдө калган. Негизинен Азиздин Разияга болгон тунук махабаты, балалык сүйүүсү, Азиздин кетирген кемчиликтерин, жаңылыштыгын сезе билүүгө, дүйнөгө, жашоого болгон көзкарашын өзгөртүүгө жол ачты. Жазуучу дагы бир жолу зор чеберчилик менен жаш болсо да турмушка такшалган Азиздин жандүйнөсүн тереңирээк ачып берүүгө жасаган аракети ишке ашып, чыгарма өз максатына жеткен.

Айрым бир кыргыз жазуучуларынан бирден бир чоң айырмачылыгы, ал жөн келди эле каарманын көкөлөтө бербей, мактабай, аны көптүн бири катарында баяндап, аны кадыресе турмуштук тагдырын окурмандын көз алдына тарта билгендигинде.

Жазуучунун эң алгачкы аңгемелеринин бири «Газала» (1963). Бул аңгеме жөнүндө сөз козгосок, бул сегиз-тогуз жашар, чыгармада аты аталбаган баланын эскерүүсү. Бул аңгеме жаш баланын эскерүүсү экенин, биз чыгарма башталганда эле баамдайбыз.

«Ошондо мен канча жашта болдум экен? Тогуз же сегиз? Жок, тогуз болуу керек. Анткени ошол кышта, сандалда бүлбүлдөгөн жип чырактын жарыгында ийик ийрип олтуруп, кандайдыр бир сөздөн улам, таенемдин: «Сен ушул келе жаткан баарда тогузга чыгасың», – дегени жадымда калыптыр»[2].

«Газала» аңгемеси тууралуу адабиятчы Ү. Касыбеков төмөндөгүдөй пикирде экендигин билдирген. «Жөнөкөй гана сүйүү тарыхы. Асыресе, мунун артында чоң турмуш, чоң дүйнө жаткандыгын көрөбүз. Турмуш аңгемеде кандай гана жактары менен көрүнбөсүн, чыныгы татаал дүйнө экендигине ишенебиз. Андан өзүнчө жеке турган фактыда, жеке ситуациядан, кокустук көрүнүштөрдөн турган окуянын системасын эмес, көп жактуу, татаал байланыштарды көрүүгө болгон умтулуу, аны кеңири нравалык иликтөөгө болгон аракет бар экенин баамдайбыз»[3]. Жогоруда Ү. Касыбеков белгилеп кеткендей, жаштардын үмүт-мүдөөсүн, каалоо-тилегин жазуучу өзүнө гана таандык чеберчилик, талант менен баяндайт. Ошону менен катар эле жаш баланын эскерүүсү, Кундуздун өлүмү аркылуу жалпы журттун башына түшкөн кыйынчылыкты, азап-тозокту, кан күйгөн согушту сүрөттөйт.

Баланын эскерүүсү кандайдыр бир көңүл чөгөрлүк маанайда эмес, тескерисинче көтөрүңкү маанайда берилет. Себеби баланын тунук кыялында Кундуз жеңеси тирүүдөй сезилип, аны менен чогуу иштеген, чогуу болгон аздыр-көптүр мезгили өмүр бою эсинде калды. Эмнеси менен эсинде калды? Негизинен Кундуз жеңесинин жаш баладай таза, мөлтүр наристе сезими, балага жасаган жароокер мамилеси, жайында тийген күндөй жаркылдаган мүнөзү баланын эсинде түбөлүккө калды.

Бекеринен автор чыгармасында сүтак тууралуу элдик уламышты баяндабаса керек. Себеби, соолуган согуш Кундуздай нечендеген жаштарды мүшкүлгө салып, жаш кезинен, сүйгөн жарынан ажыратты. Уламышта Сүтак кандай какшап суранса, булар да ошондой суранып, арзуу тилектерин эмгектери менен көрсөтө алышты. Ал эми пайгамбардын келини Сүтактын тою менен Кундуз жеңесинин тоюн салыштыруусунан, баланын наристе, балалык дүйнөсүнө кайрадан кайрылып баргысы келгенин, тынч мезгилди эңсеп сагынганын байкайбыз. Баланын таза, назик дүйнөсү турмуш жагдайынын көп жактарын ачып, согуштун тийгизген оор залкалары баланын айыпсыз

[1] Абдылдабеков К. Аңгеменин каарманы замандаштарыбыз // Ленинчил жаш. – 1973. - 24-апрель.
[2] Гапаров М. Кара-Көлдүн каздары. – Фрунзе: Мектеп, 1973. - 27-б.
[3] Касыбеков Ү. Көп түрдүүлүктүн биримдиги. – Фрунзе: Кыргызстан, 1980. - 43-б.

дүйнөсү аркылуу көрсөтүлүшү, окурманды өткөн күндү, азыркы мезгилдин таасиринен баалоо маанайында берилген. Дал ушундай көрүнүш, согуш мезгилине карабай, сырткы дүйнө каардуу, катаал реалдуу дүйнө эмес, поэтикалуу дүйнө катары сезим калтырат.

Газала өзүнчө символикалык көрүнүш, себеби ыры менен адамдын моокумун кандырып, бирок караанын көрсөтпөгөн газала бул Кундуз менен өспүрүмдүн келечекке болгон үмүт тилеги, каалоосунун күбөсү катары эстетикалык жактан чоң кызмат кылат.

«– Көп нерселер жөнүндө, – деди жеңем ээгин тизесине коюп, алыска-алыска кыялдуу карап. – Көпкөк асман, көчмөн булуттар, күндүзгү ай, күндүн нурлары, топурагы эшилген, талаалар, мүрзөлөрдүн үстүнө чыккан кызгалдактар, кубалашып ойногон көпөлөктөр, шыбактын түбүндө жумуртка басып жаткан башка бир газала жөнүндө ырдайт»[1].

М. Гапаровдун өзгөчөлүгү, көркөм чеберчилиги ушул жерден дагы бир жолу айгинеледи. Газала жөнүндө Кундуздун баяны өзүнчө бир поэтикалуу, анын ырын жашоодогу эң аяр, назик, түбөлүккө кайрылгыс көрүнүштөргө салыштырат. Бул чыгарма туурасында адабиятчы Б. Кебекова төмөндөгүдөй пикирди айткан: «Мырза Гапаровдун «Карача Торгой» (1963) аңгемесинде алгачкы сүйүүсү мүшкүлдүү согуш мезгилине туш келип, сонуну таркабай, өкүттө калган жаш келиндин трагедиялуу турмушун кичинекей эпизоддук окуяда таамай тартат. Бул да болсо аңгеме жанрынын күрдөлдүү иштеле башташын, сүрөттөө чеберчилигинин артышын, жанрдык спецификанын такталышын көрсөткөн фактылардан»[2]. Б. Кебекова жогоруда белгилеп кеткендей, М. Гапаров согуштун айынан, залалынан дал ушундай трагедияга дуушар болгон жаш келиндин аянычтуу тагдырын жаш баланын таза дүйнөсү, көзкарашы менен берип, жеткирип жатат. Согуш мезгили экенине карабай, жаш баланын эскерүүсү балалык таза сүйүүгө, кардай тазалыкка бөлөнгөн Газала бул эки каармандын тилегин, ой-мүдөөсүн түшүнгөндөй, аны өз тилине салып ырдап, элдин кубаныч, кайгысына, азап-тозогуна ортоктош болгондой элес калтырган. Жакыптын согуштан келгенде аялын угузганда ыйлабай, анын өлгөн жерин көргөндө, жүзүнөн жашын куюлтуп ыйлашы, кандай гана аянычтуу сүрөттөлгөн. Өмүрлүк жубайынын өлгөн жерин өз көзү менен көргөндө гана өлүмдүн таш боордугуна наалат айтып, сүйгөнүн жоктоп ыйлады.

Кундуздун образын автор лирикалык тондо берген, ал өзүнчө бир ажайып, назик дүйнө. Кайниси менен согуштун азабын чогуу тартып, талаа ишинде иштеп, колу бошой калганда бак аралай ойношу, гүлдөгөн аппак өрүкзардын арасында каректеринен куюлган жаштын ай нуруна чагылышын сүрөттөө менен автор Кундуздун образын тереңирээк ачып бергенге аракет кылып, окурманга анын кандай адам экенинен кабар берет.

Газала – символикалык образ, ал жашоонун, махабаттын жарчысы, тилектеши.

М. Гапаров жандуу образ жаратууда каарманын көкөлөтө мактабайт, жалпы жонунан мүнөздөп баяндай бербейт, ал каарманды чыныгы турмуштагыдай жашоо-тиричилиги, кулк-мүнөзү, ажары менен ичкериден ачып берет. Каармандар бирде адашат, кайрадан оңолот, айтор турмуштун бардык түйшүгүн башынан өткөрүп жатышкан нукура, чыныгы адамдар. Алар алдын-ала даярдалып коюлган түпсүз жолго түшүп алып, өзүнүн эң мыкты сапаттары менен көрүнгөн, жасалма идеалдар эмес, тескерисинче ишенбөө сезимин пайда кылган арабөк, ортозаар каармандар. Дал ушундай каармандардын катарында, М. Гапаровдун бирде жаңылып, бирде оңолгон каармандары окурманды ойго салып, чыгармасынын баркын ого бетер көкөлөтүп, бийиктетет.

М. Гапаровдун чыгармачылыгы кудум бийик зооканын чокусу башка тоолордон кандай айырмаланса, дал ошондой мааниде башка жазуучулардын чыгармаларынан өзүнүн кайталанбастыгы, оригиналдуулугу менен айырмаланып турат. Себеби жазуучу каармандын жандүйнөсүнүн, өзгөрүү, жаңылануу процессине көбүрөөк көңүл бөлүп,

[1] Гапаров М. Кара-Көлдүн каздары. – Фрунзе: Мектеп, 1973. - 31-б.
[2] Кебекова Б. Кыргыз совет аңгеме жанрынын өсүш жолдору. – Фрунзе: Илим, 1967. - 140-б.

турмуштук кыйынчылыктар адамды канчалык деңгээлде өзгөрткөнү менен, анын түпкү теги, орду сакталып каларын баяндайт.

Жазуучунун «Газала» аңгемесинде согуш учурунда айыл-кыштактарда кары-картаңдар, жалгыз бой аялдар, эне сүтү оозунан кете элек жаш балдар калгандыгы баяндалат. Бирок башка жазуучулардан өзгөчөлүгү бул, чыгарма кандайдыр бир кан күйгөн согуштун илебинен алыс тургандай сезилет да, жаш баланын эскерүүсү, айрыкча, Кундуз жеңеси жөнүндө балалык таза сезим менен баяндап бергени, окурманга жакшы ой калтырат

Газала – бул жалпы калайык-калктын согуштун эртерээк жеңиштүү аяктап, жакындарынын кан күйгөн согуш талаасынан аман-эсен кайтышын тилеген үмүтү, зары. Газаланын сайрашы – бул жашоонун, махабаттын түбөлүктүүлүгүн даңазалоо. Кан күйгөн согуш ааламга, адам баласына мүшкүл түшүрсө да, нечендеген адамдардын өмүрүн кыйса да, жашоо токтобой улана берет.

Жазуучуну айрыкча турмуштан жаңылып өз ордун табалбай калган же болбосо акырындап туура, түз жолду тандап алып, келечекке карай ишенимдүү кадам шилтеген каармандар кызыктырат. Мисалы, «Турналар жазда келишет» (1961) аңгемесинде Азиздин, «Күнөстүү арал» повестинде Жаңылдын образы буга толук күбө боло алат.

М. Гапаров үчүн адамдардын аң-сезиминин, жандүйнөсүнүн жаңылануусу, кайрадан жаралуусу эпизоддук көрүнүш эмес, болгону ал коомдук, инсандык талап кылуучулуктун мезгилге шайкеш келген бирден бир белгиси.

Адамзаттын жакшылыкка умтулуп, жакшы көрүнүшкө, саамалыкка карай кадам шилтеши адамды өзүмчүлдүктөн сактап, жандүйнөсүн байытып, шыктандырып, жаңы күч, жаңы дем, жаңы шык тартуулайт. Жазуучунун чеберчилиги – адамдын жандүйнөсүн татынакай таразалап көрсөтүү менен бирге, ага кандайдыр бир көп жактуу, көп түстүү маани бергендигинде. Чеберчилик, тереңдик менен каармандын турмушундагы жооптуу мезгилдердин жандүйнөсүнө, аң-сезимине тийгизген таасирин, турмушка, дүйнөгө болгон өзгөрүүсүн түп тамырынан бери көрсөтүп, каарманды тереңирээк изилдеп, көрсөтүп бере алгандыгында.

Ар бир жазуучунун кайталангыс таланты, адабиятка болгон мамилеси туурасында академик М. Б. Храпченко төмөндөгүдөй пикирди айтат: «Творческая индивидуальность – это личность писателя в ее важнейших социально-психологических особенностях, ее видение и художественное претворение мира, это личность художника слова в ее отношении к эстетическим запросам общества, всевнутренней обращенности к читательской аудитории, к тем, ради кого создается»[1].

М. Гапаровдун ар бир каарманы өз ордун таап, эстетикалык жактан ынанымдуу ырахат тартуулап, окурманды ойлонтуп, жандүйнөсүнө бүлүк салгандыгы, адабиятта өз чыйырын тапкандыгын дагы бир жолу ырастап олтурат. Чыгармачылык өзгөчөлүк жазуучунун дүйнөгө, адабиятка болгон ой-пикирин көзкарашын чыгармаларында көрсөтүп бере тургандыгына, биз М. Гапаровдун ар бир чыгармасындагы каарманды ар кандай турмуштук жагдайларда көрсөтүү менен бирге, адамдын кулк-мүнөзүн тереңирээк ачып берүүгө аракет жасагандыгынан улам байкайбыз. Бул туурасында белгилүү жазуучу, Ч. Айтматов төмөндөгүдөй оюн билдирет: «У каждого писателя есть наиболее близкая ему сфера. Это та среда, в которой художник черпает жизненные силы, которая питает его талант. И когда писатель берется за свой «материал», говорит о близких ему по духу и по времени людях, «единомышленниках», то чувствует он себя свободно и создает превосходные, надолго запоминающиеся читателю произведения»[2].

---

[1] Храпченко М.Б. Творческая индивидуальность писателя и развитие литературы. – М.: Худ.лит, 1977. - С.88.

[2] Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою: очерки, статьи, беседы и интервью. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – С.408.

Автордун жалпы чыгармачылык мезгилинде, окуялардын жайгаштырылышына чоң маани берилип, автор айтайын деген оюн, идеясын окурманга таасирдүү, эффективдүү жеткирүүнүн жолдорун издейт. Күндөлүк толгон-токой көнүмүш нерселердин ичинен каармандардын тереңдеги дүйнөсүн турмуш түшүнүгүн ачууга зарыл болгон турмуштук деталдарды гана иргеп алат. «Эки ирет гүлдөөчү алмалар» (1963) аңгемесинен окурманды таасирленте турган, күндө көрүп, угуп жүргөн турмуштук жагдайдын көркөм деталын байкайбыз. Аңгеме жаш өспүрүмдүн өгөй атасынын үйүнөн качып чыккан жеринен башталат. Бала качат, эне артынан кууп келет. Баланын энесинен качышы анын ашкере эркелигинен эмес, ал кириптер болгон турмуш жагдайынын өзүнөн келип чыгып жатат. Үй-бүлөнүн экиге бөлүнүшү эне, бала үчүн оор трагедия болот. Чыгарманын аты эле атап тургандай эки ирет гүлдөгөн алмалардын канчалык алсыз, начар болушу, алардын түшүм бермек турсун, арандан зорго экинчи гүлүнүн эптеп-септеп гүлдөп турушу, экинчи ирет үй-бүлө күтүп, арабөк болуп, орто жолдо калган тагдырлар. Дал ушундай тагдырга баланын ата-энеси дуушар болуп, алардын өз ара түшүнбөстүгү, өзүмчүлдүктөрү баланын бактысын кыйып, ата-эненин таза сүйүүсүнөн айрылтып, азапка салат. Ал кайсы күнөөсү үчүн ичкен-жегенден башка эч нерсени билбеген заар тилдүү, ырайымсыз өгөй атасынын кагып-силкүүсүн башынан өткөрүп, уу сөздөрүн кулагы эшитет.

Бактылуу кезинде бала энесине бактагы эки түп алманын эмнегедир эки ирет, беймаал гүлдөй турганын айткан эле. Бала муну мурда бактылуу кезинде байкап, эмнегедир элес алган эмес, бирок бул сапар ал гүлдөр баланын көз жашын пайда кылып, жүрөгүн сыздатты. Себеби бала ата-энесинин кетирген каталыктары үчүн бактылуу балалыктан кол үзүп олтурат. Бакта гүлдөп турган татынакай гүлдөр баланын жаш жүрөгүн сыздатып, ата-энеси менен чогуу жашаган бактылуу күндөрүн эске алып, жалгыздыктан тажаган баланын жүрөгү ата-эненин сүйүүсүн, мээримин эңсеп ыйлайт.

М. Гапаров турмушту жалаң гана жалтыраган күзгүдөн көргүсү келбейт. Ал адамдардын турмушунда боло жүргөн кыйынчылыктарды көрмөксөнгө салып, айланып өтүп кетпей, алардын орду, жашоо күрөшү, сүйүнүчү, жеке кетирген жаңылыштыктары ж. б. жактары менен тең бөлүшкүсү келет.

Жазуучунун каармандары ички адамгерчилик сезимдери өсүп жетилген, белгилүү бир деңгээлде интеллектуалдык дүйнөсү бай адамдар, алар ак ниеттүүлүк, бийик адамгерчилик сапаттары менен айырмаланат.

Мырза Гапаров кыргыз адабиятына, жогоруда кыскача мүнөздөлгөндөй, көркөм өнүгүштүн улам татаалданып бараткан учурунда келди. Татаалдануу менин оюмча эки факторго негизделген эле. Биринчиден, социалисттик реализм улам барган сайын күч алып, идеологиялык кысымга кептелип, өзгөчө улуттук адабияттын чыгармачыл перспективасынан улам тарып бараткан. Экинчиден, ошол эле учурда Ч. Айтматов башында болгон адабий багыт кыйын тоскоолдуктардан жол таап өтүүгө белсенип, өркүндөй баштаган Мырза Гапаровдун прозадагы, кийинчерээк драмадагы изденүүлөрү дал ушул тарапта эле.

Адабияттар:

1. Асаналиев К. Кыргыз прозасынын очерктери (2-бөлүм). – Ф.: Кыргыз Асынын басмасы, 1960. - 5-б.
2. Гапаров М. Сырдуу окуя // Жаш ленинчи. – 1956. - 12–13-б.
3. Гапаров М. Чымын. Балык. Бөбөгүмө. Араб кызына (ыр). – Ф: Жалын, 1958. 109–110-б.
4. Гапаров М. Мейман //повесть//. – Фрунзе: Кыргызокуупедмамбас, 1963. - 25-б.
5. Ирисов П. Мындай меймандар келе берсин//Ленинчил жаш. – 1963. - 23-октябрь.
6. Арстанбеков М. Изденүүнүн издери //Кыргызстан Маданияты. - 1972. - 16-ноябрь.
7. Абдылдабеков К. Аңгеменин каарманы замандаштарыбыз //Ленинчил жаш. – 1973. - 24-апрель.
8. Гапаров М. Кара-Көлдүн каздары. – Ф: Кыргызстан, 1980. - 43-б.

